кырг
74.200.58
А 13

НУРГАЛЫЙ АБДЕСОВ

ДИЛ БАЯН – ОКУУЧУЛАРДЫН ЖАЗМА ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫ

74.200.58
А 13

НУРГАЛЫЙ АБДЕСОВ

ДИЛ БАЯН – ОКУУЧУЛАРДЫН ЖАЗМА ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫ

Бишкек – 2017

УДК 373.167.1
ББК 74.200.58
А 13

+ 74.202.5

Рецензиялагандар:
Кыргыз тили жана адабият мугалимдери –
Ж. Сапалова, Ж. Сарыгулова, А. Бакивалиева

Абдесов Нургалый.

А 13 Дил баян – окуучулардын жазма чыгармачылыгы. – Б.: «Полиграфбумресурсы», 2017. – 280 б.

ISBN 978-9967-31-615-7

Бул жыйнак көп жылдан берки мектептин бүтүрүү мамлекеттик экзамендерине кыргыз адабиятынан сунушталган дил баяндардын темаларына карата автордун окуучуларга жаздырган жана өзүнүн үлгү катары даярдалган дилбаяндардын топтомдорунан турат.

РБДЮ им. К. Баялинова
ИНВ № 492936

А 4306020000-17

УДК 373.167.1
ББК 74.200.58

ISBN 978-9967-31-615-7

© Абдесов Н., 2017.
© КР билим берүү жана
илим министрлиги, 2017.

КИРИШҮҮ

КӨРКӨМ ЧЫГАРМАНЫН ТҮП НУСКАСЫ ОКУУ – ДИЛ БАЯНДЫН ИЙГИЛИГИ

Мектепте дил баян жазуу эки багыттагы темада жүргүзүлөт эмеспи. Биринчиси – адабияттык программадагы окутулган материалдар боюнча, экинчиси – эркин темалар боюнча. Кийинки мезгилдерде дил баян жазууда окуучулардын көпчүлүгү эркин теманы тандашат. Мунун да өзүнчө себептери бар: Программалык материалдарды жазууда өз күчтөрүнө, даярдыгына ишенише беришпейт. Анткени мектепте окуу китептери жетишпейт, чыгарманын түп нускалары окуп чыгууга табылбайт тартыш; мугалим чыгармаларды кеңири түшүндүрүүгө убакыты аздык кылып, толук түшүнүк бербей калышат. Ошон үчүн окуучулар азыркы кездеги маалымат булагы кеңири шартындагы кабылдоолоруна таянып, эркин теманы жазышка көңүлдөрү чабышат.

Чынында эле, мугалим программадагы кайсыл гана көлөмдүү чыгарманы өтпөсүн, бөлүнгөн сааты аздыгынан окуучулар менен кеңири талдап, талкуулашып жетише албайт. Мисалы XI класста Ч.Айтматовдун өмүрү, чыгармачылыгы менен 7 повесть, романдарын окутууга 20 саат берилген. Ушунча материалды 20 саат менен ойдогудай окутуп, үйрөтүп, өтөөсүнө чыгууга болобу? Ар бирин окутууга 3 сааттан да тийбейт экен. Ал эми адабият программасында көлөмдүү чыгармаларды окутууга чечмеленип берилген талаптардын баары зарыл, баары чыгарманын ажарын ачууга керектүү. Баарын сааттын тартыштыгынан камтыйм деп, жетишпей, кыжалаттанасың. Чынында, класстарда берилген жумалык,

жылдык сааттардын санын мындан артык көбөйтө албайбыз, көбөйүп бүткөн. Кеп программада, материалдын көптүгүндө, жыштыгында. Андыктан материалдарды кайрадан караштырып, иргеп-талдап кескин кыскартып, чоң реформа жасаш керек го... Программада тандалган материалдар азайып, окутуу сабатына көздөлгөн убакыт көп болгону натыйжалуу эмеспи.

Сөз өстүрүү жана жазуу жумуштарына программада 9–11-класстарда 18 сааттан берилет. Дил баянга ылайык материалдар арбын. Ошондуктан окуучулардын күчүн сынап, класста 2 сааттан дил баян жаздырууну көздөбөш керек. Анда эле 2 саат текке кетти дей бер. Андан көрө ошо сааттарды окуучулар дил баянды сабаттуу, мазмундуу жазып беришке даярдоого жумшаш керек. Сөзсүз эле көз алдында жазганды өз күчү менен жазды деп эсептеген болбойт. Азыркы шарт аны көтөрбөйт. Дил баянды жаздырууга сүйөмөлөп, даярдык иштерин жүргүзүп, өздөрүнө мүмкүнчүлүк берип, анан акыркы натыйжаны күтүнүш керек. Болбосо окуучуларды кур кыйнаган болобуз. Ар жагында жазууга даярдыгы болбосо, талаптан кутулуш үчүн окуу китебинен көчүргөнгө барат же бир нерсени көңүлкош эптеп чиймелеп тынат. Мындай дил баяндын кимге кереги бар? Биз мында окуучуларды жоопкерсиздикке түртүп жатабыз. Дагы биздин балдарда ыйман бар, болбосо «түп нусканы окуганга таба албасам, теманын окуу китептеги материалы талаптагы 6–8 беттик дил баяндын көлөмүнөн алда кайда аз болсо, сизден сабакта алган түшүнүк, камылгам менен кайда барам?» – десе, эмне дей алар элек. Какалып туруп калабыз да! Андыктан окуучулардын дил баянды астейдил жазуусуна өбөлгө түзүүбүз керек.

Жыл сайын бүтүрүүчү 11-класстар үчүн мамлекеттик жазуу экзаменине министирлик тарабынан дил баяндын тизмеси сунушталып келет. Анын саны 90–100гө да жеткен учуру болду. Ошончо тизмени бергенден мурун ошого даярданып жетишеби дегенди ойлонуп коюшса боло! Тизмедеги көрсөтүлгөндүн кайсынысы келери белгисиз болгондуктан,

окуучулар баарына даярдыкта болуусу абзел. Даярданбаганың келсе, аны жаза албайсың. Азыр тизме 40–50 темага түштү окшойт. Чынында, бул деле биздин шартта көп. Тизме кечиктирилип келет. Эрте берди дегенде февралдын аягы, болбосо март-апрель айлары. 2–3 айдын ичинде ошончо темага даярданып тактап жетишүүгө кыйын. Окуучулар экзаменге сапаттуу даярдык менен келсин үчүн, дил баяндын саны 20–25, эркин тема 6–7 болгону жетиштүү болор эле. Андан көрө ар жылы 10–15% тизмеге алымча-кошумча кылып өзгөртүп, окуу жылынын башында октябрь-ноябрь айларында эле дайын кылып, сунуштап турса, жакшы эле болмок. Дил баяндын тизмесинин колго тийишин мугалимдер менен барабар бүтүрүүчүлөр да ынтызарлык менен күтүшөт. Дил баяндын тизмеси жарыяландыбы? – деп сурап, мугалимдердин тынчын алып турушат. Жазуу экзаменине бир жаңсыл эрте аракет көрүшкө окуучулар деле кайдыгер эмес.

Дил баяндын тизмеси 10–15 жылдан бери аз-аздап жаңыланып көпчүлүк темалар кайталанып тастыкталып турукташып да калды көрүнөт. Мен адабият программасындагы 9–11-класстардын сөз өстүрүү жана жазуу жумуштарына берилген сааттарын ошо дил баяндын тизмелериндеги темаларды сабакта өткөн учурларда дил баян жазууга даярдоого пайдаланып келем. Ырасында, 18 саат дил баяндын тизмесиндеги темаларга окуучуларды толук даярдап, жаздырып көнүктүрүүгө жетишпейт. Ал үчүн кошумча да убакыт таап иштешке туура келет.

Адабияттык темадагы дил баяндын сабаттуу, үлгүлүү деңгээлде жазылышы түп нусканы окуучу сөзсүз окуп, өздөштүрүп чыгышы менен байланыштуу болот. Андыктан мугалим окуучулардын чыгарманы окуп чыгуусуна, мазмуну менен тааныш болуусуна жетишүүсү керек. Көпчүлүк мугалимдер: «Азыркы балдарды адабияттагы көркөм чыгармаларды үгүттөп окута албайсың. Өз эркн, көңүлү менен окуп чыксам дегени аз» – дешет. Мунун чындыгы да бар, «оку» деген менен эле окуп калышпайт. Окуучуларды окуганга көңүлүн жибитип, жакындатып дилгирликке жет-

кириш керек. Азыркы окуучулар «2» коём деп коркуткан менен да окушпайт.

Мен программадагы практикалык сааттарды дил баян жазууга жалаң даярдык үчүн 1–2 сааттан пайдаланам. Теориялык жагын сабакта берилген түшүнүккө таянам да, практикалык даярдык иши бүткөндөн кийин гана дил баянды жазып өткөрүшөт. Класста кармап жаздырууга убакыт жумшабайм. Үйдөн жазууда өз аракетинен сырткары жардамды эне-атасынан, ага-эжесинен, а түгүл колуң-коңшусунан алса да, мейли деп кеңеш берем. Алардын эч кимиси 6–8 барак беттик дил баянды зерикпей жазып бере койбойт. Болгону багыт, кеңеш берет, жазганын оңдоп-түзөп акыл кошот. Мындай жардамдын окуучуга залалы жок.

Он чакты жылдан ашык жалаң жогорку класстарды окутуп келипмин. Адистештерим: «Агай, сиздин тажрыйбаңыз бар эмеспи, бүтүрүүчү класстарды өзүңүз албайсызбы?» – десе эле өзүмдү милдеттүү сезип келипмин. Ошентип, дил баяндын тизмесинин өтөөсүнө чыгам деп, жан кыйнап келгенимди кийин сездим... Ошо көп жылдан бери 9–11-класстардын дил баянга даярдык, жаздыруу ишине көргөн иш тажрыйбамдан, окуучулардан жыйнап келген түзүк деген дил баяндарынан, өзүм окуучуларга багыт берүү максатында үлгү катары жазып даярдагандарымдан топтом кылып берүүнү чечтим.

Дил баян – окуучулардын жазма чыгармачылыгы. Программалык материалдардан дил баян жазышта окуучу сабакта мугалимдин түшүндүрүүсүн угуп, окуу китептен окуп кабылдап, оригинал менен таанышып, мугалимдин жазууга даярдоосуна катышып, жазма ишин жаратып жатпайбы. Анда окуучунун өз дили, почерки бар.

Мен 8-класстан тартып, окуучуларга жазган дил баяндарын жоготпой сактап жүрүүлөрүн, анын кийин бүтүрүүчү класстарда пайдасы тийерин башынан эскертип коём. 8-класстагы Баласагын, Кашкари, замана акындары жана элдик акындар жогорку класстарда кайталанып окулбайт. Бирок бүтүрүүчү класстардын дил баян тизмелеринде берилип келет. 3 жыл мурда өтүлгөн эле деп карашпайт. Экзаменге сөзсүз кайра даярданыш керегин ойлонушпайт. Ошон үчүн дил баяндын тизмесин сунуштоодо темалардын өтүлгөн убактысын да эске алышса жакшы болор эле. 8–9-класстын программалык материалы 9-класстын, 10–11-класстын материалы 11-класстын дил баян тизмесинде берилгени ыңгайлуу болбос беле.

9–11-класстарда адабият сабагын окутсам, дил баян жазылчу көлөмдүү чыгармалардын тизмесин окуучуларга окуу жылынын башында берип, таап окуп, камдана беришин эскертип коём. Окуганы окушат, окубаса да жазуу учуруна чыгармаларды тапканынча таап, даярдап коюшса дейм. Мугалим «Каныбектин» томдорун, «Тоо арасынданын» калың-дыгын, «Кандуу жылдардын» эки бөлүгүн көрсөтүп, окугула деп окуучуларды үркүтпөш керек. Ошондой олчойгон чыгармалардын арасына жоошутуп жумшап, кызыкдар кылып, иш тапшырып аралатып, өздөрү зарылчылык көрүп, астейдил окуп чыгууга салыш керек. Мен муну эмнеден баштайм? Дил баяндын темасына, ага таандык оригиналга байланыштуу бир-экиден эпиграф табууга тапшырма берем. Ал үчүн «эпиграф» деген эмне? Эпиграфтын дил баян темасынын идеялык маани-мазмуну менен байланыштуу болорлугу тууралуу 8-класста эле түшүнүк берилип, белгилүү болот.

Эпиграфты окуучулар дил баян жазылчу чыгарма жөнүндө авторлордун сын-макала, пикирлеринен, темага тиешелүү макал-лакаптардан, акындардын ыр-саптарынан, залкар ой-мурастардан издеп табуулары эскертилип үйрөтүлөт. Эпиграфты издөөдөн мурун түп нусканы окуп, сюжетин өздөштүрүү керектигин билишет. Ошентип, эпиграфты табуу, окуучуларды түп нусканы зарыл кызыкчылыкта окууга жумшоонун бир жолу (Дил баяндардын үлгүлөрүнөн эпиграфтар менен таанышасыздар).

Дил баяндык оригиналды окуп чыгууга окуучуларды кызыкдар кыла турган дагы бир ыкма – бул чыгарманын окуясынын өнүгүш ыраатында чагылдырылып, эпизоддук сүрөттөрдү тарттыруу тапшырмасы. Мында класс окуучула-

рын 5–6 топко бөлүштүрүп, ар топко чыгарманын башынан аягына чейинки сюжетинин уруттуу жерлеринен эки окуянын аралыгын чагылдырган 2–3төн эпизод сүрөттөрдү альбом барагына, кааласа ватманга тартып келүүгө тапшырма берилет. Окуучуларга кадыресе сүрөтчүлүк талап коюлбайт, эмне менен тартса да акварелби, түр карандашпы ж.б. баары бир. Сүрөттүн мазмуну айкын болуп турушу гана абзел. Мугалим топторго тапшырманы тактап, китептин беттери боюнчабы, глава, подтемаларбы, окуянын аталышы мененби бөлүштүрөт. Чынында, жогорку класстын окуучуларына сүрөт тартуу кыйын деле эмес. Кеп сүрөтчүлүктө эмес, сүрөткө карата эпизоддук объектилерди туура табууда. Ал үчүн топтор сөзсүз түп нускanын өзүлөрүнө тиешелүү жерлерин окуп-издешке мажбур болушат да, тарта турган эпизоддорун акылдашып чыгарышат. Кийин класста тартылган эпизоддор боюнча чыгарманын окуясынын өнүгүш иретине салып, сүрөт топ ээлери жактап, сүйлөп беришет. Ошентип, оригиналдын сюжети серия, тасма сүрөткө айланып чагылдырылып калат.

Ч. АЙТМАТОВДУН «КЫЛЫМ КАРЫТАР БИР КҮН» РОМАНЫ БОЮНЧА СҮРӨТ-ЭПИЗОД ТАРТУУ ТАПШЫРМАЛАРЫ

I топко тапшырма 1-сүрөт эпизод. Тоомчунун кепесинин алдында колуна сары желекче кармаган киши. Ал жаңы эле өткөн поездди узатканы чыккандай, поезддин акыркы вагондору да көп алыстай элек. Ага жакындап, рельстин ортосунда шпалдарды басып келаткан аял. (Тоом күзөтчүлүгүндө Эдигейге Казанкаптын кайтыш болгонун угузганы келаткан аялы Үкүбала).

2) Үч адам: бир аял, эки эркек жол тартып келет. Бир эркек төө жетелеп алдыда, экинчиси төө үстүндө, аял төөнүн бир капталында жандап келет. (Эдигей, аялы, Казанкап Кумбелден Борондууга жаңы жолдо келаткандагысы).

II топко тапшырма 1) Темиржол боюнда салынган алыс-жакындан көрүнгөн бир нече там-короолор. Бир үйдүн алдына келе жаткан эркек, аял, жетелеген эки кичине бала, колдорунда чемодан, эркегинин жонунда көтөрүнчөк да бар. (Абуталип үй-бүлөсү менен Борондууга жаңы келгендегиси).

2) Темиржолдо токтогон составдуу поезд. Поезддин биринчи почта-вагону. Вагондун эшигинен баш багып, колунда сары желекче карманган кондуктор. Тепкичте биринчи чыгып бараткан портфелчен адам. Анын артында бир адамды эки жагынан жандай кармап, тепкичке жакындаган үч адам. Алардан обочо узата калган эки аял, бир эркек. Эркек 3–4 жашар баланы бооруна кысып, көтөрүп турат. Бала узаган адамга ээрчип, жулунуп тургандай. Аялдын бири 7–8 жашар баланы колунан кармап турат. Ал бала да узагандарга аялдын колунан тартылып, жулунуп турат. Экинчи аял колундагы кичине түйүнчөктү көтөрүп, сунуп, жүткүнүп, жүгүргөн көрүнүшүндө. (Абуталипти күнөөлөп, кармап, поездге салып, алып кетип жаткандагы сүрөт).

III топко тапшырма 1) Темиржолдун чакан станциясы. Анын алдындагы скверде коюлган отургучтардын биринде

бир эркек, бир аял. Аял бетин басып, ыйлап отурат. Эркек аялга карап сүйлөп жаткандай. Жерде чала бүктөлгөн барак кагаз жатат. (Эдигей менен Зарипа Кумбел станциясына Абуталиптин каза болгон кабарын, кагазын окуганда).

2) Ээн талаа. Төрт инген бир кара буура талаада оттоп жүрөт. Эки киши, бири төө үстүндө, экинчиси колуна узун камчыны алып, тарсылдатып, экинчи колун өйдө көтөрүп, буураны кармаганы жакындап барат. Буура кулагын жапырып, мойнун созуп сес көрсөткөнсүйт. Калган ингендерден алысыраагы баш көтөрбөй оттоп, жакындагылар элеңдеп чочулоодо. (Эдигей менен Оспан. Эдигей Каранарды кармап алып кеткени Оспанга келген. Экөө Каранарды кармоо аракетинде).

3) Бийик өскөн кайың түбүндө ага жабыштыра тикесинен таңылган киши. Жылаңбаш, көйнөгү жыртылган, жылаңаяк. Тегерегинде обочо аттуу, жөө жандар. (Раймалы акындын жазаланып, кайыңга таңылып турушу).

IV топко тапшырма 1) Шлагбаум тосмо. Анын эки тарабына тартылып кеткен бир нече катар тикенек зым. Шлагбаумдун бир тарабында чакан кароол там. Ичкери карай кеткен асфальт жол. Киреберштин эки бетинде бетон-меноли т. Жолдун четинде кирпич там, чар тарапты түнкүсүн карап турушка тамдын үстүндө эки прожектор. Шлагбаумдан обочо 2 трактор, чөгөрүлгөн төө. Кароол тамга жакын 5–6 адам топтошуп, тосмону кайтарган автомат асынган солдат менен сүйлөшүп турат. (Энебейит курчоого алынган шлагбаум. Жанында Казангаптын сөөгүн койгону келгендер).

2) Ээн талаа. Жайылып оттогон төөнүн оттору. Төөлөргө жакын бир четинде буйласын сүйрөлткөн, комдолгон төө. Төөнүн далдоосунда бийик чөп арасында сыңар тизелеп, жаа кезеп жигит турат. Ошол тарапка бери жактан бараткан акбозбашыл инген төө минген казак элечек аял. (Найман-эне уламышынан. Маңкурт уулу энесин тааныбай, аңдып, атканы турат).

V топко тапшырма 1) Вокзалдын алдында токтоп турган кара ЗИМ машинасы. Ал тарапка машинага түшкөнү басып

бараткан орус жана элеттик казак жараны. (Эдигей менен Елизаров. Вокзал алды Алмата).

Түп нусканын мазмуну менен окуучуларды өз кызыкчылыгында тааныштыкта кылуунун дагы бир жолу – чыгарманын окуяларынын урунттуу жерлеринен эпизод сценкаларды даярдатуу. Мында да класс окуучулары мурдагыдай 5–6 топко бөлүнөт. Сценкаларды мүмкүн болсо, кайсы жерлерден даярдоону мугалим сүрөт эпизодундагыдай өзү көрсөтүп берет. Эпизоддук сценарийлерин жазып топторго бөлүштүрүп берсе, абдан жакшы болор эле. Ырасында, барак беттерин тактап, бөлүштүрүп берүү деле жетиштүү. Сценка түзүп, сахнага алып чыгууга акылы жетип калган өспүрүмдөр өздөрү деле жарайт. Өздөрүнчө жакшы даярдоого атаандашып, кызыкдар да болушат. Аягында топтор эпизод сценкаларын жалпы класс менен мугалимдин сынагынан өткөрүп, окуяны ирети боюнча класста коюп беришет. Андан кийин талдоо, талкуу жүргүзүп, мында да чыгарманын мазмуну жандуу оюн менен жалпы окуучулардын түшүнүгүнө айланат. Топтор талкууда өздөрүнүн эпизоддук окуяларынан мурунку жана кийинки окуялары менен байланыштырып, кошуп түшүнүк беришет. Алсак, Т. Касымбековдун «Сынган кылыч» романы боюнча түзүлгөн биринчи сценка-эпизоддо жылкычы Шералыны Ажибай датка чакыртып, бүт Таластын кадырман карыялары, мыкты чыкма мырзаларын топтоп, Кокон ордосуна хандык тактыга коюуга, анын султан болгон тегин түшүндүрүү жөнүндө болот. Бирок Шералынын хандыкка коюу эмне себептен келип чыкканы, аны ким ойлоп тапты, эмне максат менен, ал кантип иш жүзүнө ашты, Шералынын хандыгы кандай жүрүп, кантип бүткөнү, аталык Нүзүп, анын кызматы, өкүнүчтүү өлүмү сценкада белгисиз. Мына ушул ойлорду биринчи топтун окуучулары эпизоддук окуясына байланыштырып, талкууда калтырбай айтып берүүлөрү керек. Болбосо эпизоддук сценкалардын аралары ой жагынан байланышы болбой калышы ыктымал.

Т. КАСЫМБЕКОВДУН «СЫНГАН КЫЛЫЧ» РОМАНЫ БОЮНЧА СЦЕНКА-ЭПИЗОД ТАПШЫРМАЛАРЫ

I топтун сценка-эпизоду.

Оң босогосуна узун шырык орнотулуп, ак туу сайылган чоң өргө. Өргө толо киши.

А ж ы б а й д а т к а. Шералы, угуп отурасыңбы, айланайын?.. Сен ошол Алтынбешиктин тукумусуң. Уктуңбу, султан Бабырдын тукумусуң *(Үй ичи уу-дуу болуп кетти. Шералы нестейип отурат)*. 1216-жылы Нарбото-бий уулу Алимди ак кийизге салдырып, хан көтөрөт. Ошол күндөн Кокон ордо аталды. Алимхан бүткүл хандык доорун тынымсыз жортуулда өткөрдү. Кокон өрттөй күч алып өстү. Атасы Нарботонун көзү өтөкөндөн кийин мураскор боло турган туугандарын да аябай көзүн жойду. Шералы, кулак салып отурасыңбы? Биринчи болуп атасынын бир тууганы сенин атаң Хажи бийдин башы кетти. Ошондо мен дагы ордодо элем. Жигиттеримди эрчитип, карындашымды коштоп, сени өңөрүп, түн катып ордодон айылга, Таласка чыгып кеттим, жарыгым. *(Шералы шылкыйып отурат. Үй ичи түйшөлө түштү. Кайра дым болушуп, баары Ажыбай датканын оозун тиктешет)*.

Билесиңби?.. Кайдан билесиң? Анда жаш элең, акыл токтото элек. Хандардын көзүнөн алыс жашырып, асырадым, жарыгым. Алимхандан кийин иниси Өмөрхан болду. Өмөрхан ишти кылыч менен эмес, акыл менен башкарды, такка отуруп сурады. Өмөрхандын көзү өттү, уулу Мадалы орун басты. «Мадаланы дин урду, шайтан азгырды» – деп Бухардын эмири Насырулла баатыр Мадалынын колун талкалап, өзүн мууздатты да, Коконду ээлеп, өзүнүн бегин койду. Мына, уктуңбу, жарыгым? Жетим элең, жетилдиң. Эми замандын кезеги сага келди. Аттан эми. Багыңды Насырулла баатыр хандын колунан талашып ал. Талашпасаң

так жок, күтүнбөсөң бак жок, жарыгым. Учур деген бир келет. Мына, учур келди... *(Аяр чалдын бут дити Шералы жакта. Шералы жашыды)*.

Ш е р а л ы. Таяке... Мен жалгыз кайда барам?.. *(Ажыбай датка башын ийкегилеп)*

А ж ы б а й д а т к а. Андан кам санаба, жарыгым. Бул олтурган эл сени жалгыз аттандырбайт. Бүт Талас, бүт Аксы, Чаткал сенин колуңда. Ат жалын тартып минишке жараганы сенин кошунуң, жарыгым. Жүрөксүнүп турасыңбы? Эч жүрөксүнбө. Султанзаада болгон соң. *(Акырын энтигип токтоп, өзүнүн оң жагында олтурган чоочун киши жакка колунун учун жаңсады)*. Мына Аксынын бийи – Нусуп бий... *(Ажыбай датка сол жагында олтурган нооча кара жигитти карата жамсады)*. А муну болсо тааныйсың. Өзүбүздүн инибиз Сыйдалы бек. Мына, жарыгым, бири кол башчың, бири жол башчың... *(Шералы бүк түшүп эңкейип, таякесинин кымкап тон этегине тооп кылды, кайра ордуна отурду)*. Нүзүп үкам, баштаган ишиң – кыйын иш. Бирок мезгилдин күчү сен жакта, мунун өтөсүнө чыгасың. Насырулла баатыр хан элди үркүтүп, биртике козголтуп койду окшойт. Жөн учурда бул элди уруп чогулта албайсың. Дем берип туруп, кайда баштасаң, сел болуп каптап берет. Ушуну билипсиң, эсиң-көзүң бар экен, үкам. Жолуң ачылсын! Аталардын арбагы колдосун! Омийин!.. *(Арык колдорун жайып бетине тартты)*.

Алау акбар!.. Алау акбар!.. *(Көпчүлүк дүрүлдөп бата кылышты. Нүзүп Ажыбай датканын колун кош колдоп алып, акырын тоop кылып)*.

Н ү з ү п. Өзүңүздөй көрүңүз бизди...

II топтун сценка-эпизоду.

Диванхана. Шералы хан. Бир топ кишилер тегеректеп отурушат. Шералыны бир ишке көндүрүш аракетинде үрпөндөшкөндөй. Баары аны карашат. Шады ынак, Казый, Кожо, аскер кишилери. Шералыны ой басып отурат.

Ш а д ы ы н а к. Өзүңүз ойлонуп көрүңүз, о, аллаяр... Биз сиздин алал ниет кулуңузбуз. Даңкыңыз жогору болсун дейбиз. Тыштан өчөшүү, ичтен нааразылык көбөйүп кетти. Себеби эмнеде? Нүзүп! Анын сизге да ниети түз эмес! Уулуңуз Малабекти эл таанытып, жол көрсөтүп, өзүнө тартып даярдап, бул тузургуруңуз, хандыкка көтөрүп, сизди тындым кылгысы бар... *(Шералы унчукпады. Анын көзү бетмаңдайындагы илинип турган чокойго түштү. Эч айырбай байкап турган Шады ынак).* О, аллаяр... *(түтөгөндөй).* Ана кылган иши – ушу... Кудай сүйүп бак берген хан башыңызды пас кылганы.., улук даражаңызды кемиткени, тепсегени. *(Кире бериш эшиктин үстүндө илинип турган чокойго колун жаңсап)*

К о ж о. Тоуба... Тоуба *(жакасын кармап, башын калчылдата).*

К а з ы й *(таазим кылып).* Бу шарттан да тышкары, шарияттан да тышкары...

Ш а д ы ы н а к. Бу бейдаратты караңыз, а. Тизгиниңизди тартып алып, ага да каниет кылбай, кор тутуп... *(Шералыны колтуктап алып кызый).* Аллаяр, ордо мындай болбойт... *(Шералы тизесин тиктеп тунжурап отурат).* Душмандарга кеп болдук. Чыдоого болбойт...

Б и р а с к е р а д а м ы. Хазирети! Чаап алып таштайын бул кордукту, уруксат кылыңыз *(кылычына кол сермеп, чокой тарапка баш жаңсайт. Шералы баарын кыдырата тиктеди. Баары баштарын төмөн ийип, бирок катаал түр менен көңүлүн сурап турушат).*

Ш е р а л ы. Ушундайбы?..

Үн. О, аллаяр! Ордоңуз көң чокой атыкты!

Ш е р а л ы. Ал!.. *(Шералы арданып кетти. Дуу-дуу. Шады ынак ошол замат бир парча кагазды алдына кармай берди).*

Ш а д ы ы н а к. О, биздин дидары айдан тунук, күндөн жылуу атабыз...

Ш е р а л ы. Бул эмне?.. Оку! *(Шады окубай, жакын ийилип сүйлөдү).*

Ш а д ы ы н а к. Жарлык...

Ш е р а л ы. Чокойгобу?.. Ошого да жарлык керекпи? Алып ташта!

Ш а д ы. О, хазирети аллаяр... Чокойду коюңузчу. Муну ойлоп тапкан башты, а ошону алуу керек оболу... *(Шералы түшүнбөй күйпөлдү).*

Ш е р а л ы. Ие!..

Ү н д ө р. Ушул зарыл. Ушундан башка жол жок... *(туш-туштан жабылышты).*

К о ж о. Бейнамаз башкарган ордонун иши эзели алга кетпейт. Ойлон, уулум. Жакшы ойлон.

К а з ы й. Жол ушу, сиз ишенип берген тизгинди сиз каалагандай алып бара албаса, сиз аны жазалап коё аласыз...

К о ж о. Хандын жазасы, кудайдын жазасы. Күнөө эткен башын кошо алып таштамайынча болбойт. *(Шералы кыдырата тиктеди. Буга да баары бир кабак, бир ооз айласы кетип).*

Ш е р а л ы. Мейли тизгинди алып коёлу... Кетсин, тоого барып күнүн көрсүн...

Ш а д ы ы н а к. ХМ! Нүзүп сизди Коконго ээрчитип келген бир селсаякпы? Нүзүп элеттин бир жагын чоюп жүргөн бий! Артында элеттин көп колу турат. Тынч жатып калаар бекен?! Сел болуп кайра келсечи? Бир жолу көңүлүн оорутуп алган соң, түбүнө жет, аяба, болбосо сени жексен кылат.

К о ж о. Душмандын өлүк болгону жакшы. Камтама кылбайт.

Ш е р а л ы. Элеттин колу. Жер түтөткөн көп колу... *(күбүрөдү).*

Ш а д ы. Нүзүп өлгөндөн кийин элдин биримдиги кетет. Сиздин тамырыңыз элетте Нүзүптөн кем эмес. *(Шады жеңинен парча кагазды алып чыгып, калтыраган колу менен Шералыга кыстап, сунуп турду. Шералы ыргылжың болуп, колун тартып аларда, мөөргө сыя сүртүп, жарлык кагазга колу менен басып салды).*

Ш е р а л ы. Кантип эми муну... *(кыңырылып)*

Ш а д ы. Аны бизге коюңуз! Таксыр, эми кут этмей жок. Муну менен Маргалаңда жүргөн Нүзүптүн башы кетет. Эми баарыбыз бекем турушубуз керек. Кетенчиктөөгө болбойт. *(Калгандар жымыйышып, Шады ынактын сөзүн кубаттап, баштарын ийкеп турушту).*

III топтун сценка-эпизоду

Үңкүрдүн алдында жигиттери менен Мусулманкул келе жаткан адамдарды тосуп алды.

Атсалоому алейкум!

Увалейкума салам! *(келгендердин бирөө эки жагын каранып)*

А б и л. Оо, катыгүн. Үңкүргө камалып *(аста ийилип Мусулманкулга жол коюп)* Кана бек ага, шиберге өйдө чыгып отуралы... *(ачык дөңгө чыгышты).*

Бек ага, өзүңүз балалыкты өткөргөн жер. Эл ырыскысын жеп, эңдекей жүрүшөт. Караңыз, бул жашыл чөп, төшөктөн таза, килемден көрктүү.

М у с у л м а н к у л. Албетте, албетте!

А б и л. Кана, отуралы, ыракым этиңиз, бек ага. *(Абил кол жазгады). (Жигиттердин ичинен Бекназар жигиттери менен жүгүрүп кызмат көрсөтүп, Мусулманкулдардын колуна суу берип, ала келген бышык козунун этинен шала-шала тилип, нан коюп, кымызды аякка чанач оозунан куюп, улуулата сунулду).*

М у с у л м а н к у л. Атым Бекназар дединби, чырагым? Ме, куураган агаңдын кешигин ууртап койчу... *(Мусулманкулдун көңүлүнө туура келдиби, бөксөрө элек кесесин сунду. Бекназар жакшы көңүлү менен тартып жиберди).* Түзү ийгиден түңүлбө деген. Жүзүң ачык, дилиң ак жигит экенсиң, чырагым. Өмүрүң эле узун болсун!.. *(Анан көөдөнүнөн армандуу үшкүрүк чыкты).*

Абил, Бекназар! Силер эмнеге мен Кокондо турганда бир барбадыңар? (Алар бирин-бири карашып калды).

А б и л. Ырас барбадык. Чолобуз жоктуктан эмес, чоочугандыктан эмес, жол жоктуктан болду. Улуубуздан озунуп өтө албай *(Алманбетти карашты).*

М у с у л м а н к у л. Туткасыз эл болбойт дедим эле... Бар экен... *(Башын өкүнүчтүү ийкеди).* Ээ, мага асылган киши көп болгон. Өзүм Наманганга бек койгон Мырзат өзүмө кол салып, кармап алып, ордого алып барса болобу. Жанагы иттин баласы Кудаяр хан аларга макул экен. Жаркынайым арачы түшүп алып калды. Кийин кегимди кетирбей, Мырзатты Кокондун дарбазасына баштыкча салаңдатып, илип салдырдым. Иттин баласы, кийин дагы Нарманбет жакка өтүп, чыккынчылык кылды. Акыры, Нарманбети качып кутулуп, өзү ууру мышыктай колго түштү. Иниси Малабекти хан атап, көзүн чукутсам колдо болчу. Жаркынайымдын көңүлүнө карадым. *(Мусулманкул эрдин бекем кымтып, баары унчукпай калышты).*

Вай, Өтөмбай!.. Вай, Нарманбет! *(башын көтөрүп).* Бириңе Маргалаңды, бириңе Ташкенди бийлеттим. Күчүгүңдө бактым эле. Жетилип ит болгондо, карчапанчандарга кошулуп, кайра өзүмдү талады... Токто, эссиздер, токтогула! *(шалк этип отуруп калды).*

Эмчек талашып эмишкен тууган элек. Ушул силердей иш билги азаматтар болбоду. Эми минтип... Бу акебиз барчу эле, барган сайын «Элде кандай жигиттер бар?» – деп сурасам, «Менден башка колго жарары жок» – деп койчу эле. Ээ эмнеңизди айтайын. Казынага кийирип, бүт айылга жетерлик дүнүйө алып кетсин десем, дүкөн чирик чапанга чаап... Ошондо билгем сиздин түркөй экениңизди. (Алманбет күнөөлүүдөй салбырап отурду эле, сөөгүнө жетти окшойт).

А л м а н б е т. Ээ, Мусулманкул, айтасың... Ар ким керегине чабат да. Ашык дүйнө ашык бийлик адамдын жанына жапа, башына балекет болот – деген го бабаларыбыз... Нүзүп эмне болду? Өзүң эмне болдуң?

М у с у л м а н к у л. Кайран Нүзүп акебиз! Акылга дыйкан көсөм адам эле го. Ошонун түбүнө да ушу кара чапандар жетти. *(Абил токтоно албай кетти).*

РБДЮ
РБДЮ им. К. Баялинова
ИНВ № 492936

А б и л. Билебиз, бек ага. Өзөктөн күйгөн өрт жаман, өздөн чыккан жат жаман болбодубу. Кай бир өз деген адамдар алдына ор казбаса, ордодогу 5–6 шумдун колунан эчтеме келмек эмес. Билебиз баарын!

М у с у л м а н к у л. Эмчектештерим, ушул силерди бел тутуп, чоң үмүт менен келип отурам. Дагы эле жаман эмесмин. Бирок кыпчагым баягыдай бирдиктүү эмес. Силердин жардамыңарга муктажмын. Кол бергиле, дем бергиле. *(Эч ким унчукпады, бир аз дым боло түштү).*

А л м а н б е т. Колду эмне кыласың эми?

М у с у л м а н к у л. Ордону кайра алам. Карачапандарды кырам!

А л м а н б е т. Болуптур, келипсиң эми. Тынч гана жүрө берсеңчи. Элди бөөдө дүрбөтүп эмне кыласың? Ордонун эмне кереги бар сага? *(Мусулманкул чарт жарылды).*

М у с у л м а н к у л. Ой, аке! Ой, сенин түркөйлүгүң ай! Карачапандарды тукум курут кылам, дедим го!

А б и л. Бек ага, тил тийгизбеңиз аксакалыбызга... *(Мусулманкул Абилди чакчая тиктеди)* .

А л м а н б е т. Койгула. Анын эмнесине кызараңдашасыңар?.. Болбойт ушунуң, Мусулманкул. Карачапандар жөн жатпас, сага кырдырып. Алар бөтөн элби.

М у с у л м а н к у л. Душман!

А л м а н б е т. Эл элге душман болбойт. Эл башындагылар душман болот. *(Мусулманкул ар жерде тырайып жаткан жигиттерине карай чар этти).*

М у с у л м а н к у л. Тарт атты! *(Абилге кол кезеди).* Кеттим! Силерден келер жардамды бактыман тиледим. Эмитен карачапан сарттарга жан тартып отурасаңыр... биздин жолубуз эки айры. Бирок билип койгула, жакшы ука, кайра келем бир күнү. Менин кылычым кош мүздүү, бири кетилсе, бири бар али...

А б и л. Нүзүп менен кошо сынган дединиз беле. Биздин кылычыбыздын эки мизи тең бүтүн *(Абил чакчырыла жооп берди).*

М у с у л м а н к у л. Эр болсоңор кайрап тургула!

А б и л. Кайралуу!

А л м а н б е т. Ате... карышкыр болуп бараткан экен, а...

IV топтун сценка-эпизоду

Хан Насирдинбек сыпайлары менен Абилбийдин айылына келип түшкөн. Бийдин үйүндө сыйлык коноктук. Ханзаданын кабагы салыңкы, чечилип сүйлөбөй отурат.

Х а н з а д а Н а с и р д и н б е к. Абил бий! *(бек үн катты).* Менин жан тайкем кайда? *(отургандар дем тартпай, өргө ичи жым-жырт).* Айт бий, менин эзил кайран тайкем көрүнбөйт!

А б и л б и й. *(үшкүрүп)* Ханзада... Кайран Домбу сиздин тайкеңиз болсо, биздин жан күйөр агабыз болчу. Жазмыш ошолем, кайран Домбу бул дүйнөдөн жүз үйүрүп, бизди таштап кетти... *(Эл жеңилдене шып-шынып жибериштн).*

Н а с и р д и н б е к. Ошондойбу? *(заардуу тиктеп).* Бу дүйнөдөн өзү кечип кеттиби? Айтчы, бий!

А б и л б и й. Жээнчер! Домбу тагаңыз кудайдан келген ажалдан өлдү. Жазмыш ошол экен, жан тайкеңиз өчөшкөн бирөөнүн огунан себеп таап өлдү. Кудайдын каалоосуна не дегиңиз бар, жээнчер? *(башка жакты тиктеп, мисирейип)* Кантели! Кайран туугандан айрылып көп ыйладык, көп күйдүк. Тапкан жокпуз. Арты кайрылуу болсун. Айла барбы?

К а р ы к е ң е ш ч и. Капа болбо, бий... Жээниңиз жан тайкесине күйгөндүктөн кызуу сүйлөп койду окшойт. Эркелейт да... Балада... Кечирип коюңуз, бий. Кантебиз?.. Өлөр адам өлүптүр. Сиз менен биз тирүүлүктүн тынчтыгын көздөшүбүз лаазым...

Үн. Бул ак сөз. *(Насирдинбек жигиттери менен чыгып кетти. Сырттан Бекназардын жигити Эшим кирет).*

Э ш и м. Рахмат, паңсат. Кутурган күчүгүнө кайрылган сөзүңүз бизди ыраазы кылды. Ушундай эле болмокчу – деп Бекназар кубаттап сизге салам жөнөттү.

А б и л б и й. Айтып бар баатырга... Бекназардай тиреги болбосо, менин караным чымчык үркүтөр беле! Сел токтотор кубатым, айбатым силерсиңер, айланайын... *(Эшим кетүүгө диттенип, кайта кыйылып тиги жаткан киши жакты тиктеп калды. Абил бий сезип)* Айта бер сыр жашыра турган, бөтөн жок, айта бер!

Э ш и м. Насирдин бектин бардык жолу кесилди. Мерчемдүү жерлер тосот кылынды. Сиздин бир ооз сөзүңүздү сурады Бекназар аке. *(Абил бий ордунан учуп туруп, Эшимди жакасынан өзүнө тартып, шыбырады).*

А б и л б и й. Жинденбесин! Жинденбесин!.. Токтотсун!..

К а р ы к е ң е ш ч и. Бий туура айтат. *(Абил селт эте түштү, Эшим карап, катып калды).* – Хм... Айтып бар баатырга, жакшы жигит, бөрүнүн уясын бузуп, бөлтүрүгүн кармап алса болот, бирок, бөрүлөр өчүгүп, кийин кооого апат түшүрөрүн тоолуктар билишпейби? Ушуну баатырдан сурап кой, жакшы жигит.

А б и л б и й. Ой!.. Айтып кой!.. Теңирберди тыйсын тентекти! Уктуңбу! Тыйсын!

Э ш и м. Уктум... *(Эшим таазим кылып, чыгып кетти. Эшиктен 2–3 аксакалдар киришет).*

Б и р и. Деги айтсын, кантсек ханзаданын көкшүнү сууйт экен.

Э к и н ч и с и. Не көксөгөнү бар экен? Ачык айтсын! Элди куруп кууратпай. *(Кары кеңешчиге кайрылып)*

К а р ы к е ң е ш ч и. О, тагдыр-ай, кандай күн туулуп кетти! Кантесиңер? Кан бере албасаңар, анда кун бергиле. Адат ошол, салт ошол... Мейли, мен ханзада жээниңерге сөздөшүп көрөйүн. Журчулуктун ыгына көнүп кой дейин. *(Аксакалдар жым-жырт отуруп калышты).*

А б и л б и й. Мейли, алгысы келген кунун алсын.

V топтун сценка-эпизоду

Исхак түн жамына Ала-Бука кыштагына чегинип келип, кеңеш өткөрдү. Ар кимисин ой басып, саркерлер дымып отурушат. Өзү да ойлуу.

И с х а к. Кана, баатырлар! (бирден сыдырып тиктеп кеп баштады). Сүйлөй отуралы, эмне кылабыз мындан ары? *(Үйдөгүлөр жай козголуп, бири-бирин акмалап күтүп калышты).*

М о м у н. Бек *(саал мукактана)*, биз күрөшкө жараксыз экенбиз го, али?..

И с х а к *(баш ийкеп)*. Жамандыгын жашырып, жакшы деп алаксыган, акыры өзүн алдаган. *(баары дым болуп калышты)*. Ырас, кечеги беттешүү бизге көрсөттү. Биз күрөшүүгө жараксыз экенбиз али. Катуу сындан өткөздү. Мына, эми кемибизди толуктап, күрөштү чындап баштайбыз, баатырлар!

К а м б а р с а р к е р. Бек, акыбалыбыз ушу экен, мындан ары деле колубуздан эмне келет?..

И с х а к. Мейли, Камбар, башынан ыргылжың экениңди байкадым эле, өз акылың өзүңдө, азыр жигиттериңди аттандырып, айылыңа кайта бер... *(баары Камбар-саркерди карап калды)*. Тур! *(саал зекий)*. Жакшы күнүндө, жакшы ишиңе орток болуп, жаман күнүндө тескери караган өнөктүн кереги жок бизге. *(Камбар камчысын сүйрөгөн бойдон ыңкүйүп чыгып кетти).*

Кана, дагы кете турган барбы? *(отургандарды кыдырата карады. Камбардын катарында отурган ыкташып жургөн төрт жүз башы туруп кете башташты).*

Көрдүңөрбү, ордонун аскери урушка жөндөмдүү экен. Куралы мыкты экен. Бизде бир артыкчылык – көптүгүбүз, ишибиздин актыгы. Көзүңөр жеттиби, урушка машыкпай, тартип болбой туруп, куралыбыз оңолбой, арабызда Камбар өңдүү ыргылжың жүргөн, олжо издегендерден тазаланбай туруп ишибиз оңолбойт.

М о м у н. Башыбыз өзүңсүң, эки көзүбүз өзүңсүң. *(обдулду)*. Айт акылыңды, эмне кылабыз?

Ү н. Бизге күрөшүүдөн башка жол барбы? Эми баштайбыз күрөштү.

И с х а к. Эң оболу өзүңөргө өзүңөр ишенгиле! Кетсин үйдө баатыр, жоодо жоктор, жолун тоспогула, туруктуулар калсын. Чаткалга чегинебиз. Уста жыйып, курал жасатабыз. Орустан курал-көмөк сурайбыз. Элге кайрылып, кайрадан көтөрөбүз. *(Эл ишине бек жүз башчылар дуулдап коштоду)*.

VI топтун сценка-эпизоду

Исхак жаңы кураган ордо кишилери менен диванханада, жанында Абдылда бек.

С а р б а з. Өкүмдар, ханзада агаңыз кармалды.

И с х а к. И, кимиси?

С а р б а з ж и г и т. Султанмурат бек бахадур! Азирети сагибзада кожонун ашканасына бекинип калган жеринен бутунан сүйрөп чыгыптыр, капа болбойсузбу, кантсе да агаңыз да?..

И с х а к. Ха, агам эмей?! Капа болбой анан! Кайда? *(Султанмурат бекти түртүп киргизишет)*. Келиңиз, абаке. Төргө чыгыңыз... *(кол алышып көрүшүп, сол жактан орун алды)*. Кандай? Саксаламат жүрөсүзбү, абаке?

С у л т а н м у р а т. Шүгүрчүлүк... *(мукактанып, башын ийкегилеп)*

И с х а к. Кенен отура бериңиз. Өз үйүңүз, өлөң төшөгүңүз. Же... менин Алимхандын тукумунан экениме али ишене албай...

С у л т а н м у р а т б е к. Жо-жок...

А б д у л л а б е к. Самаркандын дубанасы кайда? Сиз өзүңүз, ханзада колунан жетелеп, элге көргөзүп жүрдүңүз го?

И с х а к. Билбеген адам уу ичет, эми айтыңызчы, абаке, Алимхандын тукуму кимибиз? Сиз билесиз, айтыңызчы, бу Абдулла бек «сен эмессиң» деп мага ишенбей жатат го?..

С у л т а н м у р а т. *(тигинин этегине тоон кылып)*. Ээ, менде эмне күнөө?! Кыл дегенин кылдым да!.. Айт дегенин айттым да... *(калтырап, бүк түштү)*. Сиз экенсиз Алимхандын чын тукуму! Сиз экенсиз элдин эгеси... Жан соога!.. Кызмат көрсөтөйүн.

И с х а к. Өйдө болуңуз. *(эки колдоп ийинен сүйөп)*. Мага караганда сизге көбүрөөк белгилүү, абаке азрети Кудаяр өз элин жоодой аңдыды, өлкөнүн кадырын кетирди, акыры ак падышага алдатып жиберди. *(Султанмурат башын ийкегиледи)*. Эс аласызбы, аба? Бул дүйнөнүн көйүнөн чарчадыңызбы?..

М о м у н. Ийиниңиз кубанып чыксын, бек ага... *(чапан жабат)*.

С у л т а н м у р а т. Рахмат...

И с х а к. Узатып койгула... Чириген жыгач устун болбойт, отунга жарабайт. *(колун терс шилтеп койду)*.

Бекназар аскер башчы колго түшүргөн Атакул батырбашчыны түрткүлөп кийирди.

А т а к у л. Ассалоому алейкум... *(үнү каргылданып, араң салам айтты)*.

И с х а к. И, Маргаландын беги! Кел, кел... *(кекээр үн менен)* «Таксыр, таксыр»... *(колунун учун акырын жаңсап отур дегендей ишарат кылды. Атакул леп чөк түшүп салбырады)*. Мени Абдырахмандын удайчылары кармаганда, сен жанымда белең, Атакул? Нары карап кеттиңби ошондо? Далыңды эле бир көрүп калдым эле! *(Атакул салбырап башын ийкеди)*. Чыккынчы, Канча төлөдү Абдрахман сага? Саткын! *(чаңырып ордунан тура калды, артынан өтүп тооруп басты)*. Өзүң айт! Кана, тузургур, саткын эмей эмнесиң?!

А т а к у л. Шайтан азгырып... Кудай уруп...

И с х а к. Сен мансапкор оңой мансап таап кеткиң келген! Кана? Эми жазаңды өзүң айт. И?..

А т а к у л. *(акырын башын көтөрүп, телмирип тиктеп)*. Өлүм...

И с х а к. О, атаңдын көрү, көп жолду бирге бастык эле. Сени өлүмгө берүү бизге жеңилби?.. Бирок кечире да албайбыз. Өзүң бетиңе жугузган көөнү өзүң гана жууйсуң, Атакул... Ак кызматың менен.

А т а к у л. Исхак! Айт ачыгын, кандай кызматым менен жууймун? *(обдула)*

И с х а к. Ачыгын айтайынбы? Маргаландагы бек бойдон кал. Ошол ашыналыкты улантасың *(Атакул жутунуп алды)*. Жарым паша менен биздин ортобузга жүрүп бер. Ушуга жарасаң, кара тагынды жууйсуң, элиңе, өз өлкөңө теңдешсиз кызмат кылган болосуң. Уктуңбу?

А т а к у л. Уктум, таксыр! Каным менен!

VII топтун сценка-эпизоду

Теменасай түзүүнүн ортосундагы топудай дөбөдө өңкөй иргелген мыкты аталгандар жана топураган эл чогулган. Лөктөрдүн ичинде баатыр Бекназар, жүзгө чыккан Алманбетти замбилге салып, неберелери алып келген, башка да эл мыктылары.

А б и л. Оо, кагылайын журтум ай! *(каргалданган үн менен)*. Көрүп турасыңар, башыбызга кыйын күн туулду го?! Эмне кылабыз? Баарыбызга үй сыяктуу ордобуз жыгылып олтурат. Ордосуз өлкө башсыз журт болмокпу. Жапа тырмак аттанып, каапырга олжо болуп турган ошо ордобузду ажыратып алышыбыз же таймашып өлүшүбүз гана калды!..

Ү н. Ээ, күч кана ага?! Эмне менен көтөрүп тигебиз?!

А б и л. Күч кана дейсиңби? Күч мына отурган сен, мына мен! Бириксек бүт өлкө, мына күч деген!

Ү н. Кудай уруп, дагы миң тукумунун сасыган этегин өбөт турбайбызбы. Ордо деп жүрүп...

А б и л. Көрө жатарбыз кимдин этегин өбүштү. Миң тукуму жерге кирсин. Ордо кайра тигилгенде табылат этегин өбө турган.

Б е к н а з а р. Бий, чириген ордону кайра көтөрөм дейсизби? Убара болбосоңузчу. Сөзүңүз баягы эле сөз. «Биримдик!» – деп сайрап, алдап, бул элди отко бир, сууга бир салып, түгөтүп бүтмөй болдук го. Эмне берди ордоңуз?

А б и л. Эй! Макул, айтканыңдай болсун, ордону көтөрбөй ак коёлу. Четибизден падышабыздын каратели жалмап, кырып, өрттөп келе жатат го. Тамагыңды бычакка тосуп жатып бер дейсиңби. *(Бекназар жооп таппай калды)*. Түрүлө аттанабыз. Биз биринчи аттанабыз. Уктуңарбы?

Ү н. О, кокуй! Эми чындап балакетке калат турбайбызбы?! Ыя, орустун замбирегин камчы менен кантип сындыра чабабыз?!

А б и л. Кырылабыз. Жоюлабыз. Кудай жар бизге. Өз ордобузду, өз кутубузду көтөрөбүз! Омин...

А л м а н б е т. *(тамагын жасап, оозун жарым ачып)*. И, уктум акбалыңарды. Аттиң, башыбызга жаман күн туулуп калган экен го?! Ээ, Бекназар, кайда отурасың?

Б е к н а з а р. И, Алманбет аба? Отурат ушу жерде баатыр уулуң...

А л м а н б е т. Мен кузгундун жашын жашадым. Бекназар, кулак салчы бери. Сен четке көп чыгып жүрөсүң, жанагы жалмап келе жаткан орус дегенди өз көзүң менен көрө алдыңбы, балам?..

Б е к н а з а р. Көргөм. *(басмырт, күңкүл жооп кылды)*.

А л м а н б е т. Ии... Адамча жандашат бекен, сүйлөшөт бекен, күлөт бекен?

Б е к н а з а р. Жумуру баш, буту ийри. Сүйлөйт, кабагын бүркөйт, күлөт, кутманым.

А л м а н б е т. О, кокуй, каралай көз калкым ай!.. Кырылгандын жакшылыгы болобу?! Ордо дейсиңер, ордо кимдин чекесин жылыткан? Биздей эле адамзат экен, адамзаданы жакшы сөз атынан түшүрөт, жакшы оокат жибитет, ошол орустун өзүнүн алдынан тосуп чыкса, не болот?..

Ү н. Мына сөздүн сарасы! Мына акылдын төрөсү! Эмне үчүн тосуп албайбыз?! Орус деле биздей журт турбайбы?!

А л м а н б е т. Сенден башка ким жарайт?! Бекназар балам, көтөр көкүрөгүңдү, орустун алдын сен тосуп чык! Ошент, балам!

Окуучуларды түп нускаңы астейдил окууга табышмак окуу оюнун уюштуруу аркылуу жетишсе да болот. Мугалим бөлүштүрүлгөн топторго мында да чыгармадагы окуянын уруңттуу жерлеринен 2–3 сүйлөмдөн турган экиден текст үзүндү берилет. Ар бир топ өздөрүнүн ал үзүндү тексттерин чыгармадан окуп табышып, үзүндүү аралыгындагы жана ага чейинки окуялар кандай болгонун, ал окуяларга кайсы каарман катышканын айтып бересиңер деген табышмак тапшырма берилет. Анан чыгармадагы окуянын өнүгүш ырааты боюнча топтор акылдашып, иретке келтирип байланыштырып, класста сүйлөп беришет.

Ч. АЙТМАТОВДУН «ГҮЛСАРАТ» ПОВЕСТИ БОЮНЧА ТАБЫШМАК ОКУУ ТАПШЫРМАСЫ

I топко тапшырма

1) «...Жорго теңселип токтоп туруп калды. Ачылбай көзү ачышты. Башы зыңкылдап, түшүнүксүз, басылгыс. Танабай божуну алдыңкы тактанын кырына арта таштап, олдоксон оонап арабадан түштү да, кабатырлана атынын жанына келди. – Сени кудай урдубу? – деп жекирип койду жоргосун»... Бул көрүнүш чыгарманын кайсы жеринен алынды? Гүлсары менен Танабайдын кайсы учуру, каердеги окуя?

2) «– Бали, Танабай, өркүнүң өссүн. Жакшы үйрөтүпсүң. Ал эми көрүп ал, жоргонун жылдызы жаркырап жанар!» – деген үзүндүдө Танабай менен ким сүйлөшүп жатат? Буга чейин Гүлсары менен Танабайдын башынан кечирген кандай тагдыр жөнүндө эскерилет?

II топко тапшырма

1) «Танабай карыя Гүлсары эс алганча күтүп турат да:

– Жүр, Гүлсары, жүрө кой, күн кечтеп барат, кыбырап жыла берели – деп, жылоодон сүйөй кармап, кайра жетектейт. Ошентип, экөө дагы эт бышымча жүрүштү. Анан жорго биротоло токтоду» – деген үзүндү каерден? Гүлсарыга мынча эмне болгон? Мындан ары эмне болот? Баштагы учуру эскерилеби?

2) «Гүлсары! Гүлсары!.. деген ач кыйкырык, калың чуу жоргонун кулагынан кирип, дене боюн чымыратып жиберди».

«– Карма! Карагер кетти! – деп чурулдап калгандары артынан сундура кууду. – Танабай, кайдасың, сен жетпесең болбой калды» – деген эки үзүндү тексте Гүлсары менен Танабайдын кайсы учуру, тагдыры берилген?

3) «Калың жылкы бөкөн жүрүш менен шашпай баратты. Ээси кадимкисинче ырдар бекен деп күттү Гүлсары. Бирок Танабай ырдабады. Айыл артта калды», – деген үзүндүдөн мурун Танабайдын өмүр-тагдырынан таржымал бер.

III топко тапшырма

1) «Гүлсары от жалынына чыдабай качар эле, эми антер алы жок, кайра жан тарткансып, оттун табына жылынгансып, каптаган түтүнгө бышкыра албай, тим жатты»–деген үзүндүдө Гүлсары менен Танабайдын кайсы учуру, ага байланыштуу өткөн кандай өмүрлөрү эскерилет?

2) «Ушул жазда Танабай Гүлсарыны үйүргө салды. Минбей аяп, өнтөлөп багып, жаратып, айгыр улам күчкө толгон сайын көзү кубанып жүрдү».

3) «– Менин түшүм келди.

– Эмне болду?

– Чоронукунда айтууга оозум барбады. Гүлсары эми бизди издеп эч качан келбейт» – деген эки тексттин үзүндү аралыгында кандай окуялар болот? Танабай «Менин түшүм келди» – деп эмнени айтып жатат?

IV топко тапшырма

1) «Танабай талаада жылкы четинде жүрүп, ойго чөмүлдү, бирок ой түбүнө жетпеди, күдүктөнгөн суроолоруна жооп таба албады» – дегенде «ой түбүнө жетпеди», «күдүктөнгөн суроолору» – деп эмнелерди айтып жатат?

2) «Ошол жылы күздө Танабайдын тагдырында күтпөгөн өзгөрүш болду» – деп эмнени айтып жатат?

3) «– Кой, Танабай, болду. Сен, эмне башкалардан артыксынбы? Көп менен көрөбүз»,– деп ким Танабайды тынчтандырып жатат? Эмне үчүн? Ушул үч тексттин үзүндү аралыгында кандай окуялар сүрөттөлгөн?

V топко тапшырма

1) «Эртеси үйрөнчүк койчулардын көчүүсүнө жардамдашты. Андан кийин бир апта баш көтөрбөй, короонун жумушу менен алп урушту» – дегенде «короонун жумушу» – деп эмнени айтып жатат? Ал кайсы короодогу кандай жумуштар эле?

2) «Сыртты көздөй Танабай райкомдон сабырдуу чыкты. Мына, ошонусу кыйын болду» – дегенде «ошонусу кыйын болду» – деп эмне жөнүндө айтып жатат? Ушу эки үзүндү

текст аралыгында Танабайдын, жаш чабандардын башынан кандай окуялар өттү эле? Райкомго эмнеге барган?

VI топко тапшырма

1) «Чоро аны Карасуунун өрдөшүнөн чыккан жерден кууп жетти. Арт жагынан жоргонун тааныш дүбүртү угулганда Танабай кылчайып караган жок» – дегенде эмне үчүн Танабай Чоро досун кылчайып караган жок деп жатат? Ушул үзүндүдөн тартып чыгарманын аягына дейре кандай окуялар сүрөттөлөт? Повесттин акыры кандай аяктайт?

Акырында жогорудагыдай жолдор менен дил баян жазчу чыгарманын мазмуну менен окуучулар жалпы тааныштыкта болгондон кийин, дил баяндын планы түзүлүп, ошо боюнча талкууланып, анан жазып өткөрүүгө тапшырма берилет.

Өз учурунда көрүнүктүү методист-окумуштуу Б.Алымов окуучуларды дил баянга даярдоо жана дил баян жаздыруу ыкмасын кеңири иштеп чыккан эле. Окумуштуунун ал эмгеги мугалимдердин колунан түшпөй колдонулуп келет. Менин да дил баянда таянган бирден бир куралым.

Ырас, бул топтомдо окуучулардын өз даярдыктары, өз күчү менен жазылган дил баяндары да бар. Айрымдары мугалимдин текшерүүсүнө түшкөндөн кийин, окуучуларга кайтарылып, сунушталган оңдоо-түзөтүү, алымча-кошумчалар менен иштелип чыгып, үлгүлүк деңгээлге жеткирилгендери да жок эмес. Дагы бирөөлөрү бир темага жазылган окуучулардын бир нече дил баяндарынын уруннтуу, орундуу, ой-туюмдарынан тандалып-куралып, бирдиктүү бир үлгүгө айландырылганы да бар. А түгүл өзүмдүн да окуучуларды үйрөтүү үчүн үлгү катары кеңири жазып даярдаган дил баяндарды, ой толгоолорду кошумчаладым. Кыскасы, топтомдогу дил баяндар үлгүлүк талапта, үйрөтүү, багыт берүү максатта түзүлгөн усулдук колдонмо болуп саналат.

БИЛИМ КЫРГЫЗ КООМУН АЛГА СҮРӨЙ АЛАБЫ?

Илим – дарыя, билим – кеме.
Билим бийик, түгөнбөс окуу – улук.
Адамда ушул эки артыкчылык.

(Ж. Баласагын)

Бизде бир алгылыктуу жакшы көрүнүш бар. Ал – билим жана илим, ага мамлекеттик масштабда чара көрүү. Буга карата Президентибиз атайын программа да кабыл алган. Ал «XXI кылымдын кадрлары» деп аталат.

Программанын аткарылышына жооптуу анын камын көргөн ар кайсы көрүнүктүү мекеме-уюмдардан алынган атайын чоң составдуу комиссия түзүлгөн. Ошондон ушул күнгө ордо калаабызда, областтык борборлордо бирден-экиден жогорку окуу жайлары ачылды. Мурда республикабыз боюнча тогуз гана жогорку окуу жайы болсо, ушу мезгилде жер-жерлерде ачылган филиалдар менен бирге отуздан ашып кетти. Жогорку окуу жайларынын студенттеринен окуу адистигин илимий-практикалык жактан өркүндөтүү максатында чет өлкөлөргө жолдомо алып, стажировкада болушуна мүмкүнчүлүктөр берилген.

Ал түгүл мектепте чет тилин жакшы өздөштүрүп, мыкты бүткөн окуучулар тандалып, республикабызга зарыл кээ бир адистиктин ээси болуп келүүгө тышкы өнүккөн өлкөлөргө келишим менен жөнөтүлүп, окутуу да практикаланып келет.

А. Акаев өлкөбүздө адам ресурстарына өзгөчө маани берип, жылда чет өлкөдөн билим алып келген студенттер менен жолугушууну салтка айландырып, өзүнүн баалуу сыйлыктарын тапшыруу менен бирге, каалоо-тилектерин айтып келген. Бүгүнкү күндө Германиянын өзүндө кырк бешке жакын студент окуп жатса, быйыл 40 адам сапаттуу билим алууга жөнөп жатат экен. Ал эми Америкада көпчүлүгү докторантурада, магистратурада калып окуусун улантышууда. Көңүлгө аларлык көрүнүш булардын бардыгы окууну эң жакшы деген баалар менен аяктаган. Мындай көрсөткүчтөрдү айта берсек, башка өлкөлөрдө окугандардан да көп мисал чыгат.

Түзгөн келишим боюнча да сырттан такшалган окумуштуу окутуучулар чакырылып, жогорку окуу жайларыбызга лекция окутуп, тажрыйбасын пайдалануу да жолго коюлган.

Жергебиздин аймактарында окуучуларга өркүндөтүлгөн билим берүү максатында гимназия, лицейлер ачылып, алар жакшы натыйжаларды берүүдө. Кыргызстанга өздөрүнүн каражаты менен окуу жайларын ачып, кээ бир илимден билим берүүгө өз окумуштууларын тартып камкордук көрсөткөн, жакшы алака түзгөн чет өлкөлүк достук кызматташтыктар да чыгууда. Алсак, Кыргыз-Россия Славян Университети, Кыргыз-Түрк Университети сыяктуулар. Ал эми Түркия мамлекетинин билим жаатынан боордоштук жардамдарына ыраазы гана болушубуз керек! Жер-жерлерибизге лицейлерди ачып, жарым-жартылай каражаттарды өздөрүнөн чыгарып жаштарыбызды окутуп, бүтүрүүчүлөрдү Түркиянын жогорку окуу жайларына жолдомо менен жөнөтүп, ал жактан окуп бүтүп, адистикке ээ болушуна да кам көрүү жагын өз милдеттерине алышып, чыныгы боордоштук жакшылыктарын жасап келишүүдө.

Өткөн Совет доорунун алгачкы телчигүү мезгилинде коомду өнүктүрүүчү зарылчылык – элге кызмат кылчу атуулдарда гана болорун түшүнүп, өз мезгилинин улуу көсөмү И.В. Сталин: «Бардыгын кадрлар чечет!» – деген өлкөгө ураан таштаган. А кадр кайдан чыгат? «Кадр» деген эмне? Кадр деген – белгилүү бир кесиптин адис ээси. Кийин кесибин мыкты өздөштүрүп, тажрыйбасы артканда, өз кесибинин чебери болот. Адистикке кантип жетет? Окуп, билим менен жетет. Демек, ата-эне баласына жашынан келечегине тилек кылып, билимдүү болушуна шарт түзүп тарбиялап, өстүрүштү көздөш керек турбайбы. А мамлекет жаштарга максаттуу билим беришти жолго коюп, болгон мүмкүнчүлүктү жумшап, изденип, жаңыртып, дайым кам көрүүнүн үстүндө болушу абзел.

«Келечек жаштардыкы» дейт эмеспи. Дегеле мамлекеттин өсүп-өнүгүшү, Мекенине кызмат кылган инсандарынын аң сезимдүү, сабаттуу иш-аракеттерине байланыштуу болот. Мамлекет өзүнөн-өзү өсүп-өркүндөбөйт. Анын өсүшү – ага ак ниет кызмат кылган атуулунан. А атуулу кандай даярдыкта? Ал – көргөн тарбиясында, алган билиминде.

Өркөнү өскөн элдин башкаруучулары мамлекетине ойлонуп оюнан, көрүп көңүлүнөн чыгарбай, илим-билимди, технологияны өстүрүүгө кам көрүп, үрөп, каражат жумшап болсо да, өзүндө түгүл дүйнөлүк дөөлөттөрдөн илимдин, билимдин жана технологиянын алдыңкы жетишкендиктерин пайдаланып, жолго коюп, кам көрүүсүнөн жаңылбайт дешет. Алалы, Япония бир кезекте, жарым кылым мурун, өнүккөн өлкөлөрдүн катарында жок өлкө болчу. Азырчы? Азыр эң өнүккөн алдыңкы өлкөлөр: Америка, Англия, Франция, Германия менен тең тайлашып калды. Мындай ийгиликке мамлекеттик масштабда билим-илимге кам көрүүнүн идеялдуу жолго коюлушу болуп эсептелет. Ошон үчүн Япония өркүнү өскөн өлкөгө айланган.

Айтууга караганда, Японияда бала төрөлгөндөн бир кесиптин ээси болгонго чейинки камкордук көрүү үй-бүлөдө да, мамлекетте да орчундуу маани берүүсү милдеттендирилип, закондоштурулган имиш. Анан билимге ушундай түшүнүү менен караган өлкө өспөй ким өсөт!?

Бизде экономикабыздын алсыздыгы кээ бир жагдайда кедерги болууда. Айрым үй-бүлөдө балдарынын кийимин бүтөп, кардын тойдуруп, мектептен окутууга шарты жок. Мектепти бүтсө да, жогорку окуу жайынан окутууга мүмкүнчүлүгү жетишпеген үй-бүлө да четтен чыгат. Ушундай шарттагы жаштар айла жок окууну уланта алышпай, үй-тиричилигине каралашып, колдон келген жумуштардан жалданып иштеп, айрымдары жеңил соода-сатыкка киришип, анча-мынча тапкан акчасынын кызуусуна кирип, туруктуу кесиптен жок, же алган келечектүү билимден жок талаанын баласы болуп, жаман кылык-жоруктарга түшүп, мүнөзү өзгөрүп, пейли-куну бузулуп кеткен жаштарды көп учуратууга

болот. Эгер ата-энеси иштеп айлык алып, үй-бүлөсү менен жайдары жашаса, балдарынын туура өсүшүнө өбөлгө болбойт беле. Азыр эмне көп, жумушсуз жүргөн көп. Жумуш жашка да, карыга да жетишпейт, жокко эсе. Мурункудай завод-фабрикалар, курулуштар иштебейт. Айылда колхоз, совхоз жана андагы жумуштар жок. Кыскасы, бекерпоздук жаштарды жолдон чыгарууда. Тарбиясы жетишпей, улууну урматтоо, кичүүнү сыйлоо, жардамдашуу, кайрымдуулук кылуу, жан ачуу сыяктуу асыл сапаттардан алыс калууда.

Мамлекетибиз экономикалык жактан аягына туруп, элдин турмушу оңолуп, жаштарга татыктуу билим берүү, мамлекеттик камкордукка алынса, өлкө өркүндөп өсөт эле. «Жетим жүрүп жетилет» демекчи жетилген мезгилибиз да келер... Жакшылыктан үмүт үзбөшүбүз керек. Ишеним алдыга жеткирсин!

Айдарова Н.
11–«Д» класс. 1994-жыл

КЫЛЫМДЫН КӨЙГӨЙҮ БАТКАН УЛУУ ЧЫГАРМА

(Ч. Айтматовдун «Кылым карытар бир күн» романындагы маңкурттук проблемасы жана анын кайгылуу залалдары)

Тарыхы болбой эл болбойт.

(Накыл сөз)

Ч. Айтматовдун «Кылым карытар бир күн» романы 1980-жылы «Новый мир» журналынын 11-санында жарыяланган. Жарыялангандан баштап, сынчылардын, жазуучулардын, акындардын көңүлүн бөлүп, кайдыгер калтырбаган чыгармалардын биринен болгонун айгинелеген макалалар, рецензиялар жарык көрөт, кызуу талкуулар өткөрүлөт.

Чыгармада чагылдырылган окуя, адам турмушу, казактын Сары-Өзөк чөлүндө өтөт. Жазуучу полярдык точкалары айыгышкан жерди тандап алган. Бир жагында космодром, анда кез-кез менен эрме чөлдү жаңыртып, кулак тундура ракеталар учуп турат. Дагы бир жагында темиржол бекети, сегиз үй түтүн саналуу адамдар. Кышкысын кар калың түшүп, ачык жер болгондуктан, аркыраган суук шамалы, кары да тынч жаабай бурганактап долу бороон уруп, буй кылып сөөккө жеткен азабы, жайкысын жанга тийген аптап, көкөйдөн өткөн ысык үп, суусуз эрме чөлдө жашоо тиричилиги менен алп урушуп, тагылган жумуштарын жаземдебей аткарышып, өмүр кечиришет.

Сары-Өзөктүн «Боронду» бекетин чыгыштан батышка, батыштан чыгышка басып өткөн поезддин жүргүнчүлөрү ээн талаа, эрме чөлдө өмүр кечирген адамзат баласынын үйлөрүн көрүп, танданып өтүшчү.

Автор ушундай климаты катаал, жаратылышы кунарсыз жерде жашаган каармандар Эдигей, Казангап, Абуталип ж.б. адамдык нарк-насилин, эрки бек кажыбас кайраттуулугун, түйшүктүү эмгектеги күжүрмөндүүлүгүн сүрөттөгөн. Роман-

дын каармандары кадыресе жөнөкөй, бирок ак ниеттүү, сезимтал, жоомарт, кимге болсун айкөлдүк менен жакшылык көрсөткөн, башкалардын кайгы-капасын тең бөлүшө билген кишилер. Алсак, Казангап кантужин болуп келип, жер кезип, ылайыктуу жумуш издеп жүргөн жеринен, Кумбелден Эдигейди аял-экөөн капысынан жолуктуруп, өзү иштеген «Борондуга» алсыз оорукчан деп, жолдо төөсүнө мингизип, өзү жетелеп ээрчитип келет. Төөнүн сүтүн берип ирдентип, тайлак тартуулап көңүлүн көтөрөт. Кийин ошол тайлак бүт Сары-Өзөккө белгилүү Каранар аталган желмаян атан төө болот. Казангап Эдигейге элдик акылдын уюткусундай, ыймандуулуктун жана адамгерчиликтин туткасындай көрүнөт. Ал чынында эле, согуштан кийин «Борондуга» келип, досунун адеп-ахлактык өрнөгүнүн таасири астында көзү ачылып, эрк-кайраты чыңалып, акылга кирди. Ошон үчүн Казангаптын өлүмү анын кабыргасын катуу кайыштырды, андыктан аны бардык ызаат-урмат менен атактуу Эне бейитке ардактап коюуну чечти. Эдигей элдин жакшы салттарын, бабалардын жөрөлгө-расмысын терең урмат кылат. Ошондуктан кээ бир жаштардын маркумдун сөөгүн ушунчалык алыс жерге алып барып көмүүнүн канчалык кажети бар эле деп ыргылжың болушканда: «Койсоңорчу, ушу да жигиттин сөзүбү. Мындай кишини ата-бабасы жаткан Эне бейитке көмөбүз. Рахматы өзү ошентип керээз айтып кеткен. А көрө көп сүйлөбөй кам көрөлү. Жол алыс. Эртең эрте чыккандай бололу» – деп кесе сүйлөдү. Эртеси таң эрте Каранарын комдоп, саймалуу килем, учук чачылуу жабууну жаап жасалгалап: «Жаштар көрүп алсын, айрыкча Сабитжан түшүнсүн, жакшы-жаман өткөн кишинин өлүмү кайгылуу болсо да, азалуу болсо да, оор жүк же кыжалат эмес, салтанат ошого жараша, урматсый болуш керек» – деп ойлонот.

Ошол ойлордон Эдигейдин эл менен терең тамырлаш, элдин жан дүйнөсү менен жашаган адам экени көрүнүп турат. Эскерип, эстей турган тарыхый мурасы жок эл болбойт. Элдик эпостордо, уламыштарда, деги эле элдик оозеки чыгармаларда тарыхий окуялар өзгөчө, кыйыр формада сак-

талат. Тилекке каршы, Эдигейдин Казанкапты Эне бейитке көмүү расмисине карата көргөн аракети ташкапты. Ал мындай болорун күткөн эмес. Көрсө, Эне бейит сыртынан темир тор менен курчалып, «башка-бөтөндөр» кире берүүгө тыюу салынган зонага айланган экен. Эдигейлер өз жеринде «бөтөн болуп» Казангаптын сөөгүн Эне бейитке жашыруу жана ал зонага кирүү укугунан ажырап калганын жуп келгенде, зонаны кайтарган кароолчу башчысы Тансыкбаевден угуп билди. Ушул жерден Эдигейдин Эне бейитке баруу максаты таш каап, башка чапкандай болду. Эдигейдин темир курчоо менен курчалган Эне бейитке келиши чыгарманын окуясынын сюжеттик түйүнү болуп эсептелинет. Чыгарма үч сюжеттик окуядан турат. Биринчиси – азыркы кадыресе турмуш, Казангаптын өлүмүнө байланыштуу, Эдигейдин сөөк узатуу расмиси; экинчиси – байыркы тарых: Маңкурт менен Аккуштун, Эне бейиттин тарыхы, үчүнчүсү – фантастика, космостук окуялар. Ушул үч өзөктүк окуялар Эне бейиттин азыркы курчалган абалы, аны Эдигейди сөөктү алып келип көрүшү менен түйүндөшүп тарайт.

Адамзаттык бүгүнкү күн Эне бейит окуясы менен байланышат. Эне бейитке байланыштуу реалдуу турмушта Казангаптын керээзи аткарылбай калды. Эне бейит – Эдигей үчүн, ардактуу символ, элдин тарыхы, өткөндүн эстелиги. Андыктан Эне бейитке сөөктү көмүүдөн ажыроо – өткөн тарыхынан ажыроо дегендик. Өткөндү унутуу, акыл эсинен ажырап маңкурт болуу дегендик деп түшүнөт Эдигей. Сабитжан менен Тансыкбаев азыркынын маңкурту эмей эмне?! Азыркы кездеги маңкуртчулуктун жийиркеничтүү кепшири жана маңызы Сабитжандын образы аркылуу туюнтулат. Сабитжан бүт бойдон китептик таасирге берилип, көндөй болуп бүткөн. Ошонусуна өзүн-өзү корстон болуп бой көтөрүп, ата-бабалардын осуяттарына, адамзаттын бийик дөөлөттөрүнө текеберчилик кылып кол шилтеп, таптакыр эстен чыгарып салууга даяр. Ошон үчүн өзүнүн карачечекей атасынын сөөгүн кайда көмсө, ал үчүн баары бир. Ага өлүм

урматы, элдин каада-салты капарында жок. Ата-баба салтынан тайбаган Эдигей Сабитжандын жөөлүгөн сандырак сөзүн угуп отуруп, бир эсе үрөйү уча: «Чынында эле, ушундай кишилер бар болсо эмне? Кудай болуп бизди башкаргысы келген чоң окумуштуулар ошентип ойлосо, түбү эмне болот?..» – деп коопсузданат.

Тансыкбаевдин маңкуртчулугу Сабитжандан кем түшпөйт. Эдигей Эне бейитке кирүүгө тыюу салынганын курчоо постун кайтарган солдаттан алгач угуп, бир ишенип-бир ишенбей күмөнсүнүп, начальнигин күтүп, анын казак экенин көрө коюп, өзүбүздүн казак экен деп ылымсанап, жадырап тосуп, жалына сүйлөп, андан «бөлөк адамдар кирүүгө тыюу салынган» деген сөздү угуп, мизкатпас түрүн көрүп, бу да бир жогору жактын буйругун кыңк этпей аткарган, ал үчүн ырайга карабаган, жакын ылымсанабаган диникайыр, маңкурттугуна көзү жетип түңүлөт. Ал түгүл Эне бейит түртүлүп, тегизделип, ордуна микрорайон шаарчасы түшөт деп сүйүнчүлөп жатпайбы. Тансыкбаев учурдагы курчалган темир тор ичиндеги космодромду кайтаруу гана буйругун билет. Анын ичиндеги Эне бейит, анын тарыхы менен иши жок, билүүгө кызыкдар да эмес. Кызыкдар болсо, тегизделип микрорайон түшөт деп табалагансып, кайдыгерлигин билгизет беле? Үйдөн чыккан өлүктү салтыбызда кайра алып кетүүгө болбойт, коёр жерибиз Эне бейит деп келгенбиз дегенде да, салтыбызга шек кетпесин, кайра алып кетет беле деген эч боор толгоо болбоду. Эдигей менен Эдилбай куркут экөөлөп салтты, наркты Эне бейитке байланыштырып, түшүндүрүп сезимине жеткире алышпай койду го. Өзү буйруктун чыныгы адамы гана эмес, адеп-ахлагы да пас экенин дарбаза решетканын ары жагында туруп сүйлөшүп узатканынан көрсөттү. Бери жакка чыгып, кол берип көрүшүп, ахвалдын кандай экенин түшүндүрүп, ал түгүл көңүл улап, жогорку жактар менен байланышып, өтүнүч катарында салттык шартты жеткирүүгө аракеттенсе болот эле да. Ал өз насил-наркынан ажыраган, өз деп күтүнгөн анын тарыхы жок, буйруктун кулу.

Эдигей Сабитжан экөөнүн пейли кунуна түшүнүп, көзү жетип, күйүттүү ойлорго чөмүлүп: «Балким кайсы бир жерде акылы тетик, көзү жетик бир киши бар чыгар, ал адамдын башын маң кылган ждин-шайтандай Сабитжанды, балким, киши кылып чыгарбай, Сабитжан кылып чыгарышына максат күткөндүр» – деп ызасы күчөп заманасы куурулат. Ошондо: «Маңкурт экенсиң! Маңкурттун маңкурту сен экенсиң деп каргап да, аяп да сүйлөдү жаны кашайган Эдигей».

Качандыр бир кездерде Сары-Өзөк талаасын басып алган жуанжуандардын колуна түшүп, акыл-эсинен ажырап калган Жоломан аттуу жаштын адам чыдагыс азапка кабылышы, апасы Найман-эне аны адамдык акыл-сезимге келтирмек болуп жана туткундан бошотуп алмак болуп бел байлап барып, өзүнүн карачечекей уулунун аткан огунан жайран болушу жөнүндөгү тири укмуш уламыш-баян Эне бейитке байланыштуу айтылат. Андагы элдин жоосу жуанжуандар атайын максат менен өз кызыкчылыктарын көздөп, колго түшкөн жаштардын башына шире кийгизип, мурдагы адамдык акылынан ажыратып маңкурт кылып, өздөрүн ээрчитип алышкан. Ал байкуш өз энесин тааныган акылынан айрылган үчүн энесин жайрады. Ага жаның ачып карап, ошондой ахвалга келтирген душманына наалат айтасың!

Автор бул уламышты өз романында бекеринен эмес пайдалангандыгы белгилүү. Сабитжан менен Тансыкбаевдерде маңкуртчулуктун коркунучтуу тектеш белгилери бар, бул эки каарман аркылуу азыркы кез үчүн да актуалдуу маанiге өтүп жаңыча жаңырат. Азыркынын маңкуртунун типтери (Сабитжан, Тансыкбаев) да өзүнүн тек жайын ата-салтын билбейт, ошон үчүн Энебейит аталышы, анын тарыхы буларды кызыктырбайт. Жогортон болгон буйрук боюнча жашаганды кубаттаган маңкурттар.

Ч.Айтматов романында маңкуртчулукту эл аралык көрүнүш катары, алдыңкы идеалдарга жат көрүнүш катары ашкерелеп, тынчсызданып, адамзаттын эсине салат. Ал эми чыгармадагы космостук фантазия космоско учуу жердеги реалдуу турмуш менен түздөн-түз байланыштуу. Эдигей ракетанын учканын башта деле көрүп-угуп келген, бирок Эне бейитке келип жакындан учканын, андагы биринин артынан бири учкандагы кулак жарган добуш, күн күйүп түшкөндөй жарык-жалын, чаң тополоң алааматтан үч жаныбар: Эдигей, Каранар, ити болуп жанталашып үркүп качышат. Ошондо Эдигейге элес келди: элдик уламыштагы маңкурт уулунун огунан Найман-эненин Акмаясынын өркөчүнөн жылбышып кулап бараткандагы башынан түшкөн ак жоолук куш болуп Эдигейди жандап, адамча сүйлөп:

– Кимдин уулусуң? Атың ким? Атыңды эсте? Сенин атаң Дөнөнбай, Дөнөнбай, Дөнөнбай... деп учат. Бул кыйкырык Энебейиттен, ал жерден орун алган космодромдон чыгып, өткөн тарыхтан жар салган ата-бабанын үнү, муундарга кайрылган чакырыгы. Эскини аңдап, эс акылына келишин эскерткен жаңырык.

«Кылым карытар бир күн» – дүйнөлүк көйгөйлүү маселелерди камтыган көркөмдүк бийик үлгүдөгү көөнөрбөс чыгармалардын биринен.

Дуулатов Н.
11– «В» класс. 1995-жыл

КИТЕПТЕРИ БОЛБОСО, КИЛЕМДЕРИН ОКУЙБУ?

Байлыкка умтулган бөөдө кырсык,
Өзгөртөт кулк-мүнөздү такыр бузуп.

(Ж. Баласагын)

Максаттуу тарбия – жакшы
тагдырдын негизи.

(Накыл сөз)

Калп айтканы менен болобу, Совет доорунда, Брежнев учурунда деле элибиз материалдык жактан өп-чап турмушта эле жашаптыр, дүйнөлүк алдынкы жетишкен, өсүп-өнүккөн АКШ, Англия, Япония, Франция, Германия ж.б. өлкөлөрдүн деңгээлине салыштырмалуу. Жогорудагыдай өнүккөн мамлекеттердин абалын көрбөгөн элге (казармандык көрүнүштө келсе кайдан) Брежнев учуру бейиштей сезилчү тура. СССРдин тарыхы менен тааныша келсек, жарыган турмушка жетишип, үлгүрө да албаптыр (орустар айтмакчы «голод», «холод», «война» болуп).

Ырас, Совет доорунун акыркы 10–15 жылында турмуш бир аз кенелип, жашоо жакшырып калганын (бирок баары бир өнүккөн өлкөлөргө салыштырып болбойт) азыркы учурдагы тартышчылыкта жоголгон бычактын сабы алтындай көрүп, «коммунизмди жашап өтүппүз» деп ак эткенден так этип, аттиң кылгандар арбын. А коммунисттик кур тилек «коммунизмин» башка чет өлкөлөрдө эбактан бери чыныгы коммунизмде жашап келатышканы менен иши жок.

Ошондой жалаң жарыбаган шартта, жакшырбаган кырдаалда жашап келген элдин психологиясында кичине табышкерлиги болсо эле байлык жыймай, үйүн дүйнөгө толтурмай дүнүйөкорлугу ашынып кетет окшобойбу. Мына азыркы заманда алдым-жуттумдук менен алдуу-күчтүү абалга келип алгандар жулунуп-жутунуп, «хан сарайларды» салдырып, анын ичин бирин-бири көрүп жарышып, дүр дүнүйөгө толтуруп жатышат. Айтымдарында, айрымдарынын

хан сарайынын ички бөлмөлөрүн санап саныңадашат, көрүп көзүң жаңылат имиш. А ички жасалга, кийрилген дүр дүнүйө көрсөтмөгө даярдалгандай дейт. Макул, дүнүйөсү го дүнүйө, анын ичинен рухий дүнүйөгө карата көрүлгөн камылга кандай болду экен? Ага азыркы заманда (кымбатчылыкта) акча коротуп болуппу? Андан көрөкчө дубалга көз уялткан килемдерди таккан, бөлмөлөргө жылчык чыгарбай килем, паластарды салган, бөлмөлөрүн пайдалануу ылайыгына карай гарнитур мебелдери менен толтурган, алардын ичине коюлган идиш-аяктардын жөнөкөйү жок, жалаң чет элдик сервистердин түрлөрүнөн болгону өздөрүнө кызык да, талаптуу да.

Гарнитур мебелдердин китеп коюлуучу жерлерин да өз максатында пайдаланылбай, анын ордун да идиш-аяктын сервистери ээлеп кеткен. Башка-башка сервистин түрлөрү турганда, китепке орун кайда? Алардын түшүнүгүндө китеп мүлк эмес, дүнүйө болуп көзгө көрүнбөйт. Ошончо бөлмөлөрдүн бир бурчуна пианинону же анча барлуу экен марттык кылып роялды коюу санаасына келбейт. Каңкайтып ал ящикти эмне кылат, аны ойногон эчкимиси болбосо.

А чыны, ал үчүн балдарын китепке кызыккан, музыкага шыктуу, искусствого ынак кылып тарбиялап, шарт түзүп өстүрүш керек болчу. Өз үй-бүлөңдө пианинону ойногонуң болбосо да, үйдө, көз алдыда турса, эртеби-кечпи үйрөнгөнгө кызыкдар чыгат эле да. Келген конокторуңан туруп ойноп, калгандарга зоок болсо, үй ээсинин маданияты артып, зоболосу бийик көрүнбөйбү. Ал чөйрөнү көргөн бала-чакасына да таасир тийип, музыкага жанашуу пайда болбойбу...

Хан сарайды салып, ичин дүр-дүйнөгө толтурганга чамасы келгендин китеп шкаф полкаларын китептерге толтурганга, пианинону ойногонго балдарын үйрөтүү үчүн музыкантты жалдоого же окуп сабат алууга берүүгө эмнеге болбосун? Бирок ал үчүн үй ээлеринин өздөрүнүн түшүнүгү, аң сезими башка болуш керек го? Цивилизацияга жетишкен элде байлыкты, барлыкты биринчи иретте адамдын ички рухий дүйнөсүнүн кызыкчылыгына карата жумшап,

андан артканын мүлккө, күнүмдүк керектөөгө калтырат экен. Башкача айтканда, баланын билим-тарбиясына, ага карата шарт түзүүнү башынан ойлонуп, аягына чейин максат коюп, аянбай каражат сарптайт.

Үй ичин жасалгалоо, жабдуу мещандык көз карашта эмес, эстетикалык жагдайда, өспүрүмдөргө тиешелүүсү алардын табитине, келечегине карата атайын ойлонуштурулат. Ата-эне жаралган балдарынын келечеги тууралуу кичине кезинен ойлонуштуруп, сатып берген оюнчуктарын да акылын арттырууну көздөгөн максатта болуусу абзел. Алсак, үй курулуш конструкциясына байланыштуу же медициналык кесипке карата курал жарак оюнчук топтомун же механизацияга карата ар түрдүү машиналар ж.б. Ал түгүл алгач ошо оюнчуктардын багытталган оюн шартын, маанисин түшүндүрүп бирге ойноп көрсөтүп, үйрөтүү да керек. Ошондо бала оюнчуктун кадырын билип сактайт. Болбосо кызыгы тез тарап жээрилген оюнчукка айланып, ар жакта калат.

Баланын келечегине кам көргөн ата-эне, анын ким болорун эрте ойлонуп аныктап, ошо кесипке багыт алдырып тарбиялайт. Ошол кесип чагылдырылган журнал, газета, китеп сатып берип, кружок, курсу болсо катышып билим алуусун талап кылып ж.б. Мына ушундай максаттуу тарбия-камкордук жаштын келечегине жол ачып, жакшы тагдырга негиз болот.

Айрым ата-эне перзентин биринчи класска бергенде гана адашып кетпесин деп мектепке бирге барып жеткирип, тосуп алып бир айча убараланат. Ошо боюнча 11-классты аяктап жатканда бүтүрүү кечесине бир келип, баласын окууга бергенди малды бадага кошкондой, же жайлоого чыккан малчыга тапшыргандай көргөндөр да бар.

Баласынын кандай билим, тарбия алып жатканы, кантип өсүп атканы менен иши жок кайдыгер караган ата-энеге таң каласың. Бул да каныбыздагы бейкам кыргызчылыгыбыздын салттары бейм...

Кыргызда баланы тууганыңа сүйүнбө, турганына сүйүн дейт го. Адам кылыш ата-энеге парз экенин билбеген, жоопкерчилигин сезбеген үй-бүлө тарбиясынан чыккан баладан эмнени күтсө болот?

Жанагы базардагы, көпчүлүк жайдагы чөнтөкчүлөр, баштан кийимди, колдон сумканы жула качкандар, кыздардан сойку чыккандар, үй-жайга ууруга түшкөндөр, акча, дүнүйө кызыкчылыгы үчүн киши өлтүрүп кириптер болгондор ошондой кайдыгер тарбиядан чыккандар эмеспи. Анан калса, азыркы учурдун каатчылыгы, мамлекеттин башкаруу, тейлөө башаламандыгы да ушундайга башкы себеп болуп турат. Бул абалыбыздын канчага созулары белгисиз...

Ошентип, көпчүлүк жаштардан ыйман-ызаат кетти, пейли-куну бузулду. Пейил-кундун бузулушу өзүбүздүн кыргыз улутундагы адамдарда арбын көрүнүшү арыңа келтирет. Жогорудагыдай терс кылык-жоруктан сырткары базардагы таразадан алдап же товарын жазгырып саткандар, жалаа жаап аферисттикке баргандардын көпчүлүгү кимдер? – кыргыз улутундагылар. Таксиге да кыргыздарга түшкүң келбейт. Асмандын башын сурашат, нысап, топук деген жок. Ордо калаанын бир чекитинен бир четине жеткиргенине эле бери болгондо Балыкчыга жетчү акчаны сурашат. Шылтоосу – май кымбат.

Азыркы учурда мектептен окуган, окуусун андан ары уланткан колунда бар жетишкен үй-бүлөнүн балдары. Мектепте бекер окуу болгон үчүн, мурунку Совет доорунун инерциясы менен окуу жүрүп жатат. Кийин окууну улантып кетүүгө шарты келбесине көзү жеткендер илең-салаң окуп же окуусун таштап, окууга келбей коюшууда.

Жогорку окуу жайларына өтүш да пара менен, өтсөң окуп кетиш да контракт менен кыйын. Андан калса барган сайын окуу жайынын баарысы контракт менен окууга айланып барат. Республикабызда мамлекеттик, жекече ачылган окуу жайлары ушунча көбөйдү, ар түрдүү кесиптин ээлерин даярдап чыгаруучу. Колуңан келсе окуп ал дегендей эле. Бирок ойлогон ойду кыстаган турмуш жеңет демекчи жардыжалчыларга (кийинки учурда 70% калкыбыздын жашоосу

кембагал турмушта деп калдык го) окуу азап менен болот го же айрымдарынын түшүнө кирбечү маселеге айланат го.

Ырас, алдуулар балдарын өз жеринде ушунча көп окуу жайлары турса да, чанып чет мамлекеттен окутуп, канча каражат кетишин көтөрүп, баарына кайыл. Анткени аларда мүмкүнчүлүк бар. А бей-бечаралардачы?..

Окууга илинип зымырап-зымпыйып окуп жаткан студент жаштарды окуу жайларынан көрүп, көзүң чачырап, көңүлүң тоёт. Аларды көрүп, мекендин келечеги силер менен, силердин колуңарда, замандаштар! – деп ичиңен окушуна кам көргөн ата-энелерине ыраазылыгыңды билдиргиң келет.

Абирчороева А.
11–«Е» класс. 1994-жыл

ТҮРМУШТА БААРЫ САТЫЛАБЫ, ЖЕ...

(Учурдагы базар жана ыйман маселеси жөнүндө пикирим)

Жашыңдан абийириңди сакта
(Эл макалы)

Кыргыз эли мурдагы СССР курамындагы республикалар сыяктуу базар мамилесине бет алды. Албетте, базар мамилесине өтүшкө биздин турмуштун муктаждыгы аргасыз кылды десең болот. Анткени окумуштуулардын эсептөөсүнө караганда социалисттик түзүлүш мезгилинде дүң продукция өндүрүү боюнча СССР капиталисттик ири державалардын баарысынан тең артта калган экен. Мунун себеби бизде өндүрүштө атаандашуучулук деген жоюлган. Социалисттик менчик бардыгы тең ортодо сыяктанганы менен, чын-чынында, эч кимибиздики болбой, ал үчүн эч кимдин эти да оорубай калган. «Меники эмес, колхоздуку, мамлекеттики» деген психология өкүм сүрүүгө өткөн. Мына ушундай акыбалдан арылыш үчүн, элдин ишке болгон кызыгуусун арттырып, ошонун аркасында жалпы элдик байлыкты өстүрүп, элдин жашоосун оңдоо үчүн базар мамилесине өтүш керек болгон. «Кайра куруу» деп айтылган саясат ошон үчүн башталган. Бирок түпкүрүндө ал саясат туура болгону менен аны ишке ашыруунун жолу туура эмес тандалган деп айтышат азыр. Себеби коңшу Кытайда деле жүргөн, бирок алар абалы саясий реформаны эмес, экономикалык реформаны башташкан. Ошондуктан көп сүйлөп, аз иштегендер эмес, тескерисинче, көп иштеп, аз сүйлөгөндөрдүн заманы турган. Натыйжасы белгилүү – миллиарддан ашуун калкы бар Кытай республикасы дембедем өнүгүүнүн үстүндө. Ал эми бизде болсо «кайра куруунун» арты экономикалык кризис менен коштолду. Мурдагы союздук республикалардын ар бири өз-өзүнчө эгемендүү мамлекет болгону тарыхый улуу жетишкендик. Бирок алар ортодогу чарбалык экономикалык байланыштарды такыр үзүп коюшкандыктарынын кесепетинен ар биринде өзүнчө алганда терең экономикалык кризис жүрүп жатат.

Мына ушул жерден биз негизги темабызга, базар мамилеси жана ыйман деген суроого келсек туура болот. Базар мамилесинин абдан опурталдуу жактары көп. Ошонун бири адамдын ыйманынын курутуу жагы болуп саналат. Биз мына ушундай коркунучтан буйтап өтүү үчүн жөн эле базар мамилесине эмес, социалдык ыңгайдагы базар мамилесине өтөбүз деп ураан таштаганбыз. Бирок иш жүзүндө турмуш биз ойлогондон алда канча татаалыраак болуп чыгууда, «жапайы капитализм» же адамдарды бири-бирине каршы койгон, акча, байлык үчүн эч нерседен кайра тартпаган кир жолдор менен болсо да баюуга умтулгандар көбөйүүдө. Демек, ушундай шартта коомдогу адамдардын ыймандуулугу тууралуу аябай баш оорутуп ойлонууга туура келет. Биздин кыргыз элибизде тээ байыртан бери эле чынчылдык, калыстык, намыскөйлүк, адилдик, адамгерчилик, улууну сыйлоо, алсыздарга, кары-картаңдарга жардам көрсөтүү өңдүү адам баласына таандык не бир асыл сапаттар калыптанган эле. Базар мамилесине өткөндө, мына ушул өңдүү асыл сапаттарыбызды жоготуп алуу коркунучу туулду. Ошондо кыргыз эли кандай эл болот? Кыргыз элинин кайра жаралуусу, эгемендикке ээ болушу, азат мамлекет болушу деген түпкүлүгүндө асыл максаттарыбыз ордунан чыгабы? Өз алдынча мамлекеттүүлүктү жарыялагандагы максатыбыз ушул беле? Демек, биз базар мамилесине өтүп жатканда, ушул эң аялуу, талуу маселени да дайыма ойлоно жүрүшүбүз керек экен. Бул үчүн эмне кылуу керек? деген суроо туулат. Биринчи иретте мамлекет өзүнүн терең, туура ойлонуп түзүлгөн идеологиялык саясатын жүргүзүшү керек.

Заман өзгөрүп, мезгил өткөн сайын экономикадан мажестигибиз байкалып, жаштардын аң-сезими да өзгөрүп, башка бир нукка салып бараткандай сезилет. «Даңкка жараша жүк» – дегендей азыркы кезде акча бар жерде даңк да, барк да бар. Бирок акча адамды оң жакка да, терс жакка да бура алат. Албетте, азыркы кезде акча жүргөн жерде абийир жүрбөй калды. Жарды турмуштун айынан өз абийирин акчага саткан адамдар арбын кездешет. Акча ар-намыстан, абийирден да ажыратат турбайбы.

Акчанын терс жакка айдап соккон шамалына азгырылып баратабыз. Өткөн учур өтөт. Мезгил, турмуш өз кадамын арыштап, адамзатты тазалыкка, тунуктукка жетелеген учур да келер... Ай, ким билет?..

Базар, базар! – деп жаштардын баары базарда. Базар экономикасына жаштар шаркырап аккан суудай агыла баштаган кез. Жаштардын бактысы базарга байланганбы? деген суроо жүрөгүмдү оорутат. Базардан бакыт тапкандар да бар, тескерисинче, бактысына балта чапкандар да бар. Кары-жаш, улуу-кичүүгө карабай, базарга карай агылышууда. Базар экономикасынан улам 4 сап ыр эске түшөт.

Тагдыр, турмуш мынча татаал келесиң,
Жокчулуктун минип алып кемесин.
Байларга бар, жөнөкөйгө жок кылып,
Мезгил өзүң деги кандай немесиң? –

деп акындардын бири айтыптыр. Өз үй-жайын, абийирин сатып, акчанын артынан түшүп, турмуштун туткунунда калгандарды көрөсүң. Ушул кезде кээ бир адамдар үчүн жомок турмуштун гүлү, кээ бирлер жашоонун кулу. Ошолорду карап көрүп, угуп-билип отуруп мезгилдин маанисин, маңызы жоктой сезилип кетет. Кыйын учур, татаал кез, маанисиз мезгил, жыргал турмуш, мазмундуу жашоо менен алмашат болуш керек. Адамзаттын келечекке болгон көз карашы, үмүтү, максаты терең жана кенен болушу абзел. Кээде ойлонуп отуруп керемет, кең дүйнө жаштар үчүн керегесин кенен жайса экен дейсиң. «Жаштар биздин келечегибиз», – дейт эмеспи. Кыргызда жаштарга камкордук көрүүгө шарт түзүлүп, мамиле мыйзам ченемдүү болсо экен...

Жаштыкка болгон аруу, таза, тунук сезим күчүнө кирсе, атаганат! Бакыттын кучагында мемиреп, бакытка балкыган кез келер бекен?.. Келечекке жакшылыктан үмүт үзбөйлү. Келечек эшигин биз үчүн кенен ачсын! Келечекке үмүт, максат менен карайлы!

Баялиева М.
11 «В» класс. 1995-жыл

ТОГОЛОК МОЛДОНУН «БАЛДАР» ЫРЛАРЫНДАГЫ ТАРБИЯ МАСЕЛЕЛЕРИ

Кыргыз элинин тарыхый басып өткөн жолунда акыл-ойдун мол байлыгын түзгөн эчен таланттуу адамдар чыккан. Ошолордун бири – Тоголок Молдо. Акын өзүнүн поэзиясында кыргыз элинин элдик оозеки чыгармачылыгынын бай материалы менен мурдагы акындардын чыгармаларына кайрылып, алардын жакшы жактарын, программалык салттарын өнүктүрүп, жаратмандыгында билгичтик, чеберчилик менен пайдаланган. Ошондой эле кат тааныган адам болгондуктан, чыгармачылыгын өркүндөтүү үчүн экинчи булак катары жазма адабияттан окуп, таалим алган талант болгон.

Тоголок Молдо балдарга арнап көп чыгарма жараткан. Алсак, «Телибай тентек», «Кемчонтой» поэмалары, «Талым кыз менен Көбөктүн айтышы» жана «Куштардын аңгемеси», «Жер жана анын балдары» аттуу чыгармалары балдар сүйүп, кызыгып окуган чыгармалардан болуп эсептелет. Буларда камтылган окуялардын кыргыз элинин өткөндөгү чыныгы турмушуна мүнөздүүлүгү, андагы айрым каармандардын типтүү образдардан экендиги менен баалуу.

«Телибай тентек» поэмасында Даданбай деген бай карыганча бала көрбөй, анан балалуу болуп, «Аман жүрсө балам» – деп, «баладан тынды санаам»– деп көңүлү жайланып калат. Бирок баласы Телибай эр жеткенде, акылсыздыгы байкалып, атасынын малын түгөтүп, күйүт салат. Оңолуп кетер деп молдого окууга берет. Молдону тажатып, тилин албай, акыры тарбиядан да, окуудан да натыйжа чыкпай, куугунтук жеп келет. Атасы баласынын айылга бүлүк салган зөөкүрлүгүнөн, бир тыйын пайдасы жок зыянкечтигинен арданып, күйүттөнүп жүрүп көз жумат. Кембагалдыкка жеткенин көр, кепин кылар кездеме таппай, айласы курушат. Акыры, энеси:

Эчтеме менен оюң жок,
Конокко соёр коюң жок

Сатып алар пулуң жок,
Эч болбосо үйүңдө
Челпек кылар унуң жок, –

деп кейип, кызынан ун алып келүүгө жумшайт. Кемпай Телибай атасынын өлүмтүгүнө деп эжесинин бергендеринин баарысын жолдо жоготуп, атасына топурак салбай, өзү да көпкө жоголуп кетет.

Атасынын өлүм парзы менен иши жок, Телибай бир күнү кечинде темтейип келет. Эже-агалары: «бул Телибай оңбойт деп, дагы эле адам болбойт» – деп түңүлүп, кесепети тийбесин деп, амал таап, эрте кутулушту ойлошот. Агалары:

Тоого чыгып барабыз,
Томкоруп алтын алабыз
Бай болуп жыргап калабыз –

деп тоого ээрчитип барып, биз алтынды кулатабыз, сен ойдон кучактап кармап кал деп, аны ишендиришет. Акылсыз Телибай качан жогорудан алтын кулап келет деп күтүп калат. Агалары жалпак казандай таштын астынан от жагып, кып-кызыл кылып кызытышат. Акылы жок Телибай таш түзгө барып токтоп калганда, кучактап басып калат да:

Эки акем мында келгенче,
Эрдигимди көргөнчө,
Ыркырасаң ыркыра,
Шыркырасаң шыркыра, –

деп эрдигимди көрсөтөм деген абалда этинин шыркырап күйгөнүнө карабай, кучактаган боюнча жан берет.

Акын бул чыгармасында жетик тарбия албаган, турмуштан сабагы жок кемпайдын образын келекеге алып, мыскылдап сүрөттөгөн. Телибайдын образы – жаштарды ойлонто турган, акылга маани берип, акылдуу болууга, акылсыздык эмнеге алып келерин эскерте турган терең маанилүү образ.

Тоголок Молдонун «Кемчонтой» поэмасы да – тарбия маанисине карата жазылган чыгарма. Акын балдарга туура тарбия берүү маселесине маани берген, өзгөчө акыл тарбия-

сын аздектеген акындардан болгон. Кемчонтой поэмасында байдын баласы жаштайынан байлыкка бөлөнүп, турмуштан алыс болуп, кем акыл калганын сатиралык мүнөздө келекеге алып, ашкерелеп сүрөттөгөн. Өз атын унутуп калганга чейин барган адамдан эмне жакшылыкты күтсө болот? Кем акыл, кемпайлыгынан сөздү аңдап, тандап сүйлөбөй, токмок жеп, кордук көргөндөрү да болбодубу. Акыл оошот, ырыскы жуушат деп, алып берген аялына тең боло албай, шүмшүк көрүнүп, үйгө кирүүгө атын таппай, сыртта калып, аялы акыры тажап, кор болуп, жашоодон башын кутkарып кетүүгө чейин барды.

Демек, акылсыздык – адамдын кору, адамдын шүмшүгү, андайлардан ким болсун оолак болгусу келет.

Акындын «Талымкыз менен Көбөктүн айтышы» чыгармасы сөз өнөрүнө, акыл күчүнө зор маани бергендик байкалат. Табышмактатып айтылган сөздөрдүн туюнтмасын жандыра билүүгө, тапкычтыкка тарбиялайт. Көбөк акылынын жетиктигинен кыйытылып айтылган сөз маанилерин жандыра билип, чечүүсү менен Талым кыздан өз үстөмдүгүн алып, залим кыздын торунан кутулат. Мында Көбөк турмушка каныктыгын да көрсөткөн.

Тоголок Молдонун «Жер жана анын балдары» поэмасында жаштарды ар ким өз алдынча болуп, бирин-бири теңсинбей, кекерленип, кыйынсынып мамиле кылбай, ынтымакташып, жардамдашып, аракет кылууга чакырат. Жер балдарына (от, суу, жамгыр, шамал) бирисиз бири жашай албастыгын, бири-бири менен ажырагыс байланыштуу экендигин эскертет. Андыктан, ынтымакта жашоолору зарыл деген ойду билдирет.

Тоголок Молдо – балдардын насаатчы акыны болгон. Балдарга арналган чыгармаларынын кайсынысын албайлы, балдарды белгилүү бир асыл багытта тарбиялоо максаты көздөлгөнүн көрүүгө болот.

Темиралиева Ж.
9– «И» класс. 1996-жыл

ЖАРАТЫЛЫШ – ЖАН ДОСУМ

Азыркы учурда «экология» деген сөз республикалык газета жана журналдардын беттеринен түшпөй, экологиялык проблемалар жөнүндөгү маалыматтар радио жана теле көрсөтүүлөр аркылуу үзгүлтүксүз берилип жатат. Азыркы оор абалда экологиялык проблемалар глобалдуу проблемалардын негизгиси болгондуктан, дүйнө жүзүн дүңгүрөтүп жатат. Бүткүл дүйнө эли тынчсызданууда.

Экология деген сөз гректин «экос» – үй, жашоочу жай, «логос» – илим дегенди билдирет. Жалпы жолунан айтканда жашоочу жай жөнүндөгү илим.

Жаратылыш! Адам! Бул экөө бири-биринен түбөлүккө ажырагыс, бөлүнгүс бир бүтүндүк. Жаратылышты коргоо – бул адамзатты коргоо дегендикке жатат. Ушул күнгө чейин «жаратылыш байлыгы – эл байлыгы» деп үн салып келе жатабыз. Бирок мезгил өткөн сайын тунук суулар баткакка айланып, жер бети таштандыга толуп баратат. Аба бузулуп, оорулар көбөйүп баратат. Атомдук бомбаларды жардыруудан ж.б. кесепетинен жаныбарлар дагы, адамдар дагы гендик мутацияга учурап жатышат. Генофонд бузулуп баратат! Бул болсо, адам үчүн эң коркунучтуу нерсе.

Жаратылышта эч кандай артыкбаш нерсе жок. Ошондуктан жаратылыштагы жакшы нерселерди жок кылуу, четке кагуу адам баласы өзүнө сокку урат дегенди билгизет. Анткени жаратылыш – биздин бакты-таалайыбыздын, денсоолугубуздун негизги соолубас булагы. Биз, жер жүзүндө жашаган адамдар, ушуну түшүнүүгө тийишпиз. Адам баласы табияттын укмуш сырларын, кубулуштарын акыл-эмгеги менен башкарып келе жатат. Илимдин өнүгүшү менен жаратылышты багындырып, жер жүзү күндөн-күнгө өзгөрүүдө. XX кылымдан баштап илимдин, өнөр жайдын тез өнүгүшү жер жүзүнө зыянын тийгизбей койгон жок. Табийгаттын өзгөрүп бара жатканы, анын кооздугунун, сулуулугунун азайып кетиши ар бир адамды ойлондурат. Эл арасында жаратылышты коргоо боюнча үгүт-насыяттарды

күчөтүүгө, жаратылышты сүйүүгө, аны жан дил менен коргоого тарбиялоо – бүгүнкү күндүн эң бир маанилүү талаптарынын бири.

Мурда Кыргызстанды окумуштуулар «экинчи Швейцария» деп атап жүрүшкөн. Чындыгында эле климаты жана жеринин кооздугу жагынан биздин республикабыз Швейцариядан кем калышпайт. Чокуларынан ак мөңгүсү кетпеген, асман тиреген тоолор, сымбаттуу, келишкен арчалар жана карагайлар, түркүн гүлдөр, кокту-колоттогу жер жемиштер жердин көркүнө көрк кошуп турушар эле.

Азыркы кезде бул керемет көрүнүштөр азайып, жаратылыш көркүнөн азып баратышы өтө аянычтуу. Жайыттардагы чөптөрдүн сапатын жогорулатабыз деп химикаттарды сепкенде, чөптөр тескерисинче зыянга учурашы, бак-даректардын кыйылып жатышы, абанын булганышы, озон катмарынын жукарышы бизди ойлондурбай койбойт.

Жаратылышты коргоо зарыл экендигин ата-бабаларыбыз да айтышчу. Буга «Кожожаш» уламышы далил боло алат. Бул уламышта Кожожаш аттуу мергенчинин ыйык сур эчкиге кол салышынан курман болгону жөнүндө айтылат. Чыгармада ата-бабаларыбыз Сур эчкини коргоо астында жаратылышты коргоо керектигин билдиришкен. Азыр дагы бул чыгарманын сюжетинин идеясы чоң мааниге ээ.

Өткөн кылымдарда кыргыздын Калыгул деген көзү ачык акылманы: «Ысык-Көлдү сактагыла. Ысык-Көл жердин соорусу. Ысык-Көл силерди аскатат», – деп өз осуятын калтырган. Ата-бабаларыбыз бул осуятты азыркы мезгилге чейин аткарып келишти. А бирок биз ата-бабаларыбыздын ишеничин актай албай жатабыз. Илгери биздин аталар көлгө түшөөрдөн мурун таза жуунуп сууга түшүшчү. Жалаң гана улуу адамдар эмес, балдар да таза жуунгандан кийин гана көлгө өздөрүн ташташчу. Азырчы?! Азыр эртеден кечке көлдөн чыкпай, а түгүл көлгө иттерин, машиналарын жуун жаткандар таң калтырат. Көл биз үчүн күнүмдүк эмес го! «Жерди кор туткан адам кийин өзү кор болот», – дейт кыргызда.

Кийинки кезде Ысык-Көлдүн экологиясы жөнүндө сөз козголуп, а түгүл өкмөтүбүз да бир эмес, бир нече токтомдорду кабыл алды. Бирок көлдүн ал-абалында анча мандай жылытарлык жылыш жок. Күн өткөн сайын анын акыбалы начарлагандан начарлап баратат. Көлдүн айланасындагы заводдордон, өнөр жай ишканаларынын акыр-чикирлери (химикаттар) кереметтүү көлүбүзгө куят. Муну коюп эле жакында болгон кырсыкты эстейличи. Жетекчилердин кайдыгерлигинен, бейгамдыгынан көлүбүз чоң зыянга учурады. Кумтөргө керектүү уулуу заттарды ташып бараткан машинеден уу көлгө куйган дарыяга түшүп кетти. Бул уулуу зат эң күчтүү уулардын катарына кирген – цианистый натрий уусу. Эл, жан-жаныбарлар ууланышты. Адамдар ооруканага жеткирилип, дарыланышты. Ал эми жаныбарларчы? Жаратылышчы?.. Деги эле Ысык-Көлүбүз эмне болот? Бул суроо жүрөгүңдүн үшүн алат. Эмне болорун убакыт өзү көрсөтөр, жамандыктын бетин ары кылсын. Бул кырсык, трагедия бир гана көлдүн кырсыгы эмес – кыргыз элинин, жеринин кырсыгы, трагедиясы!

Мунусу аз келгенсип, көлгө куя турган нечен дарыялар өз нугунан бурулуп, айдоо жерлерин сугаруу үчүн колдонулуп, көл тартылууда. Эки чоң дарыя куймасынан айрылып Арал деңизи эмне болду?..

Биздин замандаш адабиятчы, жазуучулар да экология темасына чыгармаларында көп кайрылууда. Алардын ичинде белгилүү жазуучубуз Ч. Айтматов бул темага көп кайрылган. Мисалга алсак, «Ак кеме» повестинде жаратылышты коргоо маселеси так сүрөттөлгөн. Чыгармадагы терс каарман Орозкул жырткычтык менен бугуларды өлтүрүп, токойлорду акча үчүн кыят. Жазуучу Орозкулдун образынын жардамы менен табийгатка зыян тийгизип жаткан адамдардын бетин ачкан.

Ч. Айтматовдун «Кылым карытар бир күн» романынын да экология темасына тиешеси бар. Мында экологиялык проблема Эне бейит мүрзөсү жана космодром зонасынын ортосундагы конфликтер каралат. Чыгармада Айтматов окурманга мындай сөз менен кайрылат: «Мен роман аркылуу

Сары-Өзөктүк метафоралар – жердин тагдыры үчүн жоопкерчилигин адамга дагы бир жолу эскертмекчимин». Бул сөздөр, менин оюмча, ар бир адамды ойлондурбай койбойт.

Дагы бир романы «Кыяматта» жаратылышты коргоо проблемасы зор сүрөттөлгөн. Чыгарманын бир эпизодунда адамдар өз керт башын ойлоп, эт өткөрүү планын толуктоо үчүн сайгактарды өлтүрүп кырдырат. Сайгактар менен кошо карышкырлар да ок астында калышты. Эң маанилүүсү, мында экология, жаратылыш, адамзат туурасында терең ой жүгүртүүлөр арбын жана адамзатты жакшы жолго, ыймандуулукка үгүттөйт.

Ч. Айтматовдун экологиялык проблемаларды белгилеп кеткен чыгармаларын окугандан кийин адам кандай ойдо калат?

Жаратылыш менен адам баласынын ортосундагы мамиле татаалдашты. Эгерде мурун козголуулардын баары табигый жаратылыштык кырсыктан чыгып келсе (суу каптоолор, жер титирөөлөр ж.б.), эми болсо табият закон ченемдүүлүгүнүн бузулушу коомдон, адамдын кесепетинен жаралып жатат. Адамзаттын арасындагы душмандык, татаал терс карым-катнаштар адамдарда кыжырданууну пайда кылып, мунун баары жаратылыш аркылуу чыгып жатат.

Адамдын түшүнүгүндө экология өзүмчүлдүк менен кабылданууда. Алардын ою боюнча, жаратылышты сактоо калып, пайдалануу гана керек имиш. Жок! Жаратылыш материал эмес. Ал биздин улуу энебиз, аны сүйүшүбүз керек! Жаратылыштын байлыгына кыянаттык менен ысырап кылган адамдарга жол бербешибиз керек. Жаратылышты үнөмдүү, максаттуу пайдалансаң, берекесинин үзүрүн көрөсүң. Түбөлүктүүлүктү сактоо адамдардын камкордугун, сарамжалдуулугун талап кылат: алсаң толукта, бузулганын оңдо, тең салмактуулугун сакта, асты кыянатчылыкка жол бербе, ошондо жаратылыш – жан досуң болмокчу.

Бейшенбекова А.
11– «В» класс. 1995-жыл

МАДАНИЙ МУРАС – ЭЛДИК БАЙЛЫК

Өнөрүң болсо, өргө чап.

(Эл макалы)

Өнөрлүү өлбөйт

(Эл макалы)

Мурас – атадан балага, энеден кызга калчу ыйык тумар. «Маданий мурас – элдик байлык», – деп бекеринен айтылбайт. Маданиятты эл ичинен чыккан залкар таланттар жаратат да, элге мураска калтырат. Маданий мурас башаты улуу талаалардан башталган агымы күчтүү дарыядай. Жергебизге эки жактан мейман келсе, канча ишканаң бар, канча машинаң бар деп сурабайт. Алар биринчи кезекте кыргыздын руху, деми сезилип, элдин бүткүл тарыхын, басып өткөн даңктуу, мундуу жолун чагылдырган эстеликтерди көргүсү келет. Кайсы гана мамлекет, кайсы гана эл болбосун ушундай рухий, маданий казынасы менен мактанат, сыймыктанат.

Биздин эне тилибиз – маданий мурастын байлыгы, соолубас булагы. Эне тилди түзүк билбей туруп маданий мурастын алтын капкагын ачып, анын бай казынасын пайдаланууга мүмкүн эмес. Бешик ыры аркылуу биз аруулукту, тазалыкты, сулуулукту өз каныбызга сиңиребиз. Эне тил менен үзгүлтүксүз, таза азыктанган адам гана элдин маданий мурасын терең түшүнөт жана кастарлайт.

«Өнөр алды – кызыл тил», – деген сөз бекеринен чыккан эмес. Кыргыз тили – кыргыз маданий мурасынын ачкычы. Кыргыз тилиндеги эки сөз макал-лакаптан тартып, океан сындуу чалкыган «Манас» эпосу элдин маданий мурасы эмей эмне? Кыргыз элинин маданиятынын туу чокусу «Манас» эпосу экени баарыбызга маалым. «Манас» эпосун казак элинин улуу патриоту о Валиханов «кыргыз элинин турмушунун энциклопедиясы» деп атаган. Чындыгында эле, улуу эпосубузда элибиздин турмушка болгон көз карашы, салт-

санаасы, дини, уламыштары, жада калса, медицинасы менен астрономиясы жөнүндөгү маалыматтар арбын. Ошондой эле элибиздин музыкалык аспаптары жана кол өнөрчүлүгү «Манас» эпосунда толугу менен чагылдырылган. Мисалы, эпостогу Жайсаң деген ырчы боз үйдүн курулушу, жасалгаланышын жарым күн ырдаган деп айтылат. Демек, мындан боз үйдүн бүткүл байлыгы сөздүн күчү менен эле сүрөттөлүп калгандыгын көрүүгө болот.

Элибизде «Манастан» башка дагы кенже эпостор арбын. «Манас» эпосунан кичирээк болгондуктан «кенже» деп аталат. А чындыгында, башка элдерде кенже эпосторубузга тең келген чыгармалар жок. Мисалы, орус элинин «Игорь кошуну жөнүндө сөз» деген чыгармасы көлөмү жагынан биздин поэмалардай эле. Албетте, анын мазмуну өзүнчө, башкача. Жогоруда айтылган чыгарманын жаралышынан бери сегиз жүз жылдан ашык убакыт өттү. Ал эми «Манастын» жаралышынан бери канча убакыт өткөндүгүн окумуштуулар өздөрү да жакшы айта алышпайт.

Элибиз табиятынан ыр-күүгө ынак. Ат үстүндө кыңылдап ырдабаган кыргыз баласы жок болсо керек. Асман тиреген бийик тоолорду, мөлтүрөгөн кашка сууларды, чалкыган жашыл төрлөрдү көрүп туруп кимдин ырдагысы келбесин. Акын, ырчы, комузчу, обончулардын эл ичинде арбындыгы буга ачык далил. Токтогул, Алымкул, Калык, Осмонкул, Жеңижок, Ысмайыл баш болгондордун тунук өнөрү, бүгүнкү күндө элдик маданий мурастын алтын казынасын түзөт. Өзгөнү сөз кылбаган күндө да Атай Огонбаев, Муса Баетов, Мыскал Өмүрканова өндүү таланттарга ким тамшанбайт?!

Кыргыз элинде кол өнөрчүлүк да жакшы өнүккөн. Азыркы илим, техниканын дүркүрөп өскөн шартында да, элдик кол өнөрчүлүк өзүнүн сулуулугу, тазалыгы менен суктандырат. Кыргыздын кыз-келиндери түндөп көздүн жоосун алган шырдактарды шырышкан, ала кийиздерди жасашкан. Кыялын оймо-чиймеге түшүрүп, түркүн саймаларды сайышкан. Жигиттер болсо камчы өрүп, мыкты ээрлерди чабышкан. Мындай колу жөндөмдүү уздар жана усталар эл ичинде арбын. Борборубуздагы «Кыял» бирикмеси даярдаган улуттук буюмдар дүйнөнүн ондогон өлкөлөрүндө зор ийгилик менен сатылып келиши улуттук кол өнөрчүлүгүбүздүн жогорку деңгээлин айгинелеп турат. Кыргыздын шырдак, ала кийиз, туш кийиз, сайма, чий чырмоо кол өнөрчүлүктүн, ал эми комуз, чоор, кыл кыяк жана башка аспаптар музыкалык маданий мурастары болуп эсептелет. Баса, кыргыздын көркөм кол өнөрчүлүгүнүн башка элдердикинен айырмалуу жагы, аларды күндөлүк турмушта кадимкидей буюм катары уруна берсе болот.

Азыр кыргыздын көркөм буюмдары музейлердин төрүндө илинип, эл аралык көргөзмөлөргө катышып, байгелерди жеңип алып жатат. Андыктан аларды кайталангыс асем буюмдар деп коюшат.

Элибиздин өткөндөгү көчмөн турмушунан калган маданий мурастын бийик чокусу – боз үй. Элибиз боз үйдүн жасалгасына өтө кылдат көңүл бурган. Азыркыга чейин мунун улантылып жатканы кубанарлык көрүнүш. Албетте, өтүмүшүбүздү жерип, боз үйгө кечеги күндүн белгиси, бүгүнкү цивилизацияга таптакыр жараксыз болуп калган нерсе катары карап, аны жасаган чебер кишилердин колу катары кескин суюлуп келген. Туш кийиз, зергерлик буюмдар, шырдак, сайма өнөрлөрүбүздү да барктабай койгонбуз. Үйлөргө жалаң килем жайып, «болгар сайма» деген башка элдин өнөрүнө көбүрөөк көңүл буруп кеткенбиз. Натыйжада, көп уздардын, колунан көөрү төгүлгөн зергерлердин өнөрүн улантып, өркүндөтүп кете турган жолдоочулар өтө сейрек болуп, устаттар өз өнөрлөрүн өздөрү менен кошо ала кетишти.

Жаш обончулар жапырт бойдон аккордеон, гитара дегенге көчүп, комузду болсо таптакыр унутуп кала жаздадык. Комуз менен ырдаган ырчылар азайып, ал эми күүлөрдү чыгаргандар такыр эле жокко эсе болуп бараткан. Ырас, башка элдин өнөрүн үйрөнүш керек, өздөштүрүүбүз керек, бирок өз элибиздин өнөрүн унутуп калбашыбыз керек. Анткени ал – жана айтылгандай элибиздин тарыхы, бабалары-

быздын басып өткөн жолу. «Өткөнгө карап кандай иш кылсаң, келечектен ошону көрөсүң» дегендей, элибиздин улуу мурастарын баалабай, текебер мамиле кылсак, эртеңкиден анын ачуу жемишин күтөрүбүз аныk.

Өткөн жетимишинчи жылдары байыркы «Камбаркандан» А.Кыдырназаровдун «Кыргыз көчүнө» чейинки кыргыз күүлөрүнүн антологиясы пластинкада чыгарылган экен. Бул Совет доорундагы музыкалык мурасыбызга көрүлгөн чоң камкордук болгон. Күү кадырын билген жарандар заматта сатыктан таптырбай талап кеткен имиш. Жетишип алып калгандар – кандай ыкыбалдуу адамдар!.. Асемдүү коногунабы, же үй-бүлөлүк жайчылык эс алуусундабы коюп угушуп, канчалык ырахат алып келишет дейсиз!

Элибиз ыр жандуу калктардан көрүнөт. Эмгек үстүндө иш шартына байланыштуу жумушун ыр менен коштоп аткарчу экен. Короо кайтаргандагы «Бекбекей», жылкы күзөткөндөгү «Шырылдаң», темин баскандагы «Оп майда» деген ырлар жогорудагы оюбуздун далили.

Ушул сыяктуу элдик ырларды композиторлорубуз профессионалдык жаратмандыгына чыгармачылык менен пайдаланып келатышат. Өз учурунда Михаил Раухвергер «Чолпон» балетинде атактуу вальсын элдик обондон алыптыр. «Алтын кыздагы» «Селкинчек» ыры да илгерки жаштардын оюнунда аткарылган ыр. К. Молдобасановдун чыгармаларында элдик музыкаларды чыгармачылык менен колдонулган жаңырыгы көп кездешет. Кийинки учурда атагы чыгып келе жаткан композитор М. Бегалиев элдик музыкаларга кайрылып, жаратмандыгына кеңири пайдаланууда.

Ырас, кийинчирээк элдик маданий байлыктарыбызга карата мамилебиз жакшы жагына өзгөрүүдө. Канча жылдардан бери чыкпай келе жаткан Сагынбай атабыздын «Манасы» жарыкка чыкты. Совет доорунда «эскини көздөгөндүк», «улутчулдук» деп тыюу салынган XIX кылымдын ак таңдай акындары Калыгул, Арстанбек, Молдо Кылыч, Жеңижоктордун калтырган мурастары азыркы эгемендүүлүгүбүздүн шарапаты менен элге кайрадан тартуулаnып, окуу программаларына кирип, окутулуп жатат. Эски музыкалык аспаптардан куралган фольклордук ансамблдер түзүлүүдө. Борбор шаарыбызда атайын кесипчилик окуу жайы ачылып, анда жалаң гана элдик көркөм кол өнөрчүлүккө кызыккан жаштарды окутуп, тарбиялап жатат. Мектептерден өйдө ар кандай көркөм ийримдер уюштурулуп, балдарды жаш кезинен элдик өнөрдү сүйүүгө, үйрөнүүгө тарбиялашууда. Демек, келечекте биздин улуттук маданий байлыгыбыз мындан да мыкты болуп өсөт.

1995-жылы «Манас» эпосубуздун миң жылдыгы болуп өттү. Бул мааракe кыргыздын маданий мурасынын улуулугун, кайталангыстыгын дүйнө жүзүнө даңазалап таанытты. Салыштырып карасак, мурда Индиянын «Махабхарат» чыгармасы эң көлөмдүү деп эсептелип келсе, азыр «Манас» эпосу теңдеши жок бай мазмундуу, зор көлөмдүү, терең идеялуу эпос экени аныкталды, рекорддордун дүйнөлүк китебине жазылды. Биз ушул эң улуу маданий мурасыбыз менен сыймыктанабыз!

Ата-бабаларыбыздан калган бай мурастарыбызды ардактайлы, сүйөлү, анын дагы өнүгүшү үчүн бар күчүбүздү жумшайлы! Сөзүмдү калк ичинде кеңири ырдалып кеткен бир ырдан үзүндү келтирүү менен аяктайм.

Бул «Насыйкат» сага калган,
Бул «Насыйкат» мага калган,
Калган керээз бабалардан
Өттү, «Насыйкат» тоолордон, талаалардан.

Тоо кыдырып, талаа кезип, канча бир замандарды карытып бизге жеткен бабаларыбыздын насыятын – бай мурасын, биз дагы бөксөртпөй, чачпай улап кийинки урпактарыбызга узаталы.

Кыдыралиева Б.
11– «И» класс. 1998-жыл

«СЕН ООРУБА, МЕН ООРУЮН, АТА ЖУРТ»

(Мекеним тууралуу менин оюм).

«Ар кимдин Мекени – өзүнө Мисир».

(Накыл сөз)

Тагдыр жаратылышты кыргыз элине оң көзү менен карап берген экен! Кыргызстандын жаратылышындай кооз, жылдын төрт мезгили өз убагында алмашылган климаты жанга жагымдуу жерди бардык эле элдин бактысында табигат тартуулаган энчи эмес. Бир чети байыртан мекендеп көз арткандардын талаш-тартышына алдырбай, оошуп кетип башкага олжолотпой, сары майдай сактап келген ата-бабаларыбызга ырахмат айтып, таазиминден жазгың келбейт. Ооба, кыргыз элиндей бир ууч эл эмес, түмөндөгөн журт, жерин сактап калуу түгүл тукум курут болуп, жоголуп кеткен, же сайда санын таппай безип-бозуп кеткен элден адамзаттын тарыхында аз бекен? Кудайга шүгүр, бабаларыбыз басынткан жоонун убактылуу ыгына көнүппү же башка жакка баш калкалап мезгил өткөрүп, пайытын таап кайтып келүүнү көңүлүнөн чыгарбай, эл көксөөсүн өтөп, Манас атабызча элди баштап, Ата Мекенинен айырбай келген атуулдар болуптур го.

Жер койнунда катылуу жаткан Менделеевдин таблицасындагы кен байлыктын бир канчасы бар. Асыл таш алтын, күмүш, калайын коёлу, Россиянын өтөмө-өтө азыр кубаттуу ядерлик куралынын негизинде бизден чыккан уран кенинин үлүшү чоң. Уран дүйнө жүзү боюнча саналуу гана жерден чыгат. Ошол уран чыккан мамлекеттер керектеген капиталисттик өлкөлөргө сырьесун иштетип алууга сатып байышкан, бай өлкөгө айлангандар да болгон. Казына байлыгын түзчү алтын бизде канча жерден чыгып иштетилип жатат. Кайсы бир өлкөдө алтын эмес туз чыкпаган, туз эмес кенен сууга жетпеген өлкө канча дейсиң. Көрсө, биздин байлыгыбыз, бактыбыз тообузда турбайбы. Барып-барып тоо-

луу өлкө болуп калганыбызды карабайсыңбы!? География, геодезия илиминде тоо бар жерде кен байлыктар сөзсүз бар деп айтылат экен. Демек, биздин жерден дагы белгисиз канча кен табылгасы жатканы азырынча дайынсыз, табышмак. Тоонун дагы бир артыкча касиети – суу запасыбыздын молдугунда. Кылымдардан кылымдарга керегибизче пайдаланууубузга жетип, сакталып келген ак мөңгүлөрүбүздү айтпайсыңбы?! Кээде айтып келебиз «жерибиздин жетимиш пайызын тоо алкагы түзөт, түзөң жерибиз аз»– деп. Ошо тообуздун тоодой асыл пайдасы, тоодой карааны бар экенин анча танасарга албай кесирленгендей, жээригендей сүйлөйбүз. Көз кайыткан түзөң, тегиздикте жашаган эл бизди «тоолуктар» деп бекер атабаса керек. Мында белгилүү өлчөмдө суктана, тардана айткандык бар бейм. Демек, тоолук болгонубуз менен сыймыктансак болот!

Тообуздун мал чарбабыз менен байланышкан баркын, баасын салыштырып болбойт. Төрт түлүк малдын жайкы жайлоо, кышкы кыштоосу байыркы ата-бабаларыбыздан бери тоодон болуп келбедиби.

Тоо бетин каптап өскөн карагайларыбызчы, түштүктөгү мисте, жаңгак токойлорубузчу!.. Айтылуу грек жаңгагынын түпкү теги биздин кыргыз жаңгагы болгон экен. Аны бизден алып барып көчүрүлүп, тарыхта «грек жаңгагы» деп аталып калыптыр го. Анын негизи бизден турбайбы. Жаңгак демекчи, түштүктөгү Арсланбаб, Кара-Алма, Орток, Тоскоол, Кызыл-Үңкүр, Саламалик деген жерлердеги тоо бетин бербей жайылып, жазылып өскөн, адырма-адыр, тоомо-тоо кеткен жаңгак токоюна көз мелжип жетпейт. Баарынан жыштыгын айтпа! Табигаттын мындай тартуусуна таң калып, кудайыңа ыраазы болосуң! Ичине аралап кетсең, чыккың келбейт, өзүнчө бир ажайып дүйнө!

Кыргызстандын жаратылыш кооздугунун жанга жагымдуу, көргөн көзгө ыракат берген ажайып жерлери эң эле көп... Экономикалык кыйын-кысталыш учурубузда биринчи иретте Ысыккөлүбүздүн пайдасы тийгени турат. Ысык-Көлдү туристтик база катарында туура пайдаланып

иштете билсек, мамлекетибизге киреше келтирген булак болуп берер эле. Ысык-Көл өрөөнүндө ушул кезде иштеп жаткан туристтик максатта пайдалана турган жерлери толуп жатат. Түштүктө да жаратылышы керемет жерлер өтө көп. Жол каттамы жакшы үчүн Жалал-Абад жакта Кара-Алма, Арсланбап эле дешет, Аксы жактан Сары-Челек, Пачата дешет.

Чынында, Сузак тарапта Саты, Орток, Базар-Коргондогу Кызыл-Үңкүр, Тоскоол адыр-адыр жаңгак, дүр-дүйүн жакшы токойлорун аралап аягына жетпейсиң. Арасында аңкыган гүл жыты, жан сергиткен абасы, көз тойгузган ажайып жаратылыш кооздугу көңүлүңдү куш кылат. Туризм үчүн тагдыр бекер тартуулагандай. Биз, адамдар, ыгын гана таба албай жаткансыйбыз. Ысык-Көлдүн эс алууга, ден соолугунду чыңдоого түшсөң суусунун, чыксаң жээгиндеги климатынын жагымдуулугунун өзү эле эмне турат?! Салыштырып болбойт... Көлдүн касиетинен го көл аймагындагы мөмө-жемиштеринин кайсынысын албагын ири жана даамдуу келет. Башкасын койдук, көлдүн карагатындай, кожогатындай, өрүгүндөй, апорт алмасындай кайда бар?! Олуя Калыгул атабыз:

Ысыккөл бейиштин эшигидир!
Кыш болуп кашкая суугу жок,
Жай болуп катыра ысыгы жок,
Ат жеткен жерде
Мындан артык кызыгы жок...
Мактанып жер жетерби?!
Ысыккөлдөн чыкпагыла!..

деп бекеринен айтпаса керек.

Жергебиздин кайсы аймагын албайлы мактанычка ылайыктуу жери сөзсүз чыгат. Нарын областын деле алалы, кышы катаал, жылуулук мезгили аз, жалаң тоолуу аймак деген жерибизде да Соң-Көл, Сандык, Арпа, Ак-Сай жайкы жайлоолоручу. Ушул жайлоонун кайсынысына болсун жайлоо мезгилинде он күн эс алчы, оңолбогонуңду көрөйүн.

Чүй өрөөнүн айтпа! Бышыкчылыктуу, койнуна канчаны болсо батырган кенен, ырыс-кешиктүү жер. Азыркы учурда Чүйдүн чүйгүндүгү билинип жатат го. Республикабыздын бардык тарабынан түп көтөрө көчүп келген жарандарыбызды баш калкалатып, жан сактатып асыратып келет.

«Тууган жердин түтүнү да таттуу» – демекчи үзүрүн көрүп, үлүшүн алган атуулдун өз жергеси менен сыймыктанбаганы болбойт го дейм. Акын, жазуучуларды деле алалычы, талант жолунда мекенине арналып калеми сүртүлбөгөндү жолуктуруш кыйын.

Айтылуу Алыкул:

Жаз да башка... жел тийбесин абайла,
Көпкө турбас мобул турган сур булут.
Бүт дартыңды өз мойнума алайын
Сен ооруба, мен ооруюн, Атажурт! –

деп Атажуртуна өзүн курман чалууга даярдыгын билдирген. Карачы, мындан артык ата мекенин сүйүүгө болобу?!

Ошол сыңары ак дилиңден аруу эмгектенсең Жер Эне эмгегиңди жебейт. Бакытты, байлыкты жерден көрөсүң, жерден аласың. Жер Эне ийип, берерин аябайт, сенин кимдигиңе карабайт. Демек жердин үзүрүн көрөр ар бир атуул мекенди урматтап, мекенди коргоп, сактоого милдеттүү. Анткени «Мекен барбы Ата журттун өзүндөй». Ооба, ар кимдин Мекени – өзүнө Мисир.

Үйрөтүү жана багыт берүү максатында.
1998-жыл

«ЖАҢЫЛ» ДРАМАСЫНДАГЫ ПАТРИОТТУК ЖАНА СҮЙҮҮ ИДЕЯЛАР

Эр намысы – эл намысы.

(Эл макалы)

Эр кадырын эл билет.

(Эл макалы)

Кубанычбек Маликов эл оозунда айтылып жүргөн элдик эпостук чыгарманын негизинде «Жаныл» аттуу драманы жазган. Автордун драмасы элдик айтуудан бир кыйла айырмаланып иштелип чыккан. Бирок эки вариантта тең негизги идея: Ата Мекенге болгон ыйык сүйүү, аны басып алчу душмандардан коргоо, элдин коопсуздугун сактоо жана эркиндиги үчүн күрөшүү. Драмада ушул максатты көздөгөн б.а. элдин кызыкчылыгын өз кызыкчылыгынан жогору койгон, эл бактысы жана эркиндиги үчүн күрөшкөн баатыр кыз Жаңылдын тагдыры жөнүндө баяндалат. Жаңыл – нойгут элинен чыккан ары сулуу, ары эр жүрөктүү баатыр кыз. Эли баатырдыгын баалап, шердигин даңктап, Жаңыл деген атына «мырза» аттуу эр азаматка таандык сөздү кошуп, «Жаңыл Мырза» деп атаган. Жаңыл ырчы айткандай: «Тепкенин жазбас тынар бар, кыздан чыккан кыраан бар» – дегендей болгон. Ал жаш кезинен эле эр-азаматтар менен бардык учурда бирге жүрүп, алар жасаган жумуштарды жасаган. Жаңыл баатырдыктын жолун көздөп, эл алдындагы милдетти сезген патриот болгон. Ал жаштайынан эле жаа тартыш, кылыч чабыш, найза сайыш өнөрлөрүн үйрөнгөн. Кийин ушул өздөштүргөн өнөрлөрүн элин жоодон коргоо жана элинин коопсуз жашоосун сактоодо пайдаланган.

Жаңыл келечектеги жарын да өзүнө теңдеш баатыр болушун самап, эки тарап элдин коопсуз жайбаракат жашашына бирдей кызмат кылсак деп максат койгон. Ошон үчүн колун сурап, аялдыкка алууну эңсеген эр-азаматтардын Жаңылдын сынагынан өтпөй, шагы сынышкандары көп болгон. Акыры Түлкү баатырды көрүп, арзып жүргөнү табылгандай жактырып калат. Түлкү да Жаңылдын даңкын угуп, катылуу сезиминде көрүүгө кумарданып, ал эми көргөндөн кийин, кур намыска алдырып, сыртына чыгарып сыр бербегени менен, элдин айтканындай бар турбайбы деп жактырып калат. Ал Жаңылга жуучу жиберип, мурда жооп кайтарып ала алган эмес эле. Акыры Түлкү жообун билүү максатында колун сурап демите келгенде, Жаңыл: «Жол боюнда, кыз-жигиттин тобунда салтты бузуп, ойлонбой ант бере салыш кызга уят, жигитке кырсык болор», – деп жарык маанай, жакшы көңүл менен жайкап, Түлкүнү каада-салтка такап, сындыра жооп катат. Түлкүнү жандырыш үчүн: «Мырзалар, алыскы жерден келипсиздер, чарчаган чыгарсыздар. Мынча келгенден кийин биздин айылда өрүш алып кетиңиздер. Бул элден жакасы алтын тон кийип, дабандан чыккан ат минип кетүүгө ылайык адам көрүнөсүздөр», – деп салт сактап, адамгерчилигин көрсөтөт. Бирок күткөн жооп албаган Түлкү ого бетер жинденип, куру намысы ашынып, нойгут элин талоонго учуратып: малын олжолоп, эр-бүлөнү туткундап кетет. Жаңылдын журт алдындагы намысы жүрөктү жандырган сүйүүсүнөн артык болуп, ал элинин эркиндигин сактоо үчүн: «Журтумдан чырпык кыйдырсам, Жаңыл болбой өлөйүн!» – деп жигиттерин тандап, жоо артынан куугунга түшөт. Душман менен болгон беттешүүдө Жаңыл каракчыл, ойлуу Түлкүнү жеңген. Түлкүнү өлтүрүп жатып: «Өрттөй албырган жаштыктан, жүрөктү жандырган сүйүүдөн эл башына келген намыс күчтүүлүк кылды. Намысымды коргогонго күнөөкөр эмесмин. Кош, Түлкү мырза! Тирүүндө сүйүп калганым үчүн, мүрзөңдүн жанынан өткөндө эстей жүрөрмүн» – деп айтат. Бул сөздөр Жаңылдын намыска бектигин дагы бир жолу далилдейт. Бирок жактырып сүйүп калганын жашырбайт, өкүттүү сүйүүсүнө аттиң айтат. Түлкү өлөөрдө: «Жаңылжан, мен сага чын көңүлүмдү берген элем, бирок сүйүүгө жеткирбеди куру намыс» – деп

кемчилигин өз мойнуна алып, көз жумду. Ырасында, Түлкү деле Жаңылга кош көңүл эмес экенин билдирет. Бирок кеч болуп калган.

«Өзүңдү эр ойлосоң, өңгөнү шер ойло» демекчи Түлкү өзүн текеберликке, карөзгөйлүккө жеңдирип, каза таппадыбы. Түлкүнүн бул кылыгы жигиттикке да жатпайт. Жигиттик кылып кыздын колун сурап келгени чын болсо, Жаңыл айтмакчы өргүп өргө тиктирип, күйөөлөп элдин сый-сыпатын, шаан-шөкөтүн көрсө болмок. Жаңыл деле жок демек эмес экен, коштоп алып кетсе, башына баш кошулуп, элинде той түшүп калбайт беле. Элинин деле күйөөлөп кеткен азаматтарынан күткөнү ошондой жакшылык болчу. Үч бирдей эр азаматтарынан айрылып элине кыйын эле болду. Түлкү элин, артын ойлосо болмок. Элге чуу түшүргөн кайгынын кереги кимге?..

Драмада патриоттук идея күчтүүлүк кылат, бирок сүйүү идеясы да чыгармада орчундуу орун алганы байкалат. Жаңыл сүйгөнүнөн ажыраган соң, аны өмүр бою унута алган жок. Ыйык сүйүү үчүн Түлкүнүн бейитине келип, ар дайым таазим кылып турчу. Түлкүнүн мүрзөсүнө келген бир каттоосунда тизесин бүгүп, каңырыгы түтөп, өкүттүү сүйүүсүнө муңканып, жалгыз отурганда душмандын колуна түшөт эмеспи. Көрсө, Жаңыл сүйүүгө да туруктуу караган, айныбас сүйүүнү ардактаган жан тура. Ал эми сүйгөнүн өз колу менен жайрашы Түлкүнүн текеберленип Жаңылдын эрдигин теңсинбеген болуп, кызда кайсы баатырдык дегенсип, тийиштик кылып тынч жаткан элин чаап, жылкысын айдап кеткени баатыр кызга катуу намыс болду. Жаңылдын эң ыйык көргөн талуу жери – элинин коопсуздугу, эркиндиги эле да. Жаңылга эл намысынан артык эч нерсе жок. Эли да Жаңылын абдан ардактап сүйгөн. Жаңыл туткунда жатып, душмандын кордугун тартып, зордугуна көнбөйт. Элинин бошоторунан үмүт үзбөйт. Ишеним акталып «эл таянган жер таянбайт болуп» элинин жардамы менен бошонуп, душманы жеңилет.

Тууңду сени жыкпаска
Жаным курман сен үчүн.
Калк намысын бербеске
Айныбас антым алгының! –

деп өмүр өткөнчө кызмат кылууга ант берет.

Атаганат, ушул тапта кыргыз элинде Жаңыл Мырзадай эл үчүн күйүп, Мекенин сүйүп кызмат кылган патриоттор көп чыкса, азыркыдай таз кейпибизге түшпөйт элек да, мындан тез чыгаар элек. Кайда кеткен байыртадан салт болуп келген кыргыз элиндеги жомоктордогудай патриоттуулук?! – деп өкүнөсүң.

Баймырзаева Э.
9–«В» класс. 1999-жыл

МЕН ТООЛОРДО ТӨРӨЛГӨМ, МЕН ТООЛОРДО КӨГӨРГӨМ

Мөңгү кетпей чокулары жалтырап,
Тоңгон муздар шөкүлөдөй жаркырап,
Ар жагынан бер жагынан куш эмес,
Араң гана бороон өтөт калтырап.

(Алыкул Осмонов)

Кыргызстан – тоолуу өлкө. Ата-бабаларыбыз көчүп конуп нечен жер кезип токтогон жери тоо, тоо койну болгон бейм. Бизге башка жакшы санаалаш эл «тоолуктар» деп көтөрүп атап, урматтап мамиле кылышат. Тоонун да өзүнө жараша пайдалуу жактары болот экен. Тоонун малга жайлуулугун айтпайлы, кышкы кыштоо, жайкы жайлоо тоодон болуп. Ошон үчүн Совет доорунда кой өстүрүүнүн өзү 12 миллионго жетпеди беле. Бирок анда малдын туягынан жайлоолордон өйдө такырлап кеткен. Эми ал санга жетпейбиз, бирок мал киндиктүү элге мал эле аскатат. Мына, элеттиктер мал кымбаттап, баркы көтөрүлүп, байкерчиликке жетишүүдө.

Тоо бар жерде кен байлыктын түрлөрүнүн болушу шарт экен. Башкасын койдук, Кыргызстанда көмүр казып алуунун көптүгүнөн өткөн доордо «Орто Азиянын кочегары» аталып келдик го. Уран кени жер шарында чанда эле өлкөлөрдө бар. Кайран гана, биздеги үч-төрт жерден чыккан уран кенибиз азыркы учурда жаңы табылып белгилүү болсо, чет мамлекеттен чыныгы кардарын таап иштетип алуусуна сатсак, нефть, газы көп өлкөдөн артык кадыр-баркка ээ болот элек. Бизди ошол кендин чордону болгон эл деп ким айтат?..

Тообуздун дагы бир өзгөчө артыкчылыгы – суу запасынын молчулугунда, болгондо да таза иччү суу. Булак болуп сызылып чыгып жатат, шаркырап өзөндөрдө агып жатат. Азыркы тартыш мезгилде коңшу мамлекеттердин айдоо аянттарына пайдалануу үчүн, мөңгү сууларыбыз товар катары сатылып, казынабызга киреше кийирүү булак болчу милдетине ээ болушу керек. Нарын дарыясынын тоодон түшкөн кубатына салынган ГЭСтердин айрыкча азыркы учурда алып келчү пайдасын айтып болбойт. Өзүбүздө колдонулган пайдасын койдук, сырткы өлкөлөргө линиялар тартылып сатылса, улуттук кирешебиздин бирден-бир булагы болуп бермекчи.

«Кыргыз тоолору» жөнүндө айтылуу акын А. Осмонов:

Тоолор тоого курамалап курашып,
Узун тартып, уламалап улашып,
Алда кайда кебез тартып келаткан,
Кербенчинин төөлөрүндөй чубашып.

Кара зоолор ар кай жерде каркайып,
Катмарланып, калың тартып заңкайып,
Алмаз сындуу көккө тийип миздери,
Арстандын азуусундай арсайып.

Мөңгү кетпей чокулары жалтырап,
Тоңгон муздар шөкүлөдөй жаркырап,
Ар жагынан бер жагына куш эмес,
Араң гана бороон өтөт калтырап,–

деп кыргыз тоолорунун керемет портретин тартып, бул ырында да сөз өнөрүнүн сүрөткери экенин айныксыз айгинелептир.

Чынында эле, «уламалап улашып», «катмарланып калың тартып» канчама-канча тоолор жатат. Адам буту баспаган, көрүп көзү жетпеген тоолорубуз да бар болуш керек. Алардын үстүнөн самолет, вертолет менен учуп өтүп кыдырып көрбөсөң, башка унаанын кудурети, өзүңдөн шааң жетпейт болуш керек. Андан калса, мен акынмын деген кыргыз акындарынын ичинен Ала-Тоосуна сыймыктанып, сүйүп жазбаганы аз эле. Ошолордун бири М.Алыбаевдин «Ала-Тоосу» сейрек жаратмандыктын нукура үлгүсү катары белгиленип, адабий кенчибизге киргендиги бекеринен эместир.

Кереметтүү сен атасың-энесиң,
Салыштырып сага ким жер теңесин.
Көңүл толкуйт көркөмүңдү көргөндө,
Кандайдыр бир жүрөккө дем бересиң.
Ырым менин сенин демиң эмеспи,
Шыктанамын минип кыял кемесин.
Карааныңдан кагылайын Алатоо,
Калкып жаткан кандай укмуш немесиң?
Качан жүрөк кагышынан калганда.
Бир тартылып өтүп кетер элесиң, –

деп Ала-Тоонун акындын ой-санаасына бүлүк салып, сезимин кытылаган олуттуу таасиринен жаралганы көрүнүп турат.

Ала-Тоону тарткан художник-сүрөтчүлөрүбүздүн саны акындардын санынан кем эместей. Ала-Тоо кино-театрынын алдындагы көрсөтмөдөгү сүрөттөрдү кайсы мезгилде болсун тийип карап өтүңүзчү, пейзаждык сүрөттөрдүн көпчүлүгүнүн фонун Ала-Тоо түзөт. Мында да Ала-Тоо өз патриотторун таасирленткен бирден бир илхам объектиси болуп бергендигинен го ...

Биздин тоолор улуу тоолорго кирет. Улуулугун аныктаган көп белги, касиеттер бар. «Улуу тоого чыккан барбы, улар үнүн укkан барбы» – деген айтуудагыдай улар, аркар, кулжа, илбирс чокуларынан мөңгү кетпеген «Ар жагынан бер жагына куш эмес, араң гана бороон өтөт калтырап» – деген бийик тоолордо гана болот. Булар ылдыйлап ойго түшпөйт. Айрыкча улар учканда да бир беттен экинчи бетке, бир чокудан экинчи чокуга мелжеп түз же кичине эңкейиш траекторияда өзүн бир таштап, бир күү менен канатын аз сермеп кайкып учат. Өйдөлөп уча албайт, сызылтып үн салат, ал үн бир гана улуу тоонун уларына таандык, аны угуп жүргөн адамдар гана айырмалайт. Аркар, кулжа илбирс да ак мөңгүлүү чокулардын түбүндө «каркайган кара тоолордун» боорунда жүрүшөт. Алар кадик мергенчилердин көзүнө эле чалдыкпаса, жөн – жай адамдар чалдыктыра бербейт. Ал эми аркар кулжа оттогон аркар оттун тамырын не бир ооруга даба катары колдонуп келген кыргыздын

дары чөбүн, ошо кадик мергендер айырып тааныбаса, ким көрүптүр.

Тилекке каршы, XX кылымдын экинчи жарымынан бери (Совет доорунда) тоолорубуздун мекендеген жапайы жан-жаныбарлары, жыш чыккан токойлору сейректеп, жайлоолору такырланып, өзөн суулары айдоо аянттарга бурулуп, шылдырап агып калган. Ырасында, климаты катаал келген тоолуу жерде элдин турмушу да кыйын болот экен. Андан калса, тоо арасында, тоо этегинде жашаган айылкыштактыктар шаар, район, областык борборлордон алыс келип, маданий, экономика, цивилизация жактан жеткиликтүү шарттар боло бербестиги да бышык тура. Мына ушул жагдайларга таянып, 2002-жылы тоо жылы болсун, саммити бизде өтсүн деп Президентибиздин ООНго сунуштаганын кара да, оңдой берди болуп, 130 мамлекеттин жапырт колдоп чыкканын көр! Бул дүйнөлүк масштабдагы иш чараны жыйынтыктаган глобалдуу тоо саммити Бишкекте өтүүсү да бизге ыйгарылган. Мунун өзү дүйнөлүк коомчулуктун тоолуу Кыргызстанга көрсөткөн чоң ишеними болуп, канчалык даражада эл аралык кадыр-барк, аброй алып келери өзүнөнөзү түшүнүктүү эмеспи. «Өлбөскө өлүү балык туш келет» – демекчи ыкыбалдуу эл экенбиз, тоо жылынын шардабы менен жардылыктан жапа чеккен тоолук айыл-кыштактарда көп прогрессивдүү иштер жасалып, элдин турмушунун оңолушуна шардабы тийчүдөй.

«Улуу тоолор баяны» аттуу Эл аралык тоо жылына арналган 9-февралдагы Бишкек–Ош телекөпүрө берүүнү көргөн кыргызстандыктар бул жылдын биз үчүн пайда алып келе турган, ошону менен бирге өтө жооптуу жылы болорлугу жөнүндө түшүнүк алып, кубанычта болушса керек.

Анда тоо жылынын камкордугуна түздөн түз тоо арасында жана тоо этегинде жашаган эсепте 100гө жакын айыл-кыштактар алынары айтылды. Камкордук эки жактуу көрүлө турган: биринчиси, өз ичибизден каражаттуу министирликтер, ведомстволор, ири жеке менчик ишкана, ферма, акционердик коомдор, банктар ж.б; экинчиси, сырт-

тан, бай, өнүккөн чет мамлекеттерден болорлугу айтылды. Алсак, Англия 14 айыл-кыштакты экономикалык социалдык жана маданий жактан көтөрүү камкордугун көрсөтүү үчүн 3 миллион доллар бөлүштүргөнүн билдириптир. Япония болсо, 16 айыл-кыштакка 4 миллион долларлык иен бөлүштүрмөк болуптур. Дагы каражат бөлүштүрөбүз дегени канча, Кудай буюрса!

Камкордукка алынчу ар бир айыл-кыштакка өзүбүздөн конкреттүү бир министрлик же жеке бир ири ишкана, фирма ж.б. бекитилип, алардын жумшар каражаты такталып, аткарылуучу иш чаралары аныкталып, ага жооптуу адамы так дайындалат экен. Демек, тоо жылына пландаштырылган иштер өз мөөнөтүндө бүткөрүлүп, жыйынтык чыгарылышы керек.

Эми ошо аткарылчу жумуштар дүнүйөлүк коомчулуктун көңүлгө толорлуктай бүтүп, ноябрда бизде өтчү тоо жылынын саммитинде ойдогудай натыйжа берип, чет элдик меймандарга жарык маанай, улуттук духубуз менен көрүнөр бекенбиз?! Ал үчүн тагылган жумушка бекитилген ар бир адам, жетекчиликке дайындалган жооптуу атуулдар бел чечпей абройлук менен ак, так иштеп, чыныгы патриоттук демилгени көрсөтүүлөрү парз.

Абдраимов Б.
11 «Б» класс. 2001-жыл

«ЭКИ ДӨӨ КАРМАШСА, ОРТОСУНДА КАРА ЧЫМЫН КЫРЫЛАТ»

(Т. Касымбековдун «Сынган кылыч» романындагы Сарыбайдын трагедиясы)

«Сынган кылыч бир жагынан, кыргыз адабияты өзүнө чейин ушул темада топтогон тажрыйбаны жыйынтыктаган, экинчи жагынан, жанрдын бул түрүн көркөм өнүгүштүн жаңы баскычына көтөргөн нагыз этаптык чыгарма»

(К. Даутов)

Романда Сарыбайдын тагдыры – абдан кейиштүү тагдыр. Сарыбай да пенделик турмушунун бир кездеринде мүнүшкөрлүк өнөрүнүн аңчылык кесибинде дуусу жүрүп турган учуру да болгон. Соогалап чыккан далайдын колун сүйүнткөн, утурулап алдын жүгүрүп тоскон бала-чакасын аңчылык олжосу менен кубанткан, кандай олжо менен келер экен деп дайым үмүттүү күткөн нойгут туугандарын ыраазы кылган күндөрү көп эле болгон чыгар. Бирок окурман Сарыбайдын тиричилик шартынын өзгөчө татаалдашкан мезгили айрыкча трагедиялуу күндөрү күтүп келаткан маалда жолугушат. «Быйылкы узакка созулган катаал кыштын жазы дале жазга окшобойт, жаратылыш сүрү оор, илбесиндер менен канаттуулар бүт кырылган; мүнүшкөргө ырыскы табышып берчү алгыр кырааны карыптай суранып өзү жем издейт; киши абалы андан оор; көңүлү пас, курсагы ач» – деп сүрөттөлөт. Бул жерден табият оорчулугу бир жактан, жазмыштын буйругунанбы, бир нече сапар аңчылыктан кур кол кайткан олжосуздугу бир жактан, кара букара турмушту туш-тушунан кысмакка алган арга түгөнткөн учур көрүнүп турат. Адам түгүл ачка бүркүтү өзүн өзү жегидей болуп жандалбасга түшүүдө. Же ага бере коёрго бир үзүм бирдеме болсочу. Арга кеткенде эркиндикке коё берип өз күнүн өзү көрсүн деп кала бергиси бар. Ага боор эти менен бирдей болуп калган он түлөткөн сынаакылыгы,

жан биргелик ынактыгы жол бербейт. Өз санынан эт кесип бергенге барса барат, андан айрылууга көңүлү барбайт.

Аялы Сүйүмкан ага боору оруп коё бер, убалы да бар эмеспи дегенин үйдөн чыгып кет дегендей кабыл алат. Сүйүмкандын өзүнүн деле ашканасындагы тулубундагы талканы аяктап, сыртта создуккан кышта ак катык да болбой заманасы куурулуп, түйтөйүп бүтүүдө.

Арга кеткенде, Мадыл инисин чакыртып, жаргак колкабын күбөнамеге берип, жанбагарлардын аксакалы Теңирбердиден аштык сурап келүүгө жиберет. Андан алып келген аштык канчага жетет, утурумдук эле да.

Өзү мылтыгын алып, «Менин жолум качса да, кер тайганымдын жолу качалектир...» деп аңчылыкка жөнөйт. Бул сапар да жолу болбой: тарткан тузактарына эч нерсе илинбей, салган капкандары чабылбай, же тайгандан качкан илбесин болбой айласы түгөнүп, үйдөгү суранып жүткүнгөн бүркүтүнө чокутарга эт болсун деп тайганын капарсыз жаткан жеринен мойнун кайырып өлтүрүп, этин көтөрүп келет. Мына, аргасыздык! Чынында кер тайганды өлтүрүш оңойго барбады. Ал деле кымбат күч курал болуп келген. Бүркүт оң колу болсо, тайган сол колу болуп кызмат өтөп келген, үй-бүлө ырыскысын тең табышкан. Ошон үчүн өлтүрөрдө оор толгоого түшүп, кыйын-кысталышта болот.

Бүркүтүн бир-эки күн эт менен тыңытып, каатчылыктын каатына ооз ачып отура бергиси келбей, «Жатып өлгөнчө атып өл» – деп, али көрөр күн, ичер суу түгөнө электир дегенсип, бүркүтүн ийнине кондуруп, кер тайган экөөбүздүн ырыскыбыз түгөнсө да, кыраанымдын пешенесинде бирдеме калгандыр деп тышка жөнөдү.

Оо, мында бул сапар тагдырдын катаал кыянаты күтүп турганын алдын ала Сарыбай кайдан билсин. Кайран мүнүшкөр таң аткандан бери талпактап ой-тоону кыдырып чыкса да, эч бир төрт аяктаган жан, канат каккан канаттуу кездештирбеди, баары жылан сыйпагандай. Чарчап чечинип эс алып, бүркүтүн таштын үстүнө отургузуп, ой-санаага

кетип отурат. Бир кезде бүркүтү талпынганынан шек-шебер алдыбы деп томогосун алып коё берет. Асманга атып чыгып, көктө айланып кайкып учуп, алыстап көпкө жок болуп кетет. Сарыбай чын эле менден качып, мени таштап кеттиби деп ичи ачышып тынчсызданат. Аңгыча шаңшыган үнүн угуп, далбалактан белинен жылаңач түрү менен үнүн улап жүгүрүп жөнөйт. Ачкачылыкка алдырган бүркүт бийикте үч айланып чыгып, акыры көргөн жалгыз караан мүнүшкөрдү кийик деп тааныбай өзүн таштап кол салат. Сарыбай жамандыкка ишенбей, жакшылыктан үмүт үзбөй алгач коргонот, анан өлүмдүн үрөй учурган элеси келе түшкөндө, жандалбас кармашып кирет. Бүркүтүн өлтүрүп, денесинин тамтыгы кетип, эки шам-чырагынан айрылып, экөө эки жерде жатып калат. Сарыбайдын ушул учур, ушул абалда калыш трагедиясын Т. Касымбеков керемет-сүрөткерчилик менен берген.

Бул эмне тагдырдын жазмышыбы? Мүнүшкерликтин аягында кайтчу акыбети ушул беле? Сарыбайдын өзү эле эмес, үй-бүлөсүн күйүткө салып, жарыкчылыкта көөдөй караңгы өмүр сүргүзүп койду. Көрсө, жашоо дегениң ушунчалык кымбат турбайбы. Жашоодон үмүт үзбөдү, бирок жамандык жалгыз келбейт деген чын бейм. Шорду Сарыбайды кудайдын буйругунан, жазмыштын тагдырынан сырткары адамдын кордугу күтүп турган экен. «Эки дөө кармашса, ортодо кара чымын өлөт» дегендей хан тагасы домбу менен Абил бийдин ортосунда бири-бирине тирешип, кыр көрсөтүү, атаандашуу, намыс-ариет талашуунун айынан эки ортодо залака карапайым элге, анын бири Сарыбайга тийди. Сарыбайдын уурдалган тор кашкасынын өтөмүн Домбудан алыш үчүн, Абил бий Мадылдын колу менен Домбуну атып өлтүртүп, өксөсүнө жетет. Анан Мадылды тукуруп, Домбуну өлтүрткөн айыбым ачылбасын деп, Сарыбайдын ого бетер кара көзүн кашайтып, көзгө басар иниси Мадылды жайлатып тынат. Аялы Сүйүмкан экөөнүн кара туткан жалгыз кызын хан тагасы Домбунун кунуна ордого олжого карма-

тып, элди кундан куткарган элдик киши болуп кала берет. Ансыз да өлүү-тирүүнүн ортосунда отурган Сарыбайга кан жуткан кайгы, өлгөндүн үстүнө көмгөн болору Абил бийдин капарына келген жок. Баарыдан Кундуздан тирүүлөй айрылганына чыдабай энеси Сүйүмкан жинди болуп кетип, дагы Сарыбайдын шору кайнабадыбы.

Дегинкиси, Сарыбайдын катаал турмушка кайтарым карызы көп окшобойбу. Мейли, Кундуздун кайгысына бүт нойгут чабылганча деген шылтоосу бар дейли, а Сүйүмкандын кайгысын эмне менен басат?! Майы түгөнүп бараткан жетим чыректын бийлигинин күйүшүндөй жагдайда отурган Сарыбайга Сүйүмканча ким күйөт да, ким түтөт?? Жүрөк зыркыратчу катаал абал Сарыбайга биринин-артынан бири келе берет.

Турмуш заңы ушу экен: бир кезде мүнүшкөрлүк үзүрүн көрүп, ырыскы табышынан өнүм болбой, Сарыбай сокойуп үйүндө жалгыз калганда, кезектешип каралашып турган үч үйлүү нойгут үй-бүлөлөрү да Сазсай деген жерге таштап көчүп кетишти. Дени бөлөктүн жаны бөлөк демекчи Сарыбайды ашка жүк, башка жүк кылгысы келбей, пенделикке барышты бейм... А балким, ар кимдин ичер суусу, көрөр күнү өзүнчө деген жыйынтыгыдыр.

Акыры журтта өзү жалгыз Актөш итин эш тутуп калат. Ит деген ит да, желип-жортуп токтошу кыйын, амал кылып үйүнө камап отурат. Эми Актөштөн ажыраса, айласы эмне болот, ушул санаага эзилет. Акыры итин мойнунан байлап, узун кармап итин ээрчип, Абил бийге кеткен инисинен дайны жок болгон үчүн издеп, адам үнү чыкпаган ын-жынсыздыктан тажап, үйүнөн чыгат. Ошондо өлүмдү тосуп, өлүмдү гана кабылдагысы келди, бирок өлөр алдында жанында бир адамдын болушун каалады. Бирок ким болмок, ким эле аны издеп, күтүп турат дейсиң, кимге кереги бар?

Эл деген эл экен. Ээн талаада адашып жүргөн жеринен Кулкиши жолугуп, жетелеп үйүнө алып келет. Ал жакта да, ошол турмушка да көнүп, өткөн оор кайгыларын комуз

күүсүнө салып калат. Сарыбайдын бул күүсү – арман-муундан сырткары жарыкчылыктын улуулугу, тирүүлүктүн артыкчылыгы жөнүндөгү өмүр даңазасынын өлбөс ариети. Сарыбай турмушка керексиз бир чала жан болуп калса да, жашоосун улантып жатат. Демек өмүр кызыгы дагы жалганат. Анткени Сарыбай – турмушта өжөр, өмүргө кумар жаралган кайраткер эрки күчтүү адам. Адам кандай абалда калбасын, өмүргө кызыкдар болуш керек тура.

Жылдызова Л.
11– «в» класс. 2001-жыл

АРАЛ ТРАГЕДИЯСЫ
АЛА-ТООДОН БАШТАЛАТ

Арал көлчүк болсо да, көл болсо да бир жөн, килейген деңиз эмеспи. Көз алдыбызда деңиздин ошончо суусу тартылып соолуп калганына чейин тынчсызданган коомчулук болбогонбу? Болсо Аралды ушунчалык кунары кеткенге чейин кантип жол беришти? Суунун тартылышынан кийинки алып келе турган залалы жергиликтүү миң сан элди, Казак, Өзбек Республикасын, ал кездеги үстүнөн бийлеп турган Москва борбордугун ойлонткон жокпу?.. Экологиялык кырсыктын тамырын тарткан окумуштуу адистер кайда калды? деп жооп таба албай башың катырып, маң болосуң. Башта Аралдын тегерегинде атайын балык улоо шаарчалары, ар кандай чарбачылыктагы колхоз-совхоздун элдери турукташып жашап келишкен экен. Ал кезде деңиздин айланасы жашыл бактуу, тулаң чөптүү болуп, дан эгиндеринен эмнени эксең, түшүм алып бапырап-ташып кенен жашашчу экен. Аба ырайы да муссондуу климат келип, жагымдуу болуптур. Кийин ошол жагымдуу жышанасынан айрылып, катаал кыяматка айланыптыр. Суусу бир нече километр арылап тартылып, мурун бузулуп, токтотулуп койгон кичине, чоң кемелер турган-турган жеринде кумга сайылып калганын көрөсүң. Алар кезинде деңиздин суусунда ойкупкайкып жүргөн, кийин бузулуп, сүйрөтүп, жээкке якор түшүрүп токтотулгандар, балким. Суусу бара-бара тартылып, жерге олтуруп калган. Суу тартылып калган жерлеринде деңиздин тузу менен куму аралашып, шыгырап кургаган. Жээктен алыстап кеткен суунун каабынан климат бузулуп, соккон шамал тынымсыз аркырап, туз аралаш кум учуруп, жерди каптап, толтуруп түшүм бербей, суугу жандан өтүп, ар кандай оорулар көбөйүп, жашоого ыңгайсыз болгондуктан, эл түп көтөрө жер которуп кетишкен. Аргасы жок анча-мынчалар эле калбаса, баштагы Аралдын болуп турган кезиндеги дүпүрөп жашаган элден анча калбаптыр дешет.

Өзбекстан, Казакстан, Туркменстан, Тажикстан өлкөлөрү Арал деңизине кылымдар бою куюп, аны толтуруп келген Сырдарыя, Амударыясына ондогон ири суу сактагычтарын (Чардарыя, Каракум, Чарбак, Арнасай ж.б.) куруп, дарыяларды тосмолоп, миңдеген гектар айдоо аянттарын өздөштүрүп келишкен. Арал деңизинин түбүнө айрыкча жеткен Совет доорундагы Өзбекстандын алты миллион тоннага өскөн пахта планы менен Казакстандын Кызылордо областынын шалы плантациясы болду. 1950–80-жылдар аралыгында Арал деңизине куйчу Амударыя менен Сырдарыясынын суусу жолдо каналдарга, арыктарга бурулуп, сугат талааларына пайдаланылып, деңизге куймак түгүл жетпей, эки алп дарыянын аягы соолуп да калчу экен. Байыртан эки мол дарыянын куюшу менен толуп, деңгээли сакталып келген Арал деңизи бир нече жылдар бою ал куймаларынан кур калып, тартылгандын үстүнө тартылып, такыр соолуп калуу коркунучунда келет.

Совет доорунда ар өндүрүшкө мамлекеттик беш жылдык план тагылып, аны аткаруунун бөлүштүрүлгөн ар жылдык планы берилип, андан сырткары милдеттенме кошумча планы да болчу. Милдеттенме кошумча план жогору жакка жасакерленген ашыгы менен аткаруу кошомат план болчу. Ал пландарды аткаруу үчүн элеттиктердин жантынымы болчу эмес. Мамлекеттик план ар беш жылда мурдагыдан көбөйүп жүрүп олтурган. Ошентип, Өзбекстандын пахта тапшыруу планы 1980-жылдын башында алты миллион тоннага жеткен. Алты миллион тонна пахта өндүрүү Өзбекстандын сууну көп талап кылган ысык климатында сугатка суу чак келеби? Күрүч шалысы айдалгандан оруп алганга чейин чөлкүлдөгөн шалы бою сууда жатыш керек. Ал учурда Туркменстан, Тажикстан, Каракалпак Республикалары да түмөндөгөн пахта планын аткарышчу. Кыскасы, Совет доорунда тагылган пландарды аткаруу алакетинде сугат талааларынын муктаждыгын камсыз кылуу максаты менен Арал деңизинин тагдырын, келечегин ойлоп да

коюшкан эмес тура. Аралдын баштагы климаты өзгөрүп, Аралдын шамал учурган туздуу чаңы көчмө булуттарга чыгып, андан жааган жаан-чачын аркылуу булуттардын жеткен жерине чейин барып, жаан менен жерге түшүп, жердин түшүмдүүлүгүн төмөндөтүп, ар кандай жан-жаныбарларга илдеттерди алып келип, айрыкча бийик тоолордогу мөңгүлөрдү күтүүсүз эритип, жаратылыштын калыптанган туруктуулугун бузуп, жер астында суунун запасын азайтып, адам баласына ар кандай мүшкүлдөрдү алып келүүдө. Арал коркунучуна барып-барып тыягы Батыш Европага, быягы Владивосток, Японияга, түштүгү Индия, Кытайга, түндүгү Тайга токойлорун аралап жетчүдөй. Биздеги эле кийинки мезгилдердеги климаттын өзгөргөн катаалдыгы Аралдан эмеспи?.. Демек Аралдын залалы тегерегиндеги эле мамлекеттер үчүн эмес, бүткүл Евразия элдерине тийчүдөй. Ошон үчүн Арал эл аралык бүткүл дүйнөлүк коомчулуктун көңүлүн бура турган маанилүү маселеге айланды.

Биринчи Аралдын маселесин дүйнөлүк коомчулукка, ООНго алып чыккан Казакстан мамлекети, анын патриот атуулу акын М.Шаханов болду. Арал тууралуу М. Шахановдун билдирүүсүнөн кийин бир нече дүйнө өкүлдөрү, адис окумуштуулар катышкан Аралды калыбына келтирүү маселесин чечүү, ага карата иш-чараларын көрүү, керектүү каражат топтоо каралган. Арал маселеси боюнча экологияга тиешеси бар эл аралык уюмдардын катышуусу менен дараметтүү комиссия түзүлгөн. Жакында Бишкекте ошол комиссиянын кезектеги жыйыны болуп өттү. Арал деңизин кайрадан толтуруу үчүн, баштагы куйган куймалар сугатка керектелүү кызыкчылыктан максимумдук деңгээлде үнөмдөлүү талабы Орто Азия жана Казакстан Республикаларына эскертилип, жоопкерчиликтери милдеттендирилген.

Арал деңизинин Сырдарыя куймасынын башаты бизден, Нарын, Карадарыядан башталат. Биз болгон сууну чып-чыргасын коротпой берип келебиз. Бул дарыялардан бизде сугат үчүн эч пайдаланылбайт. Бизден шар эле Өзбекстандын

аймагына өтүп, андан ары кетет. Өзбекстан, башка Орто Азия өлкөлөр үчүн жаралгандай. Демек, Аралга эч залалыбыз жок, кайра пайдабыз зор. Аралдын бир куймасынын башаты – бизден.

Керектелүүчү, чыгымдалуучу каражаттар боюнча эл аралык «Арал» фондусу түзүлгөн жана Аралга түздөн түз тиешеси бар республикалардын ар бирине ар башка суммадагы төлөм чыгаруу милдеттендирилип каралган. Аралдын перспективалуу, ар жылдык аткарылуучу пландары түзүлүп, андагы иш-чаралардын аткарылышына жооптуу адамдары чегилип, контролдоо милдеттери көрсөтүлгөн. Азыр ошол план боюнча аткарылуучу иштер, жыйындар кызуу темпинде.

Буюрса, келечекте Аралдын коркунуч кесепетинен дүйнө элинин санаасы тынып, жапа чеккен өлкөлөр биротоло арылат болуш керек. Бирок ал күндү жакынкы убакыт аралыгы менен болжошко болбойт. Анткени Арал трагедиясынын залалынын алгачкыларын көрүп, кийинкилеринен жүрөгүбүз үшүп, анан коңгуроо кагып, кечигип калдык. Мунусуна да шүгүрчүлүк. Андан көрө, Аралдын трагедиясынын «оорусун» баарыбыздын оорубуз деп кабылдап, керектүү кол кабышыбызды аянбайлы!

Үйрөтүү жана багыт берүү максатында.
2002-жыл

КЫРГЫЗСТАНДЫН ЭКОНОМИКАСЫН КАНТИП КӨТӨРӨБҮЗ?

Ырас, экономикабыздын көтөрүлүшүнө Казакстан, Түркмөнстандай кара алтын, нефть, газыбыз жок экен, же Россиядай каражат алып келе турган түркүн-дүйүм булактарыбыз жок экен, бирок акыл менен бардык мүмкүнчүлүгүбүздү орундуу иштете, таба билсек, аз сандуу өлкөбүзгө жетерлик, керек болсо өзүбүздөн ашып, кайра казынабызга каражат алып келе турган киреше булактарыбыз көп эле болчудай.

Биз өз алдынчалыгыбызга ээ болгондон бери башында эки мүмкүнчүлүгүбүздү мамлекеттин жалпы кызыкчылыгы үчүн туура пайдаланбай катуу жаңылыштык кетирдик. Ал мүмкүнчүлүктү бир ууч кызмат-бийлик ээлери эгоистик жеке баюу кызыкчылыктары үчүн жең астынан мамлекеттик мүлктөрдү (мейли өнөр жайында, мейли айыл чарбасындагы болсун) өздөрүнө арзан баада жашырып-катып, уурдап, бөлүштүрүп алышты. Айыл-чарбасында да жер, мал-мүлктөрдү өздөрүнөн артканын гана карапайым элге бөлүштүрүмүш болуп койду. Эгер мамлекеттин казына кызыкчылыгын, жалпы элдин кызыкчылыгын ойлоп туураматуура так бөлүштүрүп, жеке менчикке сатылса, мамлекеттик казынага көп каражат түшмөк. Анан аны мамлекеттин өсүп-өнүгүүсүнө иштетсек канча завод-фабрикаларды, керемет өнөр-жай, турак жай курулуштарды салсак болот беле? Абдан болот болчу. Мамлекетибизди аягынан тургузалы деп чет жактан 2 миллиардга жакын кредит алыппыз. Ошо алган кредит жалпы мамлекеттин кызыкчылыгы үчүн жумшалып, кайсы көзгө көрүнөрлүк иш жасадык? Же ошол каражаттан иштеп аткан завод-фабрикабыз жок, айыл чарбабызга пайдаланып өнүм берип жаткан эч нерсебиз көрүнбөйт. Байкуш элеттиктер өздөрүнүн колунда бар малы, үлүшкө тийген огородун, жерин иштетип, жан багып жатат. Жериңди азыктандырып ал деп мамлекет ошол кредитке жер семирткич да сатып берген жок. Кыскасы, четтен келген кредиттин эмнеге жумшалып, кайда кеткен

изи жок. Мына, кредитке бул завод, бул фабрика, мобу ири ишкана иштеп жатат, же гигант курулуш объектиси бүттү деп сөөмөй менен көрсөтө турган эч нерсе жок. Ошондой өнөр жай ишканаларыбыздын жогунан канча адамдар бош калып, өлбөстүн күнүн көрүп соода-сатык кылышып, базарларда отурушат. Сыртта тентип, жалданып кул катары күчүн сатып иштеп жүрүшөт, канчама-канчасы уурулук кылып, ичкиликке берилип, кыздар сойкулукка өтүшүп, бузулуп кетишти. Булар жакшылыктын жоругу эмес го.

Ойлоштурсак, бизде деле болсо экономикалык оңолуштун мүмкүнчүлүктөрү бар. Жер жетиштүү, калкыбыздын санына салыштырмалуу ашык да келет. Климатыбыз жагымдуу, суубуз мол, жерибиз түшүмдүү, тообуз малга жайлуу, жайыт кенен. Совет доорунда койдун өзү 12 миллионго жетпеди беле. Азыр анын теңи да калбады. Элибиз мал-жандуу. Мал чарбасынын тукумун асылдандырып төрт түлүк малды көбөйтүү керек. Ал үчүн Казакстандай мал күтүүгө, тукумун көбөйтүүгө элеттиктерге кароо-күтүү колунан келүүчүлөргө милдеттендирип, 5–10 жылдык мөөнөт менен кредит берүү керек, процентин азайтып. Ошондо мал-жандуу элибиз туягын санап күтүп, тез эле илгерки коллективдештирүүдөгү дыйкандардай байып, өздөрүнө да жакшы, мамлекетке да пайдасын келтирет эле. Мында мамлекет ветеринардык кызматын көрсөтүп, өлүм-житимден сактоо камкордугун көрсөтүш керек, анын акысын элден уюштуруп. Барган сайын малдын баасы көтөрүлүп, баркы билинүүдө. Эл ашыкча малынын баасын чыгарып, коңшу казак, өзбек, орус мамлекетине продукция катарында соодалашып өткөрүүгө неге болбосун. Айыл жеринде ар кимдин үлүшүнө тийген жерлерди, уюшкан фермер, кооперативдердин айдоо аянтын өндүрүмдүү пайдалануга, ошондон мамлекетке алык-салыгын төлөп пайдасын келтирүү үчүн көмөк көрсөтүү мамлекет тарабынан дайым үзгүлтүксүз, кечиктирүүсүз жүргүзүлүш керек. Алсак, айдоо-жыйноо учурунда механикалар күйүүчү майы менен элдин муктаждыгын, талабын канааттандырып иштеп тургудай болсун.

Күн аптабы өтүп кетсе, же жаанда калса, түшүмдүн сапаты төмөндөйт. Бул жеке ээсине да, мамлекетке да залал. Айрыкча биздин эл кийинчирээк «Эр эмгегин жер жебейт», «Саргара эмгектенсең, кызара бөртөсүң» деген накыл сөздүн маанилерине турмуштук зарылчылык катары түшүнүп, жандалбас аракет жасап калышты. Азыр ар ким өз аракетинен, пешенесинен көрөрүн, баштагыдай мамлекеттин кароосунда эмес экенин түшүнүштү. Чынында эле, азыр элди, жарандарды баштагыдай мамлекет камкордугуна алып бакпастан, эл мамлекетти багып, мамлекет кармалууда. Башкача айтканда, элден алган ар түрдүү алык-салыктардын эсебинен мамлекетибиз жашоодо. Болбосо мамлекеттин өндүргөн эмнеси бар? Кайсы киреше кийирген булактары бар, сырттан алган карыздары эле болбосо. Азыр мамлекеттин менчигинде киреше кийирген эч нерсе жок. Бүт ири ишкана, орто, кичи ишканалардын баары жеке менчикте, өз ээлери бар. Алардан түшкөн алык-салык мамлекеттин кызыкчылыгына жумшалууда.

Ушу мезгилде элеттик кыргыздар да жерди иштетүүнү, пайдасын табууну эле билип калды, тили буруу элдердей эле. Дыйканчылыкта өз убагында жерди иштетүүгө механизация, күйүүчү май жетишпей, өксүп калуулар элдин кендирин кесүүдө. Анан өндүргөн азык түлүгүн өз убагында сатып өткөрүүгө мамлекет тарабынан камылга көрүлсө, элге чоң эмгекке шык берер эле, кызыгуу аракеттери артар эле. Алган түшүмдөрүн сатып өткөрөр жер, кардар таппай убара болуп, сатса да кызыл-кулактык менен арзан алчуларга сатып, кылган эмгегинин акыбети кайтпай иренжип, кыжалат болуп, кийинки түшүм эмгегине мойну жар бербей көңүл калды болгондор да жок эмес. Мындай кемчиликтер көптүн көңүлүнө тийип, демилгесин өчүрөт эмеспи. Өндүргөнүңдүн үзүрүн көрүп, чечекейиң чеч болгонго не жетсин!

Элдин оокаты оңолуп, экономикабыздын көтөрүлүшүнө мал жана дыйкан чарбасын өркүндөтүүдөн башка туризмди өнүктүрүүбүз керек. Кудай таала бизге жаратылышты аябай

берген экен. Жергебиздин бардык аймагы туризмге ылайык. Бардык жеринен туристтик база уюштурса болот. Ысык-Көл өрөөнү, көл айланасы туризм үчүн жаралгандай. Көлдүн аймагын толук пайдаланып, туризмдик базада иштетсек, касиеттүү көлүбүз эле өлкөнүн улуттук кирешесинин 20–30% түзөр эле. Ал үчүн мурдагы көл жээгиндеги пансионат, санаторий, дом отдыхтардын – баарын ортого алып эсептеп, анан рекламалап, көбүнчө чет элден, алыскы чет элдик кардарларга 20–30 жылдык мөөнөткө жерди же мурунку туристтик жайларды келишим менен арендага берсек болот. Анан алар эксплуатацияга бергенден келишим мөөнөтү бүткөнгө чейин, ар жылкы кирешесинин 30–40% Кыргызстанга берип, калган кирешесин өздөрүнө алып, кийин калтырып кетүүгө милдеттендирген келишим менен гана берүү керек. Эч убакта эч кимге жерди да, жайды да сатпоо керек. Кийинки урпактарыбызды да ойлонолу. Өткөндүн кесепетинен урпактарыбыз эмнеге жапа чегиш керек?

Туристтик базаны тоолуу, климаты катаал деген Нарын дубанына да уюштурса болот. Соң-Көл, Сандык, Ак-Сай, Арпа жайлоолоруна жүз, сексен баштуу боз үйлөрдү тигип, ичи-тышын жасалгалап, желе тартып, кулун байлап, кымыз берип, эт, сүттөн кыргыздын тамак-ашын даярдап, колдоруна кайырмак карматып балык уулатып, ат токуп мингизип, жүрүш жасатып, көңүлдөрүн ачып, эс алдырууга эмнеге болбосун! Муну кызык көрүүчү туристтер да чыгат. Жайлоонун абасынын өзү эмне керемет!

Кыргызстандын кайсы жеринен болбосун кокту-колоторунда, адыр-жылгаларында кышкы лыжа тебүү сезондук туристтик база түзсө болот. Ал жерге жылуулук менен камсыз болгон отелин кошо салып, тейлөө кызматынан кынтык таппагыдай уюштуруу колубуздан келбейби? Келбейт десек, келчүлөрдү чакырып, келишим түзүп ишке салалык, натыйжасын күтөлү. Өзүбүздөн эч кимге мурунку туристтик жайдан да, жерди да бербеш керек. Берген менен көңүлдөгүдөй иштете албайт, иштетсе да кайрымы жарытпайт, катып-кытып. А сырттан келгендер мыйзам түрдө

келишим боюнча кайтарымын толук жасайт. Алар уяттуу келет, мыйзамды кармашат.

Айрыкча түштүктө туристтик максатта пайдалана турган кокту-колот, адыр-жылгалуу жаңгак токойлуу бөксө тоолор абдан көп. Арсланбаб, Кызыл-Үңкүр, Орток, Кара-Алма, Сырт, Тоскоол, Сары-Челек, Саламалик, Кара-Шоро ж.б. жерлери эмне деген бейиш жерлер! Ал жерлердин ар бир кеткен колотторуна жол кылып, туристтик жай салып база уюштурсаң болот. Кербендин сыртындагы Пачата менмен деген кайсы жерден кем? Ага чейин узун-узун кеткен колоттору деле Пачатанын өзүнөн кем эмес. Ошо колотторду өрдөгөн адамдын өзү ажайып токойдун жаркын жаратылышына арбалып чыккысы келбейт. Кыргызстандын ажайып кооз жерлери туристтик база үчүн «мен», «мени» деп даяр турат. Чынында, Кыргызстандын экономикасын көтөрүүдө туризм, ага ыңгайлуу жаратылышын пайдалануудан өңүмдүү артык эч нерсе жок.

Экономикабызды жогорулата турган биздеги бирден-бир булак – электроэнергиясы. Мунун да негизи – кудай берген тоо-тоодон, адыр-жылгадан агып түшкөн мөңгү, булак суулары. Бир жерде ичерге суу таппаса, бир жерде кечерге кечмелик таппайт имиш. Аны сыңарындай кудай бизге тоону энчилеп, мөңгүсүн мол бериптир. Океан, деңиздин жээгинде, ортосунда турган айрым мамлекеттер ичүүчү сууга таңсык. Иччү суу жогунан коңшу же алыскы материктерден кеме менен ташып ичишет, тоңдуруп запастап пайдаланышат. Алсак, төрт тарабы кең суу Куба, деңиз жээгиндеги Израил, араб өлкөлөрү ж.б. А бизде иччү суу менен машина жуубуз, чочко, малкананын алдын күн жылууда насос менен жууп тазалайбыз, ашканаңы койдук. Мына, бирөөгө кор, бирөөгө зар деген!

Ал эми ошо мөңгү сууларынан куралган чоң өзөн суулардын кубатын пайдаланып курулган электростанциялардан алынган электроэнергиясын сыртка баасын чыгарып сатуу менен канчалаган киреше тапсак болот экен. Биздин электроэнергиясына Пакистан, Кытай мамлекеттери кардар

чыкты. Бирок сыртка сатканга жеткен электрибиз, өзүбүзгө тартыш болуп, кез-кез ар жерде өчүрүлүп, үнөмдөлүп жатканы кызык... Сыртка саткан баага салыштырмалуу өзүбүзгө кымбат болгону түшүнүксүз...

Эл аралык тажрыйбада бир абадан башканын баары сатылып, баасы болот экен. СССРдин курамында кезибизде агын суубуздун баасы билинчү эмес, сугат үчүн пайдаланганы коңшу өлкөлөргө бекер болчу. Эми бизден агып сыртка чыккан суунун жеткен жерде пайдасын көргөндөр акча төлөш керек. Чын эле жылына өзбек, казак республикалары канча миллиондогон куб сууларды сугат үчүн пайдаланып келишет. Эми мындан ары кубуна акча өлчөп сууну сатып, киреше алышыбыз керек. Жакында өз ара үч мамлекет келишимге келишти көрүнөт.

Экономикабызды көтөрүүгө көмөк жергебизден чыккан табигый кен байлыктарыбыз эсептелет. Өзгөчө түздөн-түз киреше алып келүүчү алтын запасыбыз. Алтын кени көп жерден чыгат. Анын эң көп киреше алып келери – Кум-Төр. Бирок канча жыл иштетилип жатат, жарытарлык киреше-син укпадык, көрбөдүк деп жүрүшөт. Кейпи келишим боюнча Канадага кетип жатат окшобойбу. Качан толук өзүбүзгө буруларын билбейбиз. Башка жерлерден чыккан алтын кендерин да чет элдик компанияга берилет деп айтылган. Алсак Сары-Жаз, Жер-Үй, Өзгөрүш алтын кен байлыктарын. Азыр өзүбүздө каражат жок аларды иштетүүгө. Каражатын жумшап, иштетип беребиз деген, ишеним арттырган компанияга келишим менен берилет. Алар өз кызыкчылыгын эсепке алып, келишимдик пайдасын чыгарып, анан бизге таштап кетет. Андайга көнбөскө аргабыз жок. Болбосо жерге катылуу бойдон кыймылсыз жата берет. Ушул учурда алтындан башка деле киреше бере турган (аз болсо да) кен байлыктарыбыз арбын эле. Иштетүүгө каражаттын жоктугунан жакшы көңүл бурулбай жатат өндөнөт. Алсак, коргошун, сымап, сурьма, ташкөмүр, калай ж.б. Башта иштетилип «Кыргызстан Орто Азиянын кочегары» деген атак алып келген түштүк зонабыздан казылып алынуучу ташкөмүр-

лөр өңгөлөрдү коёлу, өзүбүзгө казылып алынып, пайдасын толук тийгизе албай калды. Алар жогорку кубаттуулукта, керектикке иштелбей калды көрүнөт. Дүйнөлүк запастык, эталондук мааниси бар деген сурьма, сымаптарыбыздын кирешеси жөнүндө угулбай калды. Демек алар деле көмүрдүн акыбалындай окшобойбу. «Кайран гана кең байлыктар!» – деп баш чайкайсың акырында.

Экономикабызды көтөрүүнүн акыркы мүмкүнчүлүгү жарандардын мамлекетибизди өнүккөн, бай өлкөгө айландырсак деген ар намыстуу патриоттук ар кандай демилгелүү аракеттери, адал эмгеги, ар кандай көңүлдөн чыгарган акчалай кошкон салымы ж.б. Бир кезде Турцияда Ата Түрктүн учурунда ушундай патриоттук аң сезимдүү мамлекетке массалык колдоо болуп кризистик абалдан чыгарып тез эле өнүгүп кетүүгө жетишкен экен. Бирок биздин колдон келип турган жарандардан андай гумандуулук, патриоттукту күтүүбүз кыйын го. Биздеги азыркы миллионерлер байыгандын үстүнө байысам дейт. Хансарайларды салсам дейт, машиналардын түрлөрүн алсам дейт. Мамлекетке ашыкчасын берсем дебейт. Чынында, ошол байлыктын түбү, негизи мамлекетти (мурдагы, кийинки) талап-тоноодон болгонун ойлонушпайт. Совет доорунда байлык жыйбай эле, жетерлик каражат менен 70 жыл жашап келдик эле го. Баюу санаабызда болгон эмес, топук кылып жашаганбыз.

Кыскасы, мамлекетибиздин экономикасын көтөрүү ар бир жарандын ар-намысы, патриоттук аң-сезими, адал эмгеги, демилгелүү аракеттеринен болот.

Жаналиева Н.
11– «Б» класс. 2003-жыл

БАҢГИЛИК – УЛУТУБУЗГА ЖАТ КӨРҮНҮШ

Баңгиликке барганың
Балекетке калганың

(Накыл сөз)

Баңги заттарды колдонуу улутубузда деги эле болгон эмес. Бир кезде жергебизде апийим айдалып, түшүмү жыйналып мамлекетке өткөрүлүп жүргөн учурда деле, апийим ичкен арабыздан болбоптур. Бишкекте Пенко-Джутовый кенаф фабрикасы иштеп, кендир мешок, жип-шуу, аркан ж.б. чыгарган учурда Чүй өрөөнүндө колхоз-совхоздордо куурай өстүрүлүп, аны комбайн менен чаап, фабрикага тапшырышчу. Ошо комбайн чапканда, кара куурайдын баңгизат эң таза ширесине тиши батташып, токтоп калчу экен. Комбайнчылар анын наркозат экенин эч билишпегендиктен, колдонушпагандыктан, батташып чокмороктошкон комбайндын тишин кармаган залал зат катары көрүп, балка менен уруп, чагып түшүрүп таштап, чабындысын улап жүргүзүп кете берчү экен. Аны наркозат экени капарында болгон эмес. Болбосо колдонбосо да, баасын чыгарып сатып, пайдасын көрүүнү көздөбөйт беле. Бир чети аны наркозат экенин, анын маани-маңызын билишпегенине да шүгүрчүлүк, болбосо каракуурай талаасында иштеген канча адамга залалы тиет эле. Апийим айдалган мезгилде, ичип колдонгонго үйрөнүшпөсө да, пендечилик кылышып, жашыруун уурдап сатышып, кармалып, канча адам түрмөгө олтуруп азап тартышкандар болгон. Деги эле баңгизаттын залалдан башка пайдасы жок окшобойбу.

СССРдин учурунда башка мамлекеттерге Совет өлкөсүндө баңгизатты колдонуу да, соодалашуу да жат көрүнүш деп төшүн койгулап актанып, ал жагынан өздөрүн идеал көрсөткүсү келишчү. Ал учурда былгыган жамандыктарын да жашырып-жаап эч сыртка чыгарчу эмес.

Дүйнөгө белгилүү жазуучубуз Ч. Айтматов «Кыямат» романында баңгизатты адам өмүрүнө кыянат келтирүүчү, акыр кыяматка алып баруучу көрүнүш катары эскертип, адалсынган Совет өлкөсүндө да чыгыштан батышка, түштүктөн түндүккө чейин наркозат жыйноо, аны менен жашыруун ич ара соода жүргүзүү бар экенин, а түгүл аны колдонуп, ашынган кайфынын тузагына илинип, илдетинен чыгалбай, бузулгандар көбөйүп баратканын коңгуроо кагып, көңүл бурууга чакырган эле. Көрсө, Совет өлкөсүндө деле көптөн бери эле Россиянын кээ бир ойдуңдарында, айрыкча Орто Азиянын өрөөндөрүндө, Казакстандын талааларында жапайы канапля куурайы адам боюнан бийик өсүп, анын гүлү, бүрүнөн жалбырагына дейре наркозат катары пайдаланарын билишип, бышкан сезонунда ар кайсы жактан адамдар топ-топ болуп келишип, ээн талаа, түздө жамырап «түшүм жыйноо» алакетинде болушчу тура. Алардын арасында көпчүлүгү өздөрү да колдонуп кумарын таткандар бар, бирок баарынын негизги максаты баасын чыгара сатып, пайдасын көрүү болгон. Башкаларды ууландырып жатканы менен иши жок. Демек ар кайсы жерде алуучу кардарлары да жетиштүү көрүнбөйбү.

СССР урап, эгемендүүлүккө ээ болгондон бери Кыргызстан, Тажикстанды баңгизат көп өндүрүлгөн Афганистандан Россия, Казакстанга өтүүчү дарбаза, жол деп келишүүдө. Чынында эле, баланча килограмм, түкүнчө килограмм менен чек арадан же бажы тосмодон кармалды дегенди көп эле окуп, угуп калабыз, а көмүскө кеткени канча...

Дегинкиси, баңгизатты колдонгондор, аны колдоно албай туралбай калат имиш. Эркин бийлетип, андан чыга албай калат окшобойбу. Наркозаттын түрү болот экен. Анын кээ бирин ийне менен сайып, кээ бирин чылап ичип колдонот дешет. Жеңил колдонуу, тамекиге кошуп чегип же мурунга жыттап, тартып да колдонуунун түрү бар экен.

Баңгизаттын кумары күчтүү көрүнбөйбү. Аны колдонгон учурда эки дүйнө бир келип магдырап, жаның жай

алып, күчү таркаганча ырахаты жазылбайт имиш. Ал эми колдонуу убактысы келгенде, же өткөндө жаныңды коёрго жер таппай кыйнаганы ушунчалык азап берет имиш. Ошондо баңгизатты берем деп каалагандай шартты койсо, эч тартынбастан аткарууга макул болорунда шек болбойт экен. Ч. Айтматовдун романындагы энесин өлтүргөн Маңкурттай ошондой шертке да жан айласы үчүн барчудай го.

Адамдык сапаттан ажырап, мынчалыкка барып наркоман болуунун кандай артыкча кызыкчылыгы болду экен? деген суроо туулат.

Наркомандыкка баруунун жолу да ар түрдүү болот дешет. Көбүнчө акыл токтото элек жаш кезде азгырууга алдырып, кызык көрүп колдонуп, алгач анын азезил кумарына чалдыгып, кийин колдонбой тура албай турган жан кейиткен оорусунун дабасы катары көрүп, биротоло баш оту менен кирип, чыгалбай өлөрүн акырын күтүп калат тура.

Айрымдар наркоманияга зордук күч менен, айрымдар өзү наркоман болгондор башкаларды да өзүндөй болууга алдап, азгырган карасанатайлыгына илинип да наркоман болуп кетишет. Дегинкиси, баңгизатка алдырган адамды дарылоо кыйынга турары, дарылоодон адам болгону сейрек кездешет экен медицинада.

Баңгизат илдетине чалдыккандарды арылтуу ыкмасын ойлоп тапкан дүйнөгө атагы белгилүү өзүбүздүн нарколог Ж. Назаралиев көп жылдан бери кыйла адамдын сообуна калып, адам катарына кошуп, алкышына ээ болуп келет. Назаралиевдин ыкма, дарылоосу уникалдуу натыйжалуу окшойт. Жер шаарынын бардык бурчтарынан баңгизаттан азап чеккендер кайра адам болушту самап келет дешет. Ачынган наркомандын жакындарына, үй-бүлөсүнө алып келген залалы аргасыздан тирүү жүрүшүнөн аша кечүүгө чейин алып барат дейт.

Тилекке каршы, кийинки кездерде биздин жергебизде да баңгизаттын илдетине чалдыккандар кездешип, ооруканага алынып жаткандары кейитет. Айтууга караганда

Ысык-Көлдүн Түп, Аксуу райондорунда кара куурайдын баңгизатын үймө-үй жашыруун топтоп, тыштан келген клиенттери менен соода кылышат имиш. Мунун түбү-өкүнүч... Ошон үчүн мейли кичүү, мейли улуу акылы бар адам эч убакта кандай гана азгырыкка болбосун алдырбастан, акыл токтотуп баңгизатынан оолак болушту көздөйлү. Баңгизат жашоо турмушуна тушоо салып, адамдык сапаттан ажыраткан, өмүр саатын кыскартып, өлүмгө дуушарлаткан адамдын XX – XXI кылымдагы эң залалдуу оорусу экенин дайым эсибизге туталы.

Ашыралиева А.
10– «Б»класс. 2003-жыл

КАЙДАСЫҢ КАЙРЫМДУУЛУК?

Кыргыздар
Токтогула?
Энесин таштаганды
Атасын таштаганды
Эл журтка кошпогула!
(Ш. Дүйшеев)

Кайрымдуулук адамзат дүйнөсүндө бир эл же бир журт жаратылыш кырсыгына кабылганда: жер титирөөдө, сел жүрүп, суу каптаганда, тайфун өтүп кыйратканда, жер көчкү басып каптаганда ж.б. аламатта жердин учу-кыйырындагы өлкөлөрдөн көңүл айтып, кайгыны бөлүшүп, материалдык жардам көрсөтүшүп, кайрымдуулук кылганда, кандай демөөр көңүл болот?! Алкышыңды айтып жетине албай каласың. Совет доорунда жер-жерде болгон кырсыктардын жигин билдирбей, Эл аралык кызыл крестин жардамын албай, башка өлкөлөрдөн болчу материалдык жардамды да кийирбей, четке кагып келгенине таңданасың, эмне себептен башка өлкөлөрдөн жашырып, кымырынып келгенибизге акыл жетпейт. Деги бир чолок саясаты болгон го, жоготууга көңүл айткан, жардамга кол сунгандын эмнеси жаман? Байманабыз ашып-ташып жашасак да бир жөн.

Азыркы эгемендүү мезгилибизде андай табигый кырсыкты коёлу, кедейликтин каатынан чыга албай турганыбызда абалыбызды түшүнгөн жер шарынын ар кайсы өлкөлөрүнөн гуманитардык-материалдык жардамдар келип турууда. Андай кайрымдуулук көрсөткөн элдерге алкышыбызды айтып, ыраазычылыгыбызды билдирбегенде кантебиз?

Биздин мамлекетибиздин ичинде көзгө көрүнүп, сөзгө алынып калган жеке менчик чоң ишканалар, фирма, чоң табыштуу бизнестик уюмдардын, жеке менчик банктардын ээлери эмнегедир ушул убакка чейин мамлекеттин экономикалык өсүшүнө материалдык-финансылык жактан колкабыш кылып жардамдашууну ойлоп да коюшпайт. Ал түү-

гүл закондуу салыгынан качышып, мүлтүндөтүп азайтып, аз суммада төлөөгө жол издеп, изин жашыргандарын кантесиң. 70 жылдык Совет доорундагы чектелүү жашоонун зардабы өтүп калган бейм. Пейли тойбой, ачыгып калгандай. Ата Түрк өз учурунда бүт Турция элине кайрылып, ар ким эмгектен тапкандарынан көңүлдөрүнөн чыгарып, өздөрүнөн ашканын мамлекеттин казынасына төктүрүү менен өркүндөп өскөн өлкөгө айландырган экен. Биздин элден андай патриоттор чыккыдай эмес. Өзүмдө эле болсо деген эгоисттер арбын. Тоюнбагандардын ток пейил тартышы болор бекен? Ошолор өлкөнү коёлу, кайыр сурагандарга соопчулук үчүн арзыбаган кайрымдуулук көрсөтүшөт болду бекен? Эң кур дегенде ошого барышына да көзүң жетпейт.

Азыркы байлардын айрымдары мамлекеттен эгемендүүлүктүн алгачкы жылдары кредитти узак мөөнөткө олчойто алып пайдаланып, кийин кайтарууга келгенде, мурунку акчанын баасы түшүп, ошо бойдон боюна сиңирип, төлөмүш болуп байыды да калды. Ал түгүл чет мамлекеттен алган ушул кезде 2 миллиард долларга кеткен кредиттин так изи жок карызда отурганыбызды не десек болот? Ушинтип ууруулук жол, оңой олжо менен байыгандардын же мамлекетти, же элди ойлобой, жеке байыгандын үстүнө байып: хан сарай салып, анын ичин дүр дүйнөгө толтуруп, машиналардан машина алып, дүйнөсү менен атагын чыгаргысы келип, манчыркап жашагандарына кыжырың гана кайнайт. Алар базардагы ар кайсы жакка барып эки ийнин жеп, жанын тиштеп, кордук көрүп соода жасагандардай ак эмгектен табышса, миң байыса мейли эле, аш болсун дейт элек.

Ушул мезгилибизде кайыр сурап, мусор оодаргандар көбөйүп кетти. Алардын ахвалын мамлекет тарабынан камкордукка алуу бар болду бекен дейсиң. Бирок мамлекетибиздин ахвалын көрүп турабыз го. «Жыргаганымдан жылкычы болуптурмунбу» дегендей жарым миллионго жакын кыргыздар Россия, Казакстан, чет өлкөлөрдө көр тирликтин айынан тентип жүрүшөт. Бирөөнүн эли, бирөөнүн

жеринде ар кандай кордоолорду көрүп, жумуштун ооруна чыдап, ысык-суукка калып, койчу, ит көрбөгөн кордукту көрүп, күн өткөрүшүүдө, жыргап кеткен эч нерсеси жок. Байкуштар жанына таш батканда, ушул ахвалга дуушар кылгандарга наалат айтып, каргайт болуш керек.

Деги кылапат айтып, кудайдан көрүшпөсө болду. Бул жерде аларга кудайдын тиешеси жок. Тартыш мезгилде элдин пейли да бузулуп кетет бейм. Жер-жерлердеги карылар үйүнө кыргыз улутунан көп түшүүдө деп газетадан, айың сөздөрдөн угуп келебиз. Ошолор таптакыр багар-көрөрү жок болуп келишсе бир жөн, анда тагдырына таарынса болот. Ал эми жакын туугандары же уул кыздары болуп, ошолор батырбай, карабай карыялар үйүнө бериши ата салтына да, мусулманчылыкка да жатпайт, осол жат көрүнүш. «Карысы бардын ырысы бар», – дейт элде, үйгө кулпу да керек, байкуш карылар үйүн кайтарган кулпуча да жокпу? Карааны канча? Алардын пайдасы болсо болот, бирок эч залалы жок. Уул-келиндин же кыз-күйөөсүнүн, ал түгүл небereлеринин көзүн карагандан башка кайсы зыяны болмок эле... Кайрадан айрымдарынын аларга жакшы көрүнөйүн деп сакалдуу башын кичирейтип, кошомат сүйлөп жагымпоздонуп турганын көрүп, быякта туруп бооруң ооруйт, «Кайран киши!» деп, жаман жерге түшкөн кулдай болуп турганына зээниң кейит. «Бу деги ата-энеге болчу жылуу сезим, ылым саноо деген кайда кеткен?» – деп денең жыйырылып түңүлөсүң. Ата-эне уул-кызынан убай көрөйүн деген тилек менен алпештеп чоңойтот го. Анан акырында көрөр күнү, «сыйы» ушубу?..

Абышка-кемпир экөө тирүү болуп айрылышпай жашаса, балдарынын көзүн карабай бири-бирин эш тутуп жашоолоруна болот дечи, жалгыз калышканында аргасыз уулкыздарынын кароосуна муктаж болушат. Чынында, андан кийин эчкинин жашындай өмүрү калганда, колуна алып кор кылбай багып, ыраазычылыгын алып, тиги дүйнөгө бүт зыйнатын жасап, узатып коюуга неге болбосун? Бул пер-

зенттик ата салттык парз эмеспи. Бекеринен кыргыздын белгилүү акыны Ш. Дүйшеев:

Ырысыбыз безип барат боздоп ары,
Ыймаңыбыз кетип барат коштоп аны,
Этке мал тапшыргансып,
Тапшыра башташты азыр карыларын
Көлдө дагы,
Чүйдө дагы,
Ошто дагы...

Кыз-уланы улуусун барктачу эле
Кыяматтык иштерге баспачу эле
Кыйналса да, абийирин сактачу эле
Кыйын кезде итин да таштабаган
Кыргыз качан карысын таштачу эле? –

деп суроо салып, эскертип, намыска чакырып, жарыя кылганы бар эле.

Чын эле, салтта жок жаман жоруктан арылып, каныбызга сиңген салттык кайрымдуулугубузду сактайлы!

Токтомушев А.
9– «А» класс. 2003-жыл

МЕКЕНДИ СҮЙҮҮ ЖАНА ЧЫККЫНЧЫЛЫК КЫЛУУ ДЕГЕН ЭМНЕ?

(«Курманбек» драмасындагы Курманбек менен Тейитбектин мисалында)

Элге эр кымбат,
Эрге эли менен жер кымбат.
(Эл макалы)

Элин коргоп жоо сайган,
Баатырлардын адаты.
(Накыл сөз)

«Курманбек» драмасы 1942-жылы согуш мезгилинде элдин патриоттук сезимин көтөрүү үчүн болгон зарыл талаптын негизинде жазылган. К. Жантөшев драманын сюжетин элдик оозеки чыгармадан алып, иштеп чыккан. Драматург элдик сюжеттин өзөгүн сактап, ой-кыялын кошуп өзгөртүп, түп нускалуу чыгарма жараткан. Алсак, драманын финалы да өзгөртүлгөн. Эпосто Курманбектин өлүмү менен аяктаса, драмада Курманбек сакайып келип, душмандан өч алат. Бул орундуу өзгөртүү болуп саналат, анткени эл сүйгөн каармандын өлүмгө ыраа көрбөйт, ал эл мүдөөсүн акырына чейин өтөш керек.

Чыгарманын сюжетин Курманбек баатыр баштаган кыргыз элинин калмак басып алуучуларына каршы жүргүзгөн күрөш түзөт. Калмак баскынчылары бийлигинин астындагы элден бардык алык-салыктарын чогултуп, болгон буйруктарын аткарып, кыңк эттиртпей баш ийдирип, кыргыздын өз колу менен от көрсөтүп, башкартып, Курманбектин атасы Тейитбекти хан шайлап койгон. Тейитбек хандык бийлик жеке кызыкчылык үчүн душман менен тил табышып, элин сатып, эл мүдөөсүн көздөгөн уулуна каршы чыгып, өлүмгө дуушар кылышка барат. Келечекте келин болчу Айганышты уулуна ыраа көрбөй, Корунга ыйгарып, ортомчулукка

түшүп, Корундун көңүлүн алууну көздөйт. Бул ой-максатына каршы чыккан келинине жаман сөз айтып, күч колдонуп, зордоп алып берүүгө чейин барат, көнбөсөң, башың алам деп коркутат. Айласы кеткенде, атасы Дөлөндүн башы кетет деп, барымтага кармайт. Уулу Курманбектин жоого миниш үчүн, атын суратып жиберген Чагыр жолдошуна:

Көкөй суубайт таптакыр
Курманбек бүгүн өлбөсө,
Атышып жүрүп Корундан
Өлүп калса арман жок.
Тор атым эмес,
Толуктап берер
Жардамым жок! Жогол! –

деп кууп чыгат. Жогорудагы өз атанын сөзү эмес, таптакыр жүнү тескери айланып калган, душмандын сөзү. «Өзгөчө атыңызды бериңиз» – деп ортого түшкөн келинине тескери бата берип, Тейитбектин ушул аракетинин баары Корун койгон хандыктан ажырап калбас үчүн, түгөл курмандыкка чалган жандалбастыгы тура. Барыдан Корундан жарадар болуп, өлүм алдында жаткан уулун Корундан корунуп:

Кокусунан балалыгы
Эсиме түштү.
А душмандыгым
Андан күчтүү...
Ооба, кайгырбайм, мейли,
Курманбектин өлүгү
Көмүлбөй калсын дейли,–

деп Корундун көңүлү үчүн жойпуланып, ээн талаага таштап, баса бергени эч аталык атка, сезимге жатпайт. Тейитбектин бийлик жеке кызыкчылыгы үчүн душманына колтук ачып, элин саткан, уулун караандай өлүмгө түрткөн өзүмчүлдүгүнө кыжырың келип, жийиркенип карайсың. Чынында, автор берген Курманбек менен атасынын ортосундагы карама-каршылык жөн эле ата-баланын чатагы

эмес, турмушка эки башка көз карашта караган күчтүн айыгышкан тирешүүсү.

Чыгарманын негизги идеясы – кыргыз элинин баскынчыларга каршы патриоттук күрөшүн, анын эр жүрөк баатырларынын эрдигин даңазалоо, бул идеянын өтөөсүн аркалаган аракет Курманбектин образынан көрүнөт. Курманбектин образы аркылуу автор эл башына иш түшсө, анын ысыгына күйүп, суугуна тоңо билген, Атажурт үчүн керек болсо кара жанын кыйган патриот эр жүрөктүн образын берген.

Курманбек – өз элинин көз каранды болбостугу үчүн күрөшкөн баатыр. Бул үчүн Курманбек элди калмактарга салык төлөөдөн баш тарттырып, атасына жек көрүнүп, Корундун душмандыгын арттырат. Атасынын элди душманы Корунду дос көрүп, ага жан тартып жүргүзгөн тымызын аракеттеринен коопсузданып:

Кечирип коюңуз, ата
Сизде да толо ката.
Сизди адаштырып жүрөт
Доспуз деген бата! –

деп атасына дос ким, душман ким экенин айыра билүүсүн эскерте келип:

Ата, бүгүндөн тартып
Корун көрүнбөсүн.
Алакандай кыргыздар
Уйдун бөйрөгүндөй бөлүнбөсүн!–

деп так кесе айтат.

Курманбек үчүн эл эркиндиги, биримдиги баарынан кымбат. Ошон үчүн элди баштап, душманды биротоло жергесинен кууп чыгып, элди көз карандылыктан куткаруу үчүн теңдешсиз согушка да бел байлап чыгат. Атасынын Корун менен жең астынан сүйлөшүп кол салдырган, атын бербей кор кылган чыккынчылыгынан Курманбек душман колунан жарадар болот. Кийин Аккан досунун дарылап көр-

сөткөн жардамынан айыгып, душманынан өч алып жеңишке ээ болот. Курманбектин жеңиши – эл мүдөөсүн аткарган, элди боштондукка чыгарган патриот уулдун жеңиши.

Атаганат, Курманбектей эл талабын аркалаган атуулдар тарыхтын баардык мезгилинде болуп келсе кана! Биздин ушул мезгилибизде элибиз Курманбектей жарандарга муктаж. Бирок эл уюткусунан чыгар, түптүү элден түңүлбө дейт эмеспи...

Касымбекова Г.
11 «Б» класс. 2004-жыл.

МЕКЕНДИН ТАТЫМ ТУЗУ

(А. Саспаевдин «Татым туз» аңгемеси боюнча)

«Туулган жериндин
түтүнү да таттуу»
(А. Грибоедов)

Элин сагынбас эр болбос,
Жерин сагынбас ат болбос.
(Эл макалы)

Аңгеме жанры – А. Саспаевдин туруктуу конушу, жазуучулук аброй алып келген калем кудурети. Атактуу сынчы К. Асаналиев: «А. Саспаев – жазуучулук шааниси боюнча тубаса аңгемечи... Аңгеме жанры – анын стихиясы» – деп айткан.

Аңгемелеринин ичинен «Татым туз», «Сарала ит» айрыкча бөлүнүп турат. «Татым туз» тууралуу сынчы К.Даутов: «..., бул эң сонун психологиялык аңгемесинде бир жагынан эл-жеринен ажыраган адамдын трагедиясын, экинчи жагынан ошол эч кимге белгисиз карапайым кыргыз карыясынын Мекен, эл жөнүндө кандай бийик жана таза сезимдерди алдейлеп, кандай улуу сагыныч, сөз жеткис кусалык менен жашап өткөнүн баяндайт. Ушулардын бардыгы психологиялык чыйралуу менен ичкертен ачылып көрсөтүлөт» – деп баа берген.

«Татым тузда» берилген идея белгилүү өлчөмдө автордун автобиографиясы менен да байланыштуу. Ал тууралуу автор: «Ардактуу менин жаш окурмандарым, эл-жерден ажырагандын азабы менен тозогун менчелик өз көзү менен көрүп, менчелик өз башынан өткөргөн адамдар чанда кездешет. Башыңа кылыч кармаса да, Мекке менен Мисирдин бакыт кушун колуңа кондуруп, алтын тагына отургузам десе да, Ата Журтуңду таштап кетпе! Анткени өз Мекениңде жашоодон ашкан бакыт жок» – деп зар какшап эскертет.

Совет доорунун коллективдештирүү мезгилинде мурунку бай-манап төбөлдөрүнүн тукумдарын кулактын тукуму

деп колхозго кабыл албай четтетип, мал жерин ортого алып, өздөрүнүн артынан түшүп куугунтуктап, айласын кетирген. А. Саспаевдин жесир энеси жылкылуу Сарыбайдын кызы болгон үчүн ошондой жектөөгө түшүп, тажаганынан алты жашар баласын жетелеп Кытайга баш калкалап, качып кетүүгө мажбур болгон. Ошол тарыхый катаал кырдаалдын айынан жазуучунун балалык, жигиттик курагы аргасыздан Мекенге деген арман-кусалык менен бөлөк жерде, бөтөн элде өткөн. Ошол тагдыр күйүтүн жазуучу өзүнүн «Татым туз» аттуу аңгемесинде бергени айгинеленип турат.

Аңгемеде алыскы Кытай жергесинде уйгурлар жашаган бир кыштакка отуз жаштардагы Келгинбай деген жалгыз үйлүү кыргыз келип, бир нече жыл жашап калды. Ал үркүп барган кыргыздардан эле. Ошол эл тууган жерге кайтабыз деп калганда, ал катуу ооруп, өлүм алдында жаткан. Келгинбайдын атасы сакалынан жашын куюлтуп Оймокчон келинине: «Жарык дүйнөдө жалгыз балам эле, ал сага аманат! Маа топурак өз эл, өз жерден буюрсун... Неберемди энеңдин этегине салып бер, балам, жыттап жүрөйүн» – деп өтүнөт. Оймокчон ары карап ыйлап, бери карап күлүп, баласын кайненесине карматты. «Мобу түйүнчөктү катып кой. Кокус ары кетип калса, сууга эзип оозуна тамыз. Айыгып мал болсо, колуна бер» – деди кайната жөнөй берерде. Ушул жерден ата менен баланын аргасыз айрылышуусун көрөбүз. Келгинбай кийин эсине келгенде тагдыр жазган оорусуна наалат айтып, өзү айыгып кетсе да, элден калып калганына өксүп, өкүттө жүргөн. Анткени анда эки жуп жанын жеген күйүт калган эле. Бири – Мекенине кайткан топтон айрылышы, экинчиси – оорусунан айыгып, адам болгонунда чек ара жабылып, Мекенге кетүүнүн кеч болуп калышы. Ушу эки кош өкүттүү күйүт өмүрү өткөнчө жанына батып, жай бербей келген болуу керек. Ырас, Оймокчондун акыбети кайтып, Келгинбай келтеден айыгып кетти. Аманатты Оймокчон ак ниеттүүлүк менен сактоого жандалбас жасаган аракетинен аман алып калды. Мында Оймокчон чоң адам-

герчилик көрсөттү. Келгинбайды ажалдын оозунан алып калгандай эле болду.

Ошондон отуз жыл өтүп, Кытайды гоминдандыктар бийлеп турган мезгилде, бүт элди келте каптап, бул алаамат Келгинбайдын кемпирин алып тынды, кырк жыл бирге жашаган жан шерик жары менен түбөлүккө коштошту. «Оо, кудурет, тарт аманатыңды! Эми кор кыла көрбө!» – деп көз жашын көлдөтүп, тагдырдан суранган жандан аша кечүүлүккө да барды. Бирок тирүү жан барда, жашоодон оңой менен үмүт үзүлбөйт бейм. Барып-барып көртириликке кириштн. Нечен кыйынчылыкта баягы атасы аманат калтырган бармактай тузду жалап, өксүк көңүлүн жубатчу. Автор аны: «Өз жеринин татым тузу Келгинбай чалдын өмүрлүк колдоочусу, үмүт менен ишеним берүүчүсү, сагыныч менен кусалыгын таркатуучусу болуп калган эле» – деп өмүр шерик, жан кумарындай, ынак жанындай көрүп калганын баяндайт.

Кемпиринен кийин Келгинбай чалды жашоодон үмүт үздүрбөй эш туттурар Эшбол деген уулу бар эле. Бирок ал уулу көздөн алыс гоминданчылардын сазайын берип, граждандык согушта жүрөт. Тилекке каршы, жамандык жалгыз жүрбөйт деген төгүн эмес тура, аскерде майордук чинге чейин жеткен уулунун согушта окко учуп каза болгонун угуп, акылынан тез эле айнып, жөөлүп калат: «Кечээ Эшеним келип, бүгүн муунум кирип калыптыр. Элге кетет окшойбуз. Менин чоң арманым эле Эшенимди эл-журтуна кошуу...» дейт. Анан колундагы тузду көрсөтүп: «Мына бу – Ысык-Көлдүн, мен туулган жердин тузу. Оо, кагылайын, уйгур туугандар, Эшеним экөөбүздү узатып койгула. Бизди өз жеribиздин тузу тартып баратат. Ушул туз жанымда жүргөндө эл-журтумдун, бир туугандарымдын жанында жүргөндөй болом. Мен жеримди сагынып калганда, ушу туздан жалап алып сагынычымды таркаткам. Мага дүйнөдө мындан кымбат нерсе болгон эмес. Элден, жерден ажырап калуудан артык азап жок экен!» – деп кадыресе акылдуу ой чаргытат.

Бул ата конушунан ажырап, бөтөн эл, бөлөк жерде жокчулуктун кордугун, бирөөнүн зордугун көрүп, өлүп калуудан коркпогон, бирок өз ата конушун көрбөй каламбы деп коркон адамдын өлүм алдындагы кереэзи, арманы, трагедиясы.

Ошентип, «Өз Мекенинде жашоодон ашкан бакыт жок!» деген автордун өз сөзүн дагы бир кайталоо менен аяктаганыбыз орундуудай.

Нуралиев Д.
9– «А» класс. 2003-жыл

«КЫРГЫЗ ТИЛИМ КЫЛЫМДАРДЫ КАРЫТКАН, ЭЧ КИМ АНЫ ӨЧҮРӨ АЛБАЙТ ТАРЫХТАН»

(Мамлекеттик тилдин учурдагы абалы)

Бирге жүрөм эне тилин кадырлайм,
Бул тил менен иштейм, сүйлөйм, ыр ырдайм.
Башка тилди кандай жакшы көрсөм да,
Эне тилин сүйгөнүмдөн жаңылбайм.
(А.Осмонов)

Эне тил... Кандай улуу, кандай касиеттүү сөз! Эне тилим-кыргызымдын тили, мен үчүн улуу тил, ыйык тил. Ушул тилде Манас атабыз ураан чакырып, элин-жерин коргоп келген, бабабыз накыл сөзүн баян эткен, Каныкей энебиз бешик ырын ырдаган, биз да энебиздин алдей ырын укканбыз. Ушул тилде «А» деген арипти таанып, элибиздин тарыхын, үрп-адатын, салтын эне сүтү менен бирге оозанып өздөштүргөнүбүз жөнүндө:

Кыргыз тили – сулуу тил,
Кылымдар баскан улуу тил,
Алатоонун койнунда,
Ардакталган жылуу тил,
Бабаларга жаккан тил,
Баласындай баккан тил.
Ырыскыга баткан тил, –

деп кыргыз элинин каны-жаны менен жуурулушуп келген ыйык тил экендиги айтылат.

Эне тилибизди сактап калуу үчүн бабаларыбыз канча бел ашып, канча суу кечип, эмне деген алаамат күндөрдү баштан өткөрбөдү. Азыркы учурда ошо эзелтеден сактап келген санжыралуу тилибизди бузуп-жарып, башка тилдерди обу жок аралаштырып, таза сүйлөбөгөндөрдү көп эле кездештиребиз.

Уй мөөрөйт уйдун тилинде,
Кой маарайт койдун тилинде,

Ушулардан кем калбай,
Улуттук тилди билүүдө
Уккула болгон менде ойду,
Кыргыздар «киргиз» болбойлу.

(Б. Сарногоев)

Ооба, эң туура айтылган ак сөз. Арабызда өз тилин толук билбеген «киргиздерибиз» жүрбөйбү. Муну көп учурда телекөрсөтүүлөрдөн көрүп-угуп калабыз. Айрыкча кыргыз тилинде так сүйлөй албаган, орусча сүйлөгөндү артык көргөн депутаттарыбызды, жогорку кызматчыларыбызды көрүп, өзүң кичирейип, арданасың. Булар эмне үчүн эне-ата сүйлөгөн тилибизди өгөйлөйт деп кыжалаттанасың. Кыргыздын кыргыздыгын аныктаган улуттук жүзүбүз болгон эне тилибиз сакталып калган үчүн бүгүн минтип өз алдынчалыкка, эгемендүүлүккө ээ болуп, өзүбүзгө толук укуктуу эл катары кыргыз аталып жашап жатканыбызды ойлонушса боло. Тил адам баласынын катнашуу куралы гана эмес, элдерди бири-биринен айырмалап, өз элинин кызыкчылыгы үчүн кызмат кылган, табийгат тартуулаган эң кымбат таберiги эмеспи.

Кыргызда: «Тил байлыгы – эл байлыгы,» – деген сөз бар. Бул тууралуу кыргыздын алгачкы көрүнүктүү окумуштуусу И.Арабаевдин эң сонун айтканы бар: «Ар бир улуттун өзүнчө энчилүү тили болбой, улут боло албайт. Энчилүү тили жок улут маданияттан, агартуудан куру каларында шек жок».

Ар бир улуттун өз эне тили өзүнө ардактуу экендиги жөнүндө:

Кымбаттан кыналышып бүткөн тилим,
Кылымдан азиз энем күткөн тилим.
Төрөлүп бул дүйнөгө көз ачканда,
Жаралып жаным менен бүткөн тилим.

Канымды сыя кылып китеп жазам.
Ким барктаса өз энесин, өз тилин,
Барктай билет дүйнө элинин көп тилин.

Ар улуттун энеси улуу, тили улуу,
Өйдө-ылдый деп айта албайбыз эч бирин! –

деп Шатман Садыбакасовдун таамай айтканы бар.

Калк кастарлаган ушул тилибиз башка тилдин көлөкөсүндө калып унутула жаздап баратканда, кийинки кайра куруунун шарапаты менен тил мыйзамына ээ болгон эле. Ушундан кийин алгачкы мезгилде кыйла жакшы жылыштар болуп, бара-бара солгундап, мурунку Совет доорундагы абалына түшүп калды. Анткени Мамлекеттик тилге мамлекеттик масштабда кам көрүлбөй келет. Ушул себептүү көпчүлүк кыргыз тилинен майнап чыкпасын түшүнүп, түңүлүп, балдарын орус мектептерине берип калышты. Ушу кезде борбор калаабыздын орус мектептериндеги класстарды карап көрөлүчү, көпчүлүгү – кыргыз балдары.

Эне тилибиздин бүгүнкүсү, эртеңкиси бушайман ойго салат... Бирок нечен кылымдан бери жашап келген кыргыз тили, керемет «Манасты» жараткан тилибиз, кантип эле кедеринен кетип калсын деп ишенбейм.

«Эне тил – ошол улуттун автопортрети» – деп улуу талантыбыз Ч.Айтматов айткандай, тил, маданият – улуттун жүзүн ачып көрсөтө турган күзгү. Өзүнүн улуттук кадыр-баркын сактап, башкалардын алдында өзүнүн улуттук жүзүн көрсөтө албаган эл, менимче, ал-жармач эл. Андыктан биз улуттук ар-намысыбыз үчүн дилибизди тазартып, тилибизди өнүктүрүп, ага кам көрүүбүз парз.

Сөзүмдүн аягын Шатман Садыбакасовдун:

Кубанам теңсиздиктин соолгонуна,
Кубанам Кыргыз өлкө болгонуна.
Уул-кызым намысыңды бийик коюп,
Тилиңди кор болуудан коргогула! –

деген кыргыз жаштарына кайрылуусун мисал келтирип, чакырык кылмакмын.

Иштыбаева М.
9 «А» класс. 2003-жыл

«ЭС ТОКТОТУП АР ИШТИ ОЙЛОГУЛА, БАЛДАР АЙ»

(Б. Алыкуловдун адеп, ыйман темасындагы жаштарга арналган ырлары)

> «Адам дүйнөнү кооздош үчүн келген» – деген учкул сөз айтылат. Ал кооздукту Барпы коомду адеп-актык, таалим-тарбиялык жана эстетикалык жактан жакшыртуу, ар кандай чоң-кичине ыпластыктардан тазартуу деп билген.
>
> *(К. Даутов)*

Нускоочу акындардын бирден бир бийик сапаты адеп-ахлактык жана таалим-тарбиялык ырлардын сабап айтып, адамдарды жакшы-жаманды, ак-караны иргей билүүгө үндөшкөнүндө. Бул жагынан Барпы акындын артыкчылыгы оң-терс көрүнүштөргө атайын тема коюп токтолуп, терме ырларынын тобуна салып, санап-санат ырлардын арасына кошпостон, өз-өз алдынча жиктеп, терип-тербеп айтып, сөз менен өңүнө чыгарып, образ таратып бергенинде. Алсак, «Ач көз», «Бузук», «Ушакчы», «Жалганчы», «Питина», «Жел өпкө», «Келесоо», «Жакшы кыз», «Өзү каар, тили заар кыз», «Болор жигит», «Болбос жигит», «Баатырдык», «Марттык» деген ырлар Барпы аярдын Барпыча айткан тарбия-насыят максатындагы ырлары болуп эсептелет. Бул ырларда акын адамдарда болчу оң-терс сапаттарга, кылык-жоруктарга токтолуп, баса көрсөтүп баа берип, тескери жактардын бетин ачып, айыбын чукуп, ашкерелеп оолак болууга, жакшыларын кабылдап, жакын болуп жанашууга үгүттөйт. Ал түгүл акын бул оң-терс сапатка «Болор жигит» «Болбос жигит», «Жакшы кыз» «Өзү каар, тили заар» деп карама-каршы жарыш тема коюп, салыштырып, сындап мүнөздөмө бергени бар.

Адам болор жигиттин
Ак бетинде нуру бар.

Ар кимдерге ашкере
Айтылбаган сыры бар, –

деп ошо сырларын чежиреп чечмелеп берет. Көрсө, андай жигиттин «Алп мүчөгө жарашкан ак туйгундай сыны» болот экен. Чын эле, сын да адамдын адамдыгын чыгарар табияттын чоң белеги. Барыдан киши болор жигиттин киши менен иши бар болуп эл камын көрүп, алака түзүп, элдик азамат болорун айтат. Адатта мындайлардын аңдып жүргөн түлкүдөй душмандары илешип жүрөрүн айтып, акын булардан этияттанышын эскертет. Акындын баасы боюнча «болор жигиттин»:

Сарасап менен сүйлөгөн
Сөздөрүнүн курчу бар-да
Душманына калганда
Калемпир менен мурчу бар сүйлөп, иштеген ишинин чаласы болбой так иштеп, ак жүрөт; бетинде уяты, тутунганы чындык болуп, адамдык баркты дайым сактай жүрсө, кантип көпчүлүктүн көөнүндө болбосун? дейт. Ал эми «киши болбос жигиттин, киши менен иши жок» болуп, андайдын жакын тартып өзүнө жан ачышар кишиси да болбойт экен. Ал урган жөн кишилер эмес,

Теңтуш менен сүйлөшөр
Отурушка кушу жок
Тууганды тууган билбестен
Иштегени доомат-док болгон көпчүлүктүн назарынан чыккан макоо турбайбы. Анын макоолугунан да көрсөткөн «өнөрлөрүчү:»

Орундатпайт жумушун
Тозутат күткөн турмушун
Жети бөлөк кыялы
Жерге тиет зыяны
Жүргөн жерин чыр кылып
Элге тиет зыяны
Улуунун укпай сөзүнү

Шүмшүк кылат өзүнү
Ичерине аш таппай
Жалдыратат көзүнү

Бул наадандын жаңылып турмуш курган түгөйүнүн да шору тура. Тыңгылыктуу иши болбой, жүргөн жеринде чыр салып, элине зыян көрсөткөндүн үй-бүлөсүнө пайдасы тиеби? Акын болбос жигитке акырында:

Туугандан, достон ажырап
Өрттөнгөн бактай сороёт.
Элден, жерден калган соң,
Эссиздикке барган соң,
Эки болбой жоголот –

деп өкүмүн чыгарат.

Ырас, өзүндө акыл болбогон соң, өңгөнүкүн угуп оңолушту көздөш керек да. Ага да моюну жар бербегенден кийин жоголбогондо эмне болот? Мына, болбос жигиттин акыры.

Барпы акын кыз балдарынын да жакшы, жаманы болорун сындап баа берген. Жакшы кыздын кудай берген өң келбети, улуу-кичүүгө адеп сактап көрсөткөн мамилеси, жасаган иши менен айкалышып, көргөндү суктандырып көпчүлүккө жагымдуу, көңүл түшкөнүнө алымдуу болот экен. Андыктан:

Көз артат көрүп калган
Жандын баары,
Болот деп тагдыр буйруп,
Кимдин жары? –

дешип ичинен сызган канча?!

Акын акырында:

Жакшы кыз эне-атанын
Ырыскысы,
Турмуштун тунук, таза
Уюткусу!

Уккандар жалган дебес
Ырымды ушу – деп элге тартуулайт.

Ырасында, кыз жакшы болсо, «ата-энеңе бали!» дедиртип, баркын жогорулатат, өзүнүн да келечек турмушу уюткулуу келип, түгөйүнүн чечекейин чеч кылат.

Акын негедир жакшы кыздын каршысындагыны жаман кыз дебестен, «өзү каар, тили заар» деп атаптыр. Чыны, кыздардын терс сапатынын эң суук тумшугу тили заар, өңү каардуусунда болот бейм. Андайлар адамды өзүнө тарткан ай жаркын, назик, адептүү кыздан айланабы. Акын айткан жаман кыздын жамандыгы бир эле тили, каардуу түсүндө гана эмес, көрсө: «Айылдан айыл кезип, ата-энеден безген, чарчабай басып, ушактын сөзүн сүйгөн, он алтыда көпкөн, озунуп өзү өпкөн» дейди өскөн адепсиз да кыз экен. Жумуш кыл десе, сулкуюп сом темирдей жаткан – жалкоо; ырысын жерге төккөн, ыймандан ыраак кеткен – ыймансыз; ырыскесер кыз экен. Бул ургандын жалпы кыз аттуунун баркына зак кетирип, залалы тиерин эскертип:

Ушундайдан кутулбай
Кыжы-кужу түгөнбөйт.
Кыздын көбүн күнөөлөйт, –

деп акын корутундулайт.

Акындын «Балдарга насыят» деген ыры атайын балдар үчүн күйүнүп-күтүнүп айткан түмөн насаат, акыл чубатуусу десек жаңылышпайбыз. Атаганат, жаштар Барпы авасынын ушул акыл түрмөгүн эсине сакташып, колдоно-тутуна жүрсө, үлгүлүү, үзүрлүү окуучулардан болорун билишет болду бекен?

Өз мезгилинин ойчул акыны Барпы жаштарга таалимчи, жалпыга насаатчы күйөрмандыгын көрсөтүп, гуманист акын катары да таанылган. Акын ушунусу менен да ардактуу.

Өмуров Ж.
10 «Б» класс. 2003-жыл

АТА – АСКАЛУУ ТОО
ЭНЕ – БООРУНДАГЫ БУЛАК
БАЛА – ЭКӨӨНӨ ШАМ ЧЫРАК

Атасы жакшы айттырбайт,
Энеси жакшы дедирбейт,
Сөөгү жакшы сөктүрбөйт.
(Накыл сөз)

Уул жакшысы – ата даңкы,
Кыз жакшысы – эне даңкы.
(Эл макалы)

«Үй-бүлө – кичинекей мамлекет», – деген айтуу бар эмеспи. Чынында эле үй-бүлө курууда эки түгөйдүн алгач көңүл табышкан жылуу сезиминен башталып, анан сүйүп жактырышкан ашыктыкка өтүшүп, баш кошушканына не жетсин.

Үй-бүлөнүн туруктуулугу эки жубайдын ынтымакырашкерлигине эле байланыштуу болот. Үйдүн кожоюну – үйдүн пири. Жубайы, бала-бакыралары кадырлап-сыйлап пир тутуп турушу абзел. Ал үчүн өзү да даражасын сактап, баарына баш көз болуп башкарып, таап-ташып, камкордук көрүп, таалим-тарбия берип, үлгү болуп, аталык вазийпасын орундатышы керек. Ошондо ал үй-бүлөсүнүн сыйлап да, сездеп да көрсөткөн мамилесине татыктуу болот. Айрыкча ата жем ташыган чымчыктай үй-бүлөсүн материалдык, финансылык жактан камсыз кылышты сөзсүз жүктөлгөн парзындай көрүүсү абзел.

«Энени үйдүн куту» – деп келет элде. Үйдүн тынчтыгын көздөп, ынтымагын сактап, жагымдуу атмосфера түзүү эненин назик мээримине, баарын тең караган ак дилине байланыштуу. Эне үйдүн ырыскысын арттырып, берекесин чыгарып, барчылык, молчулук көрсөтүп турат. Табылгаларды жөндүү тейлеп, орундуу жумшап, үйдүн сарамжалы да болуп саналат. Барды бардай колдонуу – сарамжалдуулуктун белгиси. Хозяйканын, үйдүн кутунун, сарамжалдуу болушу – башкы сапат. Уул-кызды тарбиялоо ата-эненин экөөнө тең таандык. Ата-эне – перзенттеринин келечек тагдырына чоң

жоопкер. Андыктан жаштайынан эрезе жашка жеткенге чейин үзгүлтүксүз максаттуу тарбия, билим берүүгө камкордук көрүп, шарт түзүп өстүрүү ата-эненин көңүлүнүн борборунда болуусу парз.

Бала үчүн ата – бел, эне – нур, болуп эсептелет. Ата балдарынын кайсы жашында болбосун бел тута турган адамы экенин эсинен чыгарбашы абзел. Эне болсо, дайым балдары үчүн өмүр жолунда мээрим төгүп, жарык берген нур. Андыктан ата-эне – балдарына ар дайым керек эч нерсеге алмашпас, чыныгы жан күйгөн бирден-бир адамы. Ошон үчүн ата-эне балдарынын тагдыры үчүн жоопкер окшобойбу. Уулу начар болсо, атаңа наалат, кызы начар болсо, энеңе наалат деген сөз бар го.

Эми күнүмдүк турмушта үй-бүлөнүн ичинде өз ара мамиле кандай болуу керек?

Эки жубай балдарына бардык жагынан үлгү болушу керек. Ошондо гана берген таалим-тарбиясы балдарына жугумдуу болот. Алар бирин-бири куштун эки канатындай көрүп ардактап, бири-бирине өбөк-жөлөк болуп сыйлап өтүүнү көздөп, өмүр сүрүүлөрү керек. Ал үчүн ачууга алдырбай көтөрүмдүү болуп, акыл калчап, сезим сыйлап жашоо шарт. Ошондо аларды көргөн балдарына да сыйы болот. Уул-кыздарына ата-эне жакшы жүрүш-турушу, айткан акыл-насааты, орундуу мамилеси менен жагары дайым эсинде болуусу керек. Ата-эне балдарынын да көңүлүнө карап, балдарынын да сөзүн угуп, акыйкатчыл болуусу зарыл. Балдарга талап кой, бирок талап адилеттүү болсун. Талапка жооп бербеген айыбын бала өзү сезгидей, мойнуна алгыдай кылып, анан күнөлөө туура. Ошондо өзү да кайыл болот. Ата-эненин кадыр-баркы артат. Ата-эненин жазалоосу мүмкүн болушунча, күч колдонуу, муштум көрсөтүү, жаман айтуу менен болбостон, сөзгө уяткарып, акылга келтирүү менен болгону пайдалуу. Ачуу сөз, эт оорутуу менен эрегиштирип, күчөтүп алуусу мүмкүн. Оңолтмок түгүл, ойронун чыгарып алуудан алыс болуу оңдур.

Балдардын ата-энени гана сыйлоо, урматтоосу эмес, алардын өз ара мамилелерин тестөө – ата-эненин милдети.

Аганы көрүп ини өсөт, эжени көрүп синди өсөт демекчи, сөзсүз кичүүсү улуусун сыйлап, улуусу кичүүсүн ызаттап туруусу керек. Бир-эки жаш улуусун «байке», «эже» деп атап, улуусуна эч кыяпат кеп, каяша айтпай, улуусу кичүүсүн аяп, эркелетип, мамилелеш болуу – ортодогу сыйлуу сезимди арттырат. Улуусу кичүүсүнө кекирейип мамиле кылбаса, ошондо кичүүгө сыйы болот. Деги эле бир туугандар бири-бирине карашымдуу болуп өскөнү жакшы. Улуусу көрсөтөр жардамынан эринбей, кичүүсү кылар кызматынан аянбай, өбөк-жөлөк болушуп өсүшсө, кийин өз алдынча болушканда да, бири-бирине жан тартып кайрымдуу болушат. Үй-бүлөдөгү балдардын чырдуу чатагын ата-эне эч кимисине жан тартпай, калыстык менен чечип, акылга чакырып тестеген жакшы натыйжа берет.

Ата-эне карыганда уулдарынан урмат, кыздарынан кызмат көрүүнү күтөт. Андыктан уул-кыздар ата-эненин жеңилин жерден, оорун жондон алып, кичинесинен күйүмдүү болуп чоңоюшса, кийин кайрымдуу болушат. Уул-кыздар ата-эненин багып-өстүргөн эмгегин эзели эсинен чыгарбашы керек. Ата-эненин алдан-күчтөн тайып калган кезинде балдарынын кайрымдуулук көрсөтүүсү эң зарыл. Ата-эне ага муктаж. Кийинки кезде ата-энесине карабаган, өзүн ушу жашка даяр боло калгандай сезген диникайырлар чыкты. Алар ар-намысты, уят-сыйытты ойлонушпай, ата-энесин кароосуз калтырышып койгон жерден соопчулукту ойлогон бир ырайымдуу пенделердин жардамы менен карыялар үйүнө тапшырылгандарды да угуп-билип жүрөбүз. Ата-эненин баланын эрезе жашына чейин эмне аракет менен чоңойтконун көргөн баланын кылган иши ушубу?! Ата-эненин үйүнө он уул батат, ал эми уулдун үйүнө ата-эненин батышып жашашы кыйын деген айтуу бекеринен эмес бейм. Бирок баары баланын дээринен деген чындык го.

Негизи, үй-бүлө ичиндеги өз ара мамиленин элдик салтты сактап, акыл калчап, сезим сыйлап өмүр өткөрүүсү абзел.

Иманкулова А.
9– «Б» класс. 2002-жыл

ЭРДИК ТУУРАЛУУ ЭРГҮҮЛӨР

Кабарың күнгө кетсе да,
Жылдызга колуң жетсе да,
Жараткандын дүйнөсү
Бүт колуңа өтсө да,
Эл менен сен бийиксиң,
Элден чыксаң кийиксиң.

(Арстанбек)

Эрдик кылуу бардык эле адамдын колунан келе бербейт. Кээде бирөөгө жакшылык жасап, ажат ачсаң да, «Эрдик кылыпсың» деп коёт. Ал эми чыныгы эрдик көрсөтүү эр-азаматтардын гана колунан келет. Ал үчүн эр жүрөк болуп жаралып, эр жүрөк болуп өсүп, эл керегине жараган болуш керек. Андайлар өмүрүн эл бактысына арнап, жерин жоодон коргоп, элинин коопсуздугун сактап, эл четинде, жоо бетинде болот. Эл аларга «баатыр» деген атак берип, кастарлап колдоп, кадырлап сыйлайт, ишеним артып ээрчийт. Анткени ал – эл арасынан чыккан, эл өзү тарбиялап өстүргөн элдик адам. Эл ишенимине ээ болуп, элдик адам аталышка не жетсин!

Кыргыз калкы аз сандуу болгондуктан, мындай баатырлардын зарын тартып, заманасы куурулуп келген. Аз сандуу калктын жерин басып, байлыгын тартып, өзүн кул кылууга көз арткан жоосу көп болгон. Ошо көз арткан жоолордон ар мезгилде элден чыккан эр жүрөк баатырлар коргоп-сактап келгени элдик эпостордо, санжыра, тарыхтарда легенда болуп, даңкталып, айтылып, сакталып келген.

Кыргыз элинде эпостук чыгармалардын көпчүлүгү баатырдыкты, эрдикти даңктаган чыгармалар. Алар – «Манас», «Курманбек», «Эр Төштүк», «Эр Табылды» ж.б. чыгармалар. Ушулардын баарында элдик баатырлардын элге кылган кызматы, душмандарына көрсөткөн эрдиктери даңазаланып, үлгү катары көрсөтүлөт. Чынында эле, эр жүрөк баатырлар башын канжыгага байлап элин коргоп, сактап келгени жалганбы. Кийинки эле кытай-калмактардын үс-

төмдүк бийлигине баш көтөрүп каршы чыгып, акыры жергебизден аларды кууп чыккан Чүйдөн чыккан Атаке, Таластык Бүргө, Нарын тараптан Тайлак баатырлардын эрдиги болбосо кыргыз калкы дагы канчага ал душмандардын кордугун тартат эле. Шабдан, Байтик, Балбай, Тайлак сыяктуу баш көтөргөн баатырлар болбосо, Кокон хандыгынын алыксалыгынан мөгдөп, канчага азап чегип келмекпиз. Ормон, Жантай, Балбай, Жангарач, Жайыл баатырларыбыз жеribизге көз арткан, байлыгыбызга көзүн кызарткан казактардын чапкын-чабуулуна кол топтоп, ар кандай айла-амалдарды колдонуп, салгылашууга эр жүрөктүүлүк менен чыгып, ташын талкан кылбаса, элибиз казактардын да эзүүсүндө баш көтөрбөй далайга жүрмөк.

Падышалык Россиянын да түпкү колониялык саясат кызыкчылыгынын маанисин аңдап түшүнүп, элдин эркиндигинен кур каларын, жеринен айрылып жардыланарын алдын ала сезип, алардын жакындашуусуна каршы турган элдик баатырлардан да болуптур. Алсак бугу уруусунун баатыры – Балбай. Балбай падышалык Россиянын ички уруу чабыштарыбызга сес көрсөтүп, аскер, курал-жарактан жардам берип тынчыткан жакшылыгынан эркиндигибизден ажырап, жеribизди ээлетип жибергенибиз башыбызга түбөлүктүү мүшкүл алып келерин билип, орустардын жакындашуусуна таптакыр каршы турган. Ошон үчүн өзүнүн төбөлдөрү Боромбай, Тилекмат, Мураталылардын Россияга элчи жиберип, сарыбагыштардын чапкынчылыгын тынчытып берүүгө жардам сурап, өздөрү эли менен орустардын бийлигине өтүп берүүгө макулдугун билдиргенине каршы туруп, өз уруусунан кол курап, эки жолу келген орус аскерин колго түшүрүп, бекер кантөгүшүүнү каалабай, орустардын бул жакта кылар иши жок экенин түшүндүрүп, кайра артка айдаган. Акыры кайран эрди касташкан душмандары орустардын колуна түшүрүп, түрмөдөн жайран кылган. Кийин Балбайдын орустарга каршылыгы туура келип, көтөрүлүшкө чыккан элди 1916-жылы дос санаган падышалык Россия эмне кылды? Баарыбызга белгилүү го.

Кайсы мезгилдин баатырлары болбосун баатырдык эрдигин элге таянып, элди биримдикке чакырып, уюштуруп, элден кол топтоп, курал-жарак даярдап, анан бата алып, жоосуна каршы аттанган. Ырас, баатырдын жекече эрдиктери болгон дечи. Бирок эрдик эл үчүн, эл менен бирге болгон. Ошон үчүн «Эрден ашмак бар, элден ашмак жок» деген айтуу калган. Баатырдын кол башында туруп чабуулга өтүшү душманга чоң сес болгон. Илгерки ата-бабалардын согушунда, алгач баатырлар жекеге чакырышып, ортого чыгышып, күч сынашчу. Айрым учурда жеңген, жеңилген ошо күч сынашуу баатырлардын жеңиш эрдиги менен чечилип, жеңилген тарап баш ийип берип, көп кан төгүшпөй тынчышкандар да болгон. Андайда баатырлардын жеке күч эрдиги чечүүчү роль ойногон. Кээде баатыры жеңилген тарап, ындыны өчүп, башаламандыкка барышып, салгылашта жеңилишке дуушар болушкан.

«Манас» эпосунда Манас бабабыз кыргыз урууларынын жана кыргыз менен санаалаш коңшу элдердин башын бириктирип, ошо кезде элди бийлеп, үстөмдүк кылып турган душмандан биротоло кутултуунун аракетин көрөт эмеспи. Түмөндөгөн кол топтоп, куралдандырып, чоң казатка аттанат эмеспи. Ошо Чоң казаттагы салгылашууда Манас баш болгон канчама-канча баатырлардын ар кимисинин ар башка көрсөткөн эрдиктери узун сөз даңаза менен сүрөттөлүп, алкоого гана арзыйт го. Кайран эр-азаматтар баары түгөл жер жаздаңып, майданда жан берет эмеспи. Манас баатыр да жарадар кайтып, жайран болот. Кайран эрлердин өздөрү өлсө да, эрдиги өлбөй укумдан-тукумга даңкталып, эпостук чыгармада сакталып, кийинки урпактарын шыктандырып келет. Бекеринен эмес кыргыз элинин кийинки душмандары менен салгылашууда да «Манас» – деп ураан чакырып чабуулга өтүшү.

Совет доорунда жайчылык турмушта карапайым эмгектен, ар кандай чыгармачылыктан, маданият, искусствodон катардагылардан озуп чыгып, эрдик жараткан, элге эмгеги, өнөрү менен алынган, мамлекетине жаккан эмгектин баатырлары чыккан. Алардын жаратмандык артыкчылыгы да баатырдыкка барабар келип, эл оозунда макталган, мамле-

кет тарабынан даңкталган, сый-урматка ээ болгон. Алардын чыгармачылыктагы, жөн-жай эмгектеги жогорку жетишкендиктери да эрдик деп саналып, баатырдык наамга ээ болгон. Чынында эле, алардын баатырдыгы калгандарга үлгү болуп, тарбиялык мааниси айрыкча жаштарга таасир, эргүү берген.

Кыргыздын андай көрүнүктүү адамдары илим-техниканын, чарбачылыктын бардык тармактарынан өсүп чыккан. Ошондой эмгек каармандары мал чарбачылыктан Телегей Сагынбаева, Рахматалы Сартбаев ж.б. дыйканчылыктан Зууракан Кайназарова, Керимбүбү Шопокова, пахтачылыктан Алия Анарова, Саадат Ногоева, Өлмөскан Атабекова ж.б. Өз мезгилинде өнөр жай өндүрүшүнөн завод-фабрикаларда, шахта казуу иштеринде жумушчу катмарынан өсүп чыккан эмгектин каармандары да ар кайсы дубандан ар мезгилде болгон. Ал эми адабият, искусствонун, илим-билимдин көрүнүктүү адамдарын санап саның жетпейт. Адабияттан дүйнөгө атагы кеткен Ч.Айтматовдун чыгармачылык эрдиги кыргыз элин жер шарына таанытты го. Жакында эле көзү өткөн таланттар А.Токомбаев, А.Осмонов, Т.Сыдыкбековдордун элдин эсинде түбөлүк сакталарынан ким шек санайт. Лингвист Б.Юнусалиев, К.Карасаев; медик И.Ахунбаев, М.Мирахимов, М.Мамакеев; математик М.Иманалиев, А.Бөрүбаев, С.Токтомушев; физик А.Акаев, М.Жумалиев, М. Мамытов; химик К.Сулайманкулов; сүрөтчү С.Чуйков, Г.Айтиев, Т.Садыков, композитор К.Молдобасанов, М.Бегалиев; театралдык искусство чеберлери М.Рыскулов, Б.Кыдыкеева, Д.Күйүкова, Б.Бейшеналиева сыяктуу жогорудагы эмгек каармандарынын, талант чеберлеринин, илим окумуштууларынын жаратмандык эрдиктери кантип өрнөк болбосун да, таалим бербесин?!

Кыргызда өнөрлүү өлбөйт, эрдик унутулбайт дейт эмеспи, биздин уюткулуу журтубуздун учугу үзүлбөй, ар мезгилдин өзүнүн элге керек керемет адамдары жарала берсин! Жараткан жалгасын!

Касымбекова Г.
10-«Б» класс. 2003-жыл

АЙЫЛ БАЙЫСА, ӨЛКӨ БАЙЫЙТ

Биздин Республика негизинен – агрардык республика. Калкынын 70% элеттиктер түзөт. Совет доорунда элетте, элде болсо, бизде болот дешчү шаардыктар. Ырасында эле, айылда ата-эне, урук-тууганы бар шаардыктар айыл чарба азык-түлүгүнөн камсыз болушуп, бапырап кенен жашашчу. Айылдан бирөө жакыны келген күнү ошол үй-бүлөгө той болуп калар эле. Айылдыктар эч кур кол келчү эмес анда. Көтөрүнүп, ташынып жүргөнүн көрчүбүз. Андан калса, биздин салтта боор тартып, тууганчылыкка үзүлүп түшүп мамиле жасайт эмеспи. Бала-чака кол карап калышат деп, айылдык азык-тамактан чийкисин чийкилей, бышыгын бышык көтөрүнүп келмей айылдык кең пейилдик бизде жакшы адаттык көрүнүш бар эмеспи. Бул баркерчиликтен болот тура.

Башта ишке жарактуунун баары жумуш орду менен камсыз болуп, айлык алып, үйгө кирешеси дайым болуп, башка бирин-эки мал-жан күтүп, огород иштетип, кошумча жашоо шарты табылып, жашоолору жетиштүү эле. Ал түгүл өздөрүнүн керектөөлөрүнөн артып да калчу. Ошентип, пейли ток болгондуктан, шаардык укум-тукумун ойлоп, аларга да бөлүштүрүп, кур калтырбоону парызындай көрүп, кайрылышып турчу.

Совет доору урагандан бери айылда колхоз-совхоздор ыдырап тарап, ишенген кожом сен болсоң, алды-алдыңан тал карма болуп, эл жаңы жагдайга, базар экономикасына көнбөй, алгач дабдырай түштү. Өз алдынчалыкка көнбөгөн эл колунда бар мыдыры түгөнгөнчө дагы эле мамлекеттен баштагыдай шартты, «кайрымдуулукту» күтүп, үмүттүү карап убакыт өткөрүштү. Кийинчерек көпчүлүгү жаңы эгемендүүлүк, өз алдынчалык заманыбыздын өзгөргөн кырдаалын, өзгөчөлүгүн түшүнүп, анан жанды аябас аракет жасашып, жер тырмалап түшүмүн жыйнап, мал-жан күтүп туягын санап, же бир киреше чыгар иштин көзүн таап аракеттенүүгө өтүштү. Мындай чечкиндүү аракеттердин

артынан түшүүгө айрымдар кеч киришип, өксүп өтөөсүнө чыга албай, айрымдары үй-бүлөдө ишке жарактуулары көп болсо, жапа тырмак киришип, байып-бапырап жетишип калышты. Айрымдары колунда каражаты болбой, оокатын оңдой албай жардыланып, итке минип олтурушат.

Айыл арасында эт-майды коёлу, нанга жетпей, улпак чалып, жарма ичип калгандар да болуптур. Кызыл чайга акча таппай, чөптүн бүрүн, жалбырагын кургатып, суюга кайнатып, өңүн буруп ичкендер да элден чыгыптыр.

Айла жок, ушундай абалдагы үй-бүлөлөргө камкордук көрсөтүүнү мамлекет эске алып, 5–6 жылдан бери бардык жерден каттоого алып, казынадан акча бөлүштүрүп багып келет. Чет өлкөдөн келген кайрымдуулук жардамга келгендерди да каттоодо тургандарга бөлүштүрүшүп, таркатылып келатат.

Акыры, элди кедейликтен чыгаруу үчүн 2004-жылы Аскар Акаевдин Указы менен «Социалдык мобилизациялоо жана акыйкат башкаруунун жылы» деп жарыяланды. Бул жылдык Кыргыз Республикасынын 2010-жылга чейин экономикалык өнүктүрүүнүн жана жакырчылыкты кыскартуу боюнча улуттук стратегиялык программаларын турмушка ашыруу боюнча мамлекеттик органдардын жана атуулдук коомдук күч аракеттерин бириктирүү, ошондой эле социалдык-экономикалык турмуштагы башкаруунун натыйжалуу механизмдерин өздөштүрүү максаттарын көздөйт.

Союз урагандан кийин элеттиктер мамлекеттен жер, мал-мүлк үлүштөрүн алып, жеке-дыйкан чарбага өтүшүп, ар ким өз алдынча же ымаласы келишкендер бир нечеси биригип дыйкан фермасын түзүшүп, оокат кылып келишүүдө. Акыры турмуш өзү көрсөтүп, ар ким өз алдынча аракет кылганга караганда уюмдашып, кооператив түзүп, көп түкүрсө көл болот демекчи, биримдикте аракеттенүү жакшы натыйжаларга алып келерине көздөрү жетип, ирилешүүгө өтүүдө. Тапкан-ташыгандарын эсеп менен ортого салып жумшап, жапа тырмак бир кишидей аракеттенсе, өнүм болот да. Ар жылы киреше-чыгашаларынын эсеп-чо-

тун чыгарып, тапкан пайдаларын тактап бөлүштүрүп, мамлекетке берер салыгын да берип, ынтымак-ырашкерликте шүгүрлөнсө, тез эле ирденип кетишеринде шек жок.

«Социалдык мобилизация» жардыгынан кийин областтык, губернаторлук, райакимдик, жергиликтүү бийлик айыл өкмөттөр элди жакырчылыктан чыгарып, турмушун оңдоо аракетинде программаларын иштеп чыгышып, иш жүзүндө көрсөтүшүүдө.

Райондордо өз ара жардамдашуу топтору, кредиттик союздар, айыл коомдоштору түзүлүп, жигердүү иш алып барышууда. 15 миллион АКШ доллары өлчөмүндөгү айылдык инвестиция долбоору иш жүзүнө ашырылууда.

Элетте өтө жакырлыкта жашаган үй-бүлөлөргө мамлекеттен микрокредит берилип, ошону келечекке максаттуу пайдаланып калуусуна шарт түзүлүп жатат. Ал кредитке мал-жан сатып алып, туягын көбөйтүп, же жер иштетип, түшүмүн сатып, ирденип кетүүгө неге болбосун. Буга чейин дыйканчылыктан тапкан азык-түлүктөрүн сатып өткөрүү кыйындыкка туруп келген. Алсак, түштүктө тамеки, пахта, Таласта төө буурчак, Чүйдө кызылча, пияз, Ысык-Көлдө, Нарында картошка азыктарын сатып өткөрүүдө элдин акыбети кайтпай, арзан кетип, пайда көрбөй зыян тарткан учурлары да болуп келген.

Элеттиктердин өздөрүнөн ашкан азык-түлүктөрүн экспорттоо ишин мамлекет өзү уюштурууну колго алса, элге жеңилдик да, чыгымдан коопсуздануу да болбой, көңүлү жай эмгектенмек. Бул жагын да ойлонуштуруп жаткан болуу керек. Болбосо Таластыктардын төө буурчагын сатып өткөрүүсү 2–3 жылдан бери чуулгандуу жорук болуп келди эле го. 2002-жылы Чүйдүн өндүрүлгөн пиязы жазында алуучу жок чирип баратканда, свалкага төгүштү го. Былтыркы жазда сатабыз деген картошканын баасы ит бекер болду го. Ушундай өз таман акы, мандай теринен тапкан түшүмдөрүн сата албай зыян тарткандардын кудайга үнү жетип, зар какшаганын эске алар убакыт келди болуш керек... Ар кайсы жерде айыл чарба сырьёлорун кайрадан иштетип,

экинчи продукция өндүрө турган ишкерлер чыгып, айыл жергесине кичине ишканаларын ачып, элетте жумуш орундарын таап, өндүргөн түшүмдөрүн өз жеринде сатып алып, жеңилдик түзүүлөр болуп атат экен.

Агро өнөр жай өндүрүшүнө Кыргыз айыл чарба финансы корпорациясы тарабынан бөлүнгөн кредиттердин суммасы жыл өткөн сайын көбөйүүсү – айыл-чарба продукцияларын кайра иштетүүнүн көбөйүшүнүн күбөсү.

Кедейликтен элди чыгарууга жер-жерлерде өтө жарды үй-бүлөлөргө каралашуу иретинде жеке демилге көрсөткөн ишкер атуулдар, жеке фонд, ишканалар да чыгууда. Мисалы, Ала-Бука районунда 44 үй-бүлөнүн ар бирине 1,5–2 жылдык мөөнөткө бештен эчки сатып берген. Аксы районунда 20 үй-бүлөгө бирден уй, Чаткалда 194 баш кой, эчкини начар жашаган үй-бүлөгө 1,5 жылга пайдаланууга сатып, бөлүштүрүп берген. Бул жердештерине көрсөткөн жакындан жардам, чоң соопкерчилик эмеспи. Ал үй-бүлөлөр сүтүн, жүнүн сатып, төлүн алып көбөйтүп, башын кайра өткөрүп берип, жакшы эле киреше табат. Атаганат, ушундай деминчилер арабыздан көп чыкса кана!

Кыргызстан демократиялык баалуулуктарды туу тутkан эркин мамлекет катары таанылып, эл аралык коомчулук экономикасы өнүгүү жолунда болгон жаш мамлекетке колдоо көрсөтүүлөрүн аянбай келатышат. Ал үлүштөн элеттиктер да пайдаланууда. Бирок өзүбүз да алгылыктуу демилгелерди күчөтүп, мамлекетибизди өнүктүрүп, жакырчылыктан биротоло арылуу үчүн жан аябай иштөөгө болгон аракетибизди жумшашыбыз кажет.

Үйрөтүү жана багыт берүү максатында.
2004-жыл

ТӨКМӨ АКЫНДАР – ДҮЙНӨЛҮК ШЕДЕВРЛЕР

Акындардагы төкмөлүк кыргыз, казак элдерине өтө мүнөздүү. Айрыкча кыргыз эли акындыкты башынан кастарлап, кылычынан кан тамган хандардын тушунда да «бир элчиге, бир ырчыга өлүм жок» дешип, ырчынын өлүм жазасын да кечишкен. Анткени ырчылар эл катмарынан чыгып, элдин мүдөөсүн көздөп, дайым эл тарабында болгон, эл да аны колдогон. Хандар-бектер эл таянычы болгондуктан, урматтап-сыйлап сестешкен.

Жазуу-сызуусу жок элде элдин башынан өткөн ири окуялары, тарыхы акындардын өнөрпоздук жаратмандыктарында айтылып, сакталып келген тура. Андан калса, кыргыз элиндей сөз баккан, сөз маанисин аздектеген эл чанда болуу керек. Ошон үчүн кыргыздар акындыкты ардактап, ичкен ашын жерге коюп аларды урматташкан, чыгармачылыгын даңкташкан. Акындар да эл сыймыгына маашырланышып, ашкан жаратмандыктары менен көрүнүүгө дилгирленишкен. Демек акындардын сынчысы эл болгон. «Акын» деген атакты эл берген. «Акын» деген өнөр-кесип болуп саналган. Андыктан кыргыз журтчулугунда акындык күчтүү өнүккөн. Айрыкча анын жогорку баскычы, бийик үлгүсү төкмөлүк болуп саналат.

Төкмөлүк өнөр эл алдында акындар айтышында сыналып, курчуп жетилип, барып-барып ыр нөшөрүнө айланат. «А» деп оозун ачканда эле айта турган оюна карата ыр саптары куюлуп жүрүп отурат. Андагы сөз тандалмалары, берген ой туюмдары, түзгөн уйкаштык ыргактары керемет көркөмдүктө болот. Андай чыгаан төкмө акындар кыргызда байыртан бери бардык мезгилдерде болуп келген, азыр да алаканыбыз кур эмес. «Токтогулдай ырчы бол, Толубайдай сынчы бол» деген акындык өнөрүнөн аңыз болуп аты калган белгисиз мезгилдин белгилүү акынынан баштап, Балык ооз, Нур Молдо, Айтике, Эсенаман, Эшмамбет, Жеңижок, Токтогул Сатылганов, Калык, Барпы, Сагынбай, Арстан-

бек, Осмонкул, Алымкулдар өз мезгилинин төкмө акындары болуп саналат. Кыргыздардагыдай төкмөлүк өнөр менен айтылуучу объектиге, берилген багытка карата кезеги келгенде эле сөз таап, дем тартпай куюлуштуруп ыр төгүп, же Жеңижокчо бир «Аккан суу» тууралуу күн-түн айтып түгөтө албай, эч колдонгон шпаргалкасыз «Манас» океанындай ыр түрмөктөрү жадымында сакталып, ооздон оозго, укумдан-тукумга өткөрүп айткан төкмө акындык өнөр кимде, кайсы элде бар экен?! Көрсө, акындыктын мындай сапатына ээ болгон дүнүйө жүзүндө эч бир элде жок экен. Бул кыргыз элине гана таандык феномендүү өнөр экен. Ушул төкмөлүк-акындык өнөрүбүз ООН тарабынан дүнүйө элинин шедеврдик белгилеринин бири катары бааланганын, Гиннестик китепчеге жазылгандыгы тууралуу биздин көрүнүктүү драмаутург-жазуучубуз Бексултан Жакиев жарыялап чыкты.

Ушуну менен эгемендүүлүккө ээ болгондон бери эки артыкчылыгыбыз: «Манас» эпосунда манасчылык, төкмө акындык өнөрүбүз Гиннестик китепчеге жазылып, кыргыз атыбызды дүнүйөгө таанытуу болду. Башта кымындай кыргыз элин жер шаарына атактуу чыгармаларынын шардабы менен таанымал кылган ардактуу атуулубуз Чыңгыз Айтматов болгон эле.

Ошентип, бир ууч эл болуп туруп, сөз өнөр жаратмандыктарыбыз менен дүнүйөгө таанымалдыгыбызга сыймыктансак болот! «Өнөрүң болсо өргө чап», «Өнөрлүү өлбөйт» дегендер ырас тура. Ашкан байлыгыбыз болбосо да, өнөрүбүз бар экен. Мунусуна да шүгүрлүк.

Жапарбеков Ш.
11 «Б»класс. 2004-жыл

«КАРА СӨЗ МЕНЕН ЖАЗЫЛГАН ПОЭМА»

(Ө. Даникеевдин «Кыздын сыры» повести тууралуу).

Жакшылык – өмүр шамы,
Чөккөн көңүлдү балкытат,
Өчкөн отту тамызат.
(Накыл сөз)

Кыргыздын залкар таланты А. Токомбаев өз мезгилинде: «Кыздын сыры» повесть эмес, бул – кара сөз менен жазылган поэма, турушу менен поэзия» – деген экен. Ошондо атагы дүнүйөгө таанылып калган Ч.Айтматов 1963-жылкы «Адабияттын жаш граждандарына» деген макаласында: «Даникеевдин «Кыздын сыры» аттуу повести быйылкы жылдын прозасында көрүнүктүү окуя десе болот. Кадимкидей такшалган реалисттик жазуу, психологиялык сүрөттөө» – деп жогору баа берген.

Андан калса, Ө. Даникеевдин дипломдук адистиги – тоо инженери. Ал кесибинде, тоо кенинде шахтага кирип-чыгып иштебептир деле. Он эки жылдан ашуун политехникалык институтта дипломдук билимине байланыштуу педагогдук кесипте иштейт. Ал кызматынан да аброй таап, доценттик даражада кызмат өтөп, кийин техникалык университеттин ардактуу профессору болот. Бирок кантсе да, Ө. Даникеев табияты боюнча жазуучу экен. Жаштайынан түптөлгөн жөндөм-шык акыры ээ-жаа бербей, кийинчерээк талант кудурети тынчын алып, жазуучулукка бет бурдурду. Алгачкы «Бакир» деген повестти Даникеевдин келечектүү прозаиктигине ишеним берсе, «Кыздын сыры» окурмандарды адабият журтчулугундагы чоң дүйнөдөн үмүткөр кылып койду. Чыгарма тез эле орус тилине, андан француз жана башка тилдерге которулуп, а түгүл чыгарманын мазмунунда түстүү, кең экрандуу көркөм фильм тартылды.

Повесть – кыргыз адабиятында биринчи жолу өнөр жай темасында тоо кенчилер, андагы иштеген жаштар турмушун адабий чындыкка айлантып, көркөм чагылдырган

чыгарма. Чыгармада ата-энесинен эрте ажыраган жетим кыз Жамалдын айылындагы тогуз жылдык мектебин бүтүрүп, окуусун улантуу үчүн тоо-кен шаарчасында жашаган таякесиникине келгенден башталат. Тилекке каршы, орус тили кедерги болуп окуусун уланта албайт. Кайра кетүүдөн намыстанат, анын үстүнө үйүндө күткөн эч кимиси жок болчу. Өгөй энесинин тили, таягы көкөйүнө көк таштай тийген, ал деле Жамалды сүйүп турган жери жок эле. Ошол учурда жаш аялмет, оорукчан таяжеңесине каралашып да калды. Таяке, таяжеңеси да: «Мында эле жүрө бер, өз үйүң, өлөң төшөгүң. Ошент, садага» – деди. Ошентип бир жаңсыл туруп калат.

Таяжеңеси оорусунан тыңып, оокат-тиричилилигине аралашып калганда, жаш кызды аяп, кошуна Асыл деген кызга кошуп, шаарды аралап, киного кирип кел деп акча берип, атайы жөнөтөт. Ошо киного барууда кыз биринчи сүйүүсүнө кездешип, наристе тунук сүйүүсү башталат. Мына ушундан кыздын бир өзүнчө түйшүккө түшкөнүн байкап билген, үй-бүлөсүнө гана белгилүү болгон купуя сыры, санаасы башталат. Ал мындайча, клуб алдында дагы бирөө менен сүйлөшүп турган жаңы башкы инженер болуп келген жаш жигитти бир көрүп эле: «Эмнегедир бир купуя сезимди туюп, өзүмдөн өзүм уялып кеттим» – дейт кыз. Ушундан баштап жаш жүрөгү туйлап, ичи уйгу-туйгу болуп, бассатурса жигитти оюнан чыгарбайт. Бий аянтчасында бийлеп жүргөн жеринен көрүп, телмирип тиктеп тура берет, жанына барып жолуга албайт. Жигит болсо капарсыз ар ким менен бийлеп ойноп жүрөт. Чынында эле, Жамалдын өз алдынча бушайман болгон түйшүгүн ал кайдан билет эле.

Кыз кээде бук болуп, көмкөрөсүнөн түшүп, жаздыкка башын катып, солуктап ыйлаган күндөрү да болот. Ашыктыктан буй болгон азабы жигитке белгисиз. Жамал жигиттин капарында да жок болушу ыктымал. Бул жөнүндө кыз: «Менин арзуу арманымды ал кайдан билсин. Ал экөөбүздүн ортобузда түбү жок терең «жарака» бар экенин жакшы түшүнөм» – деп мойнуна алгысы да келет. «Бирок ошол өзү-

мө айдан-ачык чындыкка мойнум сунгум келбейт. Ишенгим келбейт. Үмүткөр болом...» деп кур үмүткө алданып жүргөнүн да билет. Бирок алоолонгон жаштык сүйүүнүн тузагынан чыга албайт. Таяке, таяжеңеси да кыздын түйшүгүн сезип калып, айттырып билип, кыздын инженер балага ылайыксыз экенин, жаш жагынан да, кызмат-иш жагынан да шартсыз экенин эскертишип, тыйып коюуга чейин барышат. Бирок Жамал үмүткөр сүйүүсүнө алдырып, алардын кеңешин да жактырбайт.

Чынында, Жамалдын ошондогу абалын бир өзү, анан башынан ушуга окшогон окуяны өткөргөндөр гана туура түшүнүп, туура баалабаса, бардык эле адамдар биле бербейт. Сүйүү башка келген адам башкача болуп калат. Сүйүү сезим аралаганда, өзүнчө канат байлап, көңүл көтөрүлүп, шайырына тартып, ырахат пайда болот. Адамдын сүйүү учурундагыдай абал кайдан болсун! Ага не жетсин! Сүйүүнүн азабынан да жыргалы артык дешет тура...

Жамалдын Азимди сыртынан сүйүп бушайман болгону азап эмес, ал өзүнчө сүйүүнүн жыргалы, сүйүүнүн башка келген ырахаты! Сүйүү адамды азаптандырып, алек кылганы менен, азап ордунда көрүлбөйт, махабаттын сазында чабак уруп жүргөн, өмүрүнүн эң бактылуу учуру болуп саналбасын?

Жамал таякесине түшкү тамак жеткирип барып, күтүүсүздөн Азимге жолугуп калат. Адамгерчиликтүү жигит кыздын бирөөгө иш менен келгенин сезип, илберинкилик кылып:

– Карындаш, мен сизди экинчи ирет көрүп жатам. Азыр да атаңызга баратсаңар керек? – дейт. Жамал мукактана ата да, эне да жок экенин айтат. Азим оңтойсузданып:

– Эч нерсе эмес. Боор көтөргөндөн кийин жетимдик бара-бара билинбей кетет – деп көңүлүн көтөрүп, жан тартып сүйлөйт. Ошондон баштап кызга агалык жардамын ак ниетинен көрсөтө баштайт. Жамалды өзү иштеген жердеги коллектордук жумушка иштетип коёт. Сыртынан көз салып, берер жардамын да аянбайт. Бир жолу Жамал жаңы

казыла баштаган блоктон проба алып жатканында, үстүнөн чыгып балкасын колунан алып жардамдашам деп, участкалык геолог Канайдын кызганыч каарына калып, мушташып кетишет. Анда Азим Канайдын кызга жардамдашпай буйрук берип коюп, жамбаштап тамеки тартып жатканына ичинен кыжыры келип, Жамалды аяп жардамдаша кетип, кызганыч ачууга кабылбадыбы.

Кыздын алоолонгон сүйүүсү барган сайын арта берди. Бий аянтчасына кездешүүнү самап келип, дене тийишип бийге бирге түшкөнгө да жетишти. Бул жөнүндө: «Биринчи ирет эркектин кучагында болгонум... Ал эстен кетпес» – дейт. Мындай учурду ал көптөн бери самап келген. Бийден чыгышып экөө сейилдеп басышат, карабактын чыгыш жагындагы дөбөчөдө сырдашып олтурушкан ээндикте да болушат. Ушулардун баары башта кур үмүттө болуп келген кызга эми чыныгы сүйүү болгондой ишеним артып, мынчалыкка келишкенден кийин жигиттин көңүлү бар деп, ого бетер ичинен өзүнчө кымыңдап кубанат.

Ушул жолугушуудан кийин Азимдин кеңеши менен кечки мектептен окуп, билимин улантат. Кийин Азим кызды борборго окууга өткөрүүгө алып кетет. Башта күмөндөр жүргөн таяке, таяжеңеси да Жамалга чын эле ою бар экен, үйлөнүү үчүн алып кетти, окууга да өткөрөт деп кубанып, кубаттап калышат. Кыздын өзүнө «мен сени сүйөм» деп айтпаса да, мамилесинен, көргөн камкордугунан ар жагында чын дилден сүйөрлүктөй таасир сезет. А чын-чынына келгенде, Азим чоң жүрөктүүлүк кылып, Жамалдын жетим экенин билген күндөн баштап, гумандуулук, адамгерчилик кылып, кызга жаны ачып аяп, агалык камкордук көрсөтүп келген тура. Азимдин бул ой-максаты Жамалдын документин политехникалык институттун геология факультетине тапшыртып, коштошуп кетеринде, Зыйнат аттуу кызы менен тааныштырганда белгилүү болду. Ошондо Жамал: «Зыйнаш!.. Атигиниң, менин канчадан бери жанып келген жалыныма, таттуу кыял сезимиме ушинтип муз аралаш

муздак суу чачылмак экен го» – деп оор улутунат. Азим турмуштун ачуу-таттуусу али алдыда экенин айтып, маңдайынан сүйүп коштошот.

Беш жыл өтүп, Жамал геолог дипломуна ээ болуп, баягы коштошкон жерге келип: «... кайтып келсе эмне! Ишеничиңди аткардым. Мээнетиң текке кеткен жок дээр элем. Мен аны азыр да сүйөм, баштагыдан он эсе, миң эсе сүйөм. Азыркы сүйүүм алгачкы гана сүйүү эмес, адамды, чыныгы адамды сүйүү! Азим ар дайым мени менен» – деп эскерет.

Чынында эле, адамга кылган жакшылык текке кетпейт тура. Жамалдын Азимге болгон катылуу, жеке өзүнө гана маалым армандуу сүйүүсү эле болбосо, анын адамгерчилигинин аркасында келечектүү жакшы тагдырга ээ болгонунда шек жок: жогорку билимдүү, бир кесиптин адиси, бактылуу үй-бүлөнүн куту болот демекчибиз. Келечегиң кең, өмүр өрүшүң бардарлуу болсун, Жамал!

Тагаева Ш.
10-«Б» класс, №76 лицей-мектеби.
2004-жыл.

«МЕН ТАЗА БОЛСОМ, СЕН ТАЗА БОЛСОҢ – КООМ ТАЗА БОЛОТ»
(И. Раззаков)

Улук адил болбосо,
Убара болот эл карып.

(Калыгул)

Бул айтуу коомдун бардык чөйрөсүндө иштеген, кызмат өтөгөн бардык жарандарына таандык. Айрыкча башкаруу органдарында олтургандар үчүн, мейли орто, мейли жогорку жетекчиликте болобу. Кыргыз элинде байыртан эл башкарган улуктан кара кылды как жарган калыстыкты, тең санаган адилеттикти, элге күйгөн камкордукту, бардык учурда акыл таба билген даанышмандыкты, ийкемдүү адамгерчиликти талап кылган. Ошондой купулуна толгон улукту ардактап, атагын чыгарган. Андай тарыхта даңкы жарыя атуулдарыбыз ого эле арбын. Алардын тарыхый ордун кайрадан баратап, азыркы муундар, биз Кыргызстандын 2200 жылдыгын белгилөө жылында таанышып чыктык го.

Тарыхтын ар бир учурунда чыккан ошо эр-азаматтар эл үчүн кызмат кылып элине жакпаса, эскерилип эсте калат беле. «Улук адил болбосо, убара болот эл карып», – деп Калыгул абабыз айткандай, адилетсиз хан-бектер «Бетеге кетип, бел калат, бектер кетип эл калат» болуп бийликтен кетери менен унутулгандар да болгон, унутулбаса да, элге жек көрүнүп, жаманатты жоругу калган.

Элде: «Туура бийде тууган жок», – деген сөз бар. Көрсө, туура, адилет бийлик жүргүзгөн улукта тууганына жан тартуу да болбош керек тура. «Өз көмөчүнө кул тартуу», өз кызыкчылыгын көздөө бийлик башындагыларга жат көрүнүш болуш керек экен. Чынында эле, «өзүм», «өзүмө болсун»– деп мамлекеттик, элдик мүлккө кол салса, көрүп-билип турган кол алдындагыларга кадыр-баркы болобу. Кожоюн алып атса, мен кем каламбы деп киришсе, кой деген-ге сөзү кысык болуп, үн ката албайт да. Ошентип, «балык

башынан сасыйт» болуп тазалык жогору жактан булганат тура. Мунун эң залалы мамлекетти өнүктүрбөйт. Жумушчудан улукка чейин пайда табууну, өөнөп калууну көздөп, ошондой табыштуу жерди издеп, андай жерге жетиш үчүн пара берип болсо да, орношууга жан талашып калат. Мунун баары коррупцияга кеңири жол ачат. Коррупция өкүм сүргөн өлкөдө мамлекеттин өсүп-өнүгүшү жакшы болбойт. Колунда бийлиги гана барлар байып, бар жашап, төмөнкү катмар, көпчүлүк жардылыктан чыкпайт. Ошондон элдин бийлик ээлерине, башкаруу системага нааразылык күчөйт. Анан ал нааразылыкты өз башкаруу бийлигин сакташ үчүн күч колдонуу органдарын иштетип коркутуу-үркүтүүгө өтөт. Анда ого бетер калайык-калкка жек көрүнүп, чыдамы түгөнгөндө – пикетке чыгуу, митинг уюштуруулар, ачкачылык жарыялоо көбөйүп, бийликти кулатууга чейин барат. Аны биз эки-үч жылдан бери көрүп келдик го. Акыры эл жардылыктан чыкпай жан кейиткен турмушунан тажап, анысы аз келгенсип, конституциялык укугу шайлоо компаниясында тебеленип-тепселгенине жаны кашайып, республиканын бардык чөлкөмүнөн нааразылык актылары менен чыккан элдин толкуну тынчтык жолу менен эски бийликти алмаштырып, элдик жаңы бийлик орнотподубу. Эл өзүнүн сүйгөн лидерин бийлик башына убактылуу коюп тынды. Буюрса, үч айдан кийин жаңы президент шайланып, жаңы өкмөт түзүлүп, жаңы бийликтин жаңыча жашоо жолуна түшөбүз.

СССРден бөлүнүп, эгемендүү болдук деген 15 жыл заманабыз карапайым элге кандай болду да, башкаруу бийлик ээлерине кандай болгонун акыркы окуя өзү көрсөттү. Башчылардагы таза эместиктер эгемендүү заманабыздын башталышында эле байкала баштаган. Мурунку мамлекеттик мүлктү приватташтырууда теңдик, акыйкаттык менен тегиз бөлүштүрүлбөй, башкаруу бийликтегилер арзан баада өз ич ара келишип, менчиктештирип алышкан. Караламан калк сыртта калган. Айыл-кыштактагы элге колхоз-совхозду жетекчилер талап-тоноп кеткенинен калган мал, жер бөлүш-

түрүмүш этилген. Ал түгүл ушу кезге чейин жер алалбай арыздашып жүргөндөр бар. Чоң бийликтегилерден Чүйдүн чүйгүн жерлеринен жең астынан жүздөгөн гектар жер алып коюп иштеткен, мурдагы сарайлардан бузулбай калганын ээлеп, мал-жан бактыргандар да көп экен. Кыргызстандын жакында кулаган бийлиги дүйнөдөгү Колумбиядан кийинки коррупция, мафияга айланган бийлик деп оозго алынып келген. Ал түгүл биздеги коррупциянын өкүм сүргөнүнө карата Президентибиздин: «Коррупция Ак үйдүн жетинчи этажына чейин чыкты» дегени бар го. Коррупцияга айланган өлкөдө кантип тазалык болсун. Анан да «таза Кыргызстан» болобуз дегенибизди кантейли! «Таза шайлоо» дегенибизди көрбөдүкпү. Балекеттин баары ошондон чыкпадыбы... Бийликтегилердин ооздору таза дегени менен, жасаган ыплас иштерин эл көрбөйт, билбейт дешет го.

Эл баарын көрүп-билип келишти, чыдап келишти. Андан калса биздин эл сабырдуу, чыдамдуу, айкөл эл экенбиз. Болбосо «тазалык» деп ушунча жыл өкүм сүрүшүнө жол бербейт болчу. «Таза» дегендер Совет доорунда бирдей деңгээлде жашап келип эле 15–20 комнаталуу 2–3 этаж хан сарай салганга, ичин көздүн жоосун алган дүр дүнүйөгө толтурганга 5–6 жылдын ичинде эле кантип эле жетише калганына жооп беришер бекен?! Мейли хан сарайдан башка жашырган кыймылсыз мүлктөрүн, валютага айландырып каткандарын айтпайлы. Алардын катарында байкуш карапайым эл үй салганга кирпич таппай жүрсө, алар жөнөкөй кирпич түгүл Токмоктун сулуу кирпичи менен гектардык аянт заборун курчаганын кантесиң. Таза болсоң коё кал!.. Угушубузга караганда ошо хан сарайдагылар электроконтролёрун счётчигинин эсебин алганга чоң дарбазасынан кийирбей, сырттан өз билген эсепти айтып жөнөтөт экен. Айрымдары бийлик күчүн, ээлеген кызматын айтып коркутуп, кубалаганга да барат экен. Демек, алар электр энергиясын уурдап колдонушат, аным билинбесин дешет. Мына, «тазалык»!

Койчу, мурунку бийлик кызматындагылардын «тазалыгын» айтып отурсак, сөз бүтпөйт. Байкуш карапайым элде тазалыктан чыгып уурдай турган эч нерсе жок, баары менчиктешип кеткен, мамлекеттик ишканалар жок. Менчик ээлеринде иштегендерге уурдатпай калсын.

Эми жаңы бийлик, жаңы заман келди деп жатабыз. Бул заманды элдик деп, эл алып келди деп сүйүүнүдөбүз. Ылайым ошондой эле болсун! Бирок баары бир бийлик башында олтургандар болот. Ошолор элдин мүдөөсүн көздөгөн, элге караган, эч өз кызыкчылыгын ойлобогон, элде болсун деген, таза колдуу, ак жүрөктүү мамлекетинин өсүп-өркүндөшүнө акыл менен мыйзамдуу иш алып барган адамдардан болушса экен. Бир баткактан оонап суурулуп, экинчи баткакка түшпөсөк экен. Өткөн бийликтин тазалыктан кеткен мыйзамсыз ыплас иш башкаруу кылык жоруктары баарыбызга сабак болорлук болду эле, ошо эсибизде дайым сактalса экен. Дил тазалыгын, ыйман тазалыгын күтүнөлү. Кудай ыйман берсин! Ак жолубуз ачылсын!

(Үйрөтүү жана багыт берүү максатында)
2005-жыл

ДОСТУК ЖАНА КАСТЫК

Дос башка карайт,
Душман аякка карайт.
(Эл макалы)

Дос күйдүрүп айтат,
Душман сүйдүрүп айтат.
(Эл макалы)

Достук менен кастык деген карама-каршы маанидеги антоним сөзгө жатат. Достук эки адамдын ортосундагы бири-бирине эч карасанашпаган адалдык мамилени билдирет. Кыргызда достук бир жамандыкта, бир жакшылыкта сыналат дешет. Ырасында, башың кириптер болуп турганда, достун досу кайрылып, кайгыңды тең бөлүшүп, колунан келер бар жардамын аянбай, үстүнө үйрүлө түшүп, жандалбас аракет жасап, куткарып алуу камында болот, ал үчүн дүнүйөсүн, акчасын бүт сарптаганга чейин барат. «Баш аман болсун, башын куткарып чыксам болду, дүнүйө айлансын, дүнүйө, акча табылат» деп күйүнөт, күтүнөт. Досунун кайгысын өзүнүн кайгысы катары сезет. Досунун көңүлүн алууну парз деп эсептеп, парбана көпөлөк болот. Көрүп, билип турган калыстар да: «Дос болбосоңор коё кал!»– деп суктанышат, маашырланышат.

Ал эми бири-биринде болчу жетишкендиктерине, деги эле жакшылыктарына чечекейи чеч болуп кубанышып, ортоктош болот. Ошондогу өткөрүлүүчү сый-үлпөттөрүнө тикесинен тик туруп кызмат кылып, элден ыраазычылык, бата алышып, дос көңүлүн өтөөнү да милдетим деп санайт. Алсак, биринде келин тою болсо, куда күтүү, аны узатуу жөрөлгөлөрүнө активдүү катышып, досуна арка-бел болуп, кызматын көрсөтүп, материалдык кем-карчын толукташып, досунун атын чыгарып, намысын коргошот. Анткени досунун сөзгө сөлтүк, кепке кемтик болушун өзүнүн сыныбас болушу, менин уятым деп билет. Мындай досторду «айныбас достор» дейт эл баасында.

Элде «айныгыс достор» деген да аталыш бар. Айныгыс достор сенин мартабаңдын кел-кел болуп артылып турганына да, бак-дөөлөтүң тайып кет-кет болуп турганыңа да, дүнүйөң ашып-ташып же кур жалак калып итке минип калганыңда да баягы достук сезим, мамиле бир калыпта, анткени достук ага ыйык. Айрым дос сөрөйлөр болот: колуңда болуп, аркаң тийип турса, бөжүлдөп жүгүрүп, качан бийликтен бутуң тайып калса, же табышың болбой ырысың качса, далысын салып, оолактап кеткендер да болот. Андайлардын достугу эсеп менен – дөөлөт, байлык сенде болсо дос. Мындай адамдарды ажырата билүү керек. Кеч билип, кейиштеп калгандан сак болгонуң оң.

Достуктун бир түрү – антташкан дос. Антташып достошкондор анттын шартына бекем болушат. Антты бузса, ошо бузган тарапты «ант урат», «анттын кусуруна калат» – деп коюшат. Антташкан достук ыйык болот. Элдик оозеки чыгармаларда антташкан достуктун үлгүлөрү берилген. Алсак, Курманбек менен Аккандын достугу, Ш. Руставелинин «Жолборс терисин жамынган баатыр» поэмасындагы Фридон, Тариэл, Автандилдин достугу антташкан достордун ак ниет, жан кыйышкан достуктун кызматташтыгынын үлгүсү болуп саналат. Автандил менен Фридон Тариэлдин кайгысын жазып, көңүлүн жай кылыш үчүн башын сайып кажеттерге кол салып, Нестанды куткарып чыгат эмеспи. Кажеттердин теңдешсиз колуна, бекем чебине батынып кол салышына, жандарын тиштеп салгылашына дем берген үч баатырдын биримдик достук анты акыры жеңишке ээ кылды.

Достук мамиле эки өлкөнүн ортосунда да болот. Мында мамлекет башчыларынын өз ара түшүнүүсү артыкча мааниге ээ. Эл достугу тынчтык мезгилде бири-бирине бардык тараптан жардамдашуу, кызматташтык иретинде өтөлөт. Эгер башка тараптан бирине согуштук күч көрсөтүү коркунучу болсо, экинчи тарап колуна курал алып, жардамга келүүдөн тартынышпайт. Мындайларды тынчтыкта жар-

дамдаш санаалаш, кыргын-капсаланда кыйышпас эл достугу деп эсептелет. Советтик түзүлүш урап, эгемендүүлүккө ээ болгондон бери Турция мамлекети биздин абалды түшүнүп, бир чети тектеш туугандыкты ылым санап, экинчиден чыныгы достук колун сунуп келет. Турциянын «Себат» билим берүү мекемеси жергебиздин ар областына 12 лицей, 2 университет ачып, билим берүүгө, ар түрдүү кадрларды даярдоого кол кабыш кылып келет. Бул уюштурган билим берүүлөргө жумшалган каражат жалаң өздөрүнөн каржыланат. Мындан сырткары кичи, орто жана ири ишканаларды ачып, элди арзан өнөр жай, айыл чарба продукциялар менен камсыз кылып, тиешелүү салыгын төлөп, экономикабызга салым кошууда. Алсак, «Бета-Сторес», «Керемет» сыяктуу ишканаларын жана «Ата» кондитердик фабрикасын ж.б. мисалга алсак болот.

Кастык – адамга жасалуучу кара ниеттик. Кастыкты адатта астыртан билдирбей даярдайт. Анын капканына түшкөнүн кеч билгендер да, эрте сезип боюн тартып калгандар да болот. Кастык көбүнчө көрө албастыктан, ичи тардыктан жасалат. Мындай сезимдеги адамдар жакын адамынын өсүп бийиктеп баратканына, же байкердикке жетишкен иштерман-ишкердик ийгиликтерине жолтоо кылууга барат. Ага канааттанбаса, аңгек казып аласалдырып жаны тынчыйт. Өзгөчө кастыкты жасагандар бирөөгө карасанап кайгыга салып жатам деп эч ойлонбойт. Ал – ошол карангиеттигинен капшыты чыгып, ырахат алган ыймансыз адамдар.

Кастык – пикир келишпей, алысташып кеткен достордун ортосунда өч алуу максатында да жасалат. Бул – чыныгы жүзүкаралык. Достошуп келип, кантип жүзүкаралыкка дити барат деп ойлойсуң. Бирок турмушта андайлар да кездешет. Дос болуп ичиңе кирип, кастык кылып душманыңа колтук ачкандар элдик оозеки чыгармаларында айтылып сабак катары сакталып калганын жолуктурабыз. Мисалга «Манас» эпосундагы Көкчөкөз менен Көзкамандардын чыккынчылыгын келтирүүгө болот.

Дегинкиси, бирөө менен достук мамиледе болуп жакшылыгыңды арттырганга, же бирөөдөн жооп катары жакшылык көрүп урмат-сый күтүшкөнгө не жетсин. Акыры колуңан келсе, адамга жакшылык кылуудан артык эч нерсе жок деп түшүн. Анын сөзсүз акыбети болот дешет го. Асты адамга кастык, жамандык жасоодон алыс бололу. Анын түбү жакшылыкка алып келбейт, ал оңбойт. Дилибизди таза туталы! Достукка карасанабайлы!

Үйрөтүү жана багыт берүү максатында.
2005-жыл

МИДИН АЛЫБАЕВ – ЧЕБЕР ЛИРИК, КУРЧ САТИРИК

Мидиндин сынчысы эл болгон.

(Т. Үмөталиев)

Куюн, жел жетпес курч туяк
Кулуну элең элиңдин.

(Б. Сарногоев)

Калем кармап адабияттын катарына кошулгандан эле жаркын талант менен таңдандырып келген жаран өтө сейрек болот. Биз сөз кыла турган кыргыздын атактуу көркөм сөз сүрөткери Мидин Алыбаев да башка акын-жазуучуларыбыздай фольклор менен профессионал адабиятын айкалыштыра өздөштүрүп, адабият майданына кошулган. Алгачкы чыгармаларында кетирилген кемчилик, өксүктөрдөн да кур болбогон. Жаратмандыгын өркүндөтүү максатында дүйнөлүк жана орус классикалык поэзияларын, өзгөчө Пушкин менен Маяковскийдин чыгармаларына ынтаа коюп которуп, таасир-таалим алган. Мидиндин же тагдыр берген талант уюткусу көрөңгөлүүбү, же талантты пайдаланып жумшай билген идиреги артыкпы, же чыгармалыкка алган таасирди айкалыштыра жуурулуштурган машкөйлүгүнөнбү, айтор, калемдеш-замандаштарынын озгонунан озуп, чектелүү өмүрүнүн чегине чейин кыйласынан калышпай келди. Аттиң, чыгармачылыгы жаңыдан ак чечек атып гүлдөй баштаган учурунда, 42 жашында өмүрү жайран болбодубу... Чыгармачылыгынын бүчүр жарышы өмүрүнүн өз убагында болсо да, гүлдөп жемиш беришине кедерги болгон кесепеттүү «кесел» жолтоо болуптур. Ал кесел өмүрүнүн акыркы учурунда бир топ жылдарга жаратмандыгынын дымып калышына алып келген экен. Дагы жакшы, андан мурунку өмүрүнүн бир аз тилкесинде, согуштан кийин, 50-жылдардын башында күжүрмөндөнүп, күжүлдөп иштеп алган экен.

Акын Т.Үмөталиев айтмакчы Мидиндин сынчысы эл болгон, ырлары элге жаккан, элге арналган. Мидин аралап кеткен жерде «Мидин минтиптир», «Мидин айткандай» деген аңыз кептер жайдын жел аргысындай журт аралап тарап кетчү дейт. Элге жакканы ошо, ошо сөздөр афоризмге, ылакапка айланып, элде сакталып кала берчү. Ушундай элге жаккан дөөлөттөн артык болорбу?..

Мидин Алыбаевдин кыргыз поэзиясына кошкон салымы, калтырган өчпөс изи – лирикасы, өзгөчө сүйүү ырлары менен сатирасы. Дил баяныбыздын темасы да ушул эки теманын айланасында болмокчу.

«Мидин Алыбаевдин махабат лирикасы бир жылт этип өчүп калчу келди-кетти сезимдерден кокус жаралган ырлар эмес, а бир адамдын тагдыры менен биографиясына чындап түбөлүккө кирип, өмүр бою кошо жашап өткөн асылкеч жароокерге деген акындын урмат-сыйы, аёолуу сезими, ага багыштаган арзуу тилегинен жаралган өзгөчө бир бүтүндүк, ички биримдиги бар чыгармалар» – дейт көрүнүктүү сынчы К. Даутов. Айткандай эле сарысеп салып баамдаган адамга акындын бардык махабат лирикасынын өзөгүн баштан-аяк туташтырган бир сызык аралап өтөт.

Акын сүйүүгө ышкыдар, сүйбөй коё албаган, өзгөнү да өзүнө сүйдүргөн, сүйгөнүн сүйүп ардактаган, сүйүүнү да аздектеген адам болгондугун махабат ырларындагы жубардай таза ниеттеги ашыктык арзуулар, аларды чагылдырган сөз берметтери төп келишип, түгөл чыккан лирикалык ырлардын топтомун көрөбүз. Кайсы махабат ырын алба, кайсы куплетин окуба, сүйүү кумарына арбалып, көңүлүң куштарланат. Ошондон го сынчы К.Даутов: «М. Алыбаевдин махабат лирикасын тайманбай туруп эле ырчылар поэзиясында өзүнүн классикалык чегине жеткен Барпынын ашыктык ырларынан кийин дагы бир сапаттык жаңы баскычка көтөрүлгөн бийиктиктеринен деп айтса болот» – деп баалаптыр.

Жүрөгүмдү куйкалайсың жалындай,
Жүрө албаймын күндө сени сагынбай.

Мээ сергитет менде жүргөн элесиң,
Мемиреген Ысык-Көлдүн таңындай.

(«Ойлончу»)

Ким жыттабайт сүйүү чиркин гүлүнөн,
Күндө өтөмүн терезеңдин түбүнөн.
Кайырчыдай каранамын жалдырап,
Алтын айтчы качан сенден түңүлөм.

(«Айтчы жаным»)

Ырасында эле, сүйүүнүн жан жыргаткан, көңүл эргиткен жыргалы да бар, азап чектирген түйшүгү да бар. Бирок эч качан азабынан айнып, айрылгың келбейт, кайра жан үрөп жанашасың. Сүйүү ушунусу менен кызык көрүнбөйбү... Ошон үчүн сүйүүнүн кылын чертип ыр жараткан Мидиндей акындарга ыракмат айтасың.

М. махабат лирикаларын башка Ата журт, тууган жер, анын керемет кооздугун, табийгат тартуулаган байлыгын, ошо кооздугуна маашырланып, байлыгынын баасын чыгарып, керегинче пайдаланып, эмгектенип, үзүрүн көрүп жаткан элине ыраазы болуп толкунданып «Тяньшань», «Соң-Көл», «Ала-Тоого», «Ата Мекен» ж.б. ырларын жараткан.

Алатоо жөнүндө мекендеш-замандаш акындардан калеми сүртүлбөгөнү аз болуш керек. Ошолордун ичинен М.Алыбаев Ала-Тоого кокусунан кайрылбаганын, астейдил изденип, алкымынын пайытын келтирип, түп нускалуу жаратууга далалаттанганын «Мен таң калам, биздеги калем кармаган, Алатоону алды миң, арты жүз кайталанбаганы калбаган» – деп, «В.Маяковскийге акындык отчётунда» кайталанма ырларга жооп катары жазган билдирүүсүнөн баамдасак болот. Чынында эле, анын ыры акыбети кайткан, түп нускалуу чыккан.

Ырым менин, сенин демиң эмеспи,
Шыктанамын, минип кыял кемесин.
Карааныңдан кагылайын Алатоо,
Калкып жаткан кандай сонун немесиң?!

Качан жүрөк кагышынан танганда,
Бир тартылып өтүп кетээр элесиң
Бир тартылып өтүп кетээр элесиң...

Мында акын Алатоонун кыргыз элине символдук маанисин өңүнө чыгара, өзүнүн ак дилинен чыккан сүйүүсүн айкалыштыра жар салган.

Акындын жашап кеткен учурунда азыркы Нарын дубаны Тяньшань деп аталчу эле. Өзү да ошол жактан туулуп, балалык, жаштыгы ошол жакта өткөндүктөн, жүрөккө жакын келип, кооз жаратылыш табиятын, турмуш-тиричилигин, бар байлыгын, чарбачылыгын, сыймыктуу элин даңктап, «Тяньшань», «Соң-Көл» деген ырларын жараткан. «Соң-Көл» аттуу ыры көлдүн калаасында кыялданып олтуруп жаралгандай. Чыгармада акын жүрөктө жүргөн сөөлөтүнө жазылбас куштарлыгын, алыс болсо сагыныч-кусалыгын, жаратылыш ажайып тартуусуна сыймыктанарын билдириптир. Бирок акыркы көрүнүш коштошкондой:

Кош Соң-Көл! Же келермин, же келбесмин,
Болжошту айтыш кыйын атаганат...
Мен өлүп, сени экинчи көрбөсөм да,
Эскирген сары кагазда ырым калат –

деп кайрылып көрүшпөчүдөй сезим берет.

Мидиндин мекен жөнүндөгү жогорудагы үч ырына тең обончу, композиторлор тарабынан атына заты туура келген музыка жаралып, ырдалып жүрөт. Махабат лирикалары да обончу-музыканттардын чыгарган эки башка обонунда жарык көрүлүп, отуруш үлпөттөрдө кеңири ырдалып келет. Музыканттарды жеңинен тартып, нотасын жазууга отургузган ырдын сөздөрүнүн музыкалык татымга жакын кудурети, сезим ойготорлук жагдайына байланыштуу болуу керек.

Дил баяныбызда М.Алыбаевдин сатиралары жөнүндө кеп кылуудан мурун кыргыз адабиятынын көрүнүктүү сынчысы К. Укаевге сөз узатсак: «... деген менен да «Ак

чүч», «Владимир Маяковскийге акындык отчёт», «Кимге айтам», «Кошоматчы», «Бюрократтар» – бүтүндөй кыргыз сатирасын жаңы бийиктикке көтөрдү жана анын чечек атып гүлдөп турган бир учурун баамдатты. Бул ырлар Мидинди чыныгы акындыктын мөөрөйүнө жеткирип, элдик алкоого татыктуу кылды» – десе, К. Даутов: «... Профессионал поэзиядагы профессионал сатира нагыз өз тилинде М. Алыбаев менен Р. Шүкүрбековдун чыгармаларында гана толук ээ боло алды. М. Алыбаев өзүнөн-өзү зордоп, үйрөнүп, атайын болоюн деп болгон эмес, атайын ошон үчүн жаралган тубаса сатирик болгон»– дейт. Көрсө, жогоруда аты аталган сатиралар менен сатира «нагыз өз тилине толук ээ болуп», «тубаса сатириктин» калеминен жаралып, жанрдын гүлдөгөн доору түзүлгөн тура. Чынында эле, Мидиндин сатиралары бардык түзүлүш учурунда коомдун өнүгүшүнө кедерги болчу терс көрүнүштөр менен күрөшүүдө курал болуп берген чыгарма болуп саналат.

Совет доорунда идеологиянын талабы катуу, прессанын көмөгү күчүндө кезинде М. Алыбаевдин сатиралары сынга алынган объекти-субъектилерге, айрыкча чоңдорго сестүү болуптур. М. Алыбаев куйкумдуу курч, калемпирдей ачуу сөздөрү менен куйкалап бюрократ, кошоматчы, чыгармачы халтурщиктердин, жалкоо жан бактылардын, жалган илимпоздордун сазайын окутуп, тобосуна келтирип? тарбиялык таасири да зор болгон.

«Мидиндин «Ак чүчүнүн» күчү аткан октун күчүнөн аз түшкөн жок. Ал кожоюнунеу жоргосун коон-дарбыз сатат экен десе, кыштын күнү Нарынга чапкан коомдун кокуй күн ак чүчтөрүн машинадан алып түшүп, карапайым калың эмгекчилердин катарына кошту»– дейт сынчы К.Укаев.

Бюрократ
Мына ушундай чунак.
Бир жумушту
Бир ай сүйрөйт эң кеми.

Бирок чыдайсың
Улам тырмайсың желкеңди.
Таза денеде
Болсун таза кан
Аз учурса да жоюлсун
Коомубузга кереги жок! –
Бюрократ адам! –

дегенде бюрократтардын жүрөгү «болк» эткен жок дейсиңерби.

Мына ушул кошаматчы,
Начальнигине ичи ысып,
«Мага келсе экен» дейт,
Сизге тийген кырсык.

Кошоматчы,
өзүң айтчы,
Сени жакшы көргөндүн –
өзү кошоматчы.
Ойлосоң керек
Менин
«Кылыгымды көпчүлүк сезбейт».
Кошоматчы койбосоң,
Коом сени жектебейт!

деп кожоюну экөөн] кошуп ачуу эскертүүдө, селт этип сестеубегенди көрүп ал.

Мидиндин «В.Маяковскийге акындык отчёт», «Адабияттык парады» бүт кыргыз акын-жазуучу, чыгармачыл адамдарды элейтип эсине келтирген болуш керек. Анткени сатиранын тили менен ашкере айтылган чындыкка, караөзгөйлүккө барып кантип чычалайсың?! Же «Саадат – кандидаттагыдай»:

Жумшак тили менен жалап –
Бир «кокуй» профессордун колдорун.
Ишенбегендер,
Алган темасынан эле болжогун.

Кээ бирөнүн алган темасы
«Чегирткенин үнү»
Же «жарганаттын жүнү» сыяктуу илимге, коомго пайдасы жок темаларды жактап, эптеп эле илимдин кандидаттыгына илингендер жок бекен?

Кыскасы, М. Алыбаевдин сатираларында ачык айтылган, ачуу айтылган чындыктар менен таанышып аткаңда, «ырас айтат» деп жактап, табаң канып олтурасың.

Дил баянымды «Түбөлүк жаш поэзияң үчүн, Мидике, сага таазим, миң алкоо. Ошондой кереметиң бар экендигиңден атактуу шакиртиң Байдылда айткандай, бүгүн калкыңдын:

Карысы ичтен күдүңдөп,
Жаштары жайнап күлүңдөп,
Жатышат жаттап ырыңды,
«Жашасын биздин Мидин» –

деп К.Даутовдун айткан сөзү менен аяктайт элем.

Шералиева Н.
11– «Б» класс. 2006-жыл

«ТАТЫКТУУ БОЛСО ЭКЕН ДЕП ТИЛЕЙТ ЭЛИҢ КЫРГЫЗДЫН КЫЗЫ ДЕГЕН СЫЙМЫК АТКА»!

(Кыргыз кыздары ата салты жана эне адеби тууралуу)

Жакшы кыз жакадагы кундуз
(Эл макалы)

Кызга кырк тыюу
(Эл макалы)

Кыз жакшысы кандай болуш керектиги жөнүндө байыртан ата салтында, эне адебинде айтылып келген өзүнчө чен-өлчөмү бар. Ошондон болуу керек. «Кызга кырк жерден тыюу», – деп коюш. Демек кызга көзөмөл көп. Андыктан кыз баласы кай жеримден жазып, кимдин көзүнө чалдыгып калам деп адеп-ыйманын сактап, карманып жүрүшү абзел. Болбосо кыз одонолугуна ким болсун өзүнө эскертип же ата-энесине айтып, тыюу салуусун өтүнүп, айгак болгондор ыраазылык сезим менен туура кабылданып, ушак-айың көрүлгөн эмес. Эне-ата кызынын терс кылыгы үчүн өздөрүн сынык сезип, кыз да адеп сактап, уяттуу болгонун билдирчү. Азыркы кыздарга эскертүү берсең, «ишиңди кыл», «өзүңдү бил» дегенден кайтпайт болуш керек (өзгөчө базарда соода-сатыкта иштеген кыздар). Ал кыздарда улуудан ийменүү, кичүүдөн жаскануу деген такыр эле унутулгандай, мейли өзү теңдүүбү, мейли улуубу, мейли эркекпи, аялбы бирдей баарына алкылдап «ар» деп беттен алып, тилин тыйбай, жулмалашуудан кайтпайт. Быякта туруп өзүң уяласың, ушунча уят-сыйытты таштап, өң-алаттан кетип жулунуп-жулкунганына. Ичиңен кейийсиң, «кайда баратабыз?», «кандай болобуз?..» «Бу заман адамдын ыйман-ызатын да кетиргенби?» «Пейлин бузганбы?..» деп кыжалаттанасың. «Уулдан уят, кыздан кылык кетет» деген заман ушубу дейсиң. Байыркы замандагыны коёлу, Совет доорундагы жаштардын этикаларынан да кол жуубузбу деп чочулайсың. Шаардын ичинде автобус, троллейбустарда отурган жаштар улууларга ордунан туруп орун бошотуу, көчөдө баратканда, турак жайда

тыгылышта жол берүү деген жаштарда болбой баратат. Айлаң кеткенде өзүң четтеп жол бересиң. Автобуста былтыйып отурган турпатынан иренжип, өзүңө, кудай берген кубатыңа ыраазылана боюң түзөп, туруп турасың. Ушундай-ушундай учурларда ийилип-ийменип, чегинип-четтеп баскан, сызылып аста үн каткан, нарктуу ата-эненин тарбиясынан чыккан кызды элестетип, «аттиң!» – дейсиң.

Дегинкиси, кыз тарбиясы энеден. Ошондон да: «Энесин көрүп, кызын ал, эшигин көрүп төрүнө өт», – деген макалдын негизи. Нарктуу эненин тарбиясын көргөн кыздын насили да жакшы болот эмеспи. Атактуу жазуучу Т. Сыдыкбековдун «Батыйна» романындагы Барман байдын Гүлгакы байбичесинин элге алымдуу, эрге жагымдуу асылзаттыгы нарк билгилик, салт сактагандыктан таанымал болгон. Эне тарбиясы менен кызы Айнагүл да мыкты насилин тарткан адам болгон. Гүлгакы ургачы башы менен «жолборс» атанган, эри Барман чыгаан жакшылыгынан «үйүмдүн куту» дегенден жазган эмес.

Мүлдө кыргызга учурунда кызмат кылган Канықей, Айчүрөктөрчү. Алардын образдары азыркыларга үлгү эмеспи?! Алар шартка жараша амал таап, арга издеп туңгуюктан жол тапкан, ошондой айлакерлиги менен жалпы журтка жаккан. Акыл зерттеп кеңеш берип, арзып чыккан жарларынын көңүлүн тапкан. Эскиден Жаңыл Мырза, кийинкиден Курманжан датка эл башкарып, эл-журтка баш көз болуп, элди сактап кызмат кылган. Булардын өмүрү азыркыларга үлгү болбойбу? Совет доорунда атактуу К. Кондучалова, С.Бегматова сыяктуу мамлекеттик ишмерлер, С.Кийизбаева, Б.Бейшеналиева, Б. Кыдыкеева ж.б. искусство чеберлери, Ө. Атабекова, С. Ногоева, Телегей эне эмгектин баатырлары болгон. Булар өз эмгектери, өз өнөрлөрү менен өлкөнүн өсүшүнө салым кошуп, даңкташкан.

«Улуунун өмүрү кичүүгө үлгү», – дейт элибизде. Ынтымактуу үй-бүлөдө, нарктуу ата-эненин колунда тарбия көргөн бала-бакыра насилине тартып адептүү өсөт. Андай ата-эне балдарынын алдында ачуу чыгарып жамандыгын

көрсөтүшпөйт. Аларда өз ара ызаат-сый болбосо, үйдөгүлөрүнө сыйы болобу? Жаштар деги эле адамга сый көрсөтүштү, жакшылык жасашты, сылык-сыпаа мамиле кылышты ата-энеден, улуулардан үлгү катары кабыл алышат. Ошон үчүн түшүнүктүү ата-энелер үй-бүлө ичинде терс көрүнүштөн өздөрүн сактап, сактанышып, туруктуу жакшы адатты түзүп алышканын көрүүгө болот. Ал ата-эненин бала-чакасына кадыр-баркы жогору болуп, сөзү өтүмдүү, тарбиясы жугумдуу келет. Кай бир үй-бүлөдө өмүр бою «сен» деп урушпаган, ал түгүл бири-бирин атынан айтышпаган эрдикатынды жолуктурууга болот. Бул бири-бирин урматтоо сезиминен келип чыгат. Мындай мамиленин таасиринде чоңойгон жаштардан жаман сапатты күтүүгө болобу? Жок.

Мунун карама-каршысында чырылдашып-чыркырашып, ырылдашып-ыркырашып жашаган үй-бүлөнү көп эле кездештиребиз. Мындай үйдүн кожоюндарынын өз ара сый-сыпаты башынан сакталбай калган, ыркырашып ырыс-ынтымагы кеткен үй-бүлөгө айланган. Ал жубайлар үй-бүлөсүнүн ичинде эмес башка көздөрдүн алдында деле бирин-бири «кемпай», «ойрон» деп кемсинтип аташып, адептүү адам оозуна алгыс жаман сөздөр менен тилдешип, сөгүнүшүп кордошуп, өздөрүн жерге уруп, жеңил баа болуп жатканын билишпейт. Жедеп айтышып, аймаңка болуп бүтүшкөнүн сезишпейт. Анан ушуларды көрүп-өскөн бала-бакырадан кайсы жакшылыкты күтсө болот? Ата-эне өзүлөрү деле балдарынан кайсы жакшы убайды көрөт дейсиң? Азыркы болуп жаткан ата-энеге кайдигерлик, карамүртөздүк өз тарбиясынан экенин мойнуна алышат болду бекен? Барыдан кайдигерликтин жаманы – андайлардын башкага да жакшылык артпас жеке макоо болуп калышында, оңолуп оң жолго келбешинде.

Ошон үчүн акылы бар ата-эне перзентиңдин тарбиясына өзүң үлгү, чоңойгончо түзгөн шартың келечек тагдырына негиз болорун унутпасаңар! Ылайым, ата-бел, эне-нур, балаамедер болуп жашасаңар экен!

Өмүрбек кызы Асел.
10 «Б» класс. 2005-жыл

«КӨҢҮЛҮМ КАПА, БАШЫМ ТУМАН КЕҢГИРЕП, ҮЧ КҮН БОЛДУ БИЗГЕ КОНОК КЕЛЕ ЭЛЕК»

А. Осмонов

(Кыргыз салтындагы мейман-достук жана анын азыркы абалы)

Коноктон түк бир жадабас,
Колунда барын аябас,
Тоолуктун тоодой пейли бар,
Толкуган көлгө чамалаш.
(Б. Сарногоев)

Кыргыз эли – башынан меймандос, келбери, кең пейил эл. «Үйгө канча бут кирсе, ошончо кут кирет»– деп конокту кут менен салыштырган. Кыргыздардын конокко өтө сыйлуу мамиле кылышы башында көчмөн турмушта акча эсеби жок, айлык ченемин көрбөй, мандайына жазган колдо бар мал-жаны, айдаган аштыгына топук кылып, бардар жашагандыгынан болуп кийин салттык көрүнүшкө айлангандай.

Ырасында, кыргыздын меймандостугу – башка элден айырмаланган, башкаларды марттыгы менен таң калтырып келген өзгөчөлүгү. Конокту кудай өзү жиберген Кыдыр Алеки Саламдай сезишкен. Андан эч нерсесин аябаган. Айттырбай келген конокту «кудай конок» деп атаган. Ал үчүн соёрго эч нерсеси жок бирөө жалгыз мингич атын мууздап салган имиш. Ошентип, элибиздин сыйын, кең пейилдигин эч нерсе менен өлчөөгө болбойт. «Конок өз ырыскысы менен келет» деп колунда барын, бар мүмкүнчүлүгүн жумшаган.

Бизде конокту эки түргө бөлөт: айттырып келчү конок, айттырбай келчү конок же кудай конок деп. Айттырып келчү конокторго келери белгилүү: журт билермандарды тосуу, куда-сөөк тосуу, өз ара тамак ичишкен дос-тамырларды тосуу өндүүлөр кирет. Мында келчү конокко атайын күтүнөт, көрсөтөр сыйын түгөл дайындап, камдуу олтурат. Конок айттырууда үй ээсинин көрсөткөн сыйы, тоскон каш-кабагы

сыноодо болот. Кыргызда «ашың болбосо да, кашың болсун» деп, жадырап-жайнап тосуп алышына да карашат. Жакпаса «үңкүйгөн», «үңгүрөйгөн» кабактуу адамдар экен деп, үй ээлерин сынашат. Меймандардын чечекейин чеч кыла турган үй ээсинин жайган дасторкону болот. Ага карата: бирин «Жайыл дасторкон, кең дасторкон, кең пейил адамдар экен» деп жактыруу менен атаса, бири «куу казан», «дасторкону кууш» деп жаманатта калат. Дегинкиси, конок насибинин жупуну болушунан сактанып, уяттуу конок келип калабы деп камдана үкөккө таттуу-паттуусун, өрүк-мейиз, курутун сакташкан, карынга куйган сары майын конокко бузушкан. Келген меймандын шардабы менен дасторкон үстү бапырап бала-бакыралар да карк болгон.

Эми мейман тосуу, сыйлоо, узатуу салтынын ирети жөнүндө кеп кылалы. Конокту урматтоо наркы, атын алуудан башталат. Келаткандардын астынан тосо чыгып, салам айтышып, алик алышып, аттын суулугунан кармап, колтугунан сүйөп түшүрөт. Аттарды мамыга же көп болсо кермеге байлап, анан конокторду үйгө тартат, эшик ачып төргө өткөрөт. «Аткөлүгү аман», «куш келипсиңер» суралып, кол чайкатып, дароо дасторкон жайылат. Алгач жай мезгили болсо кымыз, кыш мезгили болсо, эзилген курут суусундукка сунулуп, анан чайга каралат. Конок ырыскысы мына ушундан башталат. Чай ичилип, ага бата кылынып, эшикке чыгарып мейманга арналган союшка бата суралат. «Конок тойбодум дебейт, сойбоду дейт» – деп союш жалгыз-жарым конок болсо да, майда жандыктан (улак, козу, кой) бирди сойгон. Көпчүлүк болсо, санына карата тай же туу калган бээ сойчу. Согум учуру болсо, чүйгүндөп эт салып, ыраазы кылган. Кыскасы, намыстанып, уятын ойлоп колдон келгенин аянбаган. Кемегеде от ойноп, казан кайнап, жайланышкан соң, кабак жайнап беймаралчылык менен чечилишип, жай сурашып, санжыра айтылып, кеп сандыктын оозу ачылып, узун сөзгө өтүшөт.

Илгери саат жок мезгилде эттин бышканын шорподон эле аныкташкан. «Конок бышты десе, алабакандагы эт бы-

шат» – дешип, алгач коноктorго шорпо беришкен, анан эт чыгарылган. Урматтуу коноктorго тамакты көп жедириш үчүн, ирет менен: алгач куурдак берип, эт бышканда биринчи, куйрук боор алдырып, анан кабырга сыйыртып, акырында улуу устукандар тартылган. Албетте, коноктorго улуу устукандарды алдырат. Туурай турган этти үй ээсинен бир-экөө тасмал этегинде отуруп куш тил кылып туурап беришет. Коноктордун эрки боюнча тууралган этке чык куюп эле аралаштырып нарындап берилет же камыр кошуп, чыктап эт берет. Нарындап куш тилиндей туурап бапестеп эт берүү – элибиздин өзгөчө улуттук өнөрү жана сыйы. Ардактуу конок куда-сөөктөрдөн болсо, уча тартылат. Уча тартуу кудалыкты жогору урматтоо, ызаат көрсөтүүнү билдирет. Тамак желип бүткөндө, үй ээсинин өзүнөн же балдарынын биринен бата тиленет. Батада коноктордун жакшы каалоосу, ак тилеги билдирилет. Бата алып калууга үй ээси ынтызар болот. Батадан кийин колго суу куюлат. Колго суу куюу жаш балдарга тиешелүү салттык көрүнүш. Мунун да өзүнчө ирети, эрежеси, максаты бар. Азыркы учурда ал салттык жагдайын эсибизге албай: «Ваннадан эле жууп келебиз», «Чыгып баратып ваннадан жууп кетебиз»– деп калабыз. Атайын колго суу берүү да конокко сый, бала-бакырага тарбия. Коноктун берген батасында ак тилеги жатат.

Жатар коноктор колго суу берилгенден кийин төшөк-орун салынганча, конок каадасы кылып эшикке чыгышат, дем алып келип жатышат. Коноктордун сууган аттары да ошондо ээри алынып, отко коюлат. Үй ээси урматтуу коноктору менен бирге аттарын жайлап, кам көрүүгө да милдеттүү. Эртеси эртең менен сугарылып жем илинет, анан токулуп, басмайылын бош тартып, кетүүгө даяр байланууга турат. Коноктор эртең мененки тамагын ичип, бата болгондон кийин, коноктун күчү кайтып, кетүүгө кам урат. «Конокту кел демек бар, кет демек жок» дегендей орундарынан козголот. Мейманды аткаруу, узатуу салты да өзүнчө бир ызаатты билдирет. Эшик ачылып, коноктorду үй ээси коштой чыгат.

Анан бала-чакалары менен аттарды байлануу жеринен чечип, басмайылдарын бекем тартып, суулуктан кармап, сол колтуктан сүйөп көтөрүп, аттандырып, тизгин, чылбырын колуна карматат. Кош айтып, узап кеткенче карап туруп, анан артына басат. Конок бастырары менен артын салып үйүнө тартса, коногунан кутула тажап калгандай ой калтырат. Азыркы мезгилде узатуунун мындай жол-жобо салтын сактай билбегендер үйүнөн коштошуп, чыгып узатып койгонго жарабайт.

Турмуш каатчылыгы пейилди алып коёт бейм, кийинки учурда бейтааныш коноктун келгенин сүйгөн эч ким жок. Эми бул деле колдо бар-жокко байланыштуу болот дейличи. Айрыкча түйшүктүү жашоого карата го. Маанайың чөгүнкү болсо, кимди сүйөсүң. Жыргап аткансып, мунусу кайдан келди? деп кабылдайсың да. Мындайда көңүлдө жакыныңдын да коноктукка келишин жактырбайсың, артык мүшкүл көрөсүң. Бул пейил колу жукалыктан дейин десең, бапыраган байлардыкына барсаң деле, өзү теңдүү даражалуу же өтө жакын адамдары болуп эле үзүлүп-түшүп мамиле кылбаса, башкаларга колунда болуп туруп деле сыртын салып, коноктукту ашыкча убара, түйшүк көрүшөт. Демек, кыргыздын коноктук салтын өң карамалык менен жасап калгандайбыз. Чыныгы салтыбыз бузулууда.

Кыргызда «кымызды улаганга бер» деп, өткөн-кеткен адамдын баары желе байланууга турган үйгө түшүп иче берчү. Жанаша конгон үйдүн бирине кирип, экинчисине кайрылбай кетсең, таарынычы калчу. Азыр таанышың, тууганың болуп эле кымыздуу үйгө түшпөсөң, кымыз бересинен жалтайлайсың. Жайлоо үстүн машина менен кыдырып, аппарат менен текшерип, бизнесмендер бээнин сүтүн сүттөй, кымызын кымыздай жыйнатып кетет экен. Кымыз ичем деп түшсөң, жыйнагандарга шыпкап куюп берип койдук эле десе, боз ала болуп чыгасың да.

Айрыкча азыркыларда тааныбаган бирөө (кудай конок) келсе, көчүк баса электе эле ал-абал, жай сураша кетет. Ая-

бай тергөөгө алып «Тааныштыгыбыз жок экен» же болбосо «Жакын куда-сөөк турбайбызбы» – деп териштирип бүтүп анан ымалага келебиз. Мындайда кимдин болсун көңүлү сууп, мизи кайтып калат эмеспи. Мына ушундайлардын айынан кошуналар бири-бирине чакыртмайынча баш бакпайт да, эрди-катын чакырмайын конокко барбайт.

Деги заманыбыз оңолуп, экономикалык абалыбыз көтөрүлүп, идеологиябыз жолго коюлуп, пейлибиз калыбына келсе экен. Ал мезгил да келер. Акча пейилибизди курутту, салтыбызды унуттук. Элде: «Кудай пейилди албасын, пейил бузулбасын» – деген сөз бар. Тобобузга келип, ойлонушубуз керек. Пейилибизди оңдойлу!

Үйрөтүү жана багыт берүү максатында.
2006-жыл

АСТЫГА САЛСА, АК ЖОЛТОЙ, АРТЫНДА ЖҮРСӨ, САН КОЛДОЙ

(«Манас» эпосундагы Бакайдын образы)

Акылдуунун сөзү нуска.
(эл макалы)

Акыл айга жеткирет.
(эл макалы)

Бир жан мүлдө адам баласына таандык бардык жакшы сапаттарга ээ боло бербейт. Жашоодо бирин-бири толуктап, бирине-бири керек болуп өтөт тура. Керемет касиетке ээ эл кастарлаган Манастын деле жетишпеген жактары болгон. Манастын ошол кем-кетигин толуктаган, атына затын жараштырып атагын чыгарган минген атынан тартып, колдонгон куралдары, тегерегиндеги жан-жөкөрлөрү, акыл кеңешчилери, калың эли болгон. «Эл менен эрсиң эр жигит» деген накыл кеп бекеринен чыккан эмес. Ошондой Манасты Манас кылгандардын бири – акыл кеңешчиси, Бакай абасы болгон.

Бакай эпосто «акылмандын тунугу, ак калпактын улугу» – деп акыл көсөм катары берилет. Көсөмдүк – бул артыкча акылмандуулук, алдын ала аңдап көрө билген көрөгөч даанышмандык. Ушундай сапаты менен Бакай абасы Манаска эң ардактуу, зарыл керектүү адамы катары эпосто берилген.

Манастын алгачкы бала баатырдык кылык-жоруктары эл оозуна алынып калганда, Алатоого ооп кеткен кыргыздардан Жакып инисинен кабар алганы Бакайдын атасы Бай Кашкардан издеп келет. Бай аксакал Кашкарга кайтып барып уулу Бакайга Алтайдагы туугандарына кыргызга тутка, душмандарга сез боло турган Манас аттуу инилүү болгонун сүйүнчүлөп, бирок андан душмандары кооптонуп, көзүн тазалаш үчүн аракеттер жасалып жатканын чочулап айтат. Жаштайынан сезимтал өскөн Бакай Манастын өмүрү кор-

кунучта экенин туюп, эр жашына жеткенче душмандардын суук көзүнөн далдоо кармап, изин жашыруу үчүн Алтайдан алып кетүү камын көрөт. Алгач жолугуп, Манасты сынап, тегин сураштырганда, такылдап жооп берген жоопторуна ыраазы болот. Инисине Ала-Тоодон душмандары бытыранды кылган уруулар, анын башчылары кайда экендигинен кабар берет. «Баатырдыкты басаңдата туруп бир-эки жыл дыйкан болосуң, иним. Аерде урунарга тоо да жок, урушаарга жоо да жок,» – деп Турпандагы дыйкан Карамырза агасына ала келип бир-ар жылга колуна салып берет.

Бакай Манастын келечектен, үмүттөнтөр, эл биримдигин түзөр, элди артынан ээрчитип мекенин таптырар, эл ишенимине эгедер эрендерден болорлугуна көзү жетип, келечегине кам көрүүгө бет бурат. Манастын дайнын даңктап, душмандардан сактап, келечегине колдоо кылууга үндөп Атбашыдагы Кошой абасынан баштап, Бадахшандагы Бөлөкбай уста, Самаркандагы Жамгырчы менен Шыгай абаларына чейин барат. Негизги максаты колунан көөрү төгүлгөн, темирди камырдай жуурган Бөлөкбай устаны ишке салуу, курал-жарак даярдатып, Манасты, анын болочоку колун курал менен камсыз кылуу эле. Ал үчүн барган жерлерине Манас тууралуу баян кылып сүйүнтүп, андагы эл башчыларын устага адамдан, керектүү материалдык жактан жардам берүүгө көндүрүп, устаканасын салдырып, устачылыгын уюштуруу болгон. Бакай кийин курган устакана жайларын, жасаган куралдарын көрүп, көңүлү тоюп, жыйдырып, ишенимдүү жерге, Кошой абасына ташытып жеткирип, сарамжалдап каттырып койгон. Ал курал-жарактарды Манаска ата-бабасынын жери Ала-Тоону көрсөткөнү салт жүрүп чалгындатып алып чыкканда, жолдо Кошой абасына кайрылып азем менен тапшырып, Кошой дөөнүн көйгөй баянын эшиттирет эмеспи. Кошой баянынын акырында санаасы тынып, Алтайга эрте жөнөп, тезинен Алатоого көчүп келүүгө Манаска кеңеш берет. Бакай Манастын өтө зарыл иштерин уюштуруп жасаган, ошондуктан эпосто Манаска дайым абдан

керектүү учурларында катышат. Ошол учурларда аткарган иши же айткан кеңешинин баары Манастын пайдасына чечилет. Ошондон да: «Алдыда жүрсө ак жолтой, артта жүрсө сан колдой», – деп бел көрүп, пир тутчу Манас. Манас Бай абасы менен акылдашып, Кашкардан уулу Бакайды алдырып, кан кеңешчилигине кабылдайт. Бакай өзү да кур келбегендигин, шерге чоро болсом деп эңсеп жүргөн жетимиш элдин тилин билген, ары чечен Ажыбайды жанжоролукка ала келгенин айтып, Манаска кошот. Бакай Манаска тогуз атасы кан болуп, чоро күтүп келгенин, чоролукка чыгаандын чыгааны тандалышын эскертет. Ырасында эле, Манастын тандаган Кыргыл чал баш болгон чоролору кийин кырк түмөндү башкарган, Манас дегенде жанын бергенге даяр, жоого сүрдүү, ишке эптүү, адамгерчиликтүү жигиттерден болот эмеспи.

Бакай Манасты душмандын айла-амалынан аярлап сактап, ажалынан арачалап, акыл менен алдын ала сезип коргоп келген. Алооке кан алышып ала албасын, кармашып жеңе албасына көзү жетип, бирок ээлик кылып келген Алатоону бергиси келбей, амал менен Манасты жок кылышты ойлонуп, алды-артына түшүп, кан сарайына чакырып, ууланган тамак берип өлтүрмөк болот. Аны сезип калган Бакай өзүнчө тамак бердирип, жан кишиге билгизбей тамагын төктүрө берип, Манасты сактап калат. Ушундай эле «Семетейде» да Жакыптын кымызга уу кошуп Багдөөлөткө даярдатып бергенде, чоң атаңа алдын улуулук кылып «ооз тийип бериңиз» деп өзүнө сунуп, анан ич деп Бакай мурун Семетейге үйрөтүп коюп, ажалдан алып калат эмеспи. Жексур Көбөшкө барарда баланы капысынан кол салып майып кылып койбосун деп, алгач Көбөштүн кирпик кашын билип көргөнү өзү мурун барат. Шек санаганындай Бакайдын башын жара чапкан неме Семетейди соо коёт беле. Мында да Көбөштүн карасанатай кастыгынан Семетейди сактап калат.

Бакай ыктуу жерде Манаска өзү чечим чыгарышына жол берип, атын чыгарып, аброюн арттырууга кам көрүп

турчу. Шорук кан багынып бербей Манас менен басташып, согушта жеңилип, «бактылуу менен басташып, карылуу менен кармашыпмын» – деп айласы түгөнүп, жан соогалап тартуусун айтып келгенде, Манас не дейсиз деп Бакайга карайт эмеспи. «Алдыңа келгенден кийин кан өкүмүн өзүң чыгар» – деп өзүнө коёт. Бул жерде Бакай кандык даражасын көтөрүп, кандык өкүмүнө жол коюп жатат. Манас ушундайда, Бакай бар жерде улуулук урматын сыйлап, ар дайым Бакайга кайрылчу. Андай учурларда Манаска тиешелүү акыл кеңешин берип же өзү так бүтүм чыгарчу, болбосо көпчүлүккө койчу.

Манас бирде-бир канчалык ачуусу келип, жини кайнабасын Бакай абасын көргөндө андан сездеп ыйбаа кылып, катуу кетпей басаңдап калчу, эзели каяша айтчу эмес. Бул Бакайдын Манаска көңүлү өткөн, кадыры сиңген бийиктигинен, сыйга-сый татыктуулугунан болбосун? Каныкейге күйөөлөп барганда, конок ээлери карбаластап башка жумуштар менен алек болуп, Манас ордо сарайда жалгыз кароосуз, сыйсыз калганына жини кайнап, жапаны чоролоруна салып, буркандап атканда, Бакайды көрүп, буюгуп бурулуп туруп калат. Ошондон кийин башкалардын тили чыгып, Серек, Бакайга эреркеп: «Кыз келбесе, бизди кырасыңбы?» «биз аялың белек?» дегенге чыгып, сөзгө сергитти. Дагы бир жолу Көкөтөйдүн ашына Бокмурун кеч айттырганына, душмандардын калайманына салдырганына Манас ачуусу келип, кабар айтып келген Айдарды баса калып, мууздап салмак болот. Каныкейди буй кылып арачаласа да болбогондо, Бакай арага түшүп, аман алып калат. Анда да Бакай абасы болбосо, Айдардын ачуудан соо калышы күмөн эле.

Манас үчүн Бакай абасы ак жолтой жаралган, ак жолун ачкан ак-ниет адамы экени көп жышандуу көрүнүштөрдөн айгинеленет. Манаска чыныгы кандыкка жар Каныкейдей канышага тушуктурган ак жолтой Бакай болгон. Бакай Жамгырчы менен Шыгайды издеп Бадахшан, Самарканга барганда Букар шаарынан Темирканга мейман болуп, кызы

Санрабийга жагып калганын, ал келсе, ордого ырыскы, башына бакыт конорун айтат эмеспи. Кийин Каныкейге кудалыкка Бакай куда башчы болуп баратып, жолдо салбырында кайып Шай атага жолукканда, желмаян төөсүн Манаска белек кылып кайып болот. Андан ары салбырындап Карамазар жаңгактуу керүүдөн Манас кол башындай күчүк таап алат. Аны Бакай көрүп эле: «Бул тегин күчүк болбойт, атын Кумайык коёлу» – дейт. Ошентип, алгач Каныкейди көрүп канышалыкка жоруп, салбырындын келечекте Манастын атагын чыгарар атактуу ит пириси Кумайыктуу, төө пириси Желмаяндуу олжолуу кылгандыгы Бакайдын ак жолтойлугу дешке болбойбу?

Манас башынан Бакай абасын улуу деп урматтап, акыл даанышмандыгын баалап келгендиктен, Чоң казатка аттанарда Туу башы кандыкка көрсөтөт. Бул ыйгаруунга бүт кошуун туура көрүшүп, дуулдап кубатташат. Мындан Бакайдын калың элге алынган, пайгамбардай кабылданган сый ургалы билинет.

Чоң казатта Чубак манжунун ханы Нескараны колго түшүрүп байлап келчүдө Эсенканга жакшылык менен Бежиндин хандыгын берип, Нескараны бошотуп алсын деп кабар билдирүүгө элчиликке ким барат деп эч ким чыкпаганда, Эштектин Жамгырчысы «үзүлгөндү улаган, чачылганды жыйнаган» Бакай абам барсын – дейт. Ошондо Манастын күйбөгөн жери күл болуп, «Нескараны айырбаштап алганына сүйүнүп, абамды капаска салып, бизди азапка калтырбайбы»– деп Жамгырчыны жекирет. Бакайды кыргыздын бардык байлыгына айырбаштабасын айтат. Мында да Бакайдын теңдешсиз баркын Манас дайын кылат.

Кийин Чоң казат жолунда Бакай көңүлчөктүк кылып колду жайына коюп, чардап эндекей болушканына Алманбеттин ачуусу келип: «Бу казатыңа кошулбайм, уруксат бер, артка кетем» – деп Манаска кайрылат. Ошондо Манас Бакайдан кандыгын Алманбетке беришин сурапканда: «Баштуу журттун баласы, кол башкарып көнгөн, казат жолун билген»

Алманбетке эч тардыгы жогун, ыраазылык менен ак дилден макулдугун билдирген. Мында Бакай жалпы кызыкчылыкты артык көрүп, ыкка тез көнгөн кенендигин көрсөтөт.

Бакайды Манастын жоро-жолдоштору да пир тутуп сыйлап, адамдык ызаат кылышкан. Манас Чоң казатта Бежинге жол чалыш чалгынына «көрө жүргөн жериң, жөөлөшө жүргөн элиң, сенден артык адам жок» – деп Алманбетти жөнөтүшүнө Чубактын ичи тарып: «Алманбеттен эмнем кем, мени эмнеге чалгынга жөнөтпөйт» – деп чыр чыгарып Алманбеттин артынан өлбөгөн жерде калышам деп жиндеңип жөнөгөндө, Манас Аккуланы тартуу кылып болсо да, Чубакты токтот деп капаланып, Бакайга ишенип артынан жөнөтөт. Чубак Бакай абасы келатканын көрүп сакалын сыйлап, апкаарый түшөт. Бакай: «Жооого кыраан Чубагым, намысы чолок чунагым!» Чоң казатта ногой, нойгут деген жок, жаамы журттун намысы экенин ойлодуңбу, кытай да болсо Алманбет кыргыздын намысы үчүн жүргөнүн билбейсиңби? «Бөлүнсөң бөрү жеп кетет, бөлүндү болду кыргыз деп, бөлөк элге кеп кетет!» Ойлодуңбу ушуну? – деп акылдуу сөзгө уютуп, кылычтын сырты менен какус-кукус кылып демин басаңдатат. Болбосо ошончо жини менен келген Чубак түз тийсе бирдин ичинен чыкмак беле... Дагы жакшы болду Бакай абасынан мизи кайтарылып.

Манас артыкча көргөн Бакай абасы да жакшы көргөн түштөй, оң түшкөн төлгөдөй болуп согушта колдун көбү кырылып, оён баатырдын баары набыт болуп, Аккуладан айрылып, карайлап турганда, Көк тулпарды минип, Нарбуудан менен Тайбурулду жетелеп, жапсардан чыгып келатканын көрүп:

«Өлгөн жанды тирилткен, өчкөн отту күйгүзгөн абам Бакай барсыңбы» – деп жаратын унутуп, аттан жеңил көтөрүп түшүрөт. Андан калса, кара жандан түңүлүп, өксүп турганда, ак буудай унун чайнашкан жанбирге адамың жардамга келгенде, төбөсү көккө жетип сүйүнбөй коёбу. Ошондо Бакай абасы көктөн түшкөндөй эле болбодубу. Көрсө, камбыл каныша Канықей түшүндө жаман түш көрүп, өмүрлүк жарынан кабатырланып: «Абаке, Айкөлүң тирүү болсо, алып кел» – деп аманат сөзүн арнап милдеттендирип, уулдуу болгон сүйүнчүсүн кошо айттырып жөнөткөн тура.

Манас Бакайга туу карматып шерденип, абасы менен келген он түмөн, өзү баштаган он түмөн кол, аман калган чоролору менен жоону Түпбежинге чейин жеткире куып кайра тартат. Ошондогу жеңишти Бакай өзү менен кошо Таластан ала келгендей эле болгон.

Жөн билгилик, жайбилгилик деген кандай сонун сапат! Таласка жеңиш менен кайтып келатканда, колго баш – көз болгон Бакай жаралуу Манасты жолду карата бапестеп, аярлап, алып келет. Эрендер менен акылдашып:

Ушу бойдон биз барсак,
Кайран журт асты жеңер деп,
Алдыдан чыккан кыргыздын
Жүрөгү түшүп кетер деп делдиреп кирип, барбайлыга келишет. Канықейге кат жазып, Манасты Бежинге кан көтөрүп, жеңиш менен келатканын айт деп Ырчы уулду жөнөтөт. Ошого карата көп сандаган мал союп, элге той жасала берсин. Алманбеттин ак ордосун Таластын алкымына тиктирип, Чубак, Сыргактыкын ирегелеш тиктирсин деп билдирди. Бул Манастын Чоң казаттан кайтышы эл көзүнө комсоо көрүнбөсүн деген Бакайдын аяр акылы болчу. Ырасы, Чоң казатка ошончо түмөн кол менен аттанып, көп жоготууга учурап, арып-ачып аз кол менен кайтканы дароо эле көзгө чалдыгып, элдин үрөйүн учурат болчу.

Кийин Манастын оору кыйындап, акыбалы начарлап, өмүрү аяктап баратканда, Канықей бейбак Бакай абасына Манастын акыркы керезин айттырып, угуп калууга алдына чакырат. Манас да чечилип керээзин айтат. Адатта, керээзди душман көздөн сырт, ишеним арткан, аткарарына көзү жеткен, сөзү өткөн, ичте сыр сактаган адамдарына сырын айтып калтырат. Ырасында Бакай абасы башынан Манастын талылуу маселесин чечишип келген сырдана адамы эмей ким эле?

Бакай Манастын көзү жумулгандан кийин өлүм зыйнатына тикесинен тик туруп баш-көз болот. Манастын сөөгүн душмандарына кордотпос үчүн Каныкей даярдап койгон үңкүргө Бакай, Кошой баш болгон аз гана сырдана адамдар катышып, жашырышат. Ошондо эл көзүнө, душман көзүнө кепке эле эмес, эпке да чебер Бакай теректен Манаска окшотуп керет (сөлөкөт) жасатып, булгары менен чаптатып, кепинге оротуп, ак кийиз менен жаптырып, табытка салдырып небак даярдап коюптур. Көр башына көтөрүп барган табыптагы көргө койгон сөөк Манастын чыныгы сөөгү эмес, жасалма жыгач сөөк экенин билген да, шек алган да адам болбойт. Бул жерде Бакай менен Каныкейдин сөөктү душман кордоосунан тапкан амалы, каткан сыр артыкчылыгынан кабар берет.

Акылга дыйкан Бакай Манастын учурунда эле өбөк-жөлөк болбостон, Семетей, Сейтектерге да жөөк-тээк болот. Бул учурдагы Бакайдын кызматы аяр мамилелери Манастын мурасчыларына зарыл керектик эле. Элдик идеалда Бакайды өлбөс жаратып, арбак сыйлаган такыба адам катары өмүр сүрдүрөт. Ырасында эле, Бакай ак жолтой, ак ниет, акыл даанышмандык кызматы менен өлбөс өмүр сүрүүгө татыктуу.

Манастын аталаш инилери, Жакып атасы баш болуп кандык бийлик, ордо мүлкүн ээлеп калуу үчүн Бакай Каныкейди:

Алты миң жамбы, миң кундуз,
Параны Бакай жеп алып,
Текеченин Ормонбек
Ормонбектей канына
Долуну качырып берет – деп уктум дешип атайын жаманатты сөз чыгарышат. Манастын эски көздөрүнөн Бакай гана арбак сыйлап, Чыйырды, Каныкей, мураскору Семетейге кам көрүп, Букарага качып чыккан бозгундарды артынан куун жетип, Тайтору буудан менен Акборчукту жетелей келип, отуз күндүк азык камдай келип:

Каныкей балам кайгырып,
Жаш албагын көзүнө.
Жетимиң аман эр жетсе,
Чачылганың жыйналып,
Кеткениң келер өзүнө.
Темирканга эптеп жет,
Жетимди кармап бетиңе.
Кан Бакай кантип жүрөт деп,
О, балам, ала жүргөн эсиңе! – деп кайраттандырып, мураскорду аманат дайындап узатат. Бул жерде да Бакай Манастын боордошторуна зарыл жан күйөрлүк жардам берип, тирек болот.

Каныкей Семетейге айткан жомогунда:

Аман барсаң Таласка
Ак сакалдуу карыя
Адамдан чыккан олуя
Кагылайын, кулунум,
Жолугасың ошого
Атаң Манас көк жалды
Ээрчитип жүрүп эр кылган
Эр уулу менен тең кылган
Белгилүү Бакай эр ошол
Белиңе таңуу бел ошол – деп дайынын даңазалап баяндайт. Ырасында эле Семетейди Таластан ардактап тосуп, канатын калкалап жүрөр эң ишенимдүү, күйөрман Бакай абасы болбогондо ким болмок.

Семетей келгенде:
Кара көзүң кал басып
Какшап жүрсөң мен үчүн.
Ак сакалың чаң басып
Азап тартсаң эл үчүн
Айланайын, абаке,
Мен арзып келдим эл үчүн
Абакем Бакай сен үчүн

Жетим кетип жетилип
Кайрылып келдим калкыма
Кара жаным өлбөсө
Жетермин аба баркыңа,–

деп абасынын мусапыр кейпине, муңайым үнүнө жаны ачып, бирок кадырың билер, баркыңа жетер адамың келди деп дем берет. Бакайдын Семетейге Манастан да артык өбөк болор акыл көсөмдүгү, тажрыйба колдоосу алдыда эле. Болгондо да өздөн чыккан эң катаал душмандыктан Семетейди коргоо сактык керек. Ал чоң атасы – Жакып, агасы – Көбөштүн көшөрүп, көзүн кызартып жеткен бийлик кызыкчылыгы эле.

Семетей ички душмандарын тынчытып бүтүп, атасынын кегин кууп Коңурбайга каршы аттанат. Мына ушунда Бакай абасынын жол көрсөткөн, акыл айткан көсөмдүгү зор роль ойнойт. Баягы Чоң казаттагы Алмамбеттин милдетин, Семетейде Бакай абасы аткарат. Манастан айырмаланып Семетей жаштык, курчтук кылып абасынын ыгынан чыгып кетип, өзүм билемдикке барып, ката кетирген учурлары да болуп, уятка калат. Бакайдын жакшы эле эскерткенине баш бербей, Коңурбайдын тосотко койгон сыйкырдуу сакчылары Куу кулжасын алактап, таамай атпай качырып жиберет. Бакай: «Ченин мыктап алайын, чеберди өзүм салайын» – десе, Семетей Кууөрдөккө Акшумкарды тил албай шилтеп, калпыстык кетирип коёт. Эгер Коңурбайдын жол сакчылары аман калып келе жаткан Семетейлерден кабар берип, эрте камынып калса, жеңишке кыйын болмок.

Семетей ээнөөлүгүнөн Коңурбайдан ок жеп жараланат. Ошондо Бакай болбосо, Семең оо дүнүйө кете бермек. Семетейге кыргыз ырымын жасатат. Айчүрөк:

Семетейдин үстүнөн
Акырын аттап жылжыды,
Аяктай болгон коргошун
Эр Семеңдин ичинен
Кулаткан таштай ыргыды.

Ошентип, Семетейдин жаны сеп алып, таза айыгып кетет.

Кийин Коңурбай чоң даярдык менен Таласка чабуул салат. Ал кезде Чачыкей Күлчоро « Чүрөк менен жакын « деп Семетейге чагымчылап ушак чыгарып, ага ишенип Семетей тил тийгизип, Күлүс таарынып жүргөн. Бакай:

«Акылсыз бала!»:
«Күлүсүм качан келет» – деп
Күтүп турган кезидир
Кайгы аралаш кызыл кан
Жутуп турган кезидир
Күлчоросу көзүнөн
Учуп турган кезидир!» – деп Күлчорону эптештирип, Семетейге жардамга жиберет. Чынында, Күлчоро Семетейге катуу таарынып, кайрылгыстай ыза болуп жүргөн. Күлчорону кайырган Бакай абасынын кадыр көңүлү, акыл сөзү болду. Семетейге Күлчоро Тайбуурулду жетелеп, жоо кийим менен барганда:

Айласыз турган Семетей
Атасы келген эмедей,
Чорону барып кучактап
Уялгансып кылчактап:
Кагылайын Күлүсүн
Берендей сенин жүрүшүң
Билбей акмак болупмун
Чачыкейдин күнүсүн! – деп мойнуна алып, жыгылыштуулугун билгизет. Семетей шерденип, колун шердентип, жоону жапырып киришип, жеңиштүү чыгышат.

Бакай «Сейтекте» баштагыдай түздөн-түз Сейтектин бардык керегине бирге туруп, бирге жүрүп жарай албайт. Анткени өзү айтмакчы өзүнөн көрү жакын болуп карып, душмандарынан кордук көрүп, арып-азып калган эле. Ошондо да эл санаган, сүйгөн адамдары Бакайдын өткөрүп келген жакшылыктарын эстеринен чыгарбай, дале болсо бел тутуп,

бар жакшылыктарда сый-сыпат көрсөтүшүп, кадырлашат. Чыгарманын акырында акылман карыя Бакай баш болуп бир тобу Сейтектин ишинен, келечегинен санаасы тынчып, өлбөс сапарга аттанышат. Көрсө, эл өздүк идеясында эл кызматын аркалаган адамдарын өлүмгө ыраа көрбөй, өлбөс кылып түбөлүктүү жаратат тура. Ошолордун ичинен Бакай аба үч муунда өтөгөн көсөмдүк кызматы менен өлбөстүктүн чыныгы үлгүсү болуп калат.

Үйрөтүү жана багыт берүү максатында.
2006-жыл

ЖЕТИК АКЫН ЖЕҢИЖОК

(Ой толгоо жана окутуу тажрыйба)

«Он сегиз миң ааламды оодарып айткан» акындын пирин жарым кылымдан ашык тилибизди тишибизге катып, эл-журтка ың-жыңын чыгарбай келбедикпи. О-ой, заманды, элдин жүрөгүнүн суусун алган каарынын катуулугун көр аа!... Акыры пешенебиз бар экен, ачык айтып ак сүйлөгөн мезгил келип, андан ашпаш дебей Совет доору өзүнөн өзү урап кулап, эгемендүүлүгүбүзгө ээ болдук. Ушул азаптуу заманыбыздын шардабы менен Жеңижоктой таланттарыбыздын кара сандыкка катылган чыгармаларын алып чыгып, элге тартуулоого укуктуу болдук. Мектеп, окуу жайлардын программасына кирип, окутулуп жатат. Бул макала Жеңижоктун чыгармаларын окутууда мугалимдерге методикалык колдонмо катары сунушталат.

2006-жылы Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссия Билим берүү министрлиги менен бирдикте Республиканын билим берүү мекемелеринин арасында «Эне тил жана Жеңижок» аттуу үч айлыкты өткөрүү жүргүзүлдү. Тил жөнүндө мыйзамды иш жүзүнө ашыруу максатындагы бул иш-чарага объект болуп Жеңижок акындын алынышы бекеринен эмес. Улуу ойчул акындын көрөңгөлүү чыгармалары мезгил танбаган, заманына карабаган көөнөрбөс кенч. Ошо орошон жаратмандыктары үчүн өз учурунда эл арасында, акындар чөйрөсүндө «Жеңижок – айтышарга теңи жок» – деп жалпы ызаат-ынанымга жетип, аңыз кепке айланып кеткен. Ырасында эле, кайсы чыгармасына кайрылбагын, көңүлүң жайдарыланып олжолуу кайтасың. Жеңижок өзү айтмакчы, «балалык» жөнүндө өзүндөй саймедиреп эч бир акын айтпаптыр. Акын балалык көңүлгө албай койчу маселелерден эмес экенин белгилеп: «Санжыргалуу жаштыктын салтанатын билбептир», – деп акындарга сын коюп, эки

жаш наристеликтен 25 жаштык куракка чейинки балалык доордун мүнөздүү жактарын, өзгөчө жоруктарын акындык элегинен өткөрүп, айтса-айтпаса төгүнбү» дедиртип, андан ары кызып – эргип төгөрөк жаш куракгарды тепчип-төөнөп жүздөн ала салдыра ашырыптыр.

Ырас, акындардын балалыкка кайрылып эскерген элегия маанисиндеги бир аз куплеттүү ырларды кездештирип келебиз. Бирок өтө акындай бүткүл бир курак адам өмүрүн чечмелеп, мүнөздөп, өзүндөй ырдап чыккан акындардан болгону сейрек.

Балалык бир оюндан башканы билбеген, оюнга тойбогон, карды ачын да сезбеген дүнүйөкапар кез эмеспи. Ушу балалык кезин ата-энесинин кашында эркелеп, бактылуу өткөргөн тагдырга не жетсин! Жеңижоктун мезгилинен айырмаланып, Совет доорунан бери балалык, жаштык курактын бир гана оюн-зоок көңүл ачуудан, үйдүн кирди-чыкты ишине каралашуудан башканы билбеген бейкапарсыздыктан бөлөк да мектептен билим алуу, тарбия көрүү менен алек болуу, келечек тагдырына өбөлгө түзүү чоң милдети кошулган.

Билим алуу бул балалык өмүргө кошумча астейдил кызыкчылык болуп саналат.

Азыркы учурда базарларда араба сүйрөп, же майда-чүйдө нерсе сатып, кесерип кечке отурган балдарды көрүп, бооруң ооруйт. Бул балдар дүнүйө капар балалык бакыттан оолак калган шордуулар да.

Жеңижоктун «Балалыгында» бейпил турмуштагы бейкапар балалыкка маашырланып ырга салынган. Чынында эле, туулган балада айып жок, заманына күнөөлүү эмес.

Эс тарткан 16 жашка чейин оюнга тойбос курак деп, 17 жаштан:

Ой-тоону кезеп ышкырат,
Ойлонуп бир аз иш кылат.
Ой-санаасы жок болуп,
Оюндан көөнү ток болуп, –

деп акыл токтотуп, оюнга тоюп, иш кылып, кол арага жарап каларын айтат. Андан ары жигиттик куракка жетилип, сүйүүгө кабылып, анын ыракатында болосуң. Ошентип, барып-барып 25 жашка жетип:

Ачып көздү жумганча
өтүп кетет балалык
Кайра келгис сапарга
Көчүп кетет балалык – болуп артта калат.

Балалык дүнүйөкапар кызыгы көз ачып-жумганча тез өткөндөй сезилет. Ошон үчүн балалык-жаштыктын акыркы чекити:

Жыйырма бешке отуз жыл
Жашатып койсо эмине?
Жаңылатып өмүрдү
Жасатып койсо эмине?

деп арман кылат акын.

Андан ары токтолбой 30–100 жашты ырга кошуп, ар бир тоголок жаштын өзгөчөлүгүн ачат.

Балалык колдон кеткен соң,
Дөбөгө чыгып оштонуп,
Бакырсаң келбейт балалык.
Ак боз бээ союп бөлүнүп
«Айланайын жаштык» – деп,
Ошо, чакырсаң келбейт балалык! –

деп жазмыштан кайрылбай кеткен балалыкка өкүнөт. Бирок окурманды биротоло өксүк күйүткө салып койбой:

Арыбасаң жүзгө чыгарсың
Асыл жан менен коштошуп,
А дүйнө көздөй жыларсың!...
Ак боз аттай зуулдап,
Аккан суудай шуулдап,
Кирип кетет турбайбы –

деп жүзгө чыгарып, акыры түбү өлүм ак, келген жандын кетмеги бар деген философиялык жыйынтык чыгарат.

Өзүң өтсөң өмүрдөн
Уул-кыз улайт эмеспи
Билдирип аты-жөнүңдөн, –

деп өлүм таптакыр эле жок болуу эмес, анын артында өмүр улоо каларын эскертип, сооротуп шердентет.

Ошентип, Жеңижоктун «Балалыгы» – өмүрдүн алтындай кымбаттыгын аздектеп ырдаган өзүнчө дастанга ылайык чыгарма.

Дүйнөгө жаралган пенденин телегейи текши болуп өткөнү жок имиш. Сөзсүз бир жагынан кем болот дешет экен элде. Ал түгүл, «өзүн түгөл санаган падышанын да тамагынын тузу кем болуп калыптыр» деген айтуу бар эмеспи. Анын сыңарындай, талантты ченебей берген тагдырдын жоомарттыгынан жалпы журттан кандан, бектен кем эмес кадыр-барк тапкан Жеңижоктун өзөктүү өксүгү болгон. Ал баласыз өткөнү «Жалгыз тал менен сүйлөшүү» ырында акын жалгыз тал менен сүйлөшкөн болуп, өзү менен өзү сүйлөшкөн. Ата-энеден кешиги жок бала жаштайынан жетим калып, анысы аз келгенсип, көпчүлүккө жагымсыз ала оорусу да жабышып, айылдык карөзгөй Ташкара деген байдын куугунунан өзү туулуп-өскөн Талас жергесине жанын ала качып, Аксыдагы таякелери тарапка жер оошуп келет. Ал жакта деле жакын таякелери жок экен. Өзүнүн тагдыр берген жылдыздуулугунан Таластык Айыке деген боорукер аялзаты жердештик ылым саноо камкордугуна алып, оорусунан арылтат, бала кылып асырап, молдодон кат таанытып, адам кылып чоңойтот.

Кийин карылыкка бет алып жашы жеткенде, ата-эне, урук-тууган, алдейлеп сүйгөн баладан жок өмүр өткөргөнүнө өксүп, каңырыгы түтөп кайгы тарткан. Ошо кейиштүү күйүттүн жалгыз талдын канат-бутагы сопоюп тонолгон куурроо абалы менен салыштырып ырга салган.

Бул жерде жалгыз турганым,
Пендеге болсун убалым

Аңгырап жалгыз турганым
Адамга болсун убалым, –

деп тал кунарсыз кылып тоноп-бутаган адамзатка нааразылыгын билдирсе, Жеңижок кейиштүү тагдырын жазмышка, заманга салып таарынат. Жалгыз тал менен муң чечишкен кайгы-касиретин угуп аяп, жүрөгүң мыкчылат.

Жеңижоктун «Үй-бүлө» ырында алган жар-үйдүн куту, ата мураскер уул-ага, инилердин алган орду, өз ара мамилелери жана жалпы жамаат ынтымагы чагылдырылат.

Акын ырды үй-бүлө куту, алган жардын жакшы-жаман сапаттарын салыштыруудан баштайт.

Алганың жакшы болгон соң,
Кирсең үйүң ордодой
……
Жаркыраган айнектей
Кармаган казан тулгасы.
Ачык болот кабагы
Барды-жокту байкатпай
Берекелүү тамагы –

деп жакшы аялдын карманган-тутунганы ирээттүү, таза келип, сарамжалдуулугунан «кирсең үйү ордодой» көрүнөт десе,

Алганың жаман болгон соң,
Кирсең үйү кепедей.
Айыл десе кам урат,
Элечегин пар кылат.
Тапылдатып элегин
Башы-көзүн чаң кылат.
Баласын төргө чычырат
«Байдөбөт» деп чакырат –

деп баласын эшикке чыгарып тоскондон, үйгө чычса богун чыгарып, тазалагандан эринип, Байдөбөткө жедирип кутулган жалкоо, ыпласты сынга алат. Мындай жерсандыдан кутулуш кыйын, айлаң түгөнгөн арман күнгө калганың деп

жыйынтыктайт. Үтүрөйгөн кабак көңүлүң үшүтүп коногуңду үркүтөрү ырас.

Экинчи ата-эненин ишеними болчу уул жөнүндө:

Уулуң жакшы болгон соң,
Кымбат баа жакут таш.
Кызык базар көргөндөй,
Ар жыйында кеп урса,
Ар кандай пенде көнгүдөй –

деп жакшы уулду базары болгон адамга салыштырат; сөзү элге өтүмдүү, кадыр-барктуу элдик жигит экенин белгилейт.

Жаман уул:

Киши келсе кенебейт,
Кишиге өзүн теңебейт
Ачуусунда кээси
Чач, сакалын агартат
Ата менен энеси
Кулагына илинбейт
Айткан акыл, жемеси –

деп ата-эненин акыбетин актабаган, алардын шору үчүн жаралган кемпайдын элесин берет.

Андан ары үй-бүлөдө ага-ининин мамилеси: ага жакшы иниге кандай, иниси жакшы агага кандай пайда келтиреринин баягы элдеги: «Агасын көрүп ини өсөт», «Иниси бардын ырысы бар» дегендей, бири-бирине өбөк-жөлөк болушса, өркүнү өсөрүн айтат.

Кыскасы, акын «үй-бүлө» ырында үлгүлүү бүлөнүн өрнөгүн чыгарып, терс сапаттагысынан сабак берип сактантат.

Санат ыры-акындардын салттык ыры. «Ар молдонун өзүнө жараша зикири бар» демекчи, нускоочу акындардын көбү өз алдынча санат ырларын жараткан.

Жеңижоктун:

Ак комуз кармап колума
Айтамын санат тобуна.

Айтып көрдүм жашымдан
Ар жыйында чогууга.
Абалдан түшкөм жазылбай,
Акындыктын жолуна.
А десем даяр чуурушуп,
Ар сөзүм келет оңуна
Акыл-насаат айтамын
Аңдасаңар соңуна!...

деп атайын топтун көңүлүн буруп, аттанып, аздектеп ырдап чыкканына караганда, аттиң! бул ырынын да «Аккан суудай» баш аягы алыс, абдан эле алыс, баштапкы түп нускасы алаамат эле болуш керек! Бизге жеткен колдо барында эле эмне деген керемет ой-санаттары жатат:

Жакшы болуп жүрүүгө
Жакшыдан тапкын жолдошту.
Жолотпогун жаныңа
Жанын жеген оңбосту.
Жайында болот көңүлүң
Жолдоштон тапсаң жолборсту.
Жамандан тапсаң жолдошту
Жолтоо болот жол тосту
Жалаасына каласың
Жолдош кылсаң болбосту –

деп, жакшыга жанашууга, жамандан оолак болууга үндөйт. Ырас эле жамандын өсүп-өнүгүшкө жолтоо болгон кесепеттери азбы?

Алманын гүлү шагында
Аңдоо салып карасаң,
Ачылат мөмө багында.
Ар нерсе болот маалында
Акылың менен айтып күл
Алтындай жаштык барында –

деп, жаштык өмүрдү, жалындуу куракты акыл-эстүүлүк менен пайдаланып калууга баалуу кеңеш берет.

Келип тургун тууганга
Туугандыктын белгиси.
Кыйын күндө кайрылат.
Карашпасаң андайда
Көңүлү калып туугандан
Түбөлүккө айрылат.
Ынтымактуу болсоңор
Душманыңар айбыгат –

деп, кыргыздын салтындагы туугандык карым-катыш, тууганчылдык ынтымак-ырашкерликти сактоого чакырат. Керт башынын кызыкчылыгын көздөп, алыстап кеткен жарандарыбыздан өз ага-туугандарынан кайрылып кабар албай, кайтыш болгондоруна учурунда келип топурак салбай, өзүнө да жергесинен топурак буюрбай дини кайыр болуп кеткендер жок бекен.

Бетеге кетет бел калат.
Замандар өтөт эл калат.
Эл оозунда айтылып
Эрдик кылган эл калат.
Калктын камын ойлогон
Касиеттүү шер калат –

деп, эл түбөлүктүү, элге кызмат кылган, элдин купулуна толгон эрдин даңазасы унутулбасын эскертет.

«Ак куржун толо ыр калды», «Ким айтат менин ырымды» чыгармалары акындын карылыкка бет буруп, өмүр чегине жакындап баратканын сезип, өмүр өтсө, артында калган жаратмандыгын баалап, баркын билип, талантын тастыктап айта жүрөр өзүнө теңдеш шакирттеринен же замандаш акын танапташтарынан барбы, чыгабы деп ишенип-ишенбей арман кылган өксүк-өкүттүү, сар-санаасы берилген.

«Алтын кылыч белде жок
Азаптуу оору айынан
Азыр акының өтө элде жок» көрүнүп, төшөк

тартып катуу ооруп калганындабы, алып тынар ажалына көзү жетип айтканы байкалат.

Акыры түбү өлүм ак демекчи ал күйүтүнөн да:

Арманга бүткөн муң калды
Аз кыргызым окурга
Ак куржун толо ыр калды
Арманым айтсам жаманбы
Аз кыргызым кат билбейт
Кантейин, аңкоо кылган заманды!...

деп, акын бир эсе, ак куржун толо ыр элине эмгек калтырганына көңүлү толуп, ариет деп каниеттенсе, экинчиден, «Аз кыргызым кат билбейт» – деп, кат таанып окуп жүрөр кыргызда аз экенине арманы ашып, элди «аңкоо кылган заманына» наалатын билдирет.

Ак куржунду атына ала салдырып теңденип, Көксулуу жарынын коштоосунда айлап, жумалап жүргөн жерлеринде элдин эрмеги болуп ызаат-сыйын көрүп, кат билгендиктен учурунда жаралган жаратмандыктарынын урунттуу көрүнгөндөрүн чиймелеп, ак куржунга сала жүргөндө эле канча чогулуп каларын элестетип көрөлү...

Аттигиниң! «Ак куржун толо ыры» сөз кадырын ардактаган сарамжалдуу колго тийген болсо, же Жеңижоктун талант кудуретин баалаган сырдана камбылга кабылган болсо ушу кезге дейре чыгат эле го. Балким, ыр баркын билбеген ээнөө – элебес бирөөгө тушугуп, же Жеңижоктун чыгармасын кара милтеге алган замандын каатынан кара жанын сактап сүрдөгөндүн колунан өрттөнүп жайран болгондур.

Аттиң! Ак куржун толо ыр, ээ?! Бизге жеткен акындын эл оозунан жыйналган орто көлөмдөгү китептик чыгармалары менен таанышып, таңдайыбыз такылдап, чечекейибиз чеч болуудабыз, эки көз куржун толо Көкө уулу Өтөнүн топтому тийсе, анык ыр кенчине тушукмак экенбиз, аа! Мейли, бул бир чети кыял. Буюрбаган ашка мурун канайт демекчи барына каниет.

Ким билет менин сырымды?
Ким айтат менин ырымды?
Он сегиз миң ааламды
Оодарып айткан кунумду
Калдайган топто сайрачу
Ким басат менин туурумду? –

деп алдына маселе коюп, айрымдары менен айтышып, акындык тиреште жеңип, мөөрөй алган, айрымдарын аш-тойлордо, элдик жыйындарда ырдагандарын угуп, чама-чаркын билген замандаш акындарынын бир нечесинин атын атап, сыдыргыга салгандай өзүнө салыштырмалуу дараметтерине баа берип, ичи чыкпаганына «Бу да айталбайт ырымды!» деп оодарылып салып жүрүп отуруп, акыры:

«О» десе, добуш козголгон
Кыяматтык дос болгон
Бир билсе, Токтогул билет сырымды.
Көп болбосо азыраак
Током, сен айтып кой ырымды! –

деп Токтогулга ишеним берип токтогон экен.

Жеңижоктун «Ким айтат менин ырымды» деп өзүнө сырдана акындарды алдынан чубуртуп, ар биринин кемкарчын таап, акындык кыраакы сынынан өткөрүп, баа бериши өзү ошого дейре жалпы журтка, ошол эле акындар чөйрө-чөлкөмүнө акындардын залкары катары таанылган даңазалуу наркына байланыштуудур.

Негизинен Жеңижоктун бул ырдагы күтүнгөн көксөөсү акындын чыгаанын иргеп таап, көзү өткөндөн кийин ырларын өз деңгээлинде татырлык талант менен атын унуткарбай, ырдай жүрүшүнө милдеттендирип кетиште болгон.

Ариет, көптөн чыгат экен, өз заманынын чыгаан акыны Токтогулду татыктуу деп табат. Токтогул даңазалуу орун кенемтесин Жеңижок көз жумганда келип:

Ак тулпар элең желеде,
Ак шумкар элең чегеде.

Ак тулпар кетти желеден,
Ак шумкар учту чегеден.
Эми туулбайт сендей пендеден, –

деп, Жеңижок акындын кайталангыс талант феномендигине аттиң айтып, күйүт чыгарыптыр, мартабасын арттырып, сөөгүн агарткан экен.

«Аккан суу» акындардын мен-мендегендеринин биринен-бири өтүп, акындык кудуреттерин сынап, сынга кошкон темасы болгондой. Бизге белгилүү Токтогулдун «Аккан суусу», Барпы акындын «Аккан суусу» да темасы бир болгону менен ар кайсысы өз алдынча чыгармачылыктын бийик үлгүсүндө жаңырат. Анткени акындык өз кудуретине ишенип таянбаса, жүрөксүздөнбөй атаандаштык ырын кайдан жаратсын. Бул эки акындын атаандаштык ыры менен таанышып, бирин артык, бирин кем санай албайсың. Акындар мындай учурда мындай чыгармасына бар күчүн жумшап таптап, чабышка салат бейм. Ал эми Жеңижоктун «Аккан суусу»:

Мөңгү болуп ашууда
Үнөмдөлгөн аккан суу.
Жети күн, бир түн айтсам да,
Түгөнбөгөн аккан суу.
Аккан, аккан, аккан суу
Бардык жанга жаккан суу –

дегенине караганда, «Жеңижок аккан сууну алты күн айтып түгөтө албаган, жети күн айтып, жетерине жетип бүтүрө албаган», деп уккан элде калган аңыз кеп өлчөмүнө караганда аккан суу акындын талантын төгүп сүйгөн ыры, бүтпөс темасы экенинен каңшаар бергенсийт. Анысынан да бир эле аккан сууга жумшалган талант таскагы ушунча болсо дедиртип, акындык чеберчилик ченемсиз кубатын айгинелеп тургансыйт.

Демек, Жеңижок Көкө уулунун «Аккан суусу» дайрадай жайык, мол; тоо суусундай шар, шоокумдуу; көлдөй көлбүп терең, кээде албуут толкун.

Жеңижок акын аккан сууну белгилүү бир тартипте иретте баяндайт:

Жети кабат жер астын
Жарып чыккан аккан суу
……
Кара тоонун боорунан
Агып чыккан аккан суу –

деп, агып чыккан башаттарынан баштап, жер үстүнө чыгып ар тарапка урунуп, кандай аккандыгын:

Ташка тийип чачырап,
Баркыраган аккан суу.
Далай жерге токтолбой,
Шаркыраган аккан суу.
Кууш жерге келгенде
Күркүрөгөн аккан суу.
Үрөйүңдү учуруп
Үн сүрөгөн аккан суу.
Жайык жерге барганда
Жаркыраган аккан суу.
Эңкейишке киргенде
Аркыраган аккан суу –

деп, сүрөттөп ырдаган. Андан ары:

Сурап-сурап отурсаң
Кайда болот аккан суу? –

деп өзүнө суроо коюп:

Бетегеси кулпунган
Төрдө болот Аккан суу.
Каз өрдөгү калкыган
Көлдө болот аккан суу.
Тамчы сууга зар болгон
Чөлдө болот аккан суу.

Мурда болуп көрбөгөн
Жерге келген аккан суу.
Жер үстүндө жашаган
Элге келген аккан суу.
……
Аягы жок, колу жок,
Токтойм деген ою жок.
Жүрүп келген аккан суу
Бара турган жерине
Күлүп келген аккан суу –

деп болуп, кайда барбасын болгон, барган жериндеги пайдасын чегине жеткире, таасын таланты менен зиреттеп ырдаган. Акындын «Аккан сууга» тапкан ою куюлушуп, тандаган сөз берметтери кыналышып тамшантат, таңдантат.

Акын адамзат пендесине:

А жаныбар аккан суу
Күнү-түнү аксаң да,
Кызмат этип жатсаң да,
Кадырыңды билбейбиз.
Көңүлүңдү кир кылып,
Кайра өзүңдү тилдейбиз
Жок дегенде бир жылда
Зыярат кылып жүрбөйбүз
Адамзат пендеси,
Аккан сууну булгаба!
Суу сыйлаган зор болор
Суу кордогон кор болор –

деп, тынымсыз аккан суунун чексиз пайдасын көрүп жатсак да, зыярат кыла жүрүүнүн ордуна «Кадырын билбей, көңүлүн кир кылып» акарат келтирген учурубуз да болорлугун, акырында «Суу сыйлаган зор болор, суу кордогон кор болор» деп даанышман эскертме калтырат.

Чынында, чаңкаган чөлдү коёлу, төрт тарабы суу менен курчалган кээ бир өлкөлөр бар ичерге суу жетпей, башка ма-

териктен кеме менен ташып келип ичишет (Куба, Израиль, Араб өлкөлөрүндө). Биз тагдырыбызга ыраазы болсок болот, сууга таңсыктыгыбыз жок. Суубуздун баары ичимдик суу. Коройт дебей, шаркыратып аны менен огородубузду сугарабыз, машинабызды жууйбуз, суу колонкасы бузулган жерлерде керексиз агып тура берет. Ушундайларды көрүп акылман акындын эскертүүсүн эстеп, аккан суунун корун көрүп, каатына калбагай элек деп эсибизге келсек боло турган. А балким, Түштүк Азия өлкөсүндө болгон цунами алааматы адамзат пендесин эсине келтирер тагдырдын сыры болуп жүрбөсүн?...

Жеңижоктун «Аккан суусу» жөнүндө белгилүү сынчы Ш. Үмөталиев: «Кыргыз поэзиясынын өз доорундагы кылда башы деп айта турган чыгармалардын бири. Бул ырды окуганда, негедир мактоо жетишпегенсип турат. Ар кандай мактоо анын алдында жупуну тартып, коруна калгансыйт» демекчи, Өтө акындын «Аккан суусу» эч мактоого муктаж эместей сезилип, апкаарытат да экен...

Жеңижоктун чыгармалары 5–8-класстарда өтүлөт. Ошо окуу процессинде чыгармаларды окутуу ыкмалар, окуучулардын кабылдоолору, алган таасирлеринен азын-оолак кеп болмокчу.

6-класста «Айтамын санат тобунаны» өтүүдө алгач санат ырлары жөнүндө түшүнүк берилип, анан сабак үч этапта тапшырма берип, аларды аткаруу шардабы менен жүргүзүлөт.

1-этаптагы тапшырмада акыл-насаат маанисинде саналып айтылган санаттарды куплеттер боюнча санын такташабыз.

2-этапта куплеттеги саны такталган санаттарды подтемаларга бөлүштүрүп топтоштурабыз.

3-этапта санаттардын айрым ыр саптарына же ыр сабындагы сөздөрдүн маанисине талдоо жүргүзөбүз.

Санат саны: Подтема саны:

1. Атың барда жер тааны.	
2. Атаң барда эл тааны. Экөөбү тең бар чакта 3. Эмгектенип, эр жигит Эпчил болуп жан сакта.	1. Эмгекчил эпчилдикке
Эртеңкиңди ойлой жүр 4. Эрмин десең калп айтпа!	2. Калп айтпоо
Ээриңди көтөртөт 5. Эпсиз атың чарчатпа.	3. Атыңды сыйлап мин
Элиң келсе көргөнү Эл кумарын таркат да. 6. Элиңдин алгын алкышын Эсил жаның бар чакта.	4. Элдик адам болууга
7. Эбиребей досуңа Эби менен жалпакта.	5. Досуңа жалпактап кошоматтанба

Бул куплет ыр жети санат, 5 подтема акыл ойдон турат. Биринчи подтема эмгекчил, эпчил болууга үндөгөн үч санат ырдан турат. Мында «Атаңдын барында эл таанып, атыңдын барында жер таанып, экөөнүн барында эмгектенип пайдаланып, эпчилдик менен жан сакта» деген акыл кеңешин берет. Куплеттеги калган санаттардын саны куплеттин бир жагында, подтема, анын саны экинчи жагында ажыратылып көрсөтүлдү. Аларга да биринчи подтемадагыдай тастыктоого болот.

Эми 3-этап боюнча, «Ээриңди көтөртөт, эпсиз атың чарчатпа» деген ыр сабына талдоо жүргүзөбүз. Бул санаттын маанисин кандай түшүнөсүңөр? деген суроо коюлат. Бол-

жолдуу жообу: Дайынсыз минип, кур-бекер чапкылап, катуу чарчатып-чаалыктырсаң, атың жүрбөй калып, же жинигип өлүп, орто жолдо жөө калып, ээрин көтөрүп келесиң дегенди эскертет. «Эпсиз» деген сөздүн синоними барбы? Кандай түшүнүк берип турат? Эпсиз // дайынсыз// кур бекер синонимдер деп табышат.

Санат ырлары бирдиктүү бир мазмундуу чыгармалардан болбогондуктан, ар тараптуу маани-максаттарды, жыйынтыктап бала кыял, ойноо куралтагылардын кабылдоосуна кыйын болот. Ошондуктан окутууда жеңилдетип, жетелеп оюнга жакындатып, санаттардын санын алган болуп, алардын маанилик жакындыгына карай подтемаларга топтоп, суроону тактап, ыр саптарына талдоо жүргүзүүгө эмнеге болбосун. Окуучулар этаптык тапшырмаларды биринен сала кийинкисине өтүп, чыгарманын маани-мазмунуна алгач жакындашып санап, анан аралашып, темаларга топтоп жатышпайбы.

Окутуп үйрөтүүнүн ушул ыкмасы Жеңижоктун бардык класста өтүлчү чыгармаларында колдонууга болот. Мейли «Балалыгын» албайлы, мейли «Аккан суусун», ж.б.

Алсак «Үй-бүлө» жалпысынан 5 бөлүктөн, куплеттен турат. Ар куплеттер бир нече санат-насыят ойлордон куралган. «Алганы жаман аялды» акындын сүрөттөөсү 5 чакан темага караган бир нече тарбиялык маанидеги ойлордон турат.

1. Алганың жаман болгон соң Кирсең үйүң кепедей
2. Кийимиң сасып кир болот Төштүгү чирик текедей.
3. Айыл десең кам урат Элечегин пар кылат. –

деген үй ишине моюну жар бербеген жалкоо деген темага жатат. Бул 3 санат-насыят ойдон турат

1. Тапылдатып элегин Башы көзүн чаң кылат
2. «Аш кыл» десең нан кылат Анын орто жерин кам кылат Тоё жеген адамдын Ичин жаман дем кылат –

деген иш билбеген, эби жок деген тема, 2 санат-насыят ойдон турат.

1. Баласын төргө чыгарат. «Байдөбөт» деп чакырат.
2. Байдөбөттөн калганын Буту менен шыпырат.
3. Тактасына бит сыгат.
4. Үй-бүлөлүк менен ит урат – деген балиттик деген теманы, көрүнүштүк ойду чагылдырат.

Жогорудагы тема, подтема, микротемалардын тобун, ажыратуу иштерин мугалим менен бирдикте окуучулар жүргүзөт.

Тапылдатып элегин

«Башы-көзүн чаң кылат» – дегенде кандай маани бар? – деген суроого окуучулар: – Унду элегенде, электи ылдый кармап, акырын экинчи кол менен ургулап, элеш керек. Электи көтөрүп, катуу койгулап элесе, ун көтөрүлүп чаңдап, үйдү да булгайт. Демек, ун элегендин эбин билбейт. Кандай иш жасагандыктан башы – көзүн чаң кылып жатыптыр? – деген суроого «эбин билбегендиктен» дешти. Дагы кандай жасагандыктан? – деген суроого класс боюнча эквивалентик аталышын таба алышпагандыгы эсимде. Айла кеткенде үйдөн ата-энеңерге айтып, таап келгиле деп тапшырма бергем. Үйүнөн да натыйжа болбоду. «Олдоксондуктан» деген сөз болчу. «Ичин жаман дем кылат» дегенде «дем кылаттын»

мааниси тууралуу да талаш-тартыш түшүнбөстүк болгон. Ал «ичин көптүрүп оорутат дегенди билдирет».

Акындын «Жалгыз тал менен сүйлөшүү» ырын өткөндө да бала кезде аёо, боор ооруу сезими күчтүү болот эмеспи, жалгыз талдын көрүнүшүн окуучулар абдан аянычтуу кабыл алышкан эле. Үйдөн Жеңижок абаңардын жалгыз тал менен сүйлөшүп турганын элестетип, сүрөтүн тартып келгиле деген тапшырмага көпчүлүгү элестүү сүрөт тартып келишти эле, айрыкча, канат-бутагы тонолгон, сопойгон талдын сүрөтүн. Ошондо бир окуучу Жеңижокко эшек мингизип тартып келгени класс көтөрө күлкү туудурган. Ушунча, даңктап өтүп жаткан Жеңижок акынды эшек мингизгенге кантип ыраа көрдүң? деп уяткарганбыз.

«Аккан сууну» өткөндө аккан суунун акын айткан пайдаларын гана китебиңерден куплеттер боюнча санын тактап, маанисин айтып бересиңер деген тапшырмага да окуучулар кызыгып, жарышып жооп берүүгө активдүү катышты эле.

Акырында «Суу сыйлаган зор болор,

Суу кордогон кор болор» – деген темада дил баян да жазган элек. Дил баяныңарда көргөн, укканыңар боюнча сууну кор кармаган фактыларды сөзсүз келтирип жазгыла деп эскертилген.

Ошо келтирген фактыларында суунун кордолгонуна, ысырапталганына чыныгы жан күйгөн, жаны ачыгандыкты сездиргендердин дил баянын жарыя окутуп, сабак болсун үчүн, класста талкуу кылганбыз.

Жеңижок Көкө уулу өз доорунун даанышман, жетик акыны болгон. Жетик акындын урпактары жыл айланып, кылым санап жетилип «Ким айтат менин ырымды?» деп мурас кылып калтырып кеткен ырларын окуп, « айтып» таасирленип, өмүр улап келе бермекчи. Өтө акындын арманы жок.

ТОТАЛИТАРДЫК-АКИМЧИЛИК БИЙЛИК ЖАНА «ӨЖӨР ЖЫЛДЫЗДАР»

(Ч. Айтматовдун «Гүлсарат» повестиндеги Танабай менен Гүлсарынын образдары боюнча ой толгоо)

Кыргыз адабиятынын көрүнүктүү сынчысы К.Асаналиев «Гүлсарат» повестинин жарык дүйнөгө келиши көркөм өнүгүштөгү бөтөнчө бир адабий доор, бөтөнчө бир адабий маанай жаратты» – десе, дагы бир белгилүү сынчыбыз К.Бобулов «Жаңы тилке» деп бир сын жыйнагын атап, бир макаласында: «Гүлсарат» повестинен бүткүл дүйнөгө белгилүү кыргыз жазуучусунун чыгармасында жаңы тилке башталат», – деп жазуучунун кийинки керемет жаратмандыктарына жаңы баштооч болгон, баштагыларынан айырмаланган, өзгөчө нукка түшкөн, жаңы тилке жараткан чыгарма катары баалаган. Эки сынчы тең адабияттагы жаңы адабий маанай жараткандыгы, жаңы тилкеге түшкөндүгү жөнүндө шаңданып айгинелешкен.

Табиятында адамзат дүйнөсүнө гумандуулукту ойлоо менен чыгармачылыгында алп урушкан акылман жазуучубуз Ч.Айтматов «Гүлсаратта» да согуштан кийинки айыл турмушу, мал чарбачылыгындагы көйгөйлүү маселелер ага байланыштуу жан кейиштүү адамдын тагдыры ачык сүрөттөлгөн.

Чыгарманын негизги каармандары – Танабай менен Гүлсары. Бүт өмүрүн ак жүрөк, адал эмгек менен өлкөсүнө арнаган адамдын тагдыры менен, бүт өмүрүн адамга кызмат өтөө менен өткөргөн жаныбар Гүлсарынын тагдыры жарыш берилген. Чыгарма биринин балалык курагынан карылыкка чейин, экинчисинин кулун жашынан көп асыйлык жашты кечип, карып-арып күнү бүткөнүнө чейинки башынан өткөргөн тагдырлары чагылдырылат. Чыгарманын бул эки каарманынын бири – адам, бири – айбанат болсо да, образдарында биринин өлкөсүнө, биринин адам баласына өтө-

гөн ак кызматтары, андан көргөн акыбеттеринде окшоштук жактары арбын.

Танабай кедейликтин айынан бала кезинде Кулубай агасы экөө байга жалданып иштеп, акысын жедирип, ала албай кекенип кетишет. Кийин Совет өлкөсү орноп ошо байлар кулакка тартылып, заман кедей-кембагалдардыкы болот. Ошо учурда Танабай комсомол жаштарына кошулуп, Совет мамлекетин чыңдоого, коллективдештирүүгө ак жүрөктүүлүк менен кызмат кылат. Колхоздоштурууга бөгөт болгон байманаптарды кулакка тартууга активдүү катышат. Ал түгүл ошондо өз агасы орто дыйкан Кулубайды байларга кошуп, кулакка өзү тартып, сүргүнгө айдатып жиберет. Ак жүрөктүгүнөн «өз агасына ырай кылбаган, кимге жакшылыгы болсун» – деп, элден чыгып калат. Эл жек көрүп, кийин ачык эле башкармалыкка шайлабай коюшат. Танабайдын мүнөзүн бирге өсүп, бирге иштешкен Чоро досу жакшы билчү:

– Танабай, эмне үчүн ишиң оңунан чыкпай жүрөт, билесиңби? Чыдамың жок, шашмасың, – дегени бар. Ырасында, жигит курагында, чапчаң жүрүп, чаалыкпай иштеген, кепти бетке айткан курч жигит болчу. Танабай кырчылдашкан согуштун кайнаган майданында алты жыл салгылашып, ажалы жок экен, жеңил-желпи жарат алып, контужин да болуп, оңолуп кайткан.

Согуштан кайтып, устаканада барсканчы болуп, жеңиштин кубаты менен эл башына түшкөн кыйынчылыкты кошо тартышып, келечектен үмүтүн үзбөй жетишип каларбыз деп илгери үмүт менен жашайт.

Кийин жылкычы болуп кетет. Ага башкарма досу Чоро көндүрөт. Аялы менен кеңешип макул болот. Жылкыны Торгой чалдан өткөрүп алат. Чал жылкынын арасынан бир кулатайды көрсөтүп, баралына барганда дубанды жарган жорго болорун айтып, жылкылардан бөлүп айдап кубалап, жоргосун салдырып көрсөтөт. Айтканындай бар экен деп, Танабай чалга ыраазылыгын билдирет. «Аты – Гүлсары, небере кызым жайлоодон көрүп койгон эле», – деди. Жакшы карап багуусуна кеңешин айтып коштошту.

Ошентип, жылкы багуу мойнуна түштү. Жылкы кайтаруунун өзүнчө азабы бар. Айрыкча, ал учурда жылкы баласы тээп оттойт деп, жайдыр-кыштыр жайып откозгон. Кыштын кыраан чилдесинде калың кийинип ат үстүндө, жылкы четинде болушуң керек. Адам уурусу жок бекен? Жойлогон ит-куш болбоспу? Жоготсоң төлөмөйгө каласың. Ал жоопкерчиликти сезип, Танабай так иштеди. Колхоз тарабынан көрүлбөгөн шартка ачуусу келип, башкарма Чоро досу менен:

– Жылкынын сарайы кана, жем-чөп, тузу кана? Желоон күн көрүп жүрөбүз. Ошентип иште деди беле? Момингип сантырап иштеп жүргөнүбүздү көрбөй көзүң жокпу? Кырк курак үзүк үйдү көр, жалам талкан жок үй ичин көр! – деп урушкан күнү да болгон. Танабай – чындыкты бетке айткандан тартынбаган адам. Чоңдугуна, достугуна карабайт. Ачуусу менен сөөккө жеткире айтып, өзү кийин өкүнүп, кечирим сураган учуру да болгон.

Танабай жылкычылыктан сырткары колхоздо текшерүү комиссиясынын мүчөсү эле. Кеңсеге келген сайын: «Бул эл тоюнуп, мамлекеттин милдетинен кутулуп турар күн качан келет? Журт качанга чейин кысыла берет? Деги эмне болуп жатат? Жок, жолдоштор, биз иштин көзүн таппай жатабыз, же дурустап иштебей жатабыз»– деп туталанып, контор кызматкерлерин, чоңдорун лыкылдатчу. Танабай мейли тагылган милдетпи, мейли коомдук иш болсун абийир-ыймандын сактап, жан үрөп жогорку жоопкерчиликте аткарган. Эч убакытта жеке кызыкчылыгын өйдө койгон эмес. Ушундай ишенимдүү сынакы коммунист үчүн, Танабай артта калган, иши жүрүшпөгөн жумуш орундарына улам которулуп келет.

Гүлсары болсо, айткандай эле суу төгүлгүс жорго, дубанды бузган күлүк болот багуусу жарашып, кароосу келишип, Танабайдын атагын чыгарат: 1-Май майрамда чоң чабышта чыгып келет; казак, кыргыз эки дубан элинин аламан көк бөрүсүндө Танабай жулуп алган улагын куугунга жеткирбей куткарат; жайчылыкта куйруктуу жылдыздай чаңын

сызылтып, артка калтырып, алыстан эле таанылып көргөндөрдү «...Гүлсары!» «Гүлсары!» «Танабай экен» дедиртет.

Жылкычылыкта Танабайдын тилеги Гүлсарыны үйүргө айгыр салып тукум алуу, тукумун көбөйтүү эле. Тилекке каршы, ал оюн таш капты. Кошоматчы ферма Ыбрайым жорго дайынын жаңы башкармага айтып мактап, башкарма гана мингенге жарашат деп шыкактап, жагымпоздонуп үйүрүнөн алдырат. Кошоматчы Ыбрайым менен ала көөдөн башкарма Алданов өндөнгөндөргө үйүрдөн айгырды ажыратуу, колхоз малынын асылдуулугун сактоо оюна да келбейт. Аларга эл көзүнө Гүлсарыны жорголотуп, термелип жүрүш артык да, кызык да. Танабай боор эти менен бирге жаралгандай үйүр алышып калган Гүлсарысынан жакшы эле айрылышкысы келген жок, бирок талашып, үстөмдүк ала албай турганына көзү жетип, араң берди. Барыдан үйүрүнө биринчи качып келгенинде, биротоло колго тийгенсип, кубанычтан жүрөгү жарыла жаздайт. Бирок куугун келип, үйүрдөн кармап кайта алып кетет. Кийин да бир нече жолу качып келет. Бир жолкусунда ошончо жерден бутуна салынган темир кишени менен аягын кызыл көш кылып, жедирип келет. Танабай алгач көргөн көзүнө ишенбей таң калат. Анан ошончо алыстыктан кишенделген колу менен сереңдеп секирип, ой-тоону басып, суу кечип, жол азабын тартып келгенин элестетип, жаны ачып, онтоп жиберет, аргасыз көзүнөн жаш сыгылат. Ушундай азапка салгандарга кыжыры кайнайт. Айрыкча, ошондо Гүлсарынын бутун кишенден бошотуш кыйын болот. Кишен чебер устанын колунан жаралган экен, анын кулпусун ачышка Танабайдын мурдагы устачылыгы, андан калган көмөркөйдөгү шаймандары жардамга келди, болбосо кандай болот эле?.. Ошондой кыргыздын эски кол өнөрчүлүгүнөн жасалган асыл буюмдардын жоголуп баратканына ичи ачышып, өзүнүн комсомол кезинде «эскиче жашоо жоюлсун! Жоюлсун боз үй!»– деп кыйкырып чыкканына кыжыры келип кыжынат. Торгой чалдан калган кырк жеринен жамаачы үйүн канча

жылдан бери бүтөй албай, колхоздун тонналап кыркылган жүнүнөн кайрым болбой, кетип жатканына өкүнүп өксүйт.

Танабайды өзгөчө жанын кейиткен, көңүлүн катуу ооруткан Гүлсарыны үйүрүнө биротоло качып келгис кылып актап салышканы болду. Бастырмада аса байланып, жилкини куруп турганын көрүп, дене бою дүркүрөп, эрдин тиштеп тегеренип кетет. Жанына даап бара албай, ушул абалына өзүн да күнөөлүдөй сезип, көпкө эсинен чыгара албай, кыжалаттанган күндөрдү өткөрөт. Бул кайгысы менен бирге Танабай жылкы четинде жүрүп: «Колхозду баштаганда, кой үстүнө торгой жумурткалаган заман келет деп берген убадабыз эмне болду? Согуш жолтоо болдубу? Бирок согуш бүткөнү качан, колхоз кырк тешик үйдөй болуп, бир жерин жамасаң, башка жеринен тытылат. Дале жамап келатышат, жамап келатышат, аягы көрүнбөйт. Эмнеликтен?.. Азыр карапайым журттун көзүнө көрүнүү кыйын болуп калды. Жыйналышта бар айтканы: иштегиле, планды аткаргыла... болду»– деп, ойго чөмүлөт, бирок ойдун түбүнө жетпейт. Эмне болуп жатканына түшүнбөй, башы катат. Танабай көпчүлүктүн көңүлүн ойлогон тынчы жок, жапакеч болгон.

Ошо күндөрдүн бир күнүндө Танабайдын өмүрүндө бир күтүлбөгөн өзгөрүш болот. Баштагы башкарма, азыр парторг болгон досу Чоро чабармандан кеңсеге келсин деп, чакыртып жибергенинен барат. Кой чарбачылыгы начарлап кеткенине байланыштуу коммунисттер, комсомолдор колго алууга райкомдо үндөө кабыл алып жатканын айтып, Чоро достук көңүлүн салып, коммунисттик тапшырма-милдет деп отор алып, чабандыкка өтүүсүн суранат. Эртеси кечинде райондо болчу малчылардын кеңешмесине колхоздун жаңы алган машинеси менен барарын шашылыш эскертет.

Кеңешмеге кирер алдында Танабайга башкарма Алданов менен Чоро жолугуп, жыйында сөз сүйлөрүн «коммунист болгондуктан, артта калган чарбага барамын, соолук кой алып, чабандыкка өтөмүн. Жүз тубар койдон, жүз ондон козу, ар бир койдон үч килограммдан жүн беришке, партия

менен эл алдында убадамды берем... Анан дагы эки комсомол жаш чабанды үйрөнчүк кылып алам де»– деп үйрөтүшөт. Танабай ала турган отор коюн көрбөгөнүн, үйрөнчүк болчу чабандар менен сүйлөшүп келишпегенин – баары үстүртөн болуп жатканына, жасалмалыгына кыжалаттанат, кыжырланат, бир гана «коммунист ишенимиңе карата» дегени гана жоошутат. Чылпагын ааарчыйм деп, көзүн чукуп алгандай кылбасын дегениби. «Милдеттемени гана айт, башка сөзгө чаргыба,»– деп Чоро эскерткенинен жыйналышта милдеттемелерин гана айтып, көкүрөктөгү жүргөн оюнун бирин да жарыя чыгара албаганына өкүнөт.

Кийин балээнин баары ошол отор кой чабандыктан башталды. Күнү бою кой артында, түнү бою кашында болушуң керек. Берер жардамчысын да колхоз бербеди. Анысынан да кышкы кыштоосунда бир тиштем даярдаган жем-чөбү жок, кой жаныбар кар тээп, муз тиштеп оттоп, жайыттан жан багышат.

Танабай кийин жазгы төлдөтчү бөксөдөгү кашарына койду айдап келип түрүн көрүп, тула бою дүркүрөп эсеңгирей түшөт. «Согуш алдында салынган эски короо кашар ошо бойдон оңдолуп каралбай ушул күнгө келген. Төлдөтөр жайдын камыш менен жапкан бастырмасынын ар кайсы жеринен оюлуп чириген саманы салбырап турат. Айнексиз терезенин оюктарынан ыркырап шамал ойнойт, короо ичи сары жамбаш күрткү, таштан каланган дубалдары ар кайсы жеринен урап калган. Көңү эзилип тизеден. Бастырманын төбөсүндө кичине бир чөмөлө чирик чөп, түбүндө туш келди ыргытылган саман жатат. Бурчта эки каптай арпа уну, жашикте салынган туз – бир короо тубар койго бар болгону ошо»– деп сүрөттөлөт.

Танабайдын жаны карайып, короодон шашып чыгып, атын токунуп кеңсеге барып, чоңдоруна аламат түшүрүп, акелерин таанытууга аттанмак болот. Акыйкатта, чындык Танабай тарапта. Башынан кемчиликтерди көзгө сайып көрүнө айтып көнгөн коммунист Танабай мында да эч элдешкис күрөш ачса жарашат. Бирок Танабайды токтотуш үчүн,

Жайдар баш болуп, кыздары чыркырап, сакмалчы аялдар жүгүрүп, ортого түшүп бастата албай буй болушат.

– Кармаба мени! Көрдүңбү, ушундай да шумдук болобу? Эртең козулуу койду каерге киргизебиз? Кашары кана? Төлдүн баарын кырып алабызбы? Бастырмасын оңдоп коюшка кудурети жок бекен? Короосу кыйрап, ичинде кар жатыр! Жообу кимге? Жеми кана? Коё бер! – деп өмгөктөп жулунат.

Танабай чоңдорунун тилине кирип, алданганына ыза болду. Эч шарты жок, тубар отор койду, анын төлүн кантип асырап калам? – деп, ошого бетим күйбөгөй эле деп жоопкерчилигин сезип, малдын убалын ойлоп, алар менен өлбөгөн жерде калышты самаган. Бирок жанындагылардын көптөп тынчытуу жандалбас аракетинен жана адамдык жүздөрүн кыйбай аргасыз басаңдады.

Кийин апталап көшөрүп, кашардын иши менен алп урушту: тоң тиштеген короонун ичин тазалоо, ит мурун чаап келип, бастырманын үстүнө таштап, замбилдеп короонун эзилген көңүн сыртка ташып, кургагын жайып, колдору сөгүлүп, алакандары кабарып, өлөрманданышты. Бирок жайы туутта кыш созулуп, жаз кечеңдеди. Кой короодон алыстабай жүнүн жегенге барышты. Туулган козулар кур желин түрткүлөп, уузга каныкпай жабыла маарап, кулактын кужурун алат. Уйку көрбөй, күн-түнүн билбей кой жайып кеткен кемпир сакмалчыдан башкасы койлорду аралап, жаңы туулгандарынын чарайнасын ааарчып, жээригенин, желининде жогун башкага телип, астыларын кургактап куурай төшөп, колуна илинген менен козуларды жаап, жан тынымын албай үлгүрүп жатышты. Бирок, жоктун түбү тешик демекчи, жамгыр аралаш кар түнү бою жаап, бастырмадан сары суу шорголоп, кашардын ичи тизеден чылага батып, тууй элек койлор аягы менен тике туруп козулап, козулар өпкөсүнөн өткөн суук менен оозанышат. Айла кеткенде Танабай кыздарын бир капшыкка жылдырып, жерди кеңитип, козуларды боз үйгө толтура киргиздирет. Үйдүн деле тамчы өтпөгөн жери жок, бирок оголжу, бастырмада-

гыдай эмес, канча жандалбас, жан тынымсыз аракет болгону менен, жут алганынча алып, тынчудай эмес. Көп эле чыгым болду. Аргасы түгөнгөндө Танабай төл эсебинен да адашты. Жаратылыш марттыгын көрсөтүп, жаныбар койлор үч эмден, эгизден тууганы көп болду. Бирок асыл эмгек үйүлгөн өлүккө айланды. Жаратылыштын законун кара... Бир мезгилде үймөлөктөп, төлдөгөнүн көр да, боо-боо болуп кырылганын көр. «Асырай албасак, кой өстүрүп кажети канча? Ким күнөөлүү буларга? Ким? Сен, дал өзүң, сага окшогон былжырбайлар!» – деп, Танабай өзүн кошо жемелейт. Ошондогу Танабайдын аракет-абалын жазуучу: «Кашардын ичи суук, Танабай болсо согуш өткөн талаада өлүк жыйнаган көрчү аскерлердин солдатындай болуп, койлорду аралап, фонардын жарыгында тыным албай, басып жүрөт. Бул кезде ал оор ой, чукул ачууга жүрөгү муздап, эти өлүп, зарналаган ачуу ыза, томпойгон дүлөй кепке айланган. Кеги берч болуп, боорына катып калган», – деп сүрөттөйт. Чыны, Танабай эрки бек намыска туулган адам экенин көрсөтөт. Болбосо, мындайда адамдын жинди болуп кетиши да алыс эмес... Танабайдай эле кабылган шартка «Тойдум мен! Мен акмак эмесмин!» – деп, «иттен кем саналганына» – келише албай отор коюн таштап, Бектай түкүрүп басып кете берди го. (Бул Бектайдыкы өрнөк эмес деңизчи...) Чабандын иши чатак иш демекчи, ушундай шартта иштеген, ушундай түйшүктүү, азаптуу кесиптин ээлеринин акыбети 120–150 рубль болуп келгенин кантесиң учурунда...

Ушундай кыйын кысталышта төө кыядан өткөндө Чоро досу райондун ополу менен «жыргаган абалын» көргөнү, же сынап билгениби келип атышпайбы, жыргатып коюшкансып. Ошол акыбалында Танабай кимди сүйүп туруптур. Бирок Танабай адамгерчилик кылып, ачуусун басып, «өлсөң-тирилсең өзүң бил деп, азапка таштап коюшат да, эми түштөн кийин минтип чирене бастырып келишет...» – деп ичинен ызырынып, бирок тилин тишине катып кантсе да меймандар дегенсип, учурашканга кам урат. Жорго минген булгары пальточону саламга келбей:

– Безобразие! Кайда барсаң ушу! Караңыз, бул эмне деген маскарачылык! – деп оңуранда йт Чорого. Танабайга өлгөн козуларды жаңсап: – өзүң коммунист чабан болсоң, козуларың өлүп жатат, -деп жекирет. Социалисттик милдеттенме алганын, анын өтөөсүнө чыкпаганын айтып:

– Зыянкечсиң! Сенин ордуң түрмөдө – дегенге чейин барат. Коомдук малга эч түзүп берген шарты, аны баккан адамдарга көрүлгөн камкордугу жок туруп, опузалап, коркутуп, басмырлап сүйлөгөнүнө жини кайнап, Танабай айры ала жүгүрүп, жакшы эле акесин көзүнө көрсөтүп, таяктайын деди эле, шилтеген айрысына Гүлсараттын башын тосуп жатып, урдурбай качып, кутулуп кетишет. Артынан жерден колго тийгендерди ыргытып, жөө жетпей: – Менин ордум түрмөдө! Жогол көзүмө көрүнбөй! – деп көпкө кубалап барат. Бастырма басып, белин мертинтип алган байбичеси кыйраңдап төшөгүнөн туруп келип:

– Бул эмне кылганың, ботом! – деп күйпөлөктөгөнүнө, бекер кылдым. Жоргону бекер урдум, – деп беркиге шилтенген айрынын Гүлсарыга тийип, этин оорутканына ичи ачышып, көргөн ызасына чыдабай, бетин басып, буркурап ыйлап жиберет.

«Таз кыз таза кыздын бетин тырмаптыр» болуп, ошондогу келген опол райондук прокурор Танабайдын үстүнөн арыз жазып, райондук бюродон ишин каратып, акыры партиядан чыгартат. Мында да, калыстыктын кеткенине, чындыктын суу кечпегенине, карга карганын көзүн чокубайт болгонуна, айрыкча, бюрону башкарган биринчи катчы Кашкатаев прокурор Сегизбаевдин оңой жоо эместигинен сестеп, өз жон терисинин кызыкчылыгын көздөп, андан көңүл алып коюуну ойлоп, бийлиги жок, колунан эч нерсе келбес чабандын күнөөлөнүп, иши каралганы боюнча эле терең териштирилбей, колу-бутун байлап, өчөшкөн адамынын алдына таштап берет. Ошондо Танабай актанып айтып чыкканы менен эч натыйжа болбосуна көзү жетип, калыссыздыкка нааразы болуп, аздектеп, бекемдеп катылган жеринен парт билетин үстөлдүн үстүнө таштап, чыгып кетүүдөн башка аргасы калбайт.

Танабай ошондо «бүттү!» деп денеси муздап, аны менен кошо көңүлү да муздап, ушу убакытка чейинки өзүн таштап, партия деп бүт жандалбас жасап келген, жашап келген аракетимдин акыбети акыры ушул болсо деп түндүгү түшүп, сындыны өчөт. Сая кеткен өмүрүнө өкүнөт. «Сегизбаев менен Кашкатаевдерге окшогондордун айтканы бир башка, чындык бир башка экенин ушул билимдүү чоро кантип көрүп-билбесин?» – деп Чоро досуна гана таарынычта болот. Бирок ал досу деле эт менен челдин ортосунда жалтактап, чоңдордун алдында жер карап жүрүп көзү өтүп кетти.

Танабай партиянын партия адамына кылган мамилесин «Чоро, өлүп калсам, парт билетимди Танабай райкомго өз колу менен тапшырсын» – деп керээз кылып баласына айтып кеткени боюнча алып барганда, даана билет. Кашкатаев бош эмесмин деп кабыл албай, эсеп секторуна өткөрүп кете берсин деген жообун угуп:

– Кантип? Ушинтип эле опоңойбу?.. Мен дагы ... – деп көңүлү абдан чөгөт. Айтканындай эсеп сектору тапшырдым дедиртип, эшиктин тешигинен кол койдуруп, бүттү деди. Танабай ушунча жыл коомго, партияга ак кызмат өтөгөн, адамдын көзү өткөндө, парт билетин өткөрүп алуу, атайын эскерүү салтанаты менен болот деп ойлогон. Андай болбогонуна иренжип, сындыны мында бир өчтү.

Танабай: «Мамлекет эмне оңолбойт, эл эмне жыргал турмушка жетпейт?» – деп эле баш катыра берчү. Жетишмеги кыйын, чынында эле жетишмек эмес экенбиз. Көрсө, акыйкаттык, адилеттик, адалдык кийинки учурда иш жүзүндө болбой калган тура. Ошон үчүн, Совет бийлиги өзүнөн өзү урап, кулап калбадыбы. Коммунистик идеологияда «социализмди курдук», «коммунизмге барабыз» – деген сөздөр иллюзия турбайбы. Айрыкча, сенек мезгилинде, тоталитардык бийлиги план, пландын үстүнө план деп, элди ителеп жумушка салып, бирок таптешик болуп натыйжа көрүнбөй, жогорку жакта кызматта иштегендер эле жыргап келбедиби. Чоң жыйындарда сүйлөгөн сөздөрдө шаңдануучулук, жогорку жетишкендиктер белгиленчү. Казармалык социа-

лизмде башкаруучулук бийликте көз боёмочулук, алдымжуттумдук, арамзалык, алдамчылык өкүм сүрүп, иш жүзүндө өсүш болбой, ирип-чирип бүткөндө, түзүлүш урап калган турбайбы... Танабай догмалык түзүлүштө ак эмгегинин акыбети, тескерисинче, жазалоо менен бүткөнүнө ызаланып өлүп алганга чейин бара жаздаганын кантели... Ал коммунисттик магиялык ишенимге биротоло берилип, баш ийип калганынан го...

Партиядан чыгарылган бюродо, Танабайдын талабын талашып чыккан, комсомолдун катчысы кийин райкомго катчы болгондо, партиялыгыңызды ордуна келтирели, дагы да болсо күч бересиз деп өтүнгөндө, Танабай болбой коёт. Ал учурда партиялыктан көңүлү сууп, жашы жетип, жөн-жай иштерде иштеп, жайдары өмүр кечирип, көнүгүп калган эле.

Танабай Гүлсарыны боор эти менен бирге жаралып калгандай жакын көрчү, жашоосу жакшы шартта өтүшүн каалоочу. Чоронун колуна түшкөндө, кадырын билер адамга тийиптир деп, көңүлү жай болуп сүйүнгөн эле. Бир жылы мингенине корстон болгон турсичен бала жайдак аттан, суудан чыга бергенде шыпырылып түшүп калганын көрөт. Ат да биртике басып, качканды билбей туруп калат. Караса, баягы Гүлсары. Ошондо Гүлсарынын түрпөтүнө, «Кайран ат!» деп жаны ачып кейигени болгон. Кийин дагы бир ирет «чириген камыт салынып, чалдыбары чыккан арабага чегилип калган» кейпинде да бир көрүп, «шумкарды талыганда көр, тулпарды карыганда көр» болуп, көңүлү дагы чөгөт болгон эле.

Сарыгодо колхоздун чөп чабыгына кароолчу болуп жүргөнүндө кайып-каскагынан мингичине Гүлсары тиет. Ошентип, экөөнүн тең пейили түз эмеспи, Танабай карыганында, Гүлсарынын арыганында бирге болушуп, карыган аттын акыркы өмүрүн өз колунда кармап өткөрүп, тиги дүйнөгө өз колу менен өлүм зыйнатын кылып узатпады беле. Өлүмдү айтып болбойт тура, ошондо ара жолдо келатып Гүлсары жантаслим болгондо, ыраазылык сурап коштошуп, таң атканча өлүк башында күзөтүп, көзүн жаап, көкүлүнөн кыркып алып, жолуна түшөт эмеспи. Жолду карата Гүлса-

рынын азасына көзүнөн куюлган жашы сакалын жуун келет. Ошондогу Гүлсарынын шылкыны куруп «карыя адам – картаң ат» болуп экөө келатып, Танабай узак өмүрү ичиндеги жоргого байланыштуу, өткөн-кеткендерди эсине алат: «Гүлсарыны ким минбеди, ким кумардан чыкпады? Кимди кана алчылантып алып жүрбөдү, эсил жорго? Эми картайганда баары унутуп, таштап кете берди. Мына, каруусу кетип мүргүп, карылыктан мөгдөп келет. Чиркин, күнүндө кандай ат эле!.. Айрыкча, Гүлсары – Гүлсары болгону канча башкарма минбеди. Алардын акылдуусу да болду, акмагы да болду, ак жүрөк адалы да, суук кол арамы да бар эле, бирок кимиси болсо да, башкармалыктан түшкөнчө Гүлсарыдан түшчү эмес. Кайда эми ошолор? Эртеден кечке бел оорутпай, ээринде чайпаган Гүлсарыны эстер бекен ошолор?» – деп ойлонот Танабай.

Ырасында, Камбар ата баласы, адамзатка мингич ат унаа милдетин өтөмөй парзы менен жаралат тура. Ал милдет тагдырында кандай адамдарга туш болуп, кандай өмүр сүрөрү жазмышынан го... Айрымдары Танабайча баалап-бапестеп багып, жылтылдатып тарап, үздүктүрбөй ченемин билип, аздектеп минет. Кайсы бирөөлөр минсе, атты куу казык кылып, түшкөн жеринде кечке ачка байлап, жапма тердик кылып, ээрин үстүнөн түшүрбөй, үздүктүрүп, кактооч кылып, ысык-суугуна карабай, табынан кетирип минишет. Айрыкча, мамлекеттин мингич атынын шору эле болчу, колдон колго өтүп. Кантсин, тилсиз жаныбар тиешелүү адамына кыңк этпей ак кызматын өтөйт. Кызматын билген билет, билбегенге не чара... Табияттын тартуулаган макулук жаныбарларынын келтирген пайдасын, көрсөткөн кызматын баалап, ардактап, аяр мамиле кылсак, атаганат!... Жазуучу Гүлсараттын образы аркылуу жаратылыш айбанатына да гумандуу мамиле жасоону олуттуу эскерткени байкалат.

Чыгарманын каармандары Танабай, Гүлсары кош жылдыздай өмүр жолун татыктуу жашап өтүштү. Өмүрдүн терең карылык чегине чейин тагылган милдетин, колунан келген эмгек парзын адал өтөп жашоодон артык эмне болсун? Мына ушунусу менен бизге үлгү!

ЧЫГАРМАГА ДИЛ МАЕК

Кыргыз адабиятынын көрүнүктүү сатирик акыны Р.Шүкүрбековдун «Жинди суу» поэмасы адабият программасында болуп, мектепте окутулуп келүүдө. Кийинки жылдарда мектеп бүтүрүүчүлөрүнүн мамлекеттик экзаменине карата министирликтен сунушталган дил баяндардын тизмесинде да берилип келет. Андан калса, чыгармада коомдук, турмуштук, тарбиялык мааниси зор проблемалык маселелер козголот эмеспи. Бул чыгарманы мугалимдер сабакта окутууда жана окуучуларды дил баян жазууга даярдоодо пайдасы тиер деген ойдо жогоруда аталган шаарыбызда көрүнүктүү мугалимдеribиз менен чыгарма жөнүндө сыр чечишип, пикир алышуу менен талкуулап берүүнү чечтик.

Пикир алышуу маеги Бишкек шаары №66 орто мектебинин мугалими Нургалый Абдесов менен борбор калаабыздын №69 ОТК-гимназиясынын мугалими Жылдыз Сарыгулованын ортосунда жүрмөкчү.

Н.Абдесов. Биздин байыркы ата-бабаларыбыздын жашоо турмушунда азыркыдай жогорку градустагы алкоголдук ичимдик болбоптур. Ал түгүл ичкилик (алкоголь) деген түшүнүктүн өзү да болгон эмес окшобойбу. Мына, чыныгы таза кандуу, дени сак адамдар ошондо болгон экен. Алардын баш кошкон турмуштары туруктуу, жашоосу жайдары келишкени ошондон го.

Анча-мынча градусу бар кымыз, бозо суюктуктары суусундук үчүн ичилип, кызымталдыкка жетип, акыл-эстен ажыраткан, мастыкка алып барган күчү болгон эмес.

Балакеттин баары алкоголдук ичимдик өндүрүлүп, сатыкка түшкөндөн башталган.

Кыргыз журтчулугу орус улуту менен аралашып жашагандан бери ичкиликке көнүгүп, кумар артып, акылга карап, бойго ченеп, ичпей шору катып келишет.

Кыргыздын атактуу сатирик акыны Р.Шүкүрбеков:

Терменин башы арактан
Айланып кетсин тамактан.

Силерге айтып жатамын,
Качсын деп жаман адаттан –

деп атайын насаат иретинде эскертип, ичкиликтин зыян-залалдуу жактарын ашкерелеп терме-поэма жазган эле.

Акын термесин «Жинди суу» деп атаган:

Берметтей болуп жылтылдайт,
Түлкүдөй болуп кылтылдап,
Бөтөлкөдө жай жатат,
Ичине кирсе чаңдатат – дейт.

Ырасында, сыртынан терс жагы байкалбасы бышык, бирок бөтөлкөдө «жай жатканы» менен, анын өнөрү «ичке кирсе чаңдатып», акмактыкка алып барып, жиндиликке жеткиргенине карата «Жинди суу» атаган тура көсөм акын.

Ж.Сарыгулова. Ооба, агай, ошон үчүн:

Карабайт кары-жашыңа
Капаны үйөт башыңа
Жүргөн жери ызы-чуу
Эч кимге жакпайт жинди суу
Жамандыкка жинди суу
Жарчы болот турбайбы
Айтып коюш парз экен
Жаш, карыга мындайды –

деп, акын жинди сууга кабылыш айыкпас илдетке, кутулбас куяга калган менен барабар санап, күйгүлтүккө түшүп, күйүп-жанып эскертип, жан күйөр гумандуу оюн берген экен.

Н.Абдесов. Андан ары:

Жалгыз эмес жинди суу
Анда ага да бар, ини бар
Спирт, пиво, винолор
Ар кимисин билип ал
Бардыгынын жини бар –

деп, залалы баарыныкы болорлугун айтып келип:

Адеп ичип жүргөндө
Шек билгизбейт жымыңдап,
Көзүн ымдайт кымыңдап,
Кез-кезде гана азыраак
Башыңды коёт зыңылдап.
Анан өзү келет акылга
Аракка арак макул да
Бир күнү башты жазасың
Пахмелдин даамын татасың
Анан түгөнбөс пахмел башталат
Баш ооруйт кайда качасың – дейт акын.

Ана, жинди суунун алгачкы оп тартма жылма жумшак «жышанасы». Ырасында эле, ичкилик ичкендердин баары эле алгач алкаш болуш оюна келбеси анык. Уурдап-татып баштап, бара-бара ичкиликтин азгырыгына арбалып, кумары артып, торуна түшүп, чыга албай калганын өзү да сезбей калат тура.

Акылың менен ичпесең, ичкиликтин илдетине кабыларың бышык эмеспи. Илдет деген-кайсы гана оорунун болсун өтүшүп кеткен, көнүмүшкө айланган чеги. Ичкиликтин илдетине кабылганың-кайтып келгис абалга жеткениң. Акын жарандарды жинди суунун ошо азгырыгына арбалып, торуна чалынып калуудан сакташ үчүн, ошол чекке жеткендердин турмуштук кырдаалдарынан кездешкен жагымсыз мисалдарды жана мас абалдагы көрсөткөн терс кылык-жоруктарын, деги эле ичкиликтин адам сапатынан чыгарып салган көрүнүштөрүн кинонун тасмасынан чубатып көрсөткөндөй, курч сөз, куйкум тил менен образдуу элестетип, эсиңе алууга чакырат.

Ж.Сарыгулова. Р. Шүкүрбековдун термесин окугандар, айрыкча терменин обонго салынып, Республиканын Эл артисти маркум Эстебес Турсуналиевдин аткаруусунда укканадар, адам акылында болгону жакасын карманып, тобосуна келип, ичкендерди ичпеске касам ичирип, каргыш алдырып, каран калгырдан арылып, адам катарына кошулууга

сөз кудуретинин баштан аяк таалим-таасири зор эле болуу керек. Бирок көпчүлүктөн, тилекке каршы, жете түшүнүп, маани бербегендер да болгонунанбы жинди суудан арылбагандардын изи суугудай эмес.

Н.Абдесов. Жылдыз, сенин оюңа кошумча 1960-жылдары Р.Шүкүрбеков Кыргыз филармониясынын адабий бөлүмүнүн башчысы болуп иштеп турганда, Эстебес Турсуналиевди ини санап, талантын баалап, репертуарын кеңейтип, элге дагы таасын таанымал болушуна артыкча көмөгү тийгенин Эстебестин эскерүүсүнөн укканым бар. Р.Шүкүрбеков өзүнүн «Жер жөнүндө терме», «Жинди суу», «Кыз-жигит» деген көлөмдүү чыгармаларын репертуарга алууда Эстебес менен акылдашып, бирге иштешип, өзүнө тааныш элдик обондордон, акын-ырчылардын обон-мотивдеринен ылайыктуусун тандап, музыкага салып ырдатып, аткартып угуп, көңүлгө уюганына токтолуп, Эстебестин талантын таптап, сүрөөнгө алып, ыр нөшөрлөрүнүн жаратмандыгына жетишиптир. Эстекемдин аткаруусунда ыр ого бетер өңүнө чыгып, ажары ачылганы байкалат.

Ж.Сарыгулова. Арактын дозасы (өлчөмү) болот тура:

Бир стакан ичкенде
Арстан кылат өзүңдү
Өзүңө жанды теңебей
Арбытат айткан сөзүңдү.
Кекеттирип сүйлөтүп,
Аңтарылтат көзүңдү
Арстандыктан өткөрүп,
Анан мышык кылат жинди суу
Бирине-бирин апчытып,
Ошондо кызык кылат жинди суу – болот экен...

Н.Абдесов. Ырас, Райкем айткандай, ичкилик көп ичилип жогорку күчүнө жеткенде, кыйынсынтып арстан кылары бышык, мээңди чагып бабыр кылары, соо адамдын сөөгүнө жетип, суук тумшук көрсөтөрү да айныксыз. Өзгөчө, ичкилик ичкенден кийин кычык сүйлөп, кыжындап кекетип, чырга да жакын кылат:

Чакырган үйдү жадатат,
Отурган элди тажатат.
Эртесинде шылкыйтып,
Уялтып жерди каратат.
Жолобой калат билгендер,
Алыстайт бирге жүргөндөр.
Бирок арактан өзүң качпайсың,
Жалгыздап сого баштайсың.

Ошондо куу тумшук атанып, «жамандыгы тийбесин», «балаасына калбайлы» деп оолактап, жакындарыңан чыгып, акыры баягы «кыйышпас досуң» – жинди суу менен калганда кайсы муратка жетет элең?

Ал «досуң»:

Баткактарга оонатып,
Чочко кылат жинди суу
Адам жебес, ит жебес
Ботко кылат жинди суу болосуң.

Ж.Сарыгулова. Баткакка оонап, чочколукка жеткенден кийин, бүткөнүң ошо да.

Андан да ал акеңдин күчүн көрүп ал:

Балбанды аттан оодарган
Баатыр болот жинди суу
Көйнөгү жок төшүндө
Жакыр кылат жинди суу.

Акын болсо, үнүн жейт,
Жаштын терип гүлүн жейт
Чечендердин сөзүн жейт
Сөзүнөн кийин өзүн жейт болуп, жинди суу-

нун адамдарга алып келген зыян-залалы айтып болгус, ооз-го алгыс алаамат-апаат тура. Акын үнүнөн, чечен сөзүнөн арылганча ичип, башына эмне түштү? – деп таң каласың. Тагдырдын берген кайран талантынан айрылып, аракка жеңдирип, кор болгонуна ичиң ачышат. Көрсө, андайларды чын эле:

Арканы жок жиби жок,
Байлап алат жинди суу.
Жылаңайлак, жылаңбаш,

Айдап салат жинди суу болуп, таптакыр жилкини куруп, баш ийип, жетегинде жетеленип, алдына түшүп, айдоосунда калат турбайбы. Мына, жинди суунун желесине чалынган, укуруна илингендин акыры.

Н.Абдесов. Ошондон кийин көргөн күнү, өткөргөн өмүрү:

Калтыратат колуңду,
Ийри кылат жолуңду.
Жайдын күнү кийгизет,
Кышындагы тонуңду.
Күн кайнаган жайында,
Июль, август айында,
Кийиз өтүк бутуңда,
Мына, анык күлкү ушунда.
Суу кечкен теке кейиптенип,
Плашчан коет кышында.
Батинкесиз, өтүксүз

Эски галош бутуңда кылган жинди суунун «кубат кудуретине», сыйкыр күчүнө тан бересиң: «Бир жагынан адам болуп туруп, адам кейпинен кеткен түрпөтүнө сооп жок!» – деп кыжырың да келет; бир жагынан, жинди суунун арбап алган азгырыгына наалат айтып, бооруң ооруп аяйсың.

Өмүрү болбойт тазалык
Жүрбөйсүң элдей жасанып

Өзүңдү өзүң кордойсуң
Темтейген шүмшүк атанып
Жесир болот алганың
Тирүүлөй жетим балдарың
Арака оонап алганың
Айыкпас дартка калганың экен.

Бул бөтөлкөдөн чыга албай, ага жеңдирип бүтүп, аракечтикке өтүп кайрылбай калган, үмүт үздүргөн чеке жеткендегиси го. А буга чейин көрсөткөн кордуктары, жасаган кыял-жоруктарычы:

Кычык сөз издеп чукуган
Эл көп жерде кутурган
Мастан коркуп жиндилер
Араң качып кутулган

Ырасында, соо адам маска теңелбейин, уят болбоюн – деп оолактайт эмеспи. Аны билбей эрдемсип, артынан түшүп да алат, анан акыры качып кутуласың.

Ж. Сарыгулова.

Көтөрө чуркап таякты,
Талкалап казан-аякты,
Жумшактан үйгө күл калат.
Катуудан калат казаны.
Маска барган кыздардын
Түгөнбөйт айтсаң азабы.
Кайненесин тепкилеп,
Кызындыкы өттү дейт.
Айылды бүт чакырып
Мен киммин деп бакырат
Чекесинен бириндеп
Үй ичи тегиз сатылат
Акырындап аяштын
Жоолугуна асылат
Кош аяктап басалбай
Көмөлөнүп жатканда

Жанынан чубап эл өтөт
Күндөгүдөй көп өтөт.

Барыдан аракечтин үй-бүлөсүнүн эле шору. Ичип келип тынчтык бербей үй ичин үч көтөрүп ызы-чуу, чаң-тополоңун чыгарат; аялы сыртка качып коңшу-колоңдукуна баш калкалап, балдары чырылдап туш-туштан жылчык издеп жашынып кутулушат. Ушундай үйдө кайсы ырыскы, эмненин берекеси, кандай тарбия болсун!

Балдары үйүнөн безген, жанын кыйган, уурулукка түшкөн ушундай шарттан болот да.

Койчу, мастардын кылык-жоруктары айтып бүткүс. Тынчтык бербей жасаган жаңжалы, үйдү тоноп ичкиликке салганы, залалынан башка кымындай пайдасы тийбегенинен намыс үчүн эле болбосо, үй-бүлөсү деле өлүү-тирүүсүнө кайыл болуп тажап, жер санды көрүп калышат.

Н.Абдесов.

Жакының кейийт өлдү деп
Тирүүлөй өзүн көмдү деп
Аракты койсоң сүйүнөт
Кайран эр кайра келди деп
Баштасаң кайра каргашат
Намысын арак-жеңди –

деп акын айтмакчы, аракечтин тагдыры жакын санаалаш жана ага-туугандарына деле кыйын, намыс-уяты бир жагынан. Алардын деле жаны ачыйт, кыйбайт, кантсе да соо кезиндеги сиңишкен кадыры бар да. Кайрылып мурунку абалына келсе дешет. Кадимки абалына келсе, сүйүнүшөрү да бышык. Бирок акылына келип, эрки менен кайрылып келгендер чанда гана болгону өкүнүчтүү.

Угушубузда, доктор Ж.Назаралиев дүйнөнүн төрт бурчунан ичкиликтин, наркотиктин азаптуу дартынан арылсам деп бел чечип беттеп келгендердин сообуна калып, кыйынчылык менен дарылап өзүнө келтирип, экинчи өмүр берип келеринен кабарыбыз бар. Ж.Назаралиевдин дарылоосунан кийинки өмүргө келгендер өткөндөрүн эстеп өксүп, доктор-

дун этегине тоюп кылышат болуш керек. Чындыгында эле, илдеттен арылгандар өлүп тирилгендей эле да.

Алкоголдукка жеткен тирүүнүн өлүгү болуп адамдык сапаттан ажырап, макулук саналып каларын акын ачуу сөз менен ашкерелеп, мисал көрүнүштөр менен эскергендери бекеринен эмес, дос күйдүрүп айтат демекчи, акылга келгендер акындан насаат алганына алкоо айтышса керек.

Ж.Сарыгулова. Акын аракечтик адамдын бардык курагына, аял-эркек, иш-кызмат абалына карабай текши зыяндуу экенин айтып, алардан мисал келтирет:

Айтамын сөздү баарыңа,
Салгыла кулак жайыла,
Жарашпайт экен ичкилик
Айрыкча көк ала сакал карыга – дейт

Жергебиздин кээ бир дубандарында ак сакалдар жаштарга жакшы өрнөк болуунун ордуна сакалынан чууртуп «тишке жумшак» экен деп, отургандардан калышпай ичишет экен. Ал адамдын улуулук наркы, абийир – баркы калабы? «Атан төө мас болсо, тайлак төө дос болот» болуп, жаштар шабият тебишип кетпейби.

Айтылуу сулуу келиндин
Көрөсүң көркү кеткенин.
Өзүңчө туруп кейийсиң,
Көргөндө мастын өпкөнүн.
Ак шайы көйнөк эми жок,
Ак тубар жоолук деги жок,
Кийип калган этине
Апасынын чепкенин.
Ырдап калат тийишип,
Абийиринин кеткени.

Айтса айтпаса төгүнбү, ичкилик ыйык эне наамын алып жүргөн айрыкча аялзатына жарашпасы айныксыз, өтө эле

осол көрүнөт. Ичкенден кийинки уятсыз кылык-жоруктарга барышы кимге жаксын? Ким болсун тескери карап иренжип, «уялбагандан өзүң уял» болуп оолактайт болушуң керек. Ал үчүн үй-бүлөсү, урук-туугандары да эл караган бети жер карап, сөзгө сөлтүк, кепке кемтик болорун ал урган билет беле...

Н.Абдесов.

Жинди болот мас киши,
Элүүсүндө жаш киши,
Элдин баарын үркүтөт,
Кутуруп жүргөн өз киши.
Адегенде ал ичкич
Мекемеден куулат
Кекиртектен кетти-деп,
Кыргызга бүтүн угулат.
Боору ооруган начальник
Аны кайра алат ишке калкалап.
Ашып кетсе алты күн
Араң жүрөт чалкалап.
Ичпейм деп айтат күчтөнүп,
Үч күн жүрөт тиштенип,
Кылжыңдап келет бир күнү
Шляпасы бүктөлүп.

Жинди суу не бир көрүнүктүү илимпоз чыгармачыл таланттарды, ишмер чоңдорду ээрден эңшерип жыкканы өз мезгилинде элге дайын болуп, өкүнүч менен эскерилип калган учурлар болгон. Ушунча акылы, ошончо жеткен даражасы, өнөрү туруп, ушундай адамдардын акылынан адашып, эрки жетпей жинди сууга жеңдиришкенине таң каласың, аргасыздан өкүнөсүң. Көрсө, аракечтик акылга карабай, эркке карайт окшобойбу. Бирок эркти акыл башкарыш керек да.

Ж.Сарыгулова. Ичкиликке ык тартуунун жаман кесепети Совет доору урап-кулагандан кийин алгачкы жумушсуздук учурубузда арбыды. Айрыкча айыл жергесинде бекерпоздуктан тажагандар уюшуп бар акча-тыйындарын чогултуп, ичкиликке салып, мас болушуп жаңжалга өтүп, ал түгүл бири-бирин өлтүрүүгө жетип, үй-бүлөсүн беймазага салып, айрымдары жокчулуктун айынан мастыктан пессимизмге түшүп жанын кыйгандар да болушуптур.

Ариет, бара-бара мамлекет баштагыдай жумуш менен камсыздабасына, айлык болуп жашоонун ажаты ачылбасына көзү жетип, турмуштун камын көрүп, каражаттын жолун издеп, ичкиликтин, бекерчиликтин зыянын түшүнүп, ар ким өз алдынча жандалбас аракетке түшүштү. Айылда огород карап, үлүш жерин иштетип, мал багып көбөйтүп күнүн көрүүдө. Айрымдар чет өлкөгө чыгып акча табууда. Койчу, кыскасы, адамча жашоонун шардабынан ичкиликтин залалын түшүнүп иренжип, мурда өлүм-житимде да ичкилик берилип келсе, азыр көпчүлүк жерде аралашпай калыптыр. Ал түгүл кийинки учурда жакшылык той-топурга да ичкилик берилбей өтө баштаптыр. Деле кудай жалгап, ичкиликтин күнү бүтүп, турмуштан сүрүлүп чыгып жок болсо кана, атаганат!

Н.Абдесов: Акын термесинин сабак болушун окурманынан күтүнүп, аракечтик эмнеге алып келерин, акыры эмне менен бүтөрүн биринен сала бирине өтүп маселдетип:

Азыраак айтып мастардын
Кылыгын санап талдайлы.
Акындар айтпайт бизди деп,
Алардын көңүлү калбайбы –

деп акындык вазипасына алып:

Буйрук эмес, жолдоштор,
Бул силерге айткан өтүнүч
Эсте болсун замандаш
Ичкилик арты өкүнүч –

деп, өкүнүчтүү көрүнүштөрдү безге сайып, термеге салып терип белгилеп: келекеге да алып, аянычка да салып, ачуу

да айтып жинди суудан сактап калууга жан үрөп далалатта-нып, чыгармада Ракем чыныгы гуманист акындыгын көр-сөткөн.

Акын агабыз акырында:
Ит каппайт сени адам деп,
Кыз сүйбөйт сени жаман деп.
Айтканымды ойго алар,
Акылы бар жаш бала,
Ардактуу асыл башынды,
Аракка кылба маскара –

деп жыйынтык чыгарат.

Ит макулук башы менен адам катарында санабай кал-гандан кийин жинди суунун эмнеге жеткирерин ойлон-сок болот. Биз, адамдар, улуулугубузду эстен чыгарбайлы! Акындын айткандары баарыбызга сабак-демекчибиз.

АКБАРАНЫН КӨЗ ЖАШЫ НЕГЕ АКТЫ?

(Ч.Айтматовдун «Кыямат» романы боюнча)

Акбара менен Ташчайнардын төрөлүп түшүп киндик каны тамган, ата-бабасынан бери жашаган Моюнкум деген мекени болгон. Моюнкумдун ээн талаа, эрме чөлүндө табият-тын жапайы жаныбарларынын шартында өздөрүн ээн-эркин сезип, талаа жырткычынын падышасы көрүп жашаган күн-дөрү өткөн. Анда эки буттуу жаныбарды, адамды көрө элек болчу. Акбаранын тай, Ташчайнардын кунан курагы өтүп, кийин жупташып, үч бөлтүрүктүү бактылуу күнүн көрүш-түү. Бөлтүрүктөрүн бир жашка, тай куракка жетилтип, кыш түшкөндө бөкөндөргө чабытын баштап, ууга чыкмак, үй-рөтмөк. Бул учурду үй-бүлөсү менен чыдамсыздыкта күттү. Ата-эненин айрыкча тилеги тунгуч бөлтүрүктөрүн куугунга салып кумарын кандыруу, олжого тоюндуруу эле. Ал күн да келди. Жыбырап жайылып жаткан бөкөндөргө жаныл-бай чабуул салуу оңтойун Акбара белгилеп бермекчи болуп, чийлүү дөбөчөгө көпкө туруп калды. Ушул учурда күркүрө-гөн бейтааныш добуш бийиктен угулду. Ал башта көз көр-бөгөн, кулак укпаган бөтөнчө бир куш асмандан удаалашып кайып учуп, алыстап кетишти. Көрсө, бул чалгынчы верто-леттор экен. Асмандан мейкиндиктеги бөкөндөр жайылган квадратын, багытын жердеги вездеход менен жүк машина-ларга бөкөндөр кайдан, кантип келсе болорун радио аркы-луу кабарлап, оңтоюн белгилеп турууга келгенин жердеги макулуктар кайдан билсин.

Ээн талаанын эркин бөкөндөрү эт планын аткарууга ке-рек болуп калганын кайдан туйсун. Баары жамандыктан бейкапар эле. Аңгыча баягы эки вертолет кайта пайда бо-луп жапыз учуп, шукшурулуп бөкөндөрдү уйгу-туйгу тү-шүрүп, тополоңун тоз кылып үркүтүп, экөө эки тараптан кысып, жердеги техникаларга каптап аттырып, катуу ку-балап зордуктуруп жыгуу ойлонулган амал, аткарылуучу иш болчу.

Жалаң бөкөндөр гана эмес, эки ортодо чабытка келген бөрүлөр бөкөндөр үчүн жасалган курмандыкка кабылганы кордук болду. Бөрүлөр каргашалуу бул жайдан качып чыгып кетиш жан алакетин жакшы эле көрүштү, бирок алыстай алышпады. Үркүп качкан бөкөндөрдүн жандуу сели каптап, аралашып кошо кетти. Бөрүлөр саал буйдалса же бурулса, күтүрөгөн бөкөндөрдүн курч туягына жанчылып, баткак менен жуурулушуп калмак. Жаштык кылып кенжеси Сүйгүнчүк менен Желтаман бөлтүрүгү сүрдүгүп жайлап калып, артынан шыкап жүгүрүп келаткан бөкөндөрдүн тебелендисинде калбадыбы. Чоңбашын бөкөндөр менен кошо качып баратканын көрүп: «Кашабалар, кайда качып кутуласыңар» – деп аткычтар атайын атып өлтүрүштү. Акбара менен Ташчайнар кажырлуу карт бөрүлүк кылып, жанталашып чуркап аман калышты. Бирок үч бирдей балдарынан айрылганы жандарына катуу таш батырды.

Куугун токтогондо чарчап, бутун сүйрөп, ийнине эс алабыз деп келсе, ал жактан да адамдарды көрүп, мындан ары ээн ийнибиз да булардан буюрбай калган окшойт деп, жер оодарып кетишти чечишти.

Бул алаамат бир облустун толбой турган эт планын аткарыш үчүн жаратылыш жаныбарларынын белен-бекер этинин эсебинен өтөөнү ойлоп таап, намысты сактоодон келип чыккан Совет доорунун догматизми, саясаты эле. Бөкөндөрдү атып этке өткөргөнүнөн да, канчасы жарадар калып айыкканча азап чеккендеринин, ок жеп өлүгү талаада калгандарынын убалы кимге? Бул – бир чөлкөмдүн жаныбарларына адам баласынын жырткычтык менен жасалган кыянат кыяматы. Жазуучунун адамзатты ойлондуруп, эскертип эсине келтирүүнү көздөгөнү.

Ошентип, Моюнкумдан илкип жүрүп олтуруп Акбара менен Ташчайнар Алдаш камышынын арасында өмүр өткөрүшүп калышты. Ал жерден беш бөлтүрүктүү болушту. «Багы жокко дагы жок» болушуп бөлтүрүктөрү чоңоюп келатканда, камыш өрттөнүп, өрттөн жаш балдарын алып

чыга албай, дагы беш бирдей бөлтүрүктөрүнөн айрылып сыздап, ыйлап олтуруп калышат.

Мында да жаңы ачылган тоо кен жайына жол салыш үчүн, шаарча куруш үчүн миңдеген гектар камышты өрттөш керек болду. Өрттөгөндө да самолёт менен үстүнөн от тутантар, күчөтөр суюктук чачып катуу күйгүздү. Алдаштын камыш өртүндө да миңдеген, түмөндөгөн жан-жаныбарлар, канаттуулардын, анын ичинен Акбара менен Ташчайнардын тополоңу тоз түшүп өрт ичинде калышпадыбы. Бул кыяматтын да кыянат ээси-адам болду. Адам колунан жапа чеккен айыпсыз табият макулуктары болду.

Акбара менен Ташчайнар бул жаңы конуш аймагын суук көрүп дагы жер ооду. Эми тоо таянып кетүүнү туура көрүштү. Ак-Түздүн ашуусун ашып, Ысык-Көлдүн тескей тоосунун адырмагына токтошту. Бул жерден да төрт бөлтүрүктүү болушту.

Тууганыңа сүйүнбө, турганына сүйүн демекчи бөлтүрүктөрүнүң ажалы табигый кырсыктан же оорудан болбой эле адам баласынын жаратылышка жасаган кыянатынан болуп келбедиби. Бул жактан бул жолу да адам азезилине туш келди. Ал Базарбай жексур эле. Базарбай-эч кимге, эч нерсеге жакшылык ойлобогон кыянатчыл, карөзгөй адам болчу. Мындайга тутулдуң дегиче, кутулушуң кыйын, кутулбайсың деле. Базарбайда дагы бир эгерим оңолбос, бар ырысын аракка, ичкиликке алмашкан ичкич (алкаш) жагы да бар. Байкуш жайчылык жашоо издеп келген эки жуп бөрүнүн тагдыры келип-келип ушу Базарбайга кокусунан туш келип калганын карабайсыңбы... Геологдорду барар жерине жол баштап жеткирип, алардан арттырып алган арагын булак боюна беймарал ичип отурмакка кайрылды. Бир аздан кийин күчүктөрдүн кыңшылаганын капыстан угуп калып барып, бөрүнүн үңкүрүнөн бөлтүрүктөрүнө туш келип атпайбы. Көргөндө эле асмандан издегени жерден табылгансып, мамлекетке өткөрүп же өткөрөм дегендерге сатып пайда табууну ойлоп кудуңдап, сүйүнүп, куржунуна салып, оозун ачып ичкен «арак досун» да отурган жерине унутуп,

шашып аттанат. Жыт алып артынан куугунга түшкөн бөлтүрүктөрдүн ата-энесинен качып, Бостон чабандын кашарына жетип араң кутулат.

Мына ошондон баштап Бостондун айылына чоң бүлүк түшөт. Жамандын жакшылыгынан кесепети көп демекчи, Базарбайдын кесепети бир айылды алаамат мүшкүлгө салып аягы кыяматка айланды. Мына ушул сапар бөлтүрүгүнөн айрылышы Акбара менен Ташчайнарды катуу кайгы тарттырып жан кечтиликке алып барды. Баштагылары бир тең, мындагысы бир тең болду. Анткени артынан кууп келип колуна тийбей, оозунан алдыргандай өксүк калып, балдары тирүү тургандай үмүтү үзүлбөй калып жатышпайбы. Акбаранын ошондогу улуганы, ай! Ый аралаш жалыныч үн чыккандай туюлуп, ыракым келтирчү. Ырасында эле, андагы улуган үн эненин балага деген көз жашынын аянычтуу үнү эле. Айтса-айтпаса төгүнбү Акбара асмандагы айды карап, андагы Бөрү энеге жалынып, бөлтүрүктөрүн кайрып бер деп көз жашын төгүп суранып, даттанып да жүрдү го. Мурункуларда бөлтүрүктөрү көз алдында ажал таап, биротоло көксөөлөрү суушкан болчу. Бу сапар кууп келип куткара албаганына ызалуу кек сактап өжөрлөнүп өч алууга өтүшүп, короолорго түшүп кой кырып, жайыттан кол салып, жайлап да көрүштү. Качкын (бөлтүрүктөрдү ала качкан) ушул үйгө түшпөдү беле дегенсип, кашардын тегерегинен түн ичинде улуп-уңшуп «кайтаргыла балдарыбызды» – деп сурангансып кетпей коюшту. Алардын бул жоруктары түшүнгөн адамга бир чети аянычтуу да эле; экинчиден, тынчтык бербей кыжырга да тийишти. Ал эле эмес үйгө кирип келе тургансып, бала-бакырага коркунуч да келтирди. Кыскасы, айланы түгөттү.

Ал макулуктар качкындын куугандан кутулуп түшкөн үйүн билип, кийин өз жайына кетип, балким, бөлтүрүктөрдү соодалап ийгенин кайдан билсин. Акыры жанына таш батканда Бостон жек көрүшкөн адамы болсо да, алдына салбарып барып, эмне болуп атканды бүт түшүндүрүп, бөлтүрүктөрдү өткөрүппү, сатыппы алар акчаңды мен деле берейин,

алып барып ийнине салып, өчөшкөн айбандардын азабынан кутулайын деп, Базарбайды кепке келтире албады. Тетирилеп түшүнгүсү келбеди. Бостонго баштадан келаткан көрө албастыгы жол бербеди.

Андан кийин да баягы уйку бербеген, тынчтык бузган абал кайталана берди. Акыры айла кеткенде, чыдамы түгөнгөндө Бостон экөөнү жайлап, тынмакка өтмөй болду.

Бул өчөштүк эмес, айла кеткенден жасалчу иш эле. Жаратылыш макулуктарынан адам айла-амалдуу келет эмеспи. Бирок Бостон аягы эмне менен бүтөрүн, табияттан кандай сыр болорун ойлободу көрүнөт. Биринчи Ташчайнарды атып сулатты, өзү да андан жайланып кала жаздады. Анда Акбар качып кутулду. Качып кутулганы менен Ташчайнардан айрылгандан кийинки өмүрүндө жашоонун кызыгы калбагандай, өлөрүн санап илкип басып, каңкып күн өткөрүп калды.

Күндөрдүн биринде дагы эле көкүрөгүндө бала деген үмүтү бар Акбара акмалап чабандардын там-ташы, сарайларына келип, бөлтүрүктөрүн издеп чыкты. Аңгыча короонун сыртына чейин балапан ээрчиткен тооктун балапандарына кызыгып, ээрчип келип ойноп отуруп калган кичине балага жолугуп, бөлтүрүктөрүндөй көрүп, энелик эбедени эзилип каралап, айланчыктап калат. Наристе да өздөрүнүн итиндей көрүп мойнунан кучактаса, Акбара бетинен жалап элжиреди. Алдына жатса, үстүнө минип алды. Үстүнөн түшүп жетелеп ээрчитип жөнөмөк болду. Акбара адамдар бар экенин сезип ээрчибеди, бирок энелик мээрим төгүлүп, кичинекей наристе үңкүрүмдө жашаса деген кыял келди. Күрмөсүнүн жакасын кабыштыра аярлай тиштеп акырын силкип жогору жалына отургузуп алып жөнөдү. Бул атайылап эмес, кызый-кызый келип жасалган иш болду. Аңгыча өз бөлтүрүгүндөй көрүп алынышып, анан бала кылып алсам эмне болот?.. деп кызыгып кеткенсиди. Барып-барып чындап ала качууга өттү.

Бостон мылтыгын ала жүгүрүп куугунга чыгып: – Ташта, Акбар! Ташта баланы! – деп кыйкырып артына түшө кубалады. Кыйкырык-чуу, куугун жырткычтык сезимин ойготуп, олжодон айрылбоо эркин күчөттү. Бостон коркү-

туш үчүн алды, артына атып да көрдү, болбоду. Карышкыр көздөн кайым болуп барат. Айласы кеткенде акыры ок менен Акбаранын бутуна мээлеп атты эле, бир секирип капталына кулап түштү. Чуркап барса Акбара али тирүү экен, ок тийген бала сулап жатат. Өлгөн баласын көкүрөгүнө кысып, үйүнө беттеди. Артынан аялы Гүлүмкан бакырып ыйлап, Асылгүл да ыйлап Гүлүмканды колтуктап, үйгө келатышат. Бостон баланы керебетке жаткыра коюп, мылтыгын алып, Донкүлүктү минип, чаап жөнөйт. Издеген адамы-Базарбай. Жексурга кашарындагылары менен жайлоого көчмөккө машина жүктөрүн салып жаткан учурда кездешти. Базарбай машинадан секирип түшүп: – Баягы бөлтүрүктөрбү?.. Жазып бер дешти, жазып бердим – деди.

– Урдум мен сенин жазганыңды, – деди Бостон. Менин сага айтарым башка: сен бу дүйнөдө жашоого татыктуу эмессиң, ошон үчүн тагдырыңды өз колум менен чечкени келдим, деп каны күйүп турган Бостон Базарбайды калкалануугa үлгүртпөй эки ирет атып салат. Ошо жерден өз ыктыяры менен колго түшүп берерин ошол жердегилерге билдирип, «Жылбагыла» деп эскертип жөнөйт.

Кайран киши! Бостондун өмүрү өчтү. Базарбайдын өлүмү ак, Бостон айтмакчы «Бу дүйнөдө жашоого татыксыз адам». Ушунун айынан бир үйүр карышкырдын тукуму кыяматка туш болду. Базарбайдын кесепетинен мында Бостонго убал болду. Акыры Базарбай да өз жазасын алып тынды.

Ырасында эле, табияттын кусуруна, каргышына калбаш керек турбайбы. Бул тууралуу ата-бабабыздын «Кожожаш», «Карагул ботом» жомокторунда эскертип айтылып калбады беле. Адам баласы өзүнө өзү кылат көрүнөт. Өмүр өтөп жаткан табиятты ардактап эриш-аркак таттуулукта болушту эсибизден чыгарбашыбыз керек экен. Адамзаттын пейилкунунун бузулушунан, табиятка кылган кыянатынан, анан жаратылыштын эрегишип өч алышынан акыр кыямат болору коомдордо далилденип келет го. Андыктан эй, адамзат балдары, тобо кылып ойлонушуп жашайлы! Акыр кыяматты чакырып албайлы!

«БЕРЧИ МАГА ЖАРЫМ КАШЫК МУЗЫКА»

(Кыргыздын музыкалык маданияты жөнүндө ой толгоо)

Деги кыргыз эли музыка жандуу ырга, күүгө шыктуу элдерденбизби деп да кетем. Көңүлү жай жалгыз-жарым болгонунда (өзгөчө ат үстүндө) кыңылдап, ичинен кайырып үн салбаган кыргызды жолуктуруш кыйын. Зериккенинен-би же эргигениненби, айтор, ыр менен бугун чыгарып, кумарын кандырат бейм. Барыдан аткарылчу жумуштарын да жеңилдетиш максатында үн, обон ыргагына салып, ыр менен коштоп жасашчу экен. Айтылуу элдик «Оп, майда», «Бекбекей», «Шырылдаң» эмгек ырларын ата-бабаларыбыз эмгек үстүндө кадимкидей шаң менен ырдашып, жумуш жасашчу турбайбы. Ойлоп табышкан кыл, үйлөмө аспаптарда ойногондоручу...

Эски обон, күүлөр мезгилдин талабынанбы мейли шаңдуусу, мейли күңгүрөгөн мунduусу болобу кулакка угумдуу, көңүлгө жагымдуу келип, салмактуу классикалык музыкалардай тажабай уюп угасың.

Айрым аймактагы элибиздин отуруш-жыйындарында чекесинен кол ойнотуп комуз чертип, ыр нөшөрүн төгүп авазын салган өнөрпоз журтчулукту көп жерден жолуктурууга болот дешет. Аларда баладан карыга чейин ырды өнөр тутуп, ардакташат окшобойбу. Болбосо азыркы учурда кийинки тарбиядагы кыргыз жаштарынан ыр аяк келсе кыргызча үп эткен үнүн чыгара албаган «киргиздер» көп эле.

Кийинки мезгилдерде тарсылдатып, дүпүлдөтүп музыкалык аспаптын күчүнө салып, ритм кууп, ырдаган ырында куплеттин бир сабын же сөзүн он кайталап маңызданып, тажатып, эч музыкалык жылт эткен да татымы жок эстрадалык ырлар жаралып, аткарылып жүрөт. Азыркы жаштарга ушулар жагат, ушулар жакшы, эскини уккусу келишпейт, билишпейт да. Музыка деле заманасына жараша, турмуш кырдаалына карата болот окшобойбу... Бирок баары бир

дүйнөлүк деп таанылган классик асыл дөөлөттөргө, өзүбүздөгү классикалык үлгүдөгү чыгармаларга теңештирүүгө болобу?! Классика кайсы заманда, кайсы мезгилде болсун өз алган ордунан, баасынан төмөндөбөйт эмеспи.

Атаганат, мурунку муундар үчүн элдик залкар күүлөр, Карамолдонун мукам, Ыбрайдын, Токтогулдун шаңдуу күүлөрү өздөрүнүн аткаруусунда же кийинки муундагы Шекербектин, Мейилкандын аткаруусунда керемет угулат. Обондордон Богачынын «Үкөйүнөн» тартып, Мусанын, Атайдын жана Эгинчиевдердин ыр-обондоручу. Угуп укканда тажабайсың, жөндөмүң болсо ырдап ырдагандан жалыкпайсың. Айрыкча Атайдын «Эсимдесин» кантип эсиңден чыгарасың да, Мусанын «Ойгономун» кантип оюңдан чыгарып унутасың да, Эгинчиевдин «Жаштаргасы» жадымыңда калбасын?! Кайран кишилер, мезгилинде филармонияда иштешип, жер кыдырып, элге эрмек болуп, ырахат тартуулашкан экен. Ошол мезгилдин адамдары да ыкыбалдуу экен – алардын ырахатына туш келип дегиң келет! Алар концерт коюп барган жерде ырдап, ырларынын чекеси оюлбай, черткен күүлөрүнүн чети кертилбей, таң атырып кеткен учурлары да болгону эл оозунда аңыз кылып ар кай жерде айтуу калганы көпчүлүккө дайын.

Кыргыз профессионал музыкасынын ээлеринин чыгармалары элдик музыка менен үндөшүп, элине кызмат кылып келгенин да аваз кылып айтууга да арзыйт.

Улуттук музыкалык искусствобуздун өсүп-өркүндөшүнө орус туугандардан келип ак дили, ак эмгеги менен кызмат көрсөткөн Затаевич, Власов, Фере, Раухвергерлерди атайын баса көрсөтүп, кадырлап айтпай коюуга болбойт. Затаевичтин кыргыз элдик музыкаларын талыкпай жыйнаган, изилдеген иштеричи. Власов, Фере, А.Малдыбаев болуп улуттук опера-балетибизди түптөп өнүктүрдү го. Алгач жаралган «Айчүрөк», «Алтын кыз», «Ажал ордунда», «Токтогул» операларын менен кыргыз опера-балетинин Москвадагы өткөн декадаларынын көшөгөсү ушулар менен ачылбады беле. Раухвергердин «Чолпон» балети классикалык чыгармага

кошулуп, кино болуп тартылган тасмасынан, кайталанып коюлган балетинен тажабай көрүп келебиз го.

Опера-балеттерде ойногон Эл артист уул-кыздарыбыз К.Чодронов, А.Мырзабаев, С.Токтоналиев, У.Сарбагышев, Ч.Базарбаев, С.Кийизбаева, Б.Бейшеналиева, А.Токомбаева, К.Сартбаева, Э.Нурматовалардын аткаруу чеберчиликтерине кимдер маашырланбаган да, кимдер таңданбаган!

Кыргыз профессионал музыкабыздын өнүгүшүнө композиторлорубуз А.Малдыбаев, М.Абдыраев, К.Молдобасанов, Н.Давлесов, С.Юсуповдордун салымы зор. Бул улуу муундагы композиторлордун ар кимиси өз алдынча сиңирген эмгеги менен даңазаланып келет. Өзгөчө Н.Давлесовду вокалдык ырларга музыка жаратуудан «кыргыздын песенник композитору» деп баалап келебиз. К.Молдобасанов кыргыз балет музыкасын бир топ жандандырып, «Куйручук», «Асел» ж.б. балеттеринин музыкасын жазган.

Кийинки муундардан М.Бегалиев кыргыз музыкалык искусствосун өзүнүн даңктуу жаратмандыктары менен республикабыздын чегинен сырткары алыскы чет өлкөлөргө чейин маалым кылды.

60-жылдардын орто ченинен бери кыргыз музыкалык чыгармачылыгына обончу жаштардын келип кошулган агымынын кошкон салымы мактоого татырлык! Ы.Абдыкадыров, К.Тагаев, А.Атабаев, С.Жумалиев, Т.Казаков, А.Керимбаев сыяктуу обончуларды кыргыздардан ким билбейт? Билген биякта калсын, чыгармаларын ырдап берчүлөр арабызда эки-үчтүн бири болуш керек. Ы.Абдыкадыровдун чыгармалары жаңы угулганда «Кыргыздын Данияры пайда болду» деген даңаза чыкты эле го. К.Тагаев обондору менен «Кыргыздын И.Штраусу» деп элде аталбады беле.

60–70–80-жылдар кыргыз музыкасында обончулардын жылдары болуп келгени жалганбы? Улам мурунку чыккандарынан таасир-таалим алып ээрчише обончулардын отряды тынымсыз кошулуп келди. Аларды санап санынан жаңыласың, эстеп эсиңен адашасың. Көпчүлүгү жаратмандык даремети жогору, чыгармалары музыкалык татымдуу, ку-

лакка угумдуулугунан элге сүймөнчүлүктүү өнөрпоздордон болуп таанылышпадыбы.

Ким танат М.Рыскулбеков, Б.Тургунбаев, Ж.Мамажанов, К.Эралиева, А.Бөдөшөв, А.Бедияров, Ж.Кочкоров сыяктуу таланттардын обон-ырларын?

Ансыз да эгемендүүлүгүбүздөн бери батыштан келген ааламдашуу агымынан рок, эстрада музыкалык ырлары, аны туураган анчалык талант кудуретин талап кылбаган, жеңил-желпилигине таянган өзүбүздүн эстрадалык ырларын жаратуучуларынын чыгармалары бардык маалымат каражаттарынан байма-бай рекламаланып, 30–35 жылдан бери кийинки муундарыбыз ошол музыкалар менен ооозанып да, азыктанып да бир тууган мекенинин салттуу музыкаларын мектептен окуп үйрөнбөй, жада калса кыргыз радио-теле берүүлөрүнөн жарытылуу да угуп көрбөй кур калып келишти. Бул акыбалга, көрүнүшкө бир четинен өлкөбүздө каражаттын тартыштыгынан маданият, исскуствого мамлекеттик деңгээлде тестөө, ылгоо жана кам көрүү жетишерлик болбогону себеп болгонсуду. Бул эми убактылуу болуш керек. (ылайым ошондой эле болсун). Экономикалык жактан толук оңолуп алсак, рухий азыгыбыздан бөксөбүздү толтуруп аларбыз деген үмүттү ишенимден тайбайлык! Ал күн да келер!

9-класс Д.Нуралиев 2003-ж.

Б. ЖАКИЕВДИН «АТАНЫН ТАГДЫРЫ» ДРАМАСЫНЫН КААРМАНДАРЫН МҮНӨЗДӨӨ

90-жылдардын башында болуш керек окуткан 6-класстын окуучулары менен А.Токомбаевдин «Күүнүн сыры» аңгемесинин каармандары боюнча мүнөздөө жүргүзгөн элем. Окуучуларга каармандарды мүнөздөө чыгармага катышкан каармандардын кылык-жоруктарына, окуяга катышкан аракеттерине, башка каармандар менен мамилелерине, сүйлөгөн сөздөрүнө, адамдык оң-терс сапаттарына ж.б. жактарына байланыштуу мүнөздөлөрүн түшүндүрүп келип, аңгемедеги эрке кыз менен кызыл буурул атчан баатырды үйрөнчүк катары мүнөздөгөн болчубуз. Төмөнкү класстын окуучуларынын жаш өзгөчөлүгүнө карата мугалим өзү көп сүйлөөгө туура келет. Көбүнчө суроо-жооп иретинде болуп, суроо жоопсуз калбас үчүн суроону жаңыртып, жакындатып сүйөмөлөйсүң; жооп жарты калбас үчүн айтчуларды кошумчалатып же өзүң толуктап турасың. Акыры сомдолуп сыпатталат.

Бул жолу 7-класста өтүлчү Б.Жакиевдин «Атанын тагдыры» драмасын окуп, каармандарын мүнөздөгөн талдоосунун иштелмеси менен таанышпырмакчымын.

Жеңишбек кандай мүнөз-сапаттарга ээ? Жеңишбек – туяктын туягы, атасы Болотбектин өмүр улоосу. Согуштун айынан, жазмыштын буйругунан өз атасынан жетим калып, чоң атасы небересин эш тутуп эркелетип, эрке талтаң кылып өстүрөт. Чоң атасы небересин эркине коюп, «туяктын туягы» деп көзүнө карап, үйрүлө түшүп мамиле кылышы эссиз балалык курагынын тарбиясына тескери таасирин тийгизди. Мектепте тыюу бербеген тентек, баш бербеген бейбаштыкты көп көрсөткөн бала болду. Оюнга алаксып, окууга жетишпей, күзгү сыноого да калат. Эрке, ээн өскөндүктөн мугалимдердин айткан акылдарын тыңдабады, сабактарга көңүл бурбады. Үй-бүлө тарабынан ай деген ажо, кой деген кожо болбоду. Тарбия-таасир берер чоң атасына небересинин жаны аман, дени сак жанында гана жүрсө болду эле. Жалгыз уулу Болоттон согушта каза таап, айрылганынан

кийин андан калган небересинин өмүрүн ого бетер аярлап, энесине кетип калабы деп көзүнө карап, көңүлүн оорутуп албайын деп саксынып келет. Мына, ушундан улам, Жеңишбек колхоздун жемиш багына, элдин огородундагы жемишине уурулукка түшүп, жолдошторуна ууру да аталды. Классташ курбулары менен мектеп багына иштөөгө, колхоз жумушуна жардамдашууга баргандан баш тартып качып, жалкоолугун да көрсөттү. Өзү теңдүү классташтарынын жумушка чакырып келгенин жаман көрүп, кайрадан аларды шылдыңдап тийиштик кылып, Сапайдын шапкесин бербей ала качып, үйү жакын иттин куйругу узун болуп, үйүнө кире качып, чоң атасына эр эркеп таянып, алар менен ит жыгылыш болуп күрөшүп урушуп, аягында «Бир муштап калайын, коё берчи» – деп жулунат. Чоң атасы кой десе, «Анан эмне өздөрү тийишет?» – деп өзү тийишкенин жашырып, жалаа жаап, жалган айтууга да барат. Чоң атасынын: «Азыркы балдар менен элдешип иш иштеш» –деген калыс сөзүн «Жаманды оң жыгыл десе, чалкасынан кетет» болуп, «Ооба, сага! Эмне?.. Сен ошолорго болушасыңбы?» – деп жектейт. Акылбек чачылып жаткан алмаларды терип: «Буларды кайдан алгансың? Бирөөнүн алма-өрүгүн үзбөй жүр дебедим беле?» – дегенине «Мен бекем?! Жанагылардан түшүп калган болчу», – деп дагы аларга төңкөрүп, Жеңишбектин калп айтканга көнүп баратканын көрсөк болот.

Жеңишбек чоң атасын аяп, жардам берүүнү ойлонбойт. «Жүрү тиги сарайдагы отунду аралашып кой!» – дегенине жумуштан качып, «Ошонун баарынбы?» – деп көп көрүп, «Эртең таарыйлычы» – деп убакыт өткөрүп унуткарууну көздөйт. Айласы кеткенде «И-ий... жанагылар тээп ийишкен окшойт, мобу жерим ооруп турат...» – деп аларды жалган жаманатты кылып, өзүн ооруга шылтап амал таап, жумуштан качкан жан багар жалкоолугун көрсөтөт.

Өзү менен өзү болуп оюна келгенин кылган, өзгөнүн акылын укпаган, дайынсыз оюндан башы чыкпаган баланын акылы да тайкы болот көрүнбөйбү. Болбосо көзүнүн агы менен тең айланып, алаканына салып «үфүлөп» баккан

атасын таштап, Бурул таяжеңесинин бузукулук азгырыгына арбалып, энесине кантип кетип калды? Ал жактан Оңолкандын жемесин угуп, көрөйүн деген көзү жок мамилесине тушугуп, бирге ойногон балдардан уруша кеткенде, «тентиген жетим» деген жектөөсүн эшитип, чекеси жылыбай жүргөнүнө кайыл болуп, кантип жүрөт да, атайын артынан издеп барган атасынын көңүлүн оорутуп кошо кетпей, неге калып калды?? Чоң атасы: «Дээринде болсо, кийин оңолуп алар» – дегендей эмес окшобойбу... Ырасында «дээр» деген жашка карабайт. Жеңишбек – эс тартып калган эле кураста. Эки жактагы: атасынын колундагы менен энесине ыктап барган жагындагы акыбалдарын салыштырып көрсө болот эле го. Эч чектөө көрбөй ээн өсүп, дардаңкүү болуп бараткан окшойт. Бирок турмуш шарт тестейт болуш керек. Ырасында эле, мурдуна суу жеткенде, атасынын артынан кийин сүткө тийген мышыктай жетип келет эмеспи. Бул Жеңишбектин мындан ары аки-чүкүнү түшүнүп, ак-караны аңдап акылына келе баштаганынан кабар берет.

Зуура – эл коргоп, согуштан ажал тапкан патриот жоокердин жесири. Ардактап сүйгөн жарынан согуштун айынан аргасыз ажырап, жаш калган армандуу келин. Он гүлүнүн бир гүлү ачылбаган курагында, жаш өмүрүн соолутуп, турмуш жаңыртпай өтүүгө болбойт эле, өлгөндүн артынан ким өлүптүр. Алдыга карап, турмуш менен күрөшүү керек болчу.

Зуура көп өтпөй экинчи турмуштан орун тапты. Бирок мында алган жары ойдогудай болгону менен, какшаал кайненинин каатына кабылды. Бактысына жараша, «акырын басса аксак, катуу басса таскак» – деп, кылдан кыйкым издеп жасаган иштери жакпай, «жаман көргөн адамдын бөркү казанбактай» болуп көрүнөт да турат. Чын-чынына келгенде, Зууранын жамандыгы, кайненесине кылган кылапаты деле жок. Оңолкандын ою, «баланын жашынан, катынды башынан» деп, башынан катуу кармап, эки тизгин бир чылбырды колдон чыгарбай, өзү айтмакчы үй-бүлөнү «кемээчтеп» өтсөм дейт.

Зуура пилдей көтөрүмдүүлүгүн көрсөтөт. Алган жарымдын энеси, кайненем деп, канчалык жанга тийип какшаанса

да, каяша айтпайт, сыйлайт; жаңы баш кошкон турмушунун алды-артын, уят-намысын ойлойт; өзүнүн да табиятынан мүнөзү оор окшобойбу.

Зуура мурунку турмушунда да кайнатасын сыйлаган, алдынан кыя өтпөгөн келин болчу. Ошон үчүн кайнатасы: «кызымдан кем санабаган ыймандуу келиним эле» – дейт эмеспи. Бирок «ыймандуу келини» ызатын кетирип алгандай болду окшойт. Төркүнүнө биротоло кетерде «туягымдын туягы» деп кан жутуп, какшап турган кайнатасынын абалын билип-көрүп туруп, кыйылып араң таштап кетет эмеспи. Кийинки турмушунан бир аз убакыт өткөндөн кийин Бурул деген азезил жеңесин жөнөтүп, кат жазып «кел» деп , чоң атасына көнүгүшүп калган Жеңишбекти чакырып да алат. Ырас энеси болгондон кийин баласын сагынат дечи, ошентсе да жамандык көрбөгөн Болот күйөөсүнүн арбагын сыйлап, ойлонсо болмок; кандуу согушта ажыраган уулун унута албай жүргөн жана анын туягын эш тутуп карманып, бир буту жерде, бир буту көрдө турган кайнатасынын аянычтуу абалына ыракым кылыш керек эле. Зуура балага үзүлүп түшкүдөй, баладан көзү каткан жашы өтүп баратканкуракта деле эмес; кийинки турмушунан тилек кылып бала көрүшү мүмкүн. Жеңишбек эчкинин жашындай жашы калган чоң атасынын жанында эле жүрсүн, кайда жүрбөсүн аман болсун, баары бир менин уулум эмеспи десе болмок. Айрыкча чоң атасы атайын Жеңишбектин артынан келгенден кийин, «Чоң атаңа бар, атаңды багышың керек. Мен өз күнүмдү өзүм көрөм» – деп көңүлдөн чыгарган болуп, карыянын көңүлүн алып, алдына салып берсе, эстүүлүк кылган болбос беле. Ансыз деле, жанында жүрүп уулунун чекеси жылып кеткен жери жок. Оңолканга суук тумшук көрүнүп, кагуу жеп, жаман тилин угуп жүрөт. Өзү да уулу үчүн сөзү кысык болуп, Оңолкандын кажыган жемесине чайналып келет. Акыры Зуура айласы кетип, аргасы түгөнүп, Жеңишбектин чоң атасында эле болушун түшүнүп жиберет. Жеңишбек үчүн ушуга чейин кыжалаттыктын кимге кереги бар эле? дейсиң...

Оңолкан – келинге катаал кайнене. Ар дайым өзү келининен урушарга жазык таппай, тийиштик эле кылып турат. Дагы жакшы Зуура ыймандуу, адептүү болгон үчүн какшаал кайненесине теңелбей, каяша кайырбай, ыйбаа кылганынан эле турат, болбосо үйүнүн үстү күнүгө үч көтөрүлүп, үч түшүп, жаңжалдан баштары чыкпай тытмалашканга чейин барышып, абийирлери кетишет беле? Оңолкан Жеңишбектен кутула тажап, «Атасы кете электе чакырайын, уулун алып кетсин» дегенине Зуура: «Чакырбайсыз!» – деп жаны кашайып, үнүн көтөрүп сүйлөп койгонуна эле долуланып, «Сабайсыңбы, ыя! Саба!» – деп догурунуп сүзгүлөйт. Зуура Оңолкандын кайненелигин, күйөсүнүн көңүлүн сыйлап, абийир сактаганын Зууранын момун, жашык көрүп басмырлап, биротоло басынтып алгысы келет. Кайненеси каарый бергенинен келини чындыкка карата тиешелүү жооп бергенин каяша сүйлөйсүң деп, жаман алып жатпайбы. Кыскасы, жек көргөн кайненеге кандай айтса да жакпайт.

Оңолканга сөз өтөр өз уулу Бошкой болушу керек эле. Адилеттик үчүн энесине: «Зууранын кайсы жамандыгы бар, сизге өткөргөн тили, тескери кылыгы барбы, ошончо эле эзе бергидей?» – деп айтса болот го, айтууга да акылуу. Ага уулунун ыйбалыгы эмес, жашыктыгы жол бербейт, энесинин уулу болуп өскөн. Канчага чейин эле аялы менен энесинин ортосундагы чыр-чатакка кыйналып-кысталып жүрөт? Акыры чекит коюп чечишүүлөрү керек го. Эгер «кечтим байдын кызынан» деп, квартирага экөө тажадык деп чыгып кеткенде, үйдө жалгыз калганда көрөр элек. Оңолкандын жазасы ошол болмок, ошондо оңолмок. Бирок ыйман-ызаттуу уул, келин элден уялып, энени кыйбай, оңолуп кетербиз деп күн кечирип келет.

Чынында, кайненеңин каарынан, орунсуз жемекорлугунан эки жаш ажырашып кетсе, ким-кимисине болбосун, зыяндан башка пайдасы болбосун, акылына келишип, түшүнүшөр, ылайым ошондой эле болсун! демекчибиз.

9-класс, М. Дарманбекова, 2012-ж.

ТАЗАЛЫК ШААРЫБЫЗГА, ШААРЫБЫЗ БААРЫБЫЗГА!

Адатта ордо калаа-кайсы гана мамлекеттин болбосун уюткулуу өзөгү, көрсөтөөр жүзү. Эшигин көрүп, төрүнө өт демекчи, сырттан келген меймандар мамлекеттик администрациясы жайгашкан борбордо болбой койбойт.

Андыктан аларга уят болбогудай борборубуз таза, жашыл көлөкөлүү, курулушу иреттүү, эли меймандос, маданияттуу болушу абзел го.

Дүйнөнүн өнүккөн цивилизациялуу өлкөлөрүнүн шаарларынын курулушундай асман тиреген турак жайларыбыз болбосо да, Алыбектин алына жараша демекчи, алыбызча болуп, бирок акыр-чикирлер, иретсиз быкы-чыкы курулуштар, уңкур-чуңкур көчөлөрүбүз көзгө урунуп, көңүлдү иренжитпесе болот эле.

Тилекке каршы, бир кезекте жашылдуу шаар деп даңкталып келген борбор калаабыздын жашыл бактары да барган сайын суюлуп, болгону да каралып кам көрүлбөй, сынып, буталып, жыгылып-кыйшайып кейпи кетүүдө. Жайкысын суу жетишпей, жеткен жерлеринин арыктары тазаланбай көчөлөрдү каптап жакшы ичпей, акыры куурап калгандар канча. Койчу, кыскасы шаар ичиндеги көчөлөрдөгү бак шакты атайын күтүнүү начар. Ал түгүл баштагы аллея, бак-шактар кыркылып, курулуш жайлар түшүү көбөйүүдө.

Бак-шак жайдын саратан ысыгында үстүнөн көлөкө болуп, абаны тазартып, дүпүйгөн жашыл ыраңы көңүлдү сергитип шаттандырат эмеспи. Атаганат, карыган бактарды бутап, кыйып, ордуна жаш көчөттөрдү отургузуп, кыйылып, суюлуп кеткен жерлерге толуктап, жаңы отургузуп турсак кана!

Өзгөчө ордо калаабыздын негиздүү көчөлөрүнөн сырткары көчөлөрдөгү жолдорунун уңкул-чуңкул болуп бузулуп оңдолбой, техникалардын шору болуп келатканы кимге жалган. Сырттан биринчи келген мейман болсо, борборунда эмес эле айылды аралап бара атабыз го, – дейт болуш керек.

Өкмөт жолдо жүргөн автомобилдин баарынын ээлеринен жыл сайын салык алат экен. Аны жолду оңдоого жумшабай, кайда кетирип жатканы дайынсыз. Азыр баарынан эмне көп, автомобил көп болуп кетти го. Чогулган сумма да жетишерлик эле болуш керек. Ага карабастан ордо калаанын жолдорунун ахбалы баарыбызга дайын. Айрым көчөдө машинада баратып өңгүл-дөңгүлдө силкилдегенинен тажап, кыжалат болгонуңан түшүп, жөө басып алгың келет.

Кийинки учурда жаңы үй салгандар, же мурунку үйүн жаңылоо-жакшыртуулар көбөйүп, үйүнө чоң жолдун асты менен кетчү суу түтүкчөлөрүн кийрип, же борбордук канализация кетсе, ага үйүнөн канализацияга туташтырып көчө жолун табигый бузулушунан сырткары жеке кызыкчылык менен бузуп казып, изин эптеп толтурумуш этип, машина өтүп тапталгандан кийин тайыздап чуңкурайып, беймарал ылдам келаткан машинаны аргасыз жайлап өтүүгө мажбурлап, байкабай келаткан темпиңде өтүп калсаң, өйдө-ылдый ыргытып, өпкө-боорүңдү колкоңо жеткирип коёт. А ошо жолду бузуп, өткөн машиналарды мүшкүлгө салган эргулдар өз «жумушунун» ырахатын көрүп кудайына ыраазы: шорулдатып үйүнөн суу агызып, чапа-чап каалаганча баянсына түшүп бейкапар.

Ал барыдан жолду бузган изи үйүнө чейин алып келип, күнөкөрдүн ким экенин дайындап турганы менен иши жок. Анткени ал өзүн бүтүлүүнү бүлдүрүп, айыптуу иш кылдым деп санабайт. Аны санатчу өкмөтчүлүк да жок. Алардын ичинде көпчүлүгү уруксатсыз, өзүм билемдик менен жасагандар. Андай болгондон кийин жолдогу бузулуп жаткан изди кууп барып эле штрафты олчойто салып, дагы жолду оңдоо чыгымын мойнуна жүктөсө болбойбу? Мына, жолду оңдоого дагы кошумча каражат. Мейли, уруксат менен жолду бузса да, ошондой ахвалда таштап коюш керекпи? Оңдотуп чыгымын мойнуна алсын, же төлөмүн берсин. Эгер берген болсо, аны кармап берип өзүн куткарсын.

«Аламедин», «Дордой», «Ош» базарларынын төрт тарабындагы жолдон машиналардын кыйналып жүргөнүн айт-

па! Болгондо да канча жылдан бери. Базаркомдордун оюна келбейт, капарында жок, каражат чыгарып жолдун өңгүлдөңгүлдөрүн толтуруп, оңдотуп коёюн деген. Чынында, ошол жолдор менен өзүнүн базарынан соодагерлери жана кардарлары келип, базарын ачат эмеспи. Жыйнаган ар түрдүү налогун ошолордон алып, капчыгын ошолордон толтурат го. Жумган колуңду ач демекчи, ачыш да керек го. Же көз алдында бузулуп жаткан жолду көрбөйт бекен? Алган пайдасынан өздөрү үчүн (базарчылары үчүн) жумшап коюш – милдети да, адамгерчилиги да эмеспи. Андан кемип деле кетпейт. Азыркы кезде ким бай? Базарком бай. Мурдагы килейген завод-фабрикалардын кирешелери менен барабар эле болуш керек, ашса ашат.

Шаар башчыда же шаар кеңешинде укук жолу бар болду бекен чечим чыгарып ушундайларды жалпынын кызыкчылыгы үчүн пайдалуу ишке каражаты менен салыш? Жолу болсо, каражатын каржылатып шаар боюнча көчөлөрдүн жолдорун ар кайсы табыштуу ишкана, мекеме, уюм, а түгүл жеке менчик магазин, кафе ачкандардан бери жолдун ахвалын оңдоого, мизилдетип жол кылып сактоого тартса болор бекен? Болот го.

Баш тартып жалпынын кызыкчылыгын санаасына алгысы келбеген жеке макоо, патриоттук сезими таптакыр акчанын тебелендисинде калган сүткор болсо билбейм. Андайларды коомчулукка кайрылып, коомчулуктун пикирине салып ийитип көрүш керек.

Акыркы мезгилде этаждуу квартиралардын биринчи кабатынын көпчүлүгү магазинге, кафе, барларга ж.б. айланып кетти. Проектисинде андай максаттар көздөлүп курулбагандан кийин, жер титирөөгө туруштук берүүсү кандай болот? Ага ылайык келбесе залалына ким жооптуу? Анысын коёлу, айрым көчөлөрдө ушундай жасалма өзгөртүүлөр тратуарга, жолго чыгып тарылтып, жасалмалуулугу оркоюп одоно көрүнүп бузуп тургандары да жок эмес. Эмнеге эле зыянына карабастан, жеке кызыкчылыктарга жол берилип жатат, акылың айран...

Айрыкча шаарыбыздын тургундары көчөлөрдүн, деги эле баскан-турган жерлеринин тазалыгына көңүл бурушпагаңы байкалат. Көпчүлүк болчу автобустун аялдамаларын эле алалы, айрымдар, өзгөчө жаштар, отургучта отуруп, семичке чагышып, же таштандыларды ой келди жерге ыргытып, түкүрүнүп, ыпластап кете бергенин кездештиребиз. Бирок көрүп тургандар эскертүү берүүнү ойлошпойт. Бизде өзүн маданияттуу тутуу өтө начар. Адебинен кеткенди милиция тейлесе да, маданий жүрүм-турумга көз салуу, ага чакыруу коомчулуктун милдети го...

Кээ бир жерлердин, акыр-чикирлердин додолонуп жол жээгинде жатышынын көзгө чалдыкканычы. Канча шаар башчылары алмашылды, биринин калтырып кеткен акыр-чикирлерин бири төгүп бүтпөй, ушул убакка чейин качантан бери келатат. Баарынан кызыгы ошол шаар башчылары кызматы жагынан жогорулап чоңоюп кетишти. Дагы кызыгы, кийинки шаар башчы болуп келгендери мурдагысына сенин учурундагы додолонгон шаардагы акыр-чикирди эмне кылабыз? – деп сурап да койбойт... Барган сайын үстөккөбосток үйүлгөндүн үстүнө үйүлүп көбөйүп барат...

Этаждуу үйлөрдүн акыр-чикир чыгарчу биринчи этажында, мурдуңдун алдында, додолонуп, чачылып, төгүлүп жаткан таштандыларды көп эле жерден жолуктурууга болот. Машина менен ташып кетүү өз учурунда болбой, додолонуп, жыттанып, ден соолукка залалы болчудай, бирок кимге барып даттанасың?...

Айрым үйлөрдүн подъездеринин тепкичтери тазаланбай, а түгүл лифтилердин кабиналарынын мурундун каңылжарын жарып, ыплас тутунгандарын көрүп таңданасың. Өз тургун жайыбызга ушундай мамиле кылганыбызга эмне десек болот?!

Борборубузду аралап Ала-Арча, Аламедин суулары, Чоң–Чүй каналы өтөт эмеспи. Бул Ленинграддын Нева, Москванын Москва каналын, Берлиндин Рейн сууларына салыштырмалуу жамандыр-жакшыдыр элестелет. Бирок аларда мейли суусунун, мейли жээгинин тазалыгын аздек-

теп сактайт деп угуп келебиз го. А биздечи? Суусу тартылган күздө, кышта каналдын ичин көргөн бар болду бекен? Эмне гана таштанды жок. Жайдын толук мезгилинде акактап түшкүң келет, бирок ыплас кир агымынан жиркенип тартынасың. Жээги Совет доорунда катар-катар тигилген бактар көлөкө берип, жашыл ыраңына баса отуруп серүүндөөгө табылгыс болчу. Эмичи? Эки жээгине төгүлгөн акырчикир таштандыдан орун жок. Таштанды шаардын четине ташталбай эле БЧКнын жээгине төгүлүп калганбы дейсиң. Бактары да кыйылып-тонолуп барат. Көрүп, кайран гана БЧК дейсиң. Азыр эч ким эч нерсеге жооп бербей калганбы? деп жүрөгүң сыздайт.

Чындыгында, жогорудагыдай жеке адамга, топко тиешелүү кемчиликтерди коомчулук тескөөгө болбойбу? Болот го. Коомчулук болбосо, закон жолуна салууга неге болбосун. Ал эми ар кимде дээр, парасат болсо кана, атаганат! Шаарыбызга парасаттуу карайлы! Тазалык шаарыбызга, шаарыбыз баарыбызга тиешелүү экенин унутпайлы!

11-класс А. Жээнчороева 2002-ж.

ТОО БУЛБУЛУ ТОКТОГУЛ

Кыргыз элинин алп акыны Токтогул Сатылганов 1864-жылы Кетмен-Төбө өрөөнүндө (азыркы Токтогул районунда) жарык дүйнөгө келген. Жарды үй-бүлөнүн токтобой келип токтоп калган баласына окшобойбу Токтогул коюшуна караганда. Ата-эне баласынын эсен болушун тилеп, эркелетип өстүргөн. Энеси элдик оозеки чыгармаларды жакшы билгендиктен, ымыркай кезинен эне сүтүн бешик ыры менен кошо оозантып, ыр, жомоктор менен чоңойткон.

Бала курагынан комузга шыктуусун байкап, атасы комуз чаптырып берген. Демек Токтогулдун чебер комузчу, атактуу акын болуп чыгышына ата-энесинин камкордугу өбөлгө болсо, кийин жергиликтүү акындардын өнөрүнөн алган таасир талантын козгоп, курчутуп жетилткен.

Токтогул да жаш болуп жалындап сүйүп, кыз жандап кылыгын көрүп, ашык болуп, кумарлуу ырахатын да, армандуу азабын да тарткан көрүнөт. Ошо курагындагы ырларга «Гүлдөп ал», «Эмне кызык», «Алымканга» деген чыгармалар кирет.

Кара күрмө шай кийип,
Бойлогула кыздар ай.
Кадыр көңүл бар чакта
Ойногула кыздар ай.
Кайрылып келбейт өмүрүң
Ойлогула кыздар ай.
Ойной албай, күлө албай,
Оюндун баркын биле албай,
Кайран жашты картайтып
Койбогула кыздар ай!..

Ошо кездеги салт боюнча бойго жеткен кыз деген сырпилип сыртка чыкпай, үй ичинде жүк түбүндө иш жасап олтурганды адептүү, ыймандуу санап келишкен. Ошентип жаштардын көңүл ышкысы, жүрүш-турушу чектелүү болгон. Буга Токтогулдун жаны ачып, ал эрежени чеки көрүп,

тескерисинче жаштарды бир келген өмүрдү өз учурунда жыргап-куунап өткөрүүгө үндөгөн, ачыктыкка, шайырдыкка чакырган ой билдирген.

«Алымканга» деген ырын Алымкан аттуу кызга ашык болуп арнаган.

Атка салган дилдейсиң,
Ачылган кызыл гүлдөйсүң.
Бир күн ооруу, бир күн соо...
Азабың тартсам билбейсиң.
Бетегелүү майданым,
Бейли жакшы жайдарым!
Көлөкөлүү майданым,
Көөнү жакшы жайдарым! – дейт.

Токтогул жаштайынан элдин мүдөөсүн көздөп, муңун муңдап келген. Анткени өзү да ошол калың катмардан чыккан. Алар менен тагдырлаш, сырдаш болгон, таламын талашкан.

Ошол кездеги колдон келет көрүп, элге көрүнөө зомбулук кылып келген төбөлдөргө кыжыры келип каяша айтып, бетин ашкерелеген «Арзыматка», «Беш каман» деген ырлары бар.

Бекти көрсөң мактайсың,
Бекер ичкен аш үчүн
Кошамат кылып бегиңе
Бечараны каптайсың.
Хан Дыйканбай ырчысы
Болгонуңду ырдадың,
Кара карга үндөнүп
Каркылдаган урганым!..

деп Дыйканбайдын кол ырчысы Арзыматты Дыйканбайга куйругун такап, кошомат үчүн кой союп, ырдаганын карганын каркылдаганына тең деп маскаралайт. Арзымат Токтогулду томаяксың, сенин колдор кимиң бар деп кордойт. Токтогул жардылыгына арданбайт, таянар элим бар деп

сыймыктанат. Ошентип, Арзымат жеңилет. Ошондон тартып Токтогулдун аты алыска кетип, даңкы дайын болот.

Ошондон элдин сүймөнчүлүгүнө айланып, колдоосуна таянып, элдин жанына тийген, зордукчул Ырыскулбектин беш төбөл балдарынын кылык-жоруктарынын бетин ачып «Беш каман» аттуу сатиралык ашкерелөөчү ырын ырдап чыгат.

Акмат, Дыйкан алдамчы,
Атакан, Миңбай жалганчы,
Эгемберди, Бактияр
Эл жегенге жардамчы

деп ар бирине мүнөздүү терс сапаттарын мойнуна тагып келип, алардын «көркоолук», зомбулуктарынан фактыларды келтирип, эми элдин чыдамы бүттү, «келсең кардың жарылат» деп өкүм сүйлөп эскертет, тилин тартпайт.

Ошондон тартып төбөлдөр Токтогулдун артынан түшүп, күнөөгө жыгып, жоготуунун аракетинде болушат. Түздөн түз көзүн тазалоого элден батына алышпады. Кайып-каскагынан шылтоо табылып «Анжиян көтөрүлүшү» чыгып, ал кезде эл баш ийген Падышачылык Россиянын бийлигине каршы элди уюштурган душмандардын ана башы ушу деп Токтогулду тутуп беришет «Беш камандар». Токтогул душмандарынын жалган каралоосу менен Сибирге сүргүнгө айдалат. Айдалып баратып «Кош, элим», «Кош, апаке» ырларын жаратат. Анда карсыккан душмандарынын жалаасы менен ак жеринен айдалып, башы кириптер болуп баратканын, бул жалаа душмандарынын ойлонуп жасалган амалы экенин элине даттанып айтып калууга ашыкты. Буркурап ыйлап, бура бастырбай буй кылган энесин сооротуп, «кайтып келем, Керимбайдан кегим алам»– деп кайраттантып, кектүү кетти.

Калың эл келдиң калбастан
Керимбай балаа болду го
Букарага жармашкан.

Ушундай кордук болобу
Элсизге мени айдашкан –
деп элине кайрылса, даттанса.

Боздодуң апа, боздодуң,
Кайгымды кайра козгодуң.
Кайрат кылсаң болбойбу,
Тирүүмдө жоктодуң...

Айланайын, апаке,
Уккун менин сөзүмдү.
Картайганда көп ыйлап,
Алдырба муңга көзүңдү.
Ажалым жетип өлбөсөм,
Акырын бир күн алармын
Керимбайдан өчүмдү! –
деп энесинин ыйын басат, кайраттантат. Акындын колу бутуна кишен салынып, алыс жолго жөө айдалып, жол азабын, кор азабын тартат.

Аркамда солдат балдырап,
Жайымды айтсам тил билбейт.
Жезитте колум байлануу
Же тилдебей тим жүрбөйт.
Коркутуп айдайт теминип,
Бутумдагы кишенди
Чыгарууну бир билбейт.
Камчылап айдайт кашайгыр
Айтпады атка мингин деп.
Күнү-түнү тынчытпай,
Шаштырып турат жүргүн деп...

Сибирдеги түрмөгө жеткендеги көргөн кордуктары жолдогусунан кем болгон жок. Ит көрбөгөн азапты тартат, ителеп оор жумуштарга салат, түрмөнүн шарты адам пендеси чыдагыс, бирок айласыз көнөсүң.

Мурутум чачым алынбай,
Мусапыр болдум момундай.
Муңайып жүрөм Сибирде
Бошонор күнүм табылбай.
Карагай кесем каруу жок
Кара суу ичем алым жок.
Башыма түштү карыптык,
Кара нан жеп, суу ичип,
Кайран жан тартты арыктык.
Чымын жаным кыйналды,
Чым оодарып, жер казып.
Эзилип кайгы, шор тарттым,
Эл журтумдан адашып.
Мусапыр менен мундуудан
Миллион жатат түрмөдө,
Бүткөн боюн талатып,
Кантала менен бүргөгө.
Жаткан жерим сыз болду,
Жай да мага кыш болду.

Бирок канчалык түрмөнүн, эрксиздиктин каарын көрүп, зарын тартса да, боштондуктан үмүт үзгөн эмес, тирүүчүлүктү санап, элине эсен жетүүнү эңсеген, келечекке оптимисттик менен караган. Эң кур дегенде элине жетип өлүүнү тилеген.

Айдоодо биздей карыптын
Ачылар күнү бар бекен?
Алына жетип кумары
Жазылар күнү бар бекен?
Аргымак атта жүн барбы?
Ак падыша залимдин
Айдаганынан кутулуп,
Аман кетер күн барбы?
Агайын тууган элимди
Көрүп өлсөм арман жок.

Амандык сурап колумду
Берип өлсөм арман жок, – деп зарлаган.

Токтогулдун акындык талантын баалап, адамгерчилигин сыйлап, залалсыз экенине түшүнүп, түрмөлөш жолдоштору таланты өлүп кетпесин, өз элине керектүү жаран экен деп эбин таап жардам берип, качырып жиберишет.

Жолдо күндүз жашынып, түнү жол жүрүп суук көздөн сак болууга аракеттенип, суукка калып, ач болуп, чарчап-чаалыгып бөлөк эл бөтөн жерде көп жапа чегет. Акыры жүрүп отуруп казак туугандарга жетет. Анда өз элине келгендей өзүн эркин сезип, көргөн азабын жомок кылып айтып, жаны ачып, боору ооруган адамдарды көп жолуктурат.

Салам айтып турамын
Бир тууган казак жалпыңа!
Самтырап турам мусапыр
Сагынган менен жете албай
Санжырга кыргыз калкыма.
Азамат элем элимде
Арызым айтып калайын
Агайым калкым силерге.
Токтогул акын мен элем
Тозоктон чыгып жөнөдүм.
Тозоктуу зулум Пашанын
Орунан качып келемин.
Агайын казак туушкан
Азап көрдүм болуштан
Аталаш таптым орустан
Кармап мени ак жерден
Каргаша болуп асылган
Айлымдан чыккан беш каман.
Айлансам болот элдерден
Абитай ишке жарады.
Абитайдын аялы
Чапанымды жамады.

Агасы Акмат бечара
Козу союп эт берди.
Алдыма чобур ат берди
Ыраазымын не дейин,
Уруксат бер кетейин. –
деп ыраазы болуп, уруксат алып, жолго чыгат.

Токтогул качып келип жеткенде, «Жерди көргөндө» деген ырды жаратат. Анда эти терисине батпай сүйүнөт, муюну бошоп, көзүнө жаш алат.

Кетмен-төбө кенен сай
Эңсеген жерим көрүндү.
Токтото албай боюмду
Көзүмүн жашы төгүлдү.

Элине «Эңсеген элим аманбы» деп ырдап түшөт. Текши элге салам айтып, ал сурашат. Токтогулду жергесинде жеке башына кайгы болгон бир нече трагедия күтүп турган. Жалгыз баласы каза болуп, келеринен үмүт үзүп, бузукулардын азгырыгына алынып, аялы Тотуя кетип калган. Энеси уулун эстеп ыйлай берип, эки көзүнөн ажырап азиз болгон. Мынча кайгы ансыз да алсыз келген акынга чоң сокку эле. Алгач баарын угуп-билип дапдаарый түштү. Кайраты күчтү кайратман, эрки күчтү эр экен денесин жыйып, башын силкип, көзүн бардап, ээгин көтөрүп, каат-каргашага кашкая карап:

Кейибеймин кеткенге,
Өкүнбөймүн өткөнгө,
Мен ыраазы болоюн
Эл-журтумду көргөнгө.
Арзып жүргөн ажырап,
Элим аман барсыңбы?
Ээрчишип өскөн жашымдан
Теңим аман барсыңбы?
Канча жылы көрбөгөн
Калкым аман барсыңбы?

«Токтогул» деп кыйкырган
Жалпың аман барсыңбы? –

деп «өткөнгө өкүнбөй» турганын «Элин көргөнгө», калкы турганга кайыл экенин билдирип, өзү шерденип, калкын кайраттандырат. Мен го мен, өзүңөрдүн абалыңар кандай деп ал сурайт:

Малай болуп жалданып
Ыйлагандар аманбы?
Кара оокатка жандарын
Кыйнагандар аманбы?
Жан тынымын дүйнөдө
Кылбагандар аманбы?
Көк келтекке жыгылып
Кыйрагандар аманбы? –

деп. Мен кеткендеги көрүнүшүңөрдөн өзгөрүү барбы же баягы эле бойдонсуңарбы? деп күмөндүү суроо салып, элдин бүйүрүн козгойт. Башынан өткөргөн айдоонун азабын, түрмөнүн жан кейиткен тозогун айтып, элине даттанат, душмандарга кыжынат. Уккан журт, уккан акынынын канатынын калканына алып тирек болот. Кийин кармалып, кайра айдаларында, паралап атып жалпы журт арачалап, алып калат.

Токтогул келгенде күтүп турган кайгыларын чагылдырып «Апакем аман барсыңбы?» «Балам жок» деген ырларды жараткан.

Күйүттүү кайгыларга кабыргасын кайыштырып, ындынын өчүрүп алдырбастан, кайраттанып, баш көтөрүп, элин эш тутуп, баштагыдай элине эрмек болуусун улантат, эли да урматтап-сыйлап көңүлүн көтөрүп унуткартат.

Аңгыча Совет доору келди. Токтогул доордун маани-мазмунун аңдап түшүнүп, «Жашасын Кеңеш өкүмөтү», «Кандай аял тууду экен Лениндей уулду» деген ырлары менен куттуктап, жадырап-жайнап тосуп алды. Өмүрү өткөнчө жаңы бийликти ырлары менен чыңдап-кубаттап өттү. Калык, Алымкул сыяктуу шакирттерди даярдап кетти.

1928-жылы Токтогул А.Затаевичтин демилгеси менен Фрунзеге чакырылып, бир нече ыр, күүлөрү жазылып алынган.

Акын 1933-жылы өз жергесинде көз жумган. Акындын жергесине кийин Токтогулдун ысымы берилген, музейи уюштурулуп, эстелиги тургузулган. Отузунчу жылдардын аягынан баштап акындын поэтикалык жана музыкалык мурастарын жыйноо ишине К.Акиев менен Ж.Бөкөнбаевдин салымы зор болгон.

Эки чоң томдук көлөмдө чыгармаларын басмага даярдап чыгарган. Кийин бир нече жолу кайталанып да басылды.

Токтогул залкар чертмекчи-комузчу, күүчү да болгон. Анын «Миң кыял», «Токтогулдун тогуз кайрык», «Кербезим» аттуу күүлөрү кыргыз радиосунун фондунда жазылуу.

Токтогул кайсы ырын болбосун обонго салып, комуз менен коштоп ырдачу экен. Үнү бирде коңгуроодой коңур, бирде ырдын маанисине карата мукамдуу келип-үнүн кубултуп турчу экен.

Демек, Токтогул көп кырдуу талант: обон, күү жаратқан-музыкант-композитор; ошо ыр, күүлөрүн өзү чертип, өзү ырдаган-аткаруучу-артист; барынан ыр түрмөгүн куюлтуп тапкан-төкмө акын болгон.

Кыргыз элинин сүйүктүү акыны Т.Сатылгановдун артында калган мурастары эл арасында экинчи өмүрүн сүрүп, түбөлүк жашай бермекчи.

9-класс З.Аблетов 1993-ж.

«ЫРЫС АЛДЫ-ЫНТЫМАК ЫНТЫМАГЫҢ ЖОК БОЛСО, АЛДЫҢДАН ТАЯР АЛТЫН ТАК»

(Калыгул олуянын доору жана анын маселдеринин таалим-тарбиялык мааниси).

Кыргыз элинин нускоочу, олуя, «Замана» агымынын баштоочу акыны Калыгул Бай уулу бизге белгилүү акындардын улуусу да, улугу да болгон. Ал манап тукумунан болгондуктан, бала кезинен молдодон сабаты ачылып, билим алып, таалтөөндөй болуп улуктар менен жыйын, топторго эрте аралашып, жай тиричилик, коомдук турмушка көзү каныгып зирек өсүп, жаштайынан идиректүүлүгүнөн агасы Ниязбек баатырдын купулуна толуп, колдоосуна алынган.

Кийин элди тейлеп, бийликке келбесе да, калк арасындагы чыр-чатакты, талаш-тартышты тууган-туушкандыкка, куда-сөөктүккө, дос-жолдоштукка карабастан, «Туура бийде тууган жок, туугандуу бийде ыйман жок» санап, «Кара кылды как жарган калыс Калыгул» аталып, адилет чечип, ажат ачып көптүн көңүлүн алган. Буга мисал, жакын туугаңы Ормон хандын казактар менен кагылышына бугу уруусу менен чабышына, бечара-карыптарга көрсөткөн ыдыктарына карата:

Ой, иним, Ормонум,
Жеген менен тойбодуң.
Акыры сен оңбодуң
Орус алды жериңди,
Сындырат сенин белиңди.
Уга жүргүн кебимди
Таап коет эбиңди.
Аңдап кой айткан сөзүмдү,
Ачып жүргүн көзүңдү,
Азапка салба өзүңдү, –

деп хандыгына карабай, бетине чыгып кемчилигин айтып,

акыл токтото жүрбөсө, орустардан беделинин түшөрүн катуу эскерткен.

Калыгул эр жеткен кезинен эле тамсилчи, маселчи акын катары таанылат. Башка акындардай аш-тойлордо акындар менен жаакташып айтышпаптыр, эл алдында комуз менен коштоп, үн салып ырдабастан, макалдатып акыл-насаат катарында ой учугун чубап, жорго сөз түрүндө куюлуштуруп, чечендик өнөргө салчу. Же терип терме ырына түшүп, өзгөчө ыргакта сабап айтып, аягын алыстан чыгарчу.

Мейли, масел сөзү болобу, мейли, термеси болобу берер оюна сөздөрү төп түшүп, уйкаштыгы куп келип, ой-түюму бийик, маани-маңызы терең болуп угармандарды маашырлантчу. Кээде-кээде өзүнчө күңгүрөнүп оң, сол ийнине карап, «Ушундай эмеспи» деп, бирөө менен кеңешкенсип койчу экен. Ушундан улам жана алдын ала билген көрөгөч даанышмандыктары төп чыгып, « Калыгул олуя», «аяр», «көзү ачык» атыгып, карапайым карыптар этегине топук кылганга чейин барышса, тектүү төбөлдөр касиеттүү санап сестенишкен, сыйлашкан.

Кыскасы, жалпы журтка кадыр-баркы артыкча болгон. Ошон үчүн ким болсун, Калыгул кайда болбосун «Олуя эмне дээр экен» деп жыйынтык сөздү күтүшүп, оозун тиктешкен.

Калыгулдун даңкын өзгөчө жумурай-журтка олуя акын катары таанытқан. «Акыр заман» масел санаты болгон. «Акыр заманда» орустар келерден көп мурун эле алар келгенде боло турган өзгөрүүнү, болмушту зирек акыл менен болжоп айткансыганы менен, ошол айткандары XIX–XX кылымдагы кыргыз элинин башынан өткөргөн тарыхый коомдук жана турмуштук тагдыры менен дал келгени таңдандырып жатпайбы.

Акыр замандын болушун айтуу менен элдин жүрөгүнүн үшүн алуу үчүн эмес, элди сактанууга, ошого даяр болууга карата айтылган. Бирок сактанып, андан сыртта калууга арга жоктугуна өкүнүп, күйгүлтүккө түшүп билдирген.

Бул замандын тартымын,
Мурункунун артымын,

Ичимдеги дартымын,
Кайсы бирин теремин.
Билгенимче калайык
Минтип айтып беремин.
Өңү сары, көзү көк
Орус келер.
Узун чөптүн баарысын
Оруп келер.
Кыска чөптүн баарысын
Коруп келер.
Тоо токол болор.
Токол байбиче болор
Уй пул болор.
Кул бий болор
Тегиз жерден
Тегирмен чыгар.
Тексиз жерден
Бий чыгар.
Кызыл-кызыл кыялар
Кыргый талга уялар.
Такыясын колго алып,
Кыз жигитти кубалар.
Кызыл чака тыйын чыгар,
Атасынан баласы кыйын чыгар.
Чолок этек чапан чыгар,
Атасынан баласы тапан чыгар.
Эри менен тартышса,
Элде эркек көп деп катын чыгар, –

деп акын орустардын келишин «акыр заман» деп жаркын дүйнөнүн бүтүшү катары карап, ага карата айтар оюн ички дартындай, көңүл күйүтү эсебинде санагандыгын билдирген. Калыгул акын биринчиден, табияттын эркин кушундай көчмөн элдин чектелүү заманга түшүүсүн, эркинен ажырап, эч нерсеге ээ болбой бийлик күчүнө баш ийип, зордук-зомбулугунан жалтайлап каларлыгына өкүнгөн. Экинчиден, баштатан келаткан каада-салт бузулуп, нарк-насилден ажы-

рап, акыл-эске бүлүк түшүп, жашоо шартты өзгөртөрүнө, ал түгүл табият бөксөрүп бүлүнөрүнө кейип эскерткен.

Калыгул Бай уулу санат, термелерин элдик салттуу ырлардын бийик үлгүсүндө жаратып, таалим-тарбиялык мааниси зор болгон. Ошон үчүн ырларынын көп саптары эл арасына тарап, насаат-накыл кеп катарында жатталып кеткен.

Аскар, аскар, аскар тоо
Аягы барып чап болот.
Атадан алтоо болсо да,
Сыйлашпаса жат болот, –

деп туугандык ынтымакка байланыштуу айтылган.

Эл жакалай конбосо,
Бетегелүү бел карып.
Каз-өрдөгү болбосо,
Айдың чалкар көл карып.
Улук адил болбосо,
Убара тартып, эл карып.
Ырыс алды-ынтымак.
Ынтымагың жок болсо,
Алдыңдан таяр алтын так.
Ыкыбал сүйсөң бул жайдан,
Ынтымак тиле кудайдан.
Кудай берсе ынтымак,
Куусаң да кетпейт-ырыс, бак.

Кандай таамай айтылган салыштыруулар, ой туюмдар! Ырасында эле, улуктун адилдиги, эл ичиндеги ынтымак, биримдик мамлекеттүүлүктүн өбөлгөсү эмеспи. Бизде улуктун өзүмчүлдүгүнөн, ыймансыздыгынан 20 жылдан ашык убаракерчиликте өнүкпөй келатабыз го.

Акын ынтымак улуттун тагдыры менен тыгыз байланыштуу экенин туйгузган. Ынтымакта да улук калыс, көрөгөч көсөм болушу керек. Ошондо элди тегерегине баш коштуруп, бир жакадан баш, бир колдон жең чыгара алат деген ойду каңкуулап турат.

Катынды мээнет чырмаса,
Каяша айтат эрине.
Жардыны мээнет чырмаса,
Аштыгы чыкпайт жерине.
Жакшыны мээнет чырмаса,
Жакыны менен кас болот.
Баланы мээнет чырмаса,
Сарыкарт чыгып таз болот.
Атты мээнет чырмаса,
Аягынан басынат.
Төөнү мээнет чырмаса,
Котур болуп кашынат.
Байды мээнет чырмаса,
Ашканага жашынат, –

дегендер мээнетке «чырмалгандарга», «чырмалчуларга» келтирилген мисалдар табигый да, турмуштук да чындыктын өзү! Мында мээнетке катылбай, сактанып калууга үндөгөн кыйытып айтылган ой-максат жатат.

Атың качаган болгон соң,
Аштан-тойдон калган соң,
Күлүктүгү не пайда?!
Алганың сулуу болгон соң,
Аркырап беттен алган соң,
Сулуулугу не пайда?!
Ага тууган кимде жок
Сыйлашпаса жатча жок.
Бедери жок торкодон
Бек токуган бөз жакшы.
Медери жок туугандан
Бек сүйлөшкөн жат жакшы.
Алтындуу ээр атка бап
Атка тынчы болбосо,
Алтынын алып отко жак.
Акылдуу тууган болбосо,
Акырын айтып жатка жак.

Баракелде! Эмне деген ой туюмдары да, ага бап келген эмне деген сөз берметтери?! «Акылдуу баштан асыл ой жаралат» деген ушул тура. Мунун баарысы: турмуш кортундусунан, турмуш тажрыйбасынан жыйынтыкталган акылмандык ой толгоо эмеспи! Мына ушундай керемет, таамай ой табылгаларынын жараткандыктарына карата « кара жаак Калыгул» деп аталган тура. Ырасында эле, аштан-тойдон калтырган качаган күлүктүн, аркырап беттен алган сулуунун эмне пайдасы бар да, атка тынчы жок алтындуу ээрдин алтынын алып отко жакпаганда кереги кайсы? Жыйы катышып, сыйлашпаса, жакшылыгы жок тууганга айланары бышык. Андай туугандан «бек сүйлөшкөн жат жакшы» экендиги да анык. Кыргыздын тууганчылык байланышы, туугандашуусубашка элдерден айырмаланган артыкчылыгы. Кыргызда тууганды эч убакта кепке, капсалаңга калтырбайт, жапатырмак бири-бирин колдоого алып турат. Акын ошо тууганчылык, үй-бүлөлүк ынтымакты, сыйды сактоого басым жасаганы байкалат.

Жакшы чыккан азамат
Элин билет.
Элин билген ал адам
Билим билет.
Окуп, карап, ойлонуп
Илим билет.
Эчен түрдүү адамдын
Тилин билет.
Андай адам табылбайт
Кайда болот.
Ошол чыкса дүйнөгө
Пайда болот.
Тийип турган асманда
Күндөй болот.
Макулуктун баарына
Бирдей болот, –

деп өмүрдү эмнеге пайдалануу керектигин, жашоонун мазмуну кандай болууга тийиштигин ачык-айкын көрсөткөн.

Башкача айтканда: илим-билим алып акыл арттырып, адамдарга күндөй чачырап аркасы тийген азамат атуулдардан болуш керек деген идея берген.

Анан ушундай кайталангыс таланттын Совет доорунда элге өнөрү тартууланбай жалаага калып, караланып кара сандыкка катылып келгенин кантели! Ариет, эгемендүү заманыбыздан бери Калыгул Бай уулунун кадыр-баркы өз ордуна коюлуп, чыгармалары жыйнак болуп чыгып, элге тарап, билим берүү тармактарында ардакталып окулуп өмүр сүрүүдө. Көөнөрбөс чыгарма катары дагы урпактардан урпактарга өтүп, сүймөнчүлүгүн жазбай жашай берет демекчибиз.

Үйрөтүү жана багыт берүү максатында
2012-ж.

«ЖАМИЙЛАМ, МЕНИН ЖАМИЙЛАМ»
(Ч.Айтматовдун «Жамийла» повестиндеги Жамийла менен Данияр образы)

«Жамийла» повести – авторго биринчи болуп дүйнөлүк аброй алып келген чыгармасы. Чыгарма алгач жарык көргөндө окурмандарды ишентпей шектенткен, жээритип жектеткен, таң калтырып толкундаткан жана кубаттап кубандырган – ар түрдүү пикирлерди жараткан Жамийланын сүйүүсү болду.

Жамийла жылкычынын жалгыз эркекче өскөн эркe кызы болуп, «атасы менен ой кырда жылкы айдашып, ат чапкылап жүрүп» махабат сезимге тушукпасы да мүмкүн. Алган жары Садык болсо кыз куумайдан Жамийлага жетпей калып, намыстанып ала качып алган болсо, бирге жашаганына 3–4 ай болуп эле согушка кетсе, ал экөөндө жылуу ымала болсо болгондур, ысык мамилеге жетишпесе керек. Андан калса Жамийла адамдын адамдык сапатына, мамилесине кылдат караган, өзүн бек карманган эрктүү аял-затынан экен. Чөп чабыкта Садыктарга тууган сөрөй Осмон согуштун кырдаалынан улам бой көтөрүп аялдарга дөгүрсүгөндөрдүн бири болуп, ырсалактап тийише бергенинен:

– Турчу нары! Аңгиликтен башка колуңардан эмне келет дейсиң? – деп жекире карап, басып кете бербедиби. Жамийла адамдын адамын гана тең ата тутат тура.

Жамийла көптү көргөн кыраакы кайненесине жакчу. Ал Жамийлага көңүлү толуп, келечегине үмүттүү карап, өзүнүн орун басары катары көрчү. Жамийланын бар мүнөзү сыртында ачык-айрым, шайыр-шагдан жүргөн, эч кимге жемин жедирбеген, тилинен да келген, ар иш колунан да келген келин болчу.

Жамийла Данияpды сыртынан көрүп жүргөн бейтааныш таныш адам катары эле билчү. Согуштун айынан эле аял башы менен араба айдап станцияга эгин ташыганга чегерилип Данияр менен чогуу иштеп, чогуу жүрүп калды. Алгач Данияpды «караанын эркек катары эле» баалап, танасары-

на албаган адам катары мамиле кылат. Жамийла Данияр-дын унчукпас, уялчаак мүнөздөрүнө тамаша үчүн үстөмдүк кыла, какшыктап күлө сүйлөп, кээде жанында жүрсө да, карап же сүйлөп да койбойт. Жолдо келе жатышып Сейитти үндөп, арабаны катуу айдап, Данияргa атайылап чаң каптатып өтсө да, алма менен уруп шоктонушса да, элес алып эч бирине сөз кайырчу эмес. Шок баланын жасаган оюнундай саначу. Анысына Сейит жаны ачып: – Жоош немени ушунте бергениң кандай, жеңе? – десе. – Ай, койчу, ушуну! – деп кол шилтеп күлчү. – Бекер жүргөндөн көрө тамаша да! Аны эмне кудай алмак беле ошондон!..– деп, «бекер жүргөндөн көрө тамаша», эрмек иретинде көңүл көтөрүү үчүн жасаган оюн деп саначу Жамийла. Бирок бул кылык-жоруктары тамаша иретинде болгону менен, тамаша барып чынга айланат болуп Данияргa өзү тийиштик кылып, жакындашууга тартып жатканы менен иши жоктой. Жоош болсо эле, жооштун жонуна чыгып алыш керек бекен? Данияр алгачкы мезгилдерде көзүнүн кыйыгынан карап келсе, бара-бара байкатпастан кадала, кызыга карап кайдыгер эместиги сезиле баштады. Бул ууру көздөрдү байкаган кайниси Сейит: – Тигини, ушунун да Жамийлада ою бар болсо керек, анан башкаларга сөз барбы! Ой тобо! деп таңданчу, кайниси катары кызганып кыжырланчу.

Бир жолу баягы тамашанын бири катары станцияга арабага каптарды жүктөп жатып, жети пуддук, бир карала кыргыз капты Сейит экөө Данияpдын арабасына салып, үстүнө башка каптарды бастырып кантер экен деп коюшат. «Кантер экен» деп тамаша үчүн жасашкан жоругу кийин Данияргa азап, башкаларга күйгүлтүк алып келди. Көрсө, тиги экөө капты өжөрлөнүп траптан өзү көтөрүп төгөт деп ойлогон эмес экен. Көтөрө албай күйпөлөктөгөнүн күлкүгө алалы дегени эле. Андан калса, Данияpдын бутунун аксагы эстерине келбептир. Ошондон кийин аксагы оорлоп калат. Кара саноосуз олдоксон жасаган тамашаларына экөө абдан уяттуу болушуп, бетин кара албай калышты. Ушундан ки-

йин Данияpдын ызасы, таарынганы тарап-тарабаганы Данияpдын башынан түнттүгүнөн, унчукпаганынан билинбейт. Экөө уятынан батына албай жолду карата ооз ачып сүйлөшпөй, ар кимиси өз ою менен алек болуп келишет.

Эртеси каш карайганда жолго чыгышып, дагы баягыдай үн-сөз жок келатышты. Бир гана жылдыздуу август түнү жадырап, жанга жагымдуу келип, көңүлдү көтөргөнүнөнбү унчукпай келаткан жандардын сезимин ойготту окшобойбу. Ортодогу таарынычты жазышка түртkү керек эле. Ошондой түртkүгө Жамийла өзү түштү, өзү баштады. Алгач кыңылдап, барып-барып созолонтуп ырдоо менен чыкты. Ошентип, Данияргa жакындап аны кепке келтирүүгө, дегеле ымалага тартып, өткөн таарынычын жазып, кетирген күнөөсүнөн арылууга ынтызарланды. Акырында анысына Данияpдан эч туюм, сезим байкалбаганынан чыдамы кетип: – Ой, сустайган неме, ырдап койсоң болбойбу? Жигитсиңби өзүң, же өлүксүңбү? – деп ачыкка чыгып, намысына тийе арына келтирерликтей бир чети тамашага чалып, бир чети зекип айтты. Ошондо да оңдуу жооп болбогонуна ырдабасаң мен ырдайм дегенсип, эрегишип ырын улантты. Сейит: «Ырдай турган кишини тапкан экенсиң!» – деп күлүп койду. Жамиля кантсе да унчукпас Данияpдан үн чыгарып сөзгө келтирүү аракетинде тажабай мурункусунан өткөрө: – Ай, Данияр, деги сен бирөөнү сүйдүң беле? – деп күлкү коштоп тийишүүсүн жаңылады. Данияр мунусуна да үндөбөдү.

Бир кезде кечмеликтен өтүп аттарды желдире айдап, күтүлбөгөн жерден

Ой, Ала-Тоо, Ала-Тоо,
Ата-бабам өскөн жер, –

деп ырдап баштайт. Атайын үнүн жасап албагандыктанбы, үнү чыкпай калып уялып, бир азга унчукпай калат. Бирок тиги экөөнө түзүк эле жаккан. – Оо, кайран неме, башта кайда жүрдүң эле? Ырда эми, жөндөп ырда! – деп кубанып кубаттап жиберет Жамийла. Анан Данияр капчыгай ичин жаңыртып, улам күч алып керемет обонуна, үнү келишип безеленип ырдап таңыркатат. Бул мурда укпаган башкача

үн, обондой угулду. «Данияр ушундай экен да? Капырай, анын мындайы кимдин оюнда бар эле?» дедиртип таң калтырат. Бир кезде ырынын аягын чорт токтотуп, Данияр адатынча аттарга ала-сала камчы салып жөнөп кетет. Жамиля нес болуп, кыялга батып кала берет.

Жамийла ушундан баштап, Даниярдын ырынан кийин ойлуу болуп сезимине бүлүк түшүп, Данияр көптүн бири же эл айткандай «мусапыр», «бечара» эмес, мекен жөнүндө зор сүйүүнү сактап жүргөн чоң жүрөктүү, терең сырлуу адам экенине көзү жетип, баалап калат.

Дагы бир жолку станциядан кайтып келатканда айлана тынч жылдыздуу түндө Даниярдын обону созолонуп Жамийла мурунку күндөрдөгүдөй ыракаттанып угуп, арабадан түшүп, Даниярдын арабасынын кырын карманып басып келе берип, бир убакытта Даниярдын жанына олтуруп калат. Данияр анын олтурганын байкаган жок. Ырын токтотпой ырдай берет. Аздан кийин аркасына колун арта бой салып, башын ийинине жөлөгөндө, ырын токтотуп барып улап кетет. Болгондо да, андагы ыры Жамийлага арналгандай болуп жатты. Ошондо экөө зор бакытка бөлөнгөн арзышкан эки ашык эле. Сейит артта кыналышкан экөөнү карап: «Мен булардын сүрөтүн тартам!» – деп, көзүнө сүйкүмдүү көрүнүп сүйүнүп кетет. Бир кезде Даниярдын созолонгон ыры токтоп калганынан караса, Жамийла Даниярды бек кучактап, жүрөгүнө кысып алганын көрөт. Бирок ошол замат арабадан секирип түшүп сендиректеп туруп Даниярга карап: – Эмне карайсың? Эмнең бар менде? Караба мени, айда арабаңды, кет! – деп артка арабасын көздөй басат. Дал болуп турган Сейитке: – Сага эмне жок эле! Түш арабаңа! Кудайдын азабына калган экем да силер менен! – деп кабатташтырып жемеге алат. Ушул учурда Жамийла ичи уйгу-туйгу болуп кыйналып, эмне кыларын билбеген кыжалаттыкта эле. Ырас, Жамийлада эки карама-каршылыктуу кыжалаттык башында турган. Бири – никелүү күйөөсү Садык, мекенин коргоп согушта. Көңүл калды андан эчтекеси жок, элден-журттан ыйбагат. Экинчиси – жаңы тапкан көз

жарган махабаты Данияр. Мунун көңүлүн кыйышка да барбайт. Кадыр-көңүл, аруу сезим өтүшүп калышты.

Станцияга кийинки келишинде Садык менен госпиталда бирге жаткан Керим деген Жамийланын жердеш тууганы жолугуп, Садыктан Жамийлага жаздырып алган катын берип, жакында 1–2 айда келерин кабарлайт. Ошол учурда Данияр арабанын жанында карап турганын Жамийла көзүнүн кыйыгы менен карап коёт. Данияр арабасын катуу айдап, чаңын уюлгутуп короодон атып чыгат. «Ой, буга жин тийдиби? Сообу?» – деп кыйкырышып калышат. Ошондон кийин Сейитке: «Ай эми кетет го бир жакка, калбайт айылда» – деген ой келет. Бирок эки ашыктын акыйкаттыгы андай болбой чыкты.

Жамийла тиги экөөнөн станциядан кеч келип, Даниярдын баш жагына олтуруп: – Данияр, мына, мен өзүм келдим, – деп шыбырайт. Сен таарындыңбы? Катуу таарындыңбы, ыя? – деп келип, – Бирок мен айыптуу белем?.. Сенде да айып жок... деп кошумчалады да, саманга сунала жанына жатып кучактады. Мына, Жамийланын эрдиги! Өзү айтмакчы Даниярга өзү келди. Ырасында эле, Жамийла Данияр менен жаңы тааныш аралашкандан бери эле алгачкылары тамаша иретинде болсо да, тамашаны өзү баштап, унчукпас, түнт Даниярды ар кандай тийиштик кылык-жоруктар менен да, арына келтирер ачуу сөз менен да тийишип келбеди беле. Бирок Данияр ошончо тийиштиктин бирине да ызаланып айтышчу эмес, сөз угуп арданып, чырга да барчу эмес. Жамийланын кекээр, куйкум кептерине Даниярдын унчукпай кутулушу басынгандыктан, сүрдөгөндүктөн эмес, арзыган адамынын сезимин сыйлагандык, эрөөн албагандык, тескерисинче, эреркеп аткандай кабылдашы окшобойбу. Чынында, Данияр Жамийланын бар турпатын, бар кылыгын ичинен жакшы көрүп сүйчү. Качан Даниярдын ырынан кийин анын адамдык артык сапатын, ички бай дүйнөсүн баалап байкагандан баштап ишеними артканда «өзүм келдим» деп, Даниярга: – Чын эле, күмөн санадыңбы, кантип эле сени бирөөгө алмаштырайын!.. Кереги эмес түштөн кийин-

ки сүйүүсү, өзүнө буюрсун. Мейли, ким эмне десе да, мен сеникимин! – деп акыркы чечимди, акыйкат бүтүмүн билдирет. «Күмөн санадыңбы?» дегени жакшы эле аруу сезимге жетишкидей болбодукпу. Садык жакында келет дегенди укту, жазган катын алды, эми менде эмне жок деп таарынып арабаны катуу айдап кеткенин айтууда. Ошондой эле «Кантип эле бирөөгө алмаштырайын?» – деп, «бирөө» деген сөзүндө Садыктын өзү да бар экенин, сени сен күмөн санаган Садыкка да алмашпайм дегени. Ырасында, Садыктан чеке жылырлык сезим өткөн деле эмес. Садык согуштан жазган каттарында Жамийланы аягында эскерчү. Жамийлага үйлөнгөнүндө сүйүшпөй эле ала качып алган. Ошон үчүн «Керек эмес, түштөн кийинки сүйүүсү, өзүнө буюрсун!». Баягы эле Садык эмеспи, эми эле оңолуп калыптырбы дегени.

Данияр туурасында ар ким, ар кайсысы аны «мусапыр», «тентиген бечара», «үйү жок, жайы жок», «Садыктан артыкты кайдан табат» дешип, кеткенден кийин кеп кылышат эмеспи. Данияр эл баасында, эл түшүнүгүндө ушундай. Бирок эл ойлогондой эмес, экөө – өз бактысын тапкан, тилегине жетчү келечектүү жубайдан болушунан күмөн санатпай тургандар. Ал экөөнүн адамдык сапаттарын баалаган, бирге жүрүп баарысына күбө болгон, бир кезде кайнилик кылып жеңем деп коруган, кийин экөөнүн бактылуу сүйүү учурларын көрүп, келечектеринен күмөн санабаган, бактылуу болушуна ак жол каалаган бир гана Сейит эле.

Данияр бирге жүрүп, бирге иштешкен Жамийла менен Сейитче эч ким билбейт. Ырас, Данияр сырткы тозгон көрүнүшү: үстүнөн түшпөгөн эски солдат шинели, гимнастеркасы, кончу колоктогон өтүгү байкуш санатып, ого бетер кейпин кетирип комсоо көрсөтчүдүр. Бул – согуштук кыйын шартка байланыштуу кедейлик кемтик эмес демекчи жетишпестиктен болгон жупунулук. Ошондой эле Данияр дын турум-турпатына «келишип», адам менен чечилип сүйлөшпөгөн түнт, өз алдынча жүрө берген жугумсуздугу момун көрсөтүп, мусапыр санатып, ыракым келтирчү го? Бирок сыртынан ошондой көрүнгөнү менен баскан-турганы

шайдоот, ар ишке ыктуу, камбыл, шарты келгенде адамга жакшылык арттырар эр азаматтардан. Эл баамдагандай Данияр эрте жашынан турмуштун оор запкысын тартып, өйдө-ылдыйды башынан өткөрүп (жетим калып, жер кезип ж.б.) байыр алып баарлашар, жөлөк, бел тутар жакыны болбой, жетим өз киндигин өзү кесет болуп күн көрүп, унчукпас түнт тартып калгандай. Бирок түнт көрүнүшү ашкере түнттүгү эмес эле, токтоолук, оор басырыктуулук окшобойбу. Ал экөөнүн миң алакеттен өткөргөн тамаша, шакабаларын жаш балдардын ойнок шоктугундай көрүп танасарына албай, тең ата кылып теңелбей, айтышып-урушуп баркын кетирбей, өзүн салабат кармап келбедиби. Данияр дын укку-луктуу обону менен керемет үндүн жуурулушунан чыккан терең маанилүү өнөр өктөмү экөөнү таңдандырбадыбы, таазим кылышпадыбы.

Ырасында эле, Жамийла өзүнүн чыныгы ашыктык арзуусун Данияр дан тапты, аруу махабатын Данияр га арнады. Бул ары ойлонуп, көп толгонуп чечкен айныгыс чечими, артка кайткыс бүтүмү эле. Баары Жамийланын өз эркинен, чын ниетинен жаралганында. Ошон үчүн экөө айныгыс ишеним менен кол кармашып, турмуштун даңгыр жолуна түшүп, сапар тартышты. Биз да сапарыңар байсалдуу болсун деп ак жол кааламакчыбыз.

Үйрөтүү жана багыт берүү максатында.
2012-жыл

ЖОГОЛГОН БАКЫТ «ЖОМОГУ»

(Ч. Айтматовдун Делбирим повести боюнча)

Дөөлөт тоголок,
мээнет жалпак.

Эл макалы

«Делбирим» повести – автордун 1963-жылы Лениндик сыйлыктын лауреаттыгына татыктуу болгон «Тоо жана талаа повесттери» жыйнагындагы чыгармаларынын бири. Бул чыгарма театр сахналарында көрүнүп, кино тасмаларына түшүп, жеке ырчылардын аткаруусунда ырдалып, мектеп адабият сабагында окулуп келет.

Баш каарман Илияс ыкыбалдуу экен сүйүү бактысына ойдо жок жерден кездешип, жылдыздары туш келип, жактырып калгансыды. Андан калса, ушул учурда ата-энеси салт боюнча сөөк жаңыртуу кудалашууга кызынын макулдугусуз, башта бир көрүп билбеген адамга беришкени жатканына Асел нааразы абалында Илияска жолугушуп жатпайбы. Илиястын да ал кезде ылайыктуу жар табылса, үйлөнсөм деп бой жүргөн кез эле. Күйөө болчу бейтаанышка караганда Асел Илияс менен 4–5 жолу кездешип, сырдашып көңүл табышып калышты. Келечек бактысынан эч шек санашпай, эки бакыр, бир токур болуп жашашка бел байлашты, баш кошушту. Чынында Илияс Аселди ата-энесине жүз карагыс кылып, кудаларына сыныk кылып, сүйүү ишенимине ээ болуп алып кеткенден кийин эки эсе жоопкерчиликти ойлонсо болмок. Ал үчүн Аселди кадырлап сыйлап, өзүнөн күнөө кетирбей, ортого бирөөнү илештирбей, өмүрлүк турмушун таза сактоого астейдил болушу керек эле. Асел мындай сый мамилеге татыктуу, кирдүү кол менен кармагыс, айыпсыз жар эле: тил-оозу жок, жумшак мүнөз, назик кыял болчу. Илияс өзү: «Ынтымакта катуу турдук, бири-бирибизди эт жүрөгүбүздөн эзилишип жакшы көрөбүз»; деп эскергенинче бар. Айрыкча Илиястын рейстен үйүнө кайрылуусун ар дайым элеп-желеп болуп күтүп, келгенде эт-бетинен кетип

турчу. Бир жолу Илияс суукка урунуп, ооруп келгенде, өзү ооругандай кабатырлана берип, жапакечтигинен аз күндүн ичинде эле өңүнөн азып кетет.

Ошентип, бир жакшы жашап келатышып кесепеттүү прицепти чиркеп Долондун белинен жүк ташып чыгып түшөм деген Илиястын өжөр, эрдемсинүүсүнөн чаташтык башталды. Бул окуянын айынан жеке турмушуна бүлүк түштү. Көрсө, Долондун белин жүктүү машина прицепти оор жүгү менен ашып өтүү тарыхта болгону белгисиз экен. Башта бир жолу Илияс күтүүсүздөн Долондун белинен өзү толук жүгү менен бузулган жүктүү машинаны чиркеп өттүм эле деп, аны көөнө далил көрүп, көпчүлүккө таануулоого болобу? Анысы бир нече тажрыйбанын жыйындысынан тастыкталган чындык болуп бербейт да. Аны айтканына көпчүлүк ишене бербей коюшканда эле тим болсо болмок. Тескерисинче, өжөрлөнүп далилдемек болуп, Кадичага жол кагазын даярдатып, прицепти уурдап чыгып, ага да жүктөп жол тартып, Долондун белинен өтө албай, аварияга учурап, бирге иштегендерине уят болот. Ырас, болор иш болду, өзү айткандай «Пайдалуу иштин өтөөсүнө чыгайын» – деген эле ою болчу. Бирок өтөөсүнө чыга албады, жеңилди. Андайда жеңиле да билиш керек эмеспи, кекирейүүнүн, кур намыстын пайдасы бар беле?.. Ашууга прицепти авария кылып келгенин укканда: «Автобазага кайтып бар! Баарын айткын» – деп Асел туура кеңеш берген. Көнбөй тескерилегенде, «Бок жүрөк экенсиң!» деп арына келтире да айткан. Айтканына көнбөй, кетирген өксүк өкүнүчүн эсинен чыгара албай, «Жаман ката кетирсе, жан жолдошун жемелейт, жакшы ката кетирсе, өзүн өзү жемелейт болуп», кечирим сураганды намыс көрүп, «Бутуна жыгылып жалынамбы? Жо-жок! Эмне кылышса, ошол кылышсын. Урганым жок!» – деп атпайбы Аселге. Автобазага барып көпчүлүктүн алдынан өтүп, жеңилгенин мойнуна алып, керек болсо, салбырап-салынып, кечирим сурап койсо болмок. Кечирбей турган эмнеси бар, «Алдыңа келсе, атанын кунун кеч» болуп кечирилмек, унутулмак.

Илияс кийин автобазага келип да кетирген катасы үчүн уятын эсине албай, тескерисинче, док кылып, чакырткан начальнигине кирбей, жакын саналаш Алыбек менен да жакшы сөзгө келбей – баарын жектеп, кесиптештеринен четтеп калды. Баш паанаңы эски көз, аяшпас, сырдашы Кадичадан тапты, күчүн арактан чыгарууга өттү. Бул экөө тең ишине, турмушуна жакшылык алып келбесин, кедерги болорун акыл тегеретип ойлободу. Андан калса, ишинде трассадан алынып, жергиликтүү рейске чектелип, жатаканада жатып иштеп калганы Кадичасы менен кайрадан байланышуусуна түрткү болгонсуп да калды окшойт. Кадича үчүн мындай жагдайлар жага бербей калбадыбы. Адамгерчиликке келгенде, Кадича жаңы баш кошкон эки жардын турмушуна залалым тийбесин деш керек эле.

Макул, Кадича го өз кызыкчылыгын самаган болсун, а Илияска эмне болду?? Илияс Кадича менен бой кезде болгон көңүлүн унутуп, «эми үй-бүлөм, балам бар» деп ортону чийип, ойдон чыгарып, жолугушудан качып туруш керек эле да. Кадичага үйлөнөм деген ою, берген убадасы болбогондон кийин, түшүндүрө айтып, түңүлдүрүүгө жетишсе болот эле. Түңүлдүрмөк түгүл Кадичанын үйүнөн жылуу түнөк, жагымдуу паанек таап алгандай ийрилип чыкпай, өз үйүнө кайрылып барганда кеткенге шашып, качып калбадыбы. Аселден ушунча алыстап качкыдай, көңүлү калгыдай кайсы өткөргөн жамандыгын көрдү эле? Илияс көпкө көрүнбөй жүрүп келген сайын эч арам санабай, кайра ишинде өткөндөгү кемчилигинен уяттуу болуп, ыза тартып жүрөт деп аяп, үстүнө үйрүлө түшүп, «Запкысын силкип таштап, баштагыдай болот деп», ишенип жүрдү го. Акыркы келгенинде Саматтын басканы калганын сүйүнчүлөп, ошол жакшылык менен ийитейин деп, жакшы эле желпилдеп жазакерленди. Анда да, бир аз убакыт болуп, – Мен жөнөдүм, – дегенинде, – Кайда барасың? – деп чочуп, Бүгүн да үйгө түнөбөйсүңбү? Жок дегенде чай ичсең боло? – дедиртип, жалдыратып таштап кете берет. Жаш баладай, дили таза, алпейим Аселдин алдында Кадича менен чыгышып ал-

ган жүзү каралык күнөөсүнө бети чыдабай калган окшобойбу: «Мен айтаар сөзүмдү айтсам, азыр айтышым керек эле же токтобостон кетишим керек эле. Кантип айтам? Андан көрө кеткен жакшы» – деп үйүнөн чыгып, жолго түнөгөнү ошондон тура. «Айтышым керек эле» – деп, эмнени айтып жатат десе, Кадича менен табышып алганын айтып, ачыкка чыгып, кечирим сурап, алдынан өткүсү бар го. Мурун да бир жолу келгенинде да, айтам деп оозу батпай, өтүмү жетпей кеткен. Кайсы бети менен айтып, ачыкка чыгып, Аселден кайрымдуулукту күткүсү бар? Өзү билип кылган ашкере күнөөсүнөн кантип акчылана алат? «Бул жаманыңды билип алдым, кырманыңа кирип алдым», – деген жүзү каралык эмеспи? Андайга барат деп эч күтпөгөн адамынын өзүнөн жамандыкты укканда, шыргалаң сууну төбөсүнөн ылдый куйгандай болорун ойлобойбу? Башкасын коёлу...

Акыры Кадича менен болгон байланышты өзү угуп, чындыктын акыйкатына жетиш үчүн атайын Илиястын автобазасына келип, Кадичанын өзүнөн сурап аныктап, көңүлү сууп, үмүтү өчүп, кала берет эмеспи. Аселди мынчалыкка жеткирген Илиястын өзү болду. Айрылышуусуна Аселдин кымындай да күнөөсү жок. Илияска аруу сезим, камкор мамиледен башка кайсы жамандыгы болду эле? Илияс акыркы келгенинде: «Акыры, бир күнү келет деп, ал мага ишенип жүрдү. Андан көрө урушуп, мени зордоп токтотуп калса го, атаганат»,– деп Аселдин «урушуп, зордоп токтотуп калышын» күткөнү кызык экен. Андай мүнөз, жорук Аселге жат көрүнүш. Же ал учурда эчтекенин дайынын билбесе.

Болор иш болгондон кийин Асел өзүнүн тагдыр жазмышына арман өктөөсү жок болуп калгансыды. Арзып келген сүйүүнү, сүйгөнүн көрдү. Сүйгөнү эмне кылды?.. Асел эми жай турмуш бактысын тапты. Байтемир экөөнүн ортосунда эзилишкен сүйүү болбосо да, сый-урмат, адамдык кадыр-көңүл менен бир жакшы жашоо болот. Бул дагы бакыттын бир түрү.

Негизи, Илияс алды-артын ойлонуп, акыл калчап, бүтүм чыгарып, андан ары кадамдай билбеген жигит тура.

Ишиндеги «прицеп» боюнча окуясы, Аселге кылган мамилеси, Кадича менен деле ойлонуп жасалбаган жоругунан болбодубу. Айтмакчы, Кадича менен деле жашап көрбөдүбү, турмуш болбоду го. Көрсө, Алыбек жан досу: «Илияс, сен алабармансың» дегениндей бар тура.

Илияс прицепти кулатып үйүнө келгенде, Асел туура кеңеш берген. Ошондо кур намысты коюп, өзүң кылган иш, өз башыңа муш демекчи иш болуп өткөндөн кийин, өзү айтмакчы «Ит болдум, куш болдум, ушул ишке туш болдум, кечирип койгула» – деп эле барса, эч балакет жок болчу. Бул кылганың өзүңө сабак болсун дешип, бирге иштешкендери кыйбайт болчу, кечирмек. Андан кийин деле Алыбек досу Илияска айыбын түшүндүрүп, жакын санап урушуп айтып да көрдү. Болбоду. Айрыкча кийинки жолу: «Даярдан, Илияс! Мага өнөк болосуң, прицеп сүйрөп чыгып сынап көрөбүз», – деп жакшылыкты сүйүнчүлөп жетине албай, имере тартып жатса, «Прицеп экөөңдү тең урдум!» – деп терс бурулуп кетет. Ошондо Алыбектин тилин алып, өнөктөшүп иштесе, анын көз алдында болуп ыйбагып, Кадича менен тескери жолго түшмөк эмес. Асел менен турмушу сакталмак, иши жолго коюлуп, өкүнүчтүү ызасы да тез унутулмак.

Кыргызда жакшы кеп бар: «Тирүү жандан түңүлбө», – деген. Тирүүлүктө оокат өтөт. Илияс Памирге кетип баратып: – Барып Алыбекти табам. Жаңы турмуш баштабасам болбойт! Мени куураган адам экен деп ойлобоңуз! – деп кыялданат го. Илияс ооздон түшкөн жашык, оңолбос жамандардан деле эмес. Ырас, өткөн өмүрүндө орду толгус жаңылыштык кетирди. Турмушта кагылып-согулуп, ачуу-таттуу сабак алды. Акылга салып жашаса, жакшы тагдырдын ээси болоруна шек жок, ишенсе болот. Ылайым ошондой болсун!

Үйрөтүү жана багыт берүү максатында.
2013-жыл

ТУРИЗМ – КИРЕШЕ БУЛАГЫ

Тагдыр жаратылышты кыргыз элине оң көз менен карап, буюрган экен. Кыргызстандын жаратылышындай кооз, жылдын төрт мезгили өз убагында алмашкан климаты жанга жагымдуу жер бардык эле элдин бактысына тартуулангган энчи эмес. Айрыкча, жараткан Ысык-Көлдү пешенебизге ырыс шериги кылып тартуулап бериптир. Байыртан кызыгын көрүп, тиричилик өткөргөн элибиз көлдү ырыскы жылоологон, кыдыр даарыган касиеттүү жер катары баалап, уламыш-аңыз кептерди жаратып, ыйык көрүп келгени белгилүү. Көлдүн касиети ден-соолукка шыпаа, өмүргө дабаа болсун деп көлгө түшүшкөн. Ал түгүл түшөр алдында көлдү булгабайын деп, сыртка даарат алып тазаланып, анан боюн ташташчу. Бейчеки түшүшчү эмес. Ошондон го ушу кезде да көл жээгинде отурукташкан, көлдү күндө көрүп келген жашап эле калгандардан көлгө бутун салбагандар кездешет дешет экен. Ырасында, кыргыз журтчулугу көлгө түшүп чыгып күнгө кактанып, күнгө күйүүнү билген эмес. Бул маани көл жээгинде пансионат, курорт-санаториялар түшкөндөн баштап белгилүү болгон. Бирок айылдык кыргыздар аргасыз оорунун айынан эле көл жээгиндеги курортторго келишпесе, атайын эс алып, ден соолугун чыңдаш үчүн чанда бирөөлөр эле барышкан, себеби жоопкерчиликтүү мамлекеттик баккан малын, дыйкан сугатын, үйүндөгү көр тирилигин таштап кете албай, эс алууга чолоосу да, чамасы да жетишпеген.

Башка кесиптегилер жайкысын отпуска алышып, эч нерседен капарсыз эс алып чардап жүрүшсө, малчылар жайлоодо отпуска оюна да келбей, «чабандын иши чатак иш» демекчи малынан карыш жылалбай жүргөн менен иши жок: «Жайлоо курорттон артык эмеспи», «Жайлоо турганда курорт эмне?» дешип мамиле кылган кереоз активдер чоңдор болушкан экен. Ошолордун айынан байкуш чабандар отпуска алуу, эс алуу шыбагасынан кала беришчү тура. Ушуга байланыштуу акын-жазуучу Н.Байтеми-

ров учурунда малчыларга жаны ачып «Малчынын курорту жайлообу?» деп, публицистикалык макала жазып, талкуу уюштурган эле.

Баарынан кызыгы ошончо колун байлаган түйшүктүү иштин акыбетинен алган малчынын айлыгы 120–150 сомдон ашкан эмес. Ал эми завод-фабрикада күнүнө 8 саат иштеп, жумасына 2 күн эс алган жумушчунун айлыгы эки-үч эсе көп болгон. Жашаганы шаар, бардык шарты бар этаждагы үй. Жумуш убактыңдан калганын кандай пайдаланам десең өз эркиң. Жылына отпуска алып, заводдун, фабриканын ээлик салган Ысык-Көлдөгү пансионаттарында эс алып, сууга түшүп, чапа-чап болушкандарын айтпа.

Совет доорунда Хрущев Москвадан келип, Ысык-Көлгө кызыгып, эс алуучу жабык зонага алып коймок болгон экен дейт-дейтке караганда. Пешенебиз бар экен ошол оюнан кийин тез эле иштен кетип, Көл толук жабык зона болуудан калыптыр. Болбосо ал жерде жашаган жергиликтүү эл көчүрмө болуп, Көлдү борборго бошотуп берип, борбордун эс алуу, көңүл ачуу жайына айланып кала бермек. Бирок кийин ансыз деле борбордун (Москванын) жергебизге түшүргөн согуштук маанидеги гигант заводдорунун (түздөн-түз борборго баш ийген) жумушчулары, кызматчылары, борбордогу чоңдору эс ала турган Ысык-Көлдүн жээгинен тандап орун алып, зор-зор пансионаттар салышып, тегерегин коргоо менен курчап, пропуска менен кийирип, менчиктелип кеткен эле. Силерден биз кембизби деп Өзбекстан, Казакстан да «Алтын кум», «Рахат» пансионаттарын түшүрүшкөн болчу. Түштүктө да Өзбекстандын дом отдых, пионер лагерлери бар эле, эмне болду экен?...

Эми ошо менчиктелип салынган чет элдик (азыр чет эл болуп калбадыбы) пансионаттар, пионер лагерлери эгемендүүлүккө ээ болгондон баштап бүт улутташтырылып, биздин балансыбызга өтүп, мамлекетибиздин кызыкчылыгына карата иштетилип өнүм берип, кирешеге айланыш керек эле. Кайсынысы кандай ишке ашты белгисиз. Өткөрүп койгону бар сыяктуу өзбектер менен казак туугандар мурдагы

ээлик жайларын баштагыдай эле өз кожоюндугунда пайдаланууда дейт, калппы-төгүнбү билбейбиз.

Биздин ээлик болгон алардын аймагында Ысык-Көлдөй жердеги пансионаттарды коёлу, кой кашары болсо да эбак эле «бошотуп, куйругуңарды түйүп кеткиле» демек. Калппы-чынбы, А.Акаев куда кезинде Н.Назарбаевге көлдөн тартуулап жер берген деген кеп бар. Президент болсо да элдин, мамлекеттин жерин жеке мамилеси үчүн бирөөгө өз көңүлүнөн чыгарып, өз ээлик кылып берүүгө кандай акысы болду экен?! Мунун чын-төгүнү кандай, белгисиз.

Туристтик базада пайдаланып келген турак жайлар, жаратылышы кооз жерлер стратегиялык обьект катары эсептелип, мамлекеттин менчигинде, балансында гана болуш керек. Угушубузга караганда Көл жээгиндеги түштүктөгү пансионат, дом отдых, пионер лагерлери жеке менчикке сатылып, бөлүштүрүлүп кеткен деген сөздөр айтылып келет. Мындай эч болбош керек. Сырттан болгон кардарларды коёлу, өзүбүздүн жарандарга да биротоло менчикке андай жайлар да, жер да сатылбаш керек. Сатылып кеткендерди эсебин алып, кайта кайрыш керек. Менчикке сатылды деген ал жер менен асманга алып чыгып кетти, жок деген менен барабар. Анын мамлекетке пайдасы жок, жеке кызыкчылыкка өтүп кетет. Акча деп, акчага эле сата берсек, бүт Көл аймагын, а түгүл Кыргызстанды бүт дүң сатып алууга акчасы жетер чоң кудуреттүү мамлекет четтен чыгат. Саткыла десе эле, келечекти, урпактарды ойлобой сата бериш керекпи? Эки миллиард доллардан ашык сырткы карызыбыз бар деп келебиз го. Ошо кайтарым карызыбыз үчүн туристтик базаларыбызды, жерлерибизди барымтага алууга кызыкдар болгондор чыгышы мүмкүн. Эч убакта андайларга көнбөшүбүз керек. Карыз өз орду менен. Мейли өзүбүздүн жарандар болобу, мейли сырттан болобу туристтик базага ылайык жер же мурдагы турак-жайларды мамлекеттик келишим менен узак мөөнөткө (20–30 жыл) туристтик максатта пайдаланууга биротоло сатпастан арендага гана берсек болот. Бирок келишимде ишке киришкенден баштап салык тө-

лөм так көрсөтүлүш керек. Келишим мөөнөт бүткөндө, аны узартып, же мамлекетке өткөрүп берсе керек. Кыскасы, документи так, мыйзамдуу болуусу абзел.

Өз учурунда Акаев, Бакиевдин төбөлдөрү бийликтен пайдаланып, тапкан арам акчаларын жумшоонун бир жолу катары Ысык-Көлдүн сонун жерлеринен гектарлап ээлеп, кез-кез эс алып туруу үчүн, бизнес үчүн менчик- теп салган этаждаган керемет үйлөр көбөйүп кетти деген кеп бар элде. Ал түгүл мурунку дом отдых, пансионаттардын карамагындагы котеждерден, турак жайлардан жең астынан менчиктеп, бөлүштүрүлүп кеткендери да бар деген имиш бар. Андай болсо, Ысык-Көлдүн мындан ары мамлекетибизге киреше келтире турган туристтик базада пайдалануга ырыстуу жери калган эмес го дейсиң. «Имиш» дегендер эле чын болуп чыкчу эле. Калк айтса, калп айтпайт. Катуу текшерүүгө алып, «колдон келет», «өзүм билем» менен жасалган мындай мыйзамсыздыкка бөгөт жасап, баарын мамлекетке кайтарыш керек. Болбосо жеке кызыкчылык үчүн Көлдүн ырыстуу жеринен кертип ээлей берсе, мамлекетибизге, элдин ырыскысына эмне калат? Аргасыздан Түштүктөгү жаңгак токойлуу Арсланбап, Кара-Алма, Кызыл-Үңкүр, Сары-Челек, Аркыт сыяктуу жаратылышы бейиштей жергелерибиз, андагы эс алчу жайлар эмне болду экен? – деп шектенет экенсиң. Жеке кызыкчылыктуу жеке менчик суук кол ал жакка жетпеди дейсиңерби? Мурунку бийликтер учурунда коррупцияга баткан, «бөрү көрбөс бөксө жол» законсуздукка түшкөн башкаруу ээлери мамлекетти тукулжуратып, жан үрөп жарышып, жеке баюуну гана көздөп кетишкени жалганбы? Ырасында, эл унутулуп, мамлекет эстен чыгып калган үчүн, каламан калк ыңырчагы ыйлап, итке минип калышпадыбы.

Айрыкча президент Бакиев качып кеткенден кийин көп былыктары ачыкка булайып чыгып калбадыбы. Ушул эле туризмге байланыштуу Бакиевдин иниси Жаныш, уулу Максим Ысык-Көлдөгү «Авроранын» кысып, тегерегинен ага тиешелүү жерлеринен менчиктеп карагай, бактарын

кырктырып, гектарлаган аянтка 2–3 этаждуу жайнаган коттеджддерди салдырып алышыптыр. «Авроранын» тегерегиэле эмес, Жаныш Бакиев ошол жактан тоонун этегин кырктырып, тоого жабыштырып, тегерегинен көп аянтты ээлеп, 8 этаж заңгырата салган имарат да турат. Алыстан эле заңгырап көзгө түшүп көрүнөт. Максим болсо, көлдүн күңгөйүндөгү жээкке жакын жеринен дагы бир нече гектар аянтка «Витязь» аттуу 2–3 этаж коттедждүү пансионат курдуруптур. Ушунча жерди кантип, кандай жол менен алды? – дейсиңер. Айтпаса да белгилүү: документ жасап, жердин баасын төмөндөтүп, жасалма жол менен бийликке таянып алышкан да. Салынган объектилер жеке кызыкчылыкта бизнестик максатта экени бештен белгилүү. Бул курулуш жайлар ээлери күнөөлүү болуп качып, сыртынан соту болуп, айыпталгандан кийин улутташтырылып иштетилип жатса керек.

Бакиевдерди коёлу, буларды туурап Ысык-Көлдүн жээктеринде көз тойгузган эгемендүүлүк учурда мамлекетибиз сала элек бир нече гектар жерлерди ээлеген жеке бизнестик коттедждүү эс алуу жайлар жана пансионаттар көбөйгөндөн көбөйүп кетти. Бул бир жагынан кубанарлык, кубаттарлык жакшы көрүнүш. Эгер ак дилден жеке кызыкчылыктан сырткары мамлекеттин кызыкчылыгы бирдей көңүлгө алынып жасалса. Башынан арендалык документ мыйзамдуу даярдалып, аягына чейин келишимдик талап так аткарылса, кантип кубаттабаска болсун?! Бул мамлекеттик туризмди өнүктүрүү боюнча кол-кабыштык жана казына киреше-сине кошкон чоң салым болуп эсептелет. Ошон үчүн жерди бизнестик максатта арендага алуучуларга алам дегенине эле бере бербей, ишеним арттырган ак ниеттүү, каражаттуу, ишеним өтөөсүнө чыга тургандыгына көз жеткендерге бериш керек. Антпесе, жерди алып ишти баштап, жалжыратып көпкө жасабай таштап койсо, же бүткөндөн кийин тапкан кирешесинин төлөм салыгын мүлтүндөтүп жөндүү төлөбөсө, кереги эмне андайларга Ысык-Көлдөн жер берип. Андыктан байчечекейдей жайнап, туристтик максатта түү-

шүп жаткан жеке ээлик жайлардын так эсебин алып, ар биринин салык төлөмүн көзөмөлдөп, саксактап төлөтүп казынага түшүрүүбүз керек, орус туугандарда «Доверяй, но проверяй» деп айтмакчы. Угушубузга караганда ошол пансионаттардын көпчүлүгү туристтерден бир адамга суткасына 100–200дөн кем эмес доллар төлөм алышат экен. Бүт жеке ээликтердин ар бир ай менен жылдык төлөмдөрүнүн тизмесин жыл аягында өкмөттүк газетанын бирине жарыялап, элге белгилүү кылып турушубуз керек. Эл билсин туристтик бизнестик жайлардын кайсынысынын канча мамлекетке келтирген пайдасын, ээлеринин жүзүн.

Өлкөбүздө туризмди өнүктүрүүгө колкабыш кылчу шаасы жетерлик белгилүү бизнесмен, менчик банк, кирешелүү базар ээлери бар. Бирок мен биздин каражат кудуреттүү жарандарыбызды кимисине болсун мамлекеттин кызыкчылыгын биринчи орунга коюп, патриоттук сезимде «Мен бирөө, мага быягы жетет» деп топуктанып иш жүргүзөт деп ишене бербейм. Андай патриоттор бизде көрүнө элек. «Өзүмдө эле, менде эле болсо» дешет. Андан калса, Акаевдин, Бакиевдин заманында алдым-жуттумга жол берилип, закондуу талап коюлбай жаман үйрөнүп калдык окшойт. «Баары бир канча салык төлөсөк да, казынага толук түшпөйт» болуп калган. Эми ал ойдон чыгып, «казынага төгөлү», «экономиканы көтөрөлү» деген ак ниет, адал ойго өтөр мезгил келди го.

Алыскы чет өлкөлөрдөн (жакынкылардын кереги жок) АКШ, Япония, Англия, Германия, Араб мамлекеттери ж.б. у.с. өлкөлөрдөн рекламалап инвесторлорду тартып, туристтик базаларды салууга арендага жер бөлүп берип, же мурдагы жайларды жаңылап иштетем десе, алардан берип, келишим түзүп, ишке салсак да болот. Келишим «Кумтөрдөй» болбой, абдан так иштелип, өзүбүздүн кызыкчылык да, алардыкы да эске алынып, түшүп турган каражаттардын бөлүнүшү так көрсөтүлүп, келишим мөөнөт бүткөндөн кийин мамлекетке өткөрүп таштап кетүүсү же узартылышы көрсөтүлүшү керек. Алар уяты менен мыйзамдуу түрдө жер наркын да, ал жерге салынган туристтик объектисинен түшкөн кирешесинин келишимдеги салык төлөмүн да өз өлчөмүндө ар айда, ар жылы так төлөп турмак, төлөм эсеби дайын болмок. Андан да туристтерди тартып камсыз болууга өзүлөрү милдеткер болушат.

Мен чет өлкөдөн келген кардардын бүткөрөр ишине, иштер кызматына ишенимим артып, кыялданып кетем. Алар, чынында эле, жасаганга жараша жасайт, дүйнөлүк стандарттын талабындагы туристтик базаны иштетүүнү өздөштүргөндөр келишет дейм. Туристтердин табитин да жакшы билишет демекчимин. Керек болсо, Көлдү айланта электричка жүргүзүп, же көлдүн ортосунан бир четин экинчи чети менен туташтырып көпүрө куруп, туристтердин экскурстук каттамын уюштурушар беле дейм. Андай көпүрөлөрдү кинодон, теледен көрүп эле жүрөбүз го. Алардын колунан келет.

Ө.Бабанов Өкмөт башчысы болуп турган учурда Арабиядагы Катар мамлекети менен туристтик максатта байланыш болуп жатканы жөнүндө кеп болуп, алардын Өкмөтүнөн, жеке бизнесмендеринен адамдар келгенин теледен көрсөтүп, келечекте туризм боюнча келишим түзүлөрлүгү, ага өздөрү кызыкдарлыгы, өзгөчө Ысык-Көлгө кызыгарлыгы тууралуу сөз болду эле. Аны кубанып кабылдаганбыз. Ал өлкө – абдан бай өлкө, туризмди өнүктүрүүгө кудуреттүү. Айтымында туристтери өздөрүнөн жана тегерегиндеги өлкөлөрүнөн болорлугу айтылды эле. Ал ысык алкактагы өлкөлөр бейиштин төрүндөй Ысык-Көлдүн баркына жетип бааламак. Бул айтылган кеп Бабановдун учур менен кошо кетти, калды көрүнөт. Кайран гана бир келген мүмкүнчүлүк! Бабанов кетсе да, туризм мекемебиз калды го? Жоюлуп кеткен жок го. Алар кийин деле көтөрүп чыгып, ал маселени жолго коюуга эмнеге болбосун?

Чет өлкөлөрдөн капчыктуу кардарды тартууга Кыргызстандын чет өлкөлөрдүн көбүндө посол, консулдарыбыз бар го, ошолор керемет жаратылышыбызды рекламалап тааныштырып, ал түгүл кызыккандарын алып келип көрсөтүп, ишендирип, кардарларды тапса болот да.

Бизге келген чет элдик делегаттарды убактылары болсо, сүйлөшүүлөрүн көбүнчө Ысык-Көлдө, түштүктө Арсланбап, Сары-Челек, Кара-Алма сыяктуу жерлерге өткөрүп, жер көрсөтүп эс алдырып, көңүл кушун көтөрүп, четин чыгарып туристтик бизнести сунуштап, кызыкдары болсо, шартты түшүндүрүп тартса болот го. «Көргөндүн көзү калат,» – дейт, ажеп эмес арасынан бел чечкени чыгып калса.

Бизде көргөндүн көз жоосун алар, унутулбай эсте калар жомоктогудай жерибиз көп. Экономикалык кыйынкысталыш учурубузда биринчи иретте, Ысык-Көлүбүз чоң ажат ачып, пайдасы тийгени турат. Ысык-Көлдү туристтик база катарында туура пайдаланып иштете билсек, мамлекетибизге киреше кийирген булак, кенч болуп берер эле. Ысык-Көлдүн эс алууга, ден соолугунду чыңдоого түшсөң суусунун, чыксаң жээгиндеги абасынын жагымдуулугунун өзү эмне турат?! Салыштырып болбойт... Көлдүн касиетинен, го. Көл аймагындагы мөмө жемиштеринин кайсынысын албагын өтө ири жана даамдуу. Көлдүн карагатындай, малинасындай, өрүгүндөй, апорт алмасындай кайда бар?!

Ысык-Көл өрөөнүндө ушул кезде иштеп жаткан туристтик базалардан сырткары дагы туристтик максатта пайдалана турган жерлери толуп жатат.

Чолпон-Атада эс алып жүргөнүбүздө Георгевский, Александровский ушелье деп экскурсияга алып барып жатты. Ырасында эле, ал жактардын жаратылышын көрүп, көңүл көтөрүлүп, дене сергип, ыракат алып жаттык. Андай жерлер Кыргызстанда канча?!

Ысык-Көлдүн өзүндөчү?...

Айрыкча, түштүктө туристтик максатта пайдалана турган жаратылышы керемет жерлер өтө көп. Жол каттамы жакшы, жакын болгондуктан, Жалал-Абад жакта Кара Алма, Арсланбап эле дешет. Сузак тарапта Саты, Орток деген адыр жаңгак токойлорунун ичичи, Базар Коргондогу Кызыл Үңкүр, Тоскоол адырма-адыр кеткен токоюн аралап, аягына жетпейсиң, кирсең чыккың келбейт. Арасында аңкыган чөп жыты, жан сергиткен абасы, көз тойгузган

ажайып жаратылыш кооздугун айтпа! Кайсынысын болсун аралап жүрүп, айтылуу Арсланбап жана Кара Алмадан булардын эмнеси кем деп салыштырып, ардактайсың.

Ушундай эле жаратылыш жаркын жагы кем калбаган жерлерди Аксыдан Сары Челек, Пачата; аны коёлу, Сары Челекке бараткандагы Афлатун, Аркытчы. Пачатадагы дачага чейинки жол боюнда көрүнгөн өрдөп кеткен кокту-колоттордун ичин аралаган адамга эмне деген дүйнө! Көрүп көз алдыбызда болуп тургандыктан, анча танасарыбызга албайт окшобойбузбу. Башта көрбөгөн туристтерден алып, ошол эле кокту-колоттордун бирин өрдөп башына чейин көпкө алып жүрүп көңүл кушун сынап байкачы да, акырында кандай көз карашта калганын сурап билчи. Ошондо жергебиздин баасы билинип, кадыры артканын сезет элең. Кыргызстанда ушундай жерлердин атын атап аягына чыгалбайсың. Ар бир аймактан чыгат, ар дубандан бир канчасын табасың. Нарын областын деле алалы, кышы катаал, жылуулук мезгили аз тоолуу аймак деген жерибизде да Соң-Көл, Сандык, Ак-Сай, Арпалирдын жайкы жайлоолоручу. Ушул жайлоолордун кайсынысына болсун жайлоо мезгилинде 10 күн эс алчы, оңолбогонуңду көрөйүн. Адам эмес жылкы мезгили келгенде жакага токтобой качып көнгөн жайлоосуна чыгып кетет экен.

Ошол эле Соң-Көлдүн жээгинде жүз, сексен баштуу кыргыз боз үйлөрүн тиктирип, ичи-тышын улуттук жасалгалар менен жасап-жабдып, обочо желе тартып кулун байлап, көгөн тартып, козу көгөндөп туристтерди кабыл алып, кызмат көрсөтөр жагдай-жай уюштурууга эмнеге болбосун. Күндүз ат менен батышы Кара-Кече, Шор, Кереге-Ташка чейин, чыгышы Куш-Мурун, Килемчеге чейин, же көлдү айлантып жүрүшкө чыгарып көңүл ачтырса, эмне деген ыракат! Эриксе кайырмак таштап, балык кармасын. Адырларына жөө жүрүш жасап, чарчап тыныккан учурларда жер бетин бербей каптаган бетеге, түрдүү гүлдөрдүн аңкыган жытын жыттап, оонап ойносун, ачык асман атыр жыттуу абасынан

дем алып тук этип, анан жолун уласын. Ушундай жаратылыш алкагында бейкапар жүрүштүн, эс алыштын өзү эмне!

Жайлоо үстүндөгү даам-татымчы. Ич ысытып көңүлдү эргиткен, тамылжытып көшүлткөн кымызды айтпа! Туристтерге салттык даамдарыбыздан тизме түзүп, азыктандырууга эмнеге болбосун. Биздин улуттук ашкана деле ар түрдүү тамактардын түрлөрүнө мол. Сүттүн өзүнөн эле канча даам жасап келген. Эттен бешбармакты баш кылып канчалаган тамактын түрүн берсе болот. Кызыктырар тамактар толуп жатат. Чынында, жайлоо үстүндө, бийик жерде күч-түүлөп тамактанбаса болбойт, адам сууктап кетет.

Деги ушу кезге дейре туристтик максатта пайдаланыла турган Кыргызстандын аймактарындагы атайын кооз жаратылыш точкаларынын эсеби алынып, картасы толук түзүлүп чыкты болду бекен? Өлкөдө туризмдик бирдиктүү комплекстүү план, иш-чаралар иштелип чыккан болуш керек. Бирок кагаз жүзүндө болушу ыктымал. Негизи туристтик максаттагы жерлер, турак-жайлар мамлекеттик стратегиялык обьектиге жатыш керек. Анткени мамлекетибизге бирден бир аскага турган өнүмдүү булак-туризм.

Дүйнө жүзүндө жалаң туризм менен жашоо тиричилигин өткөзгөн өлкөлөр да бар. Алар туристтерди кабыл алып, аларга кызмат көрсөтүп, өндүрүштүк обьект күтпөгөн, айыл чарба продукциясын өндүрүп, аны да туристтерди гана камсыз кылуу максатында жүргүзүп, негизги каражатты туризмден табышат. Мен 1979-жылы туристтик путевка менен Кубага баргам. Ошондо Кубанын жылдык улуттук валовый кирешесинин 54% туризм түзөрүн уккам. Кыргызстан шартында туризмди өнүктүрүп, жакшы жолго койсок, улуттук кирешебиздин 30–40% туризмден табышыбызга шек жок. Туризм үчүн тагдыр жаратылыш шартын бизге керемет кылып аянбай бериптир. Биз, адамдар, ыгын гана табалбай жатабыз. Туризмдин шардабы менен ал аймактагы элдин турмушу да жакшырар эле, туристтерге кызмат кылууга керектер жумуш чыгып, айыл чарба продуктыларын туристтик, базаларга өткөрүп жана базарларга чыгарып сатмак.

Тоо лыжа туризми бизде болушу керек. А бизде көзгө басар бир эле «Нооруз» бар. Мындай туризмди бардык аймакта уюштурсак болот. Болбосо тоолуу өлкө болгонубуз кайсы.

Кыргызстанда эгемендүүлүгүбүздөн бери эле «туризм, туризм!» – деп келебиз. Туризм боюнча өзүнчө өкмөттүк комитет да, агенттик да болду. Башка министрликтерге кошулуп, анда өз алдынча бөлүм болуп да иштеп келет. Бирок 20 жылдан ашык убакыттан бери бул мекеменин иш натыйжасы көрүнүп, келтирген пайдасы угула элек.

Чынында, туризм казынанын капшытын чыгара турган бирден-бир өнүмдүү мекеме болуу керек эле. Эми Өкмөтүбүз мамлекеттик деңгээлде колдоого алып, күч-кубатка ээ кылып, анан талапты коюп күтүнөт деген ойдобуз. Кантсе да, «Кийиз кимдики болсо, билек ошонуку» демекчи, иштин ийгиликтүү натыйжасын сиздерден күтөбүз, туризмдин кызматкерлери! Ылайым, арабыздан туризмди өнүктүрүүгө мамлекеттин кызыкчылыгы үчүн чын дилинен кам көргөн ишкер патриот атуулдар арабыздан арбын чыксын! Аларга ак жол гана демекчибиз.

Үлгү, багыт берүү максатында, 2013-ж.

«АК КАЛПАКТУУ ЖУРТУНА АЛА-ТООДОЙ БЕЛ БОЛГОН...»

(«Манас» эпосундагы Манастын образы)

«Манас» эпосу – кыргыз элинин руханий кенчи. Канчалаган кылымдан бери ооздон оозго өтүп, элдин кумарын жандырган эрмеги, пир туткан тиреги болуп жашап келген. Эпосто жоокерчилик мезгилдеги басып алчу жоолордон элин коргогон, жерин сактаган душманга кайрат сүрү, көрсөткөн эр жүрөк шердик үлгүлөрү менен таянар таканч, туу тутаар ишеним сүймөнчүлүккө ээ болуп, элди артынан эрчитип, биримдикке алып келген Манас баатыр даңазаланган. Ал заманда Манастай баатыр элине абадай керек болгон.

Манас баатыр кытай ханы Алоокенин кыргыз жерин басып ээлеп алып, элди башка жактарга айдап бытырандылыкка дуушар кылгандан кийин Алтайда төрөлгөн. Эрезе жашына жеткенде, бийлик кылган душмандын бөлөк жерде, бөтөн элде басмырланып элине көрсөткөн ыдыктарына каршы элдешпес күрөш жүргүзүп, катылгандардын катыгын берген. Ошентип душмандарынын чекесине чыккан чыйкан болгондуктан, Манасты жоготууну самап, миңдеген куралдуу кол, мен-мендеген дөө-шаалар менен Нескара, Жолой деген баатырларды башчы кылып жөнөткөн жоолорунун быт-чытын чыгарып, жан аябай салгылашып, кырып кайсап, өлгөндөн калганын кубалап, келген жолго салган. Кийин Ала-Тоо жергесин сагынып, күнкордукта жүргөн элинин башын бириктирип, өз жерине кайрып келүүнү атуулдук парзы катары санаган. Бул мүдөөсүнө каршы чыккан душмандарынын (Текез ханы, Орго хан, Кайып хан ж.б.) мизин кайтарып, жолун ачып, Ата Мекенин ээлеп турган эски жоосун (Алоокени) кубалап чыгып, элин жайгаштырган. Манас кыргыздын чачыраган урууларынын башын бириктирип, коңшу санаалаш элдерди өзүнө тартып, эпосто айтылгандай «Кулалы таптап куш кылып, курама жыйып журт кылган» болчу.

Көкөтай хандын ашында чатак чыгарып, кектүү кеткен эски душмандын ич күйдүлүгү бар экенин, алар эртедир-кечтир кайрылып коркунуч туудурарын ойлоп, сөөк-өчтү душмандын өз жеринде салгылашып жеңип, экинчи кол салгыс кылып, элди биротоло коопсуздукка, көз карандысыздыкка жеткирүүнү көздөп, кол жыйнап чоң казатка аттанат. Чоң казатта кыргыздар алгач жеңишке жетип, душмандын жеринде хандыгына ээ болуп, бийлик жүргүзөт. Кийин Коңурбай аңдып жүрүп, күтүүсүздөн Манасты катуу жарадар кылып, теңдешсиз кол менен кыргыздарга чабуулга өтөт. Ал казатта Манас белдүү чоролорунан жана көп колунан айрылат. Дагы жакшы, Таластан Бакай баштаган кол жардамга келип калып, душманды артка сүрүп, ордосуна кийире кууп, эсине келтирет. Манас, Бакай калган колу менен Таласка кайтат. Алган жаратынын салдарынан каза табат.

Ошентип, кыргыздардын сырткы душманынан болгон коопсуздук көпкө созулуп, элге бейпилдик жагдай түзүлгөн. Ошондон Манас баатыр жомогу элде аңыз болуп айтылып, не бир атактуу «Манас» айтуучулардын учугу үзүлбөй уланып, биздин доорго жетип олтурат. Жеткенде да, оозеки ооздон оозго өтүп, кылымдан кылымга манасчылардын эргип айткан, элдин ар качан уюп укkан кызыгуусунан жазбай жашап келген. Атактуу окумуштуу Б.Юнусалиев: «Манас» жүздөгөн жылдар бою кыргыздар үчүн таалим алуучу роман-китептин, таасирдүү сахнанын жана экрандын, өткөндү эске салуучу тарых китебинин ролун аткарган», – деп таамай баа берген. Ата-бабаларыбыз Манасты кумарданып угуу менен бирге Манас баатыр ыйык көргөн ата журт дөөлөттөрүн, асыл нарк-насилдерин, б.а. Манас рухун касиеттүү колдоочу күч катары кабылдашып, эрдемсип, шыктанып келишкен.

Азыркы заманда Манас эпосу өзгөчө доор сүрүүдө. Өлкөбүздө маданият, искусствосунун бардык түрүндө чагылдырылып берилүүдө. 1995-жылы Манас эпосунун 1000 жылдыгы салтанаттуу түрдө дүйнөлүк көп өлкөлөрдүн өкүлдөрүнүн катышуусунда белгиленди. Ушу иш-чарага карата Таласта

Манас ордосунун комплекси курулуп, борбор калаабыздын түштүк тарабында «Манас айылы» комплекси түштү. Мурда Совет доорунда улуттук филармониянын алдына Манас комплекси Эл сүрөтчүсү Т.Садыковдун скульптордук өнөрү менен тургузулган эле. Залкар манасчыларыбыз Сагынбай, Саякбайдан жазылып алынган «Манастын» варианттары эгемендик заманыбызда да кайталанып басмадан жарык көрдү. Булардын баары элибиздин, мамлекетибиздин асылбаа мурасына көрсөткөн урмат-сыйы деп билсек болот. «Манас» эпосу дүйнөдө теңдешсиз эпикалык чыгарма катары таанылып, Гиннестик китепке жазылды. «Кыргыздын манасчылык, дастанчылык жана төкмө акындык өнөрүн бүткүл адамзаттын оозеки жана руханий мурасынын шедеври» – деп жарыяланган. «Манас» эпосунун мазмун-маанисинен көп үлгү сабактарды алсак болот. Айрыкча эпосубуз эгемендүү заманыбызда улуттук идеологияга муктаж болуп турганда, негиз болуп беришинде шек жок.

11– «Д» класс. Жоомарт кызы Айгерим, 2013-ж.

«КЫЛЫМ БҮТҮП ДҮЙНӨДӨ ЖОК БОЛСОК ДА, КАЙРА КАЙТЫП ЖОЛУГУШЧУ ЖОЛДОР БАР...»

(А.Осмоновдун өмүр, өлүм, тагдыр, акындык жөнүндөгү ой толгоолору)

А.Осмонов тагдырдын буйругу менен ата-энеден эрте айрылып томолок жетим калганда, бир боорукер адамдын көз кырына түшүп, балдар үйүнө жеткирилип, мамлекеттин камкордугуна алынып, мурдагы түртмөлөнүп көрүнгөндүн эшигинде жүргөн жетимчилик абалдан алда канча артыкчылык шартка туш келди. Калп айтканы менен болобу, Совет доорундагы ошол кездеги түзүлгөн балдар үйү жетим калган балдардын билим-тарбия алып өсүшү үчүн жаралган бактысы эле. Жетим деген аты эле болбосо, ошол мезгилдеги (20–30-жылдары) көпчүлүк ата-энелүү балдардын шартынан түзүк болгон: асты-үстү ак шейшеп жууркан, кроватта жаткан, бир күндө төрт ирет тамактанган, мектеби, библиотекасы, кино-театры, жумасына бир жолу мончосу, спорт аянтчасы балдар үйүнүн ичинде, коргонунда болгон. Мындай шарт мен-мен деген үй-бүлөдө болсо болчу, болбосо жок. Бекеринен эмес болуш керек, ушундай шарттын камкордугунда билим-тарбия алып өскөн балдар идиректүү чыгып өкмөт башчылыгына, жогорку кызматка жеткен (А.Орозбеков, И. Раззаков) сыяктуу биздин инсандардын болгону. Ата-энеден жетим калып, балдар үйүнө Алыкул Осмоновдун кабыл алынып калышынын өзү оорулуу келип, аман калышына, келечекте атактуу классик акын болуп чыгышына негиз болгон. Оорусуна байланыштуу балдарга көп аралашпай, өз алдынча болуп жалгыздап, китепканадан чыкпай китепти көп окуп, кичинесинен китепкөй болуп, көркөм чыгармалардын дүйнөсүнө аралашып кызыгып, сезимталдыгы артып кумарланып кабылдап, оорусуна аралжы жан шерик таап, көңүлү кыйла көтөрүлүп калчу. Окугандары жомоктор дүйнөсү, анан ал кезде кыргызча китептер аз, жокко эсе болуп жалаң казакча, татар тилиндеги

жана орус тилиндеги оруструн залкар акын, жазуучуларынын чыгармалары болгон. Китептерди көп окуудагы дагы бир утуштугу орус тилин үйрөнүп өздөштүрүүсү болгон. Эрте жашынан орус тилин үйрөнүүсү, кийинки орус, дүйнөлүк классиктердин чыгармаларын тандап, талдап окуусуна жол ачкан. Кыргыздын белгилүү сынчысы К.Укаев айткандай: «Ал алыска сүзүүчү корабль эле. Өзүнүн кыска өмүрүндө үч улуу океанды сүзүп чыкты (Пушкиндин «Евгений Онегинин», Шекспирдин «Отеллосун», «Он экинчи түнүн», Шотанын «Жолборс терисин кийген баатырын которду») – деген экен. Алыкулдун атактуу акындык деңгээлге жетишине орус тилин мыкты билип, көркөм адабияттарды көп окуп, болгондо да классикалык шедеврлерди окуп өздөштүрүп, таалим-таасир алып баралына жетүүнү болжоп, алар менен атаандашып, күчүн салыштырып, сынап теңелүүгө умтулган. Ошол астейдил аракетинин акыбети кайтып, кыргыз адабиятынын классигине жеткен. Бала курагынан байырлап калган китепкөйлүгү кийин бара-бара чыгармачылык шык жаратып, андан кийин изденип тандап окуп, жаратмандык талант пайда болуп, андан ары талантты таптап, анын кудуретинин кунардуу, күч-кубаттуу болушунун камында Алыкул алпурушуп өжөрлөнүп эмгектенген.

Андан калса, бала кезинен пайда болгон сүзөктүү оорусунун айынан башка кара күч жумшалчу ишке жарабайт да болчу. Боор эти менен тең жаралган ынак көркөм дүйнөсүнөн тапкан ышкысынан айрылгыс болуп калган эле. Ал ышкысы ынанымдуу акындык өнөргө өткөрдү. Алыкул акындык өнөрдү аздектеп кесипке айлантып, кесип эле эмес өмүрлүк жан шериги катары санап, өзүнө үзүр берер жашоо булагы, өлкөгө кызмат кылуунун куралы деп билген:

Сен жолдошум, сен кубатым, сен бактым,
Ашык болуп, издеп жүрүп мен таптым.
Колуктумдан мурда сүйүп өзүңдү,
Өз жанымдын жартысынан жараттым, –

деп «Каламга» деген ырында акындык өнөрүн канчалык бааларын, ардактарын билдирген.

Ырас, Алыкул да акындыкта телчигүү, жетилүү курагын башка акындардай башынан кечирген. Бул учурдагысын «Тандалган ырлар», «Жылдыздуу жаштык», «Чолпонстан» аттуу алгачкы жыйнактарынан көрүүгө болот. Кийин акындыктын баралына жеткенде «колго алгыс начар китептер» деп мойнуна алып, бир кезде өз дилинен жаралса да, кийин жээригендик сезимин жашырбаптыр:

Мен тансам, жаштан танам, ырдан танбайм,
Ыры жок өмүрүмө канааттанбайм.
Кудайга миң мертебе калп айтсам да,
Ырыма бир мертебе калп айталбайм, –

деп көп окуп, изденип кууп окуп, жазып, ырларынын көөнөргүс болуусун көздөп жазып, көңүлүнө жакпаганын ылгап жоюп, «Өлөң-сөздүн падышасы, сөз сарасы» деп Абай айтмакчы Алыкул да ырды урматтап, акындыктын сырын терең өздөштүрүүнүн үстүндө талыкпай эмгектенген.

Мен уялам, мына мындан уялам:
Көзгө толор бир чоң эмгек кылбагам.
Колун кезеп: «Жолуң болгур!» дегенсийт
Жер шарынан күлүк учкан заманам –

деп өзүнө өзү нааразыланып, чыгармачылык жаратмандыгынын алдында заманасына өзүн уяттуу, жоопкерчиликтүү сезип, чыгармачылык бийиктикке тынымсыз умтулган. Алыкул албан, артык саналган, атак алып келген чыгармаларга жетишкен учурларында деле өзүнүн иштермандыгына ичи чыкпай:

Билбейм кандай, эмне ойдо экен катарым?..
Мен өзүмдүн тагдырыма капамын.
Заманымдын керегине жарабай,
Эрте кургап, муздап бара жатамын.
Мен жашадым, өз күнүмө таарынбай,
Кара тилек, жаман ойго багынбай.

Түк билинбей өтүп кетет окшоймун,
Бир кеченин жаап кеткен карындай, –

деп өзүнө ичи чыкпаганы, көрсө, «бүтүрүп койдум», «жасап салдым» – деп жайбаракаттанып жайдарылануу жат экенин көрсөткөнү, өзүн жөн жай адам санап, жөнөкөй кармангаңы, дайым өсүү темпинде камчыланып алгалаганы тура.

А.Осмонов калемдеш замандаштары партиянын идеологиясына байланыштуу ортоктош темалардын үстүндө жүргөндө, ал өзүнүн жеке тагдырын, кайгы-касиреттерин да ырга кошо салып, кыргыз адабиятына жаңылык кийирген. Өлүм, өмүр, дүйнө, жашоо, мезгил-убакыт, адамзат, тирүүлүк, акындык сыяктуу философиялык түбөлүктүү темаларга көп кайрылган . Андан калса, акындын жеке тагдыры катаал да, татаал да болгон. Сүзөктүү оорусу бир жагынан жанын кейитип жадатып келген. Өмүрүнүн чектелүүсүн билип, чеги жакындап калганы оюнан кетпеген. Андыктан «Заманамдын керегине жарай турган эмгек кылайын» деп колунан калемин түшүрбөй, бетинен окуй турган китебин кетирбей өжөрлөнүп эмгектенген. Ал учурда жан кейиткен оорусун да сезбей алаксыгандай. Бирок оорусунун акыры алып тынарын билип, өмүргө таңсыктыгын билдирип:

Кеткен кетти, өткөн өттү бирдеймин,
Кечтим дайра агымынын миңдейин,
Кемибеген кенч экен го тирүүлүк,
Кайдан чыгып качан келдим бул жерге,
Жел миндимби, суу миндимби билбеймин.
Калган калды, бирин көзгө илбеймин,
Бастым ашуу, тайгак жолдун миңдейин.
Шаан-шөкөт, той экен го тирүүлүк.
Той дебесем, анан аны не дейин?
Жашоо чиркин бир тамшаным нерсе экен,
Кант жедимби, бал жедимби билбеймин, –

деп «Тирүүлүк» деген ырында жашоого кумар, тирүүлүккө ынтызарлыгын билдирет. Ырасында эле, акын оорусуна байланыштуу өмүр зары өткөн, жашоого кызыкдар эле. Бирок акын жашап өткөн өмүрүнүн текке кетпегенин, жаратарын жаратып, кийинкиге берерин берип жетишип калганына ыраазылана:

Турмушта мен өтпөдүм, өмүр өттү,
Мен ага жолдош болуп ээрчип келдим.
Кезинде кышкы кирген буура болуп,
Кезинде бото болуп эңгиредим.
Өтсө өтсүн, өткөн өмүр өтө берсин,
Замандын жыргалына буулап алдым.
Кубандым эки-үч сабак ыр жазганга,
Ал эмес аңдаганга мен алдадым, –

деп «Мен өтпөдүм» ырында маашырланат. Ал түгүл жаратмандыктарынын кадыр-барк чен-өлчөмүн өз наркында жете баалап түшүнүп:

Менин күнүм өлбөстүктөн түңүлбөйт,
Толкун урса, тайызына сүрүлбөйт.
Тирүүлүктө жоктугуна жол бербей,
Жер түбүндө чирисе деп бир гүлдөйт, –

дейт «Менин күнүм» ырында. Жеке кайгы-касиретине байланыштуу ырларынын эң алгачкысы, эң күчтүү чыккан үлгүсү «Бөбөккө» деген элегия болгон.

Өлдү бөбөк жүргөн каны токтогон,
Бир жылт этип өчкөн чырак окшогон.
Учсуз жердин бир ууч куну кеткен жок,
Бети жок ай, жер уялбайт ошондон! –

деп күйгөн күйүтүн, буулуккан муңун эмнеден чыгарарын билбей, алдастап айтылган кайгылуу каргыштын илеби сезилет. Эки жарга данакер болчу тун кыздын 15 күн туруп чарчап калышы кантип атасынын зээнин кейитпесин! Өзөктү өрттөгөн өкүнүч, арга түгөткөн күйүт күчтүү чыккан. Окуганды да кайдыгер калтырбай, муңайтпай койбойт.

«А. Осмоновдун өмүр жөнүндөгү ырларынын жаркыраган таң чолпону, миң кубулжуган соолбос гүлү, көз кай-

кыйткан кыл чокусу-кантсе да,»Отуз жаш» – деп атактуу сынчы К. Асаналиев баа берген. Ырга кайрылалы:

Ырас өмүр кандай кыска, кандай аз,
Тагдыр ошол, өлчөмүнөн көп кылбас.
Бирок чиркин аздыгына мейли эле,
Анын октой тездигине катат баш,
Кечээ гана тиги кырда жок эле
Кайдан чыкты боз ат минген отуз жаш? –

деп өмүрдүн кыска, аздыгын айтып келип, анысынан да октой учкул тездикте өтөрүн белгилеп, ошон үчүн кечээ эле көрүнбөгөн алеки саатта «боз ат минген отуз жаштын» жетип келгенине таңданат. Акын бул ырын отуз жаш курагына арнагандай. Бирок отуз жашка боз ат мингизип карылыктын башы, башталышы кылып көрсөткөнүн белгилүү сынчы С.Жигитов: «Өмүрүнүн кыскалыгын тирүүсүндө көрүп-билип турган оорукчан Алыкулга гүлгүн отуз жаш карылыкты башы сыяктанып көрүнгөн экен» – дейт. Ырдын философиялык ою адам өмүрүнүн аздыгын, анын өлчөмүнүн көп болбостугун, тездигин, токтотуу эч мүмкүн эместигин айтуу менен чектелбегендигин билдирип, сынчы К.Асаналиев: «Отуз жаш» – адам өмүрүнүн учу-кыйырсыз чексиздигин, эмгектин, чыгармачылыктын эч качан өлбөстүгүн даңазалаган чыгарма» – деп ырдын катылуу сырын ачыкка чыгарып, баа берген.

Ошентип, 1944-жылдын ноябрынан «Бөбөккө», «Толубай сынчы», «Отуз жаш» ырлары жазылган мезгил акындык чыгармачылык баралына жетип калган учурун билдирет. Ал түгүл «Бир чыны уудан бир чака бал бөлө алам», «Жылан кызын колдон кармап, өбө алам», «Керек болсо, чебердигим жетишет, дөңгөчкө жан, балыкка тил бере алам» деп чыгармачылык кудурет-кубатын көрө билип чагылдырганы байкалат. Алыкул чыгармаларынын данек-дараметтүүлүгүнө, түбөлүктүүлүгүнө ишенимдүү караган ойлорун «Менин күнүм», «Өзүмдү өзүм», «Эскерме» ж.б. ырларында көрөгөчтүк менен белгилеп кеткен.

Алсак, «Өзүмдү өзүм» ырында өзүн үч абалда көрүнүшүн сүрөттөйт:

1. Мен өзүмдү үй сыртынан тыңшасам,
Күрс-күрс эткен оор жөтөл үн чыгат.
Бүткөн экен кайран өмүр, кайран жан,
Деп жалооруп, көңүлүм шондо бир сынат. Бул ооруп жүргөндөгүсү.

2. Мен өзүмдү уктаганда карасам,
Жаткан өндүү бир өлүк жан, каны жок.
Жүрөк күчүн тамырынан санасам,
Чарчагандай араң согот алы жок. Мунусу өмүр чеги акырына жакындап, өң-алаттан кетип, тамыры солгундап калгандагысы.

3. Мен өзүмдү өлгөн кезде карасам,
Күлүмсүрөп керилген бир шер жатат.
Бул акыйкат жазмышына жарашкан
Тагдырына рахмат айткан азамат. Мындагысы-жүрөгү токтоп тиги дүйнө салгандагысы. Биринчи, экинчи абалы «күрс-курс оор жөтөлгөн», «каны жок, өлүк жан» болуп, күнү бүтүп баратканын айтып, окурманды муңайымга салып, ыракымын келтирсе, үчүнчүдө – көзү жумулгандагысын «Күлүмсүрөп керилген бир шер жатат» – деп күлүмсүрөтүп жайдары көрсөтөт. Көрсө, ал «жазмышына жарашкан тагдырына рахмат айткан азамат» экен. Анын өлүмгө күлүмсүрөп караган шердиги, азаматтыгы-жогорку эки абалында (көзүнүн тирүүсүндө) оору менен кармашып, ажал менен арбашып, кыйын-кысталышта да калемин колунан түшүрбөй эмгектенип, артына калтырган-өрнөктүү мурасы экен, ал эмгек үзүрүнүн өлбөс-өчпөс кудурет күчүнө сыймыктануусу экен. Акын дагы өзү жөнүндө:

Мен өзүмдү бир кылымдан карасам,
Тээ алыстан чаң ызгыткан шаң чыгат

Өлбөстүктүн өжөр эркин талашкан
Эрдигинен нечен тирүү жан чыгат –

дегениндей өлбөстүктүн эрдигинен жаралган эмгек үзүрү чаң ызгытып, «акындын шаңын чыгарып» аягы суюлбай келет, суюлбайт да.

Ырас, Алыкул Осмоновдун көзү тирүүсүндө чыгармачылык эмгеги бааланып, Ардак белгиси ордени менен сыйланып, калемдештери жана окурман коомчулук тарабынан макталып, жакталып келген. Бирок акындын акындык артыкчылык жүзүн ачып, классиктик деңгээлине жеткире сын айтып, басма жүзүндө элге тартуулап, атын чыгарган көзүнүн тирүүсүндө болбогону өкүнүчтүү. Дагы жакшы, акын өзүнүн чыгармачылык көөнөрбөс өрнөгүнө көзү жетип, «экинчи өмүрү» даңазалуу болорун профессионал акындык кыраакылык менен көрө баштап, өзүн өзү айтып кеткени да ырас болуптур. Көрсө, өз мезгилинен, заманынан мурда жаралган чоң талант тура.

А.Осмоновдун көзү өткөндөн 5–10 жылдан кийин эле, акындык чыгармачыл жүзүн таанытткан чыгаан сынчылардын үнү жарала баштады, эң биринчи 1957-ж. Ш.Үмөталиев «Канаттуу поэзия» деп жарыя салып чыкты. Алыкулга таазим этип, гүлдесте арнаган жаш талант акындар көбөйдү. Акындын чыгармаларынан тема алып, илимий даражага ээ болгон окумуштуу алыкуловеддер чыкты.

Алыкул өзү айткандай «жашоого эки өмүр, эки жазы бар акын катары келип, бирин өзү жашап кетип, бирин азыр ыры жашап», жашаганда да даңазалуу түбөлүктүүлүгү айкындалып өмүр сүрүүдө.

Үлгү, багыт берүү максатында 2014-ж.

МАЗМУНУ

Киришүү 3
Көркөм чыгарманын түп нускасын окуу – дил баяндын ийгилиги 3
Ч. Айтматовдун «Кылым карытар бир күн» романы боюнча сүрөт-эпизод тартуу тапшырмалары 9
Т. Касымбековдун «Сынган кылыч» романы боюнча сценка-эпизод тапшырмалары 12
Ч. Айтматовдун «Гүлсарат» повести боюнча табышмак окуу тапшырмасы 27
Билим кыргыз коомун алга сүрөй алабы? 30
Кылымдын көйгөйү баткан улуу чыгарма 34
Китептери болбосо, килемдерин окуйбу? 40
Турмушта баары сатылабы, же... 45
Тоголок Молдонун балдар ырларындагы тарбия маселелери 48
Жаратылыш – жан досум 51
Маданий мурас – элдик байлык 55
«Сен ооруба, мен ооруюн, Атажурт» 60
«Жаңыл» драмасындагы патриоттук жана сүйүү идеялар 64
Мен тоолордо төрөлгөм, мен тоолордо көгөргөм 68
«Эки дөө кармашса, ортосунда кара чымын кырылат» 73
Арал трагедиясы Ала-Тоодон башталат 78
Кыргызстандын экономикасын кантип көтөрөбүз? 82
Баңгилик – улутубузга жат көрүнүш 89
Кайдасың кайрымдуулук? 93
Мекенди сүйүү жана чыккынчылык кылуу деген эмне? 97
Мекендин татым тузу 101
«Кыргыз тилим кылымдарды карыткан, Эч ким аны өчүрө албайт тарыхтан» 105
«Эс токтотуп ар ишти, ойлогула, балдар ай» 108
Ата – аскалуу тоо, Эне – боорундагы булак Бала – экөөнө шам чырак 112
Эрдик тууралуу эргүүлөр 115

Айыл байыса, өлкө байыйт 119
Төкмө акындар – дүйнөлүк шедеврлер 123
«Кара сөз менен жазылган поэма» 125
«Мен таза болсом, сен таза болсоң – коом таза болот» 130
Достук жана кастык 134
Мидин Алыбаев – чебер лирик, курч сатирик 138
«Татыктуу болсо экен деп тилейт элиң
Кыргыздын кызы деген сыймык атка»! 145
«Көңүлүм капа, башым туман кеңгиреп,
Үч күн болду бизге конок келе элек» 148
Астыга салса, ак жолтой, Артында жүрсө, сан колдой 153
Жетик акын Жеңижок 165
Тоталитардык-акимчилик бийлик жана «өжөр жылдыздар» .. 183
Чыгармага дил маек 195
Акбаранын көз жашы неге акты? 207
«Берчи мага жарым кашык музыка» 213
Б. Жакиевдин «Атанын тагдыры» драмасынын
каармандарын мүнөздөө 217
Тазалык шаарыбызга, шаарыбыз баарыбызга! 222
Тоо булбулу Токтогул 227
«Ырыс алды-ынтымак, Ынтымагың жок болсо,
Алдыңдан таяр алтын так» 236
«Жамийлам, менин Жамийлам» 243
Жоголгон бакыт «жомогу» 250
Туризм – киреше булагы 255
«Ак калпактуу журтуна Ала-Тоодой бел болгон...» 266
«Кылым бүтүп дүйнөдө жок болсок да,
Кайра кайтып жолугушчу жолдор бар...» 269

Окуу-усулдук басылма

Абдесов Нургалый

Дилбаян – окуучулардын жазма чыгармачылыгы

Редактору *С. Карамолдоева*
Корректору *Ф. Абдалова*
Тех. редактору *Б. Кадыров*
Дизайнери *Н. Теребаев*
Компьютердик калыпка салган *Г. Ниязалиева*

Басууга 14.03.2017-ж. кол коюлду.
Форматы 60x84$^{1}/_{16}$. «Janyzak School» ариби. Офсет кагазы.
Көлөмү 17,5 басма табак. Нускасы 520 даана. Буйрутма №21.